С (Кирг)7-5
Г98



# Гүлсайра

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока
колич. предыдущ.
выдач___________

3

Кни
не по
колич
выдач

С(Кирг)7-5
Г98

# Гүлсайра



v. 18г
Т.б 108669

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Г 98

*Китептин чыгышына салым кошкон Дилбар Жанболот кызы.*

Г 98

**Гүлсайра.** Түз.: Ж. Газыбаева. - Б.: Улуу Тоолор, 2017. – 360 б.

ISBN 978-9967-477-45-2

Бул китептин автору эл жерин сүйгөн, элине ак дилинен жаралган жагымдуу ырларын арнаган сүйүктүү эл акыны Гүлсайра эжеге болгон элинин да сүйүүсү, алкышы. Мында окуучу баладан тартып, эл баатырларына, эл акындарына чейин, жумушчудан тартып белгилүү инсандарга чейин жазылган арноо ырлар, пикирлер, макалалар, маектер эжебиздин кандай акын, кандай Адам экенин аныктоо менен башкаларга да үлгү боло алат го деген ойдобуз. Китепти даярдап басмага сунуш кылган «Кыздар ай жана балдар ай» аттуу Кыргыз Республикасынын «Кыргыз акын жазуучулары» коомдук уюму.

К 4702300200-17

ISBN 978-9967-477-45-2

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Момунова Г., 2017

**Каармандын авторлорго ыраазылыгы**

*Эмгегим тоодой баалаган,*
*Көңүлгө канат байлаган.*
*Ар сөзүң ыйык мен үчүн,*
*Ниетиңден, элим, айланам.*
*Силерден алган бул сыйлык*[1]
*Эң эле кымбат баарынан...*

*Гүлсайра Момунова.*

[1] *Сыйлык* – «Гүлсайра» жыйнагы жөнүндө сөз болууда.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Г 98

*Китептин чыгышына салым кошкон Дилбар Жанболот кызы.*

Г 98 **Гүлсайра.** Түз.: Ж. Газыбаева. - Б.: Улуу Тоолор, 2017. – 360 б.

ISBN 978-9967-477-45-2

Бул китептин автору эл жерин сүйгөн, элине ак дилинен жаралган жагымдуу ырларын арнаган сүйүктүү эл акыны Гүлсайра эжеге болгон элинин да сүйүүсү, алкышы. Мында окуучу баладан тартып, эл баатырларына, эл акындарына чейин, жумушчудан тартып белгилүү инсандарга чейин жазылган арноо ырлар, пикирлер, макалалар, маектер эжебиздин кандай акын, кандай Адам экенин аныктоо менен башкаларга да үлгү боло алат го деген ойдобуз. Китепти даярдап басмага сунуш кылган «Кыздар ай жана балдар ай» аттуу Кыргыз Республикасынын «Кыргыз акын жазуучулары» коомдук уюму.

К 4702300200-17

ISBN 978-9967-477-45-2

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Момунова Г., 2017

## Каармандын авторлорго ыраазылыгы

*Эмгегим тоодой баалаган,*
*Көңүлгө канат байлаган.*
*Ар сөзүң ыйык мен үчүн,*
*Ниетиңден, элим, айланам.*
*Силерден алган бул сыйлык*[1]
*Эң эле кымбат баарынан...*

*Гүлсайра Момунова.*

[1] *Сыйлык* – «Гүлсайра» жыйнагы жөнүндө сөз болууда.

## ГҮЛСАЙРА МОМУНОВАГА

Гүлсайра акындардын ак көңүлү,
Ыр жазса, дароо болот чак көңүлү.
Каймана кыйытуу жок ырларында,
Айтар ой ага керек так көрүнүү.

Ырлары өзүнө окшоп кыйыктанбайт,
Жасалма назданбайт да, кылыктанбайт.
Жүрөгү буркан-шаркан түшсө кокус,
Ырлары тымпыйбайт да, тымып калбайт.

Ыр жазса рахатка батып жазат,
Ыр жазса махабатка арзып жазат.
Чарчабас, майтарылбас калем менен
Ыр кенин тереңдетип казып жатат.

Ал чыгаан, албан ишке бел байлаган,
Мыкты акын, мыктылардан кем калбаган.
Гүлсайра – кыргызымдын барктуу кызы
Жүрөгүн ала-тоолук элге арнаган.

*Сооронбай ЖУСУЕВ,*
*Кыргыз Эл акыны, Эл Баатыры.*
*8-март, 2004-жыл.*



## ГҮЛСАЙРА ЫР ОКУП ЖАТКАНДА

Калем кармап, өнөр шыктуу кыздардын,
Армиясы ээрчип алып артыңдан.
Келатабыз сенден сезип ыр баркын,
Өмүр бою талант жүгүн артынган.

Зор инсансың жандүйнөсү таптаза,
Жүргөн жериң гүл аңкыган башкача.
Көрө албастык илдетине кабылбас,
Көп иш бүтөт сендей өргө баштаса.

Көмөкөйдөн ыр төгүлтүп ак жайда,
Ашып ташкан сел өңдөнүп күрсайда.
Кыргызымдын торгой кызы аталып,
Келатасың акын эжем Гүлсайра.

Толкуп ташып ыр окусаң төгүлүп,
Сезимдерде сүйүү таңы сөгүлүп.
Канча жандар ашык болду артыңдан,
Ал ырлардын жалынына чөмүлүп.

Ошол ырлар кызыл гүлдөй ыргалып,
Жүрөктөргө майдай жагып тыңдалып.
Күүгө келип, обон сурап өзү эле,
Келе жатат эл оозунда ырдалып.

Булбул таңшып, ыр окусаң азанда,
Кан-жаныңды салып берип казалга.
Бул жарыкта өлүм барын унутуп,
Бүтүн дүйнө тике турат ажалга!

*Меңди МАМАЗАИРОВА,*
*Кыргыз Республикасынын эл акыны*
*жазуучу, драматург*

## ГҮЛСАЙРА ЭЖЕГЕ

Арнадыңыз ырыңызды ар бир жанга,
Сизге дос, сизге тууган ар бир тамга.
Дайыма Сиздей болуп жапжаш жүрөт
Жакшы ырлар жаза билген акын гана.
Макталып жашыңыздан келатасыз,
Бар эле Сизде ошондо ак куу басыш.
Айланды ак куу басыш ак куу ырга
Ал чындык көп ырларга эне-атасыз.

Сүйүнөт көркүңүздү көргөн тоюп,
Ырыңыз да өзүңүздөй көркөм, толук.
Эжем болуп калган үчүн мактабаймын
Сизди мактайм калган үчүн акын болуп.
Өзүңүз өзүңүздү жүдөтпөйсүз,
Чүпүрөк кийсеңиз да чүрөктөйсүз.
Кыргыздын байбичесин келиштирип,
Балпайтып тартып койгон сүрөттөйсүз.
Арналган ырларыңыз ар бир жанга,
Акындын жүрөгүнөн чыккан бата.
Ал батанын кайтарымы Сизге тийип,
Акын эжем арабызда узак жаша!

*Анатай иниңиз*
*03.04.11.*



## ЭЛГЕ АРНАЛГАН ЫРЛАР

*(Таланттуу сиңдим Гүлсайрага)*

Жетимиш толуп турган курак тура,
Жетимиш ташып турган булак тура.
Жетимиште эр толуп, аял гүлдөп,
Өчпөстүн мунарасын курат тура.
Сен бүгүн жетимиштин кырын басып,
Жүрөктүн оттой ысык нурун чачып.

Ашууда кыял күүлөп турган кезиң,
Удургуп учкул канат ырлар жазып.

Тамыры терең түптүү талантсың да,
Көктөгү жылдыз сымал жанасың да.
Адамды кубантууга жаралгандай,
Жакшы ыр менен көңүлдү аласың да.

Бүтүн эл сенин куттуу каарманың,
Алар көп, көп ичинде мен да бармын.
Сен бизге сөз гүлүнөн белек сунуп,
Кең пейил жүрөгүңдөн ыр арнадың.

Окудум китебиңди оттой жандым,
Ичкендей мөл булактан моокум кандым.
Курортко кошо ала бардым эле,
Сурашып колдон колго өтүп жаттың.

Бир жигит уурдап кетти акырында,
Жоготуп китебиңди кайгы тарттым.
Кубангын, кубанагой өзүң дагы,
Улууга, кичүүгө да бирдей жактың.
Кайтса экен эмгегиңдин акыбети,
Ырыңдан элге арналган бакыт тапкын!

*Зуура СООРОНБАЕВА,*
*Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу.*
*30-декабрь, 2007-жыл.*

## АКЫН КЕЛИН ГҮЛСАЙРА

Адамдарга жакын келин, Гүлсайра,
Ак пейилдүү акын келин, Гүлсайра.
Жаркылдаган, шаңкылдаган
Жаркын келин, Гүлсайра.
Булбул сайрайт дечү эле
Гүл бүткөндөн сен сайрайсың, Гүлсайра.
Барып калсак кубангандан
Гүл жайнайсың, Гүлсайра.

Бир заматта дасторконуң
Жайнатасың, Гүлсайра.
Чайга кошо ырларыңды
Кайнатасың, Гүлсайра.
Ошол күндү жакшы күнгө
Айлантасың, Гүлсайра.
Мына ушундай
Сонун келин, Гүлсайра.
Атасы да, өзү дагы
Момун келин, Гүлсайра.
Кеткен экен жаш курак,
Азыр болсо башка убак.
Үй-бүлөңө, балдарыңа энесиң.
Азыр сенин элесиң
Көз алдыма мына мындай келесиң.
Артка таштап
Алтымыштын белесин.
Алга баштап Акындыктын кемесин,
Болк этпеген, солк этпеген жүк менен
Биздин сапта келесиң.
Кебелбеген, мээрими артык энесиң.



Энесиң сен, жүк көтөргөн кемесиң
Акын келин, Гүлсайра.
Ыр менен таң атырган
Андагыдай түн кайда.
Ал сонун кез болсо да
Бүгүнкүдөй күн кайда.
Келип калсаң токсонго
Кемпир болгун, Гүлсайра.
Жетимиште желбиреген келинсиң,
Сага өмүр узагынан берилсин!

*Эрнис ТУРСУНОВ,*
*Кыргыз Эл акыны*

## КҮЙҮП ЧЫКТЫҢ ТАЛАС ДЕГЕН ДУБАНДАН

*(Гүлсайра Момуновага)*

Жакшы аялсың,
Жакшы акынсың билемин.
Жарым кылым бул майданда биргемин,
Сени көрсөм, тойдон эмес тоолордон
Кен издеген геологдордой көрөмүн.

Жакшы акынсың. Жакшы адамсың.
Эл билет.
Билгени ошол, жатат мына белгилеп!
Жакшы ырларың турса сени жашартып
Кантип айтам алтымышка келди деп.

Күнүң азбы кайгырган да, кубанган,
Күйүп чыктың
Талас деген дубандан.
Күчтүү ырлар ойсокенин ойну эмес,
Күчтүү ырлар чыгат күйүп-жангандан.

Сендей акын, сендей инсан аял аз,
Эл-журтуңа эмгегиң зор уялбас.
Эмгегинен эл сыйлаган аялзат.
Дайым сүйкүм,
Дайым сулуу,
Дайым жаш!



Кыргыз акын кыздарынын чүрөгү
Аз деп билсек,
Анда сенсиң бирөөбү.
Ыйлап туруп ыйманы ысык ыр жазган
Кайсы акындын сеникиндей жүрөгү?!

Сай күлүктөн аты чыкса уруунун,
Сен да Айгашка акын кызы саруунун.

Баш байгени берип койсо жарашмак,
Баалай билсе, билермандар ыр кунун!

*Салибай ШАТМАНОВ,*
*акын, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер*

## ГҮЛСАЙРА ЭЖЕМЕ

Гүлсайра эже гүлгүн кезден ыр жаздыңыз,
Гүл менен, сүйүү менен сырдаштыңыз.
Далай жигит жүрөктөрүн ашык кылып,
Далай жүрөк жарасын ырбаттыңыз.

Алла Таала берген экен баарын сизге,
Ээ кылып учкул талант, сулуу жүзгө.
От болуп түн уйкусунан ойгонушат,
Жигиттер азыр көрүп сизди түштө.

Эжеке! Бул кыска өмүр келер, кетер,
Кеткендиги кемиргенсип жүрөктү эзер.
Чүпүрөктү кийсе дагы чүрөк болгон,
Аялдарды таппай жүрөм сизге теңээр.

Жүрүңүз эжекебай нурдай жана,
Жараткан берген экен баарын сага.
Эжеке, жапжаш болот, жапжаш жүрөт,
Ырынан канаат алган акын гана.

Дайым жапжаш болуңуз эжекебай,
Тоо гүлүндөй жана дагы Күндөй, Айдай.
Сиздин ар бир китебиңиз чыккан сайын,
Арноо ырын жазып турсун бул Анатай!

*Анатай ӨМҮРКАНОВ,*
*Кыргыз Республикасынын Эл акыны*
*21-апрель, 2004-жыл.*



## ГҮЛСАЙРА ЭЖЕМЕ

Айылда аккан миң булак,
Билсеңер бизге миң дайра.
Төрөлүп өстүк баарыбыз,
Кең-Арал деген гүл жайда.
Айылга бүгүн келиптир,
Алп акын эжем Гүлсайра!
Жамактап жазмай жагым бар,
Толкундап кетип мындайда.
Мактанат, бийик айлыңыз,
Инсандар сиздей турганда.
Арноону кантип жазбайбыз,
Эмгекти сиздей кылганга.
Айылдын көркүн тарттыңыз,
Өзүңүз жазган ырларда.
Элиңиз жакшы жашоодо,
Бакубат турмуш жыргалда.
Байланыштуу көп нерсе,
Чөнтөгү калың тыңдарга.
Сиздеги ырлар адамды,
Чакырып турат ыйманга.
Өзүңүз жазган ар бир сап,
Жүрөккө салат түр сайма. Эжеке!
Талыкпай жаза бериңиз,
Теңирим берген дил барда.
Баарыбызды балкыткан,
Балдай таттуу тил барда. Эжеке!
Кең-Аралдын гүлүсүз,
Сайрап турган үнүсүз.
Жалындап ички сүйүүңүз,
Саламатта жүрүңүз!

*Айылдаш иниңиз Курманбек АСАНОВ,*
*20. 08. 2005-жыл.*

## ЖАЗА БЕРГИН ЖАНДҮЙНӨНҮН ЫРЛАРЫН!

Адамдыгың, аялдыгың, акылың,
Ажарыңды ачып турат жупташып.
Аялуу жан, асыл-даана акыным,
Арген обон, ырларыңа ыкташып.
Айлуу түндө сан жылдызга айланып,
Алдей ырың бөбөктөрдү уктатып.

Эмгектендиң эр жигиттей көшөрүп,
Эне жүгүн, элдин жүгүн көтөрүп.
Эргип жазган ырларыңдын түрмөгү,
Жүрөктөрдөн орун тапты төшөлүп.
Бешенеден пейил нуру төгүлгөн,
Сизди бүгүн бактылуу деп сезелик.

Ыр түрмөгү – салт-нусканы жандаган,
Ыр сүйгөндөр – окугандан талбаган.
Көп өлкөнүн акын аял ичинен,
Түркияда эжекени тандаган.
«Ак боз үйү» Анкараны аралап,
Ата Журттун намысын бек кармаган.

Даңазалап жакшылыкты ырларың,
Дархан талааң кайрып турат ыргагын.
Океандай чалкып жаткан таланттын,
Көргүн эже, көрө бергин жыргалын.
Жашоо өмүр, эл тарыхын сырларын
Жаза бергин, жан дүйнөнүн ырларын!

*Айшеке КУРМАНОВА, 21-апрель, 2004-жыл.*



## ТАРЫХТА КАЛГЫНЫҢ САРАДАЙ

*(Акын Гүлсайра Момунованын 50 жылдыгына каалоо)*

Берметтей ырларың тизилип,
Мөмөсү жемиштей үзүлүп,
Элимдин сүйүктүү эркеси,
Элүүгө келипсиз күтүнүп.

Маңкайып маралдай көрүнүп.
Ак таңдай бакытың сөгүлүп.
Доорон сүр, өмүрүң өткөнчө,
Маңдайдан мээримиң төгүлүп.

Бой дүйнөң боз үйгө жарашып,
Санжыра салтыңа жанашып.
Күндөрүң күлкүгө айланып,
Жыл берсин жашооңо жарашык.

Таба бер, тереӊ ой тажабай,
Жашоодон моокумуң тарабай.
Талантка таалайың айкашып,
Тарыхта калгының Сарадай.

*Айшеке КУРМАНОВА, декабрь, 1987-жыл.*

## ЖӨНӨКӨЙ, ЭҢ ЖӨНӨКӨЙ БАРАТАСЫҢ

Мен сизге жакын келип таанышпагам,
А бирок ырдын таңы – акын сезем.
Каректер суктануну көксөй берип,
Жүрөккө эмнегедир жакын сезем.
Көөнөрбөс айкөлдүккө уюп калган, Жаңылбайм,
Сезимимде аялзаттан асыл десем.

Жаштыкка жагалдантып ырларыңыз,
Ушунча жүрөктү эзет, жүрөктү эзет.
Ыргагы шоокуму күч деңиз болуп,
Окурман кеме сымал жиреп кетет.
Бирөөлөр жандүйнөсү жана берип, Ырыңызды,
Ыр эле эмес, ырдан бүткөн сүрөт дешет.

Сүйүүсүн аялзаттын көркөм ачкан,
Мен сизди лириканын гүлү сезем.
Ар убак жамалыңыз жайнап жүрсө,
Жапжашыл тоо арчанын бүрү сезем.

Пейилиңиз көңүлдөргө жаз уютуп,
Жүрөккө ыйык атап, сиз дей берем.
Оо менин,
Элдин сүйгөн эжекеси,
Болсочу бүт аялзат сиздей кенен.
Башкалар да окшосо, сизге дегем.

Тигине,
Эң жайдары мүнөз менен
Көчөдө, келбеттүү сиз баратасыз.
Дагеле көңүлдөргө жаз уютуп,
Дагеле суктандыра каратасыз.
Оо менин,
Элдин сүйгөн эжекеси,
Жөнөкөй, эң жөнөкөй баратасыз.



## ЖАЗ СЫЯКТУУ

Жазылат далай ырлар, далай сырлар,
Ойлорду чимирип өз ийигинде...
Ушундай уюткулуу ойду баккан
Гүкү эже көңүлүмдүн бийигинде.

Жадырап жаз дүйнөсү чалкып жатса,
Жакшы адам айырмасыз тура андан.
Жанданып жабыркаган мүнөз дагы,
Жакшы адам жандаганда, кайдагы арман.

Жөнөкөй, качан көрсөң эң жөнөкөй,
Жайнатып назиктикти көздөрүнөн.
Кээде мен туталанып турганымда,
Эжени көрсөм жаздай өзгөрүлөм.

Ошентип дүйнөм түгөл өзгөрөт да,
Кыялкеч... Жазды турам тосуп анан...
Ийитип эженин ыр окуганы,
Ичимден «Кызгалдакты» созуп алам.

Жадырап качан болсо гүлдөй көркөм,
Жашоосу ыр деңиздей дүйнө менен.
Күмүштөй күлкүсүнө күн толтуруп
Гүлсайра эже барда дүйнө кенен.
Пейилинин түгөнбөгөн берекесин,
Сүрөттөп бере албастыр бул ыр – сүрөт.
Жаркытып сулуулуктун илебине,
Жашоону келет эже ырга сүрөп...

*Гүлжамила* ***ШАКИРОВА***

108669ЦБ

## АКЫНДЫК ЖАНА АСЫЛДЫК

Бирөөлөргө көрүнөт тозок болуп,
Ырды жазыш кыйынбы ошончолук?
Акын үчүн а мүмкүн мергенчиге
Кийиктери келгендей «кошоктолуп».

Келип турар сөз, ойлор ар кыл жаңы,
«Тереңдеги берметтей» жаркылдашып.
Мергенчиден кутүшсө шыралганы,
Акын ыры – Эл үчүн Алтын казык.

Акын калкы, оо кандай жаралышкан,
Кайра туулуп, жаратып, жаралыш бар.
Бир ырына эм болор бир сөз издеп,
Кожожаштай «аскага» камалыш бар.

Жаралса да бул дүйнө ала-була,
Адамдарды бөлбөстөн ала-кула.
Бирдей көрүп, жанындай сүйгөн баарын
Бала – акын, а акын – бала тура.

Мейли канча айталы азил-чынын,
Мезгил сынар акындын акындыгын.
Бирок бир сөз: акынбы, мергенчиби,
Баары байкайт адамдын асылдыгын.

Акындарды сыйлаган асыл жандар,
Мен силерге айтарым жакындардай.
Силер дагы акындай айкөл болуп,
Сүйгүлөчү турмушту акындардай!

***Жедигер* САЛАЕВ, *12-январь, 1987-жыл.***



## АМАН БОЛГУН,
## АЛА-ТООЛУК АКЫН КЫЗ

Ырларыңдан окуп турсаң назданып,
Сүрдөй берем «жарылууга» аз калып.
Ырахатка батып уга берем да,
Ырларыңды жаткым келет жазданып!

Саамайларың алтын чачык бүр болуп,
Добуштарың булбул – назик үн болуп.
Керемет бар ар бир эле адамда,
Кээде мага көрүнөсүң гүл болуп!

Жарашыктуу көйнөк кийип гүл-сайма,
Жаздын күнү бакта олтуруп миң сайра.
Акындыгың ашык кылсын бозойду,
Аты сулуу, заты сулуу Гүлсайра!

Чыккан үнүң чымыратып денени,
Коңур добуш комуз сындуу береги.
Анттапалы ала-тоолук акын кыз,
Арнап элге асыл ырлар берели!

Дилибизде бир туугандай жакынбыз,
Дидарлашар күндөргө да татырбыз!
Сагындырган ырларыңды көп жазып,
Саламат бол, садагасы акын кыз!

***Төлөгөн* МАМЫРБАЕВ**

## САЯБАН БАКТАЙ АКЫН

Жылдардын «Айдарым» бир коругуна,
«Жылаажын» ырлар менен жолугууга.
Өткөнү качан «Өмүр бешигим» – деп,
Саябан бактай акын Момунова.

Ыр арнап бул жашоодо эң көп көрдү,
Мекенди, эч нерсеге теңдеш жерди.
Таалайды «Табар белем» деген менен,
Терди окшойт «Тереңдеги берметтерди».

Жалпыны жакшылыкка сүрөш деген,
Акында абалтадан жүрөк кенен.
Кылымга баштап «Кыял чабытты» да,
Жаңылык күтүп келет «Тилек» менен.

Келгендей улуу муун сөзү өтө түз,
Келдикпи орто муун кезекке биз.
Пейли кең Кең-Аралдын талаасындай,
Бар болсун, Гүлсайрадай эжекебиз.
Көшөрүп береке ырга көрксүз, демек,
Көйкөлгөн көркүңүздөй кеч күз келет.
«Жан дүйнөң» жаркып турсун элге жетип,
Жакшы ырлар жашоо үчүн сөзсүз керек!

«Кут дүйнөң» куттуу болсун, кутман курак,
«Миң дүйнөң» кете берсин жолуңду улап.
«Туулган үйдүн жарыгы» жанып турсун,
Эжекем ыр артынан ырлар чубап!

*Бактыгул* ***ЧОТУРОВА***



## ЖАЗ, ГҮЛСАЙРА!

Жамгыр сындуу тамчысы алтын жайдагы,
Жаз, Гүлсайра! Күтөт кыргыз аймагы.
Ташкын шыгың эне сүттөн бүткөндөй,
Ташка чегээр ыры менен сайманы.

Торгой болуп ыр себилткен эргүүңдү,
Тобо дегин толук жалпы эл билди.
Туу тутардай адам уулу өмүрдө,
Туям мындан адамдык чоң белгиңди.

Канат жайган окшоп дарак бутагы,
Качан көрсөң доско жайыл кучагы.
Жарык кабак гүл жайнаган ак жүздөн,
Жанып турат жакшылыктын жышааны.

Кадим учкул текөөрү курч тынардай,
Кайрылгандын ажаатына чыгардай.
Чогоол эмес, көзгө толук бараандуу
Чоң акынсың саябандуу чынардай!
Баркың билип, баалагандай кошулар
Баш иердей балкып бийик чокулар.
Жаз, Гүлсайра! Жатат сенде учкундап,
Жалындуу ырлар, махабаттын оту бар!..

*Уркаш* ***МАМБЕТАЛИЕВ***

## ГҮЛСАЙРА ЭЖЕГЕ

Урпагы болот Манастын
Бермети болот Таластын.
Куттуу ырлар жаратып,
Кут дүйнөгө жанаштың.

Сыймыгы болот кыргыздын,
Жердеши улуу Чыңгыздын.
Эмгеги сиңген элине
Жердеги жарык жылдызсың!

Батасы тийген элиңдин,
Даарыган куту жериңдин.
Кыргызга куттуу ыйык жер
Келини болот Кеминдин.

Арбагы Манас колдосун,
Таластын деми коргосун.
Көп жаша, эжем Гүлсайра,
Агыткан сөздүн жоргосун!!!

*Махабат* **МОЛДАЛИЕВА**



## ЭЖЕКЕМ ЭЛДИК АКЫН

Алмадай кезден эле болдуңуз ырга жакын,
Агарды чачтарыңыз аздектеп ыр саптарын.
Аруулук ыр дүйнөңдөн алыстап кете албай,
Акыры баарын жеңип болдуңуз элдик акын.

Апакем Сейдананы эң алгач жазган элең,
Айлыма ат арытып аттанып барган элең.
Айтканын Семетейди төгүлө мактап,
Аялдар журналына баскан элең.

Манасчылык өнөрдү аркалаган,
Чыгармачыл ажарын ачкан элең.
Ал кезде секелекмин баштан сылап,
Мага да мээримиңди чачкан элең.

«Апаңдай таланттуу болгун» – деп,
Аманат кебиңди айткан элең!
Андыктан апакемдей көрөм сизди чарчабаңыз,
Улуу акынсыз эл сүйгөн арыбаңыз,
Касиети ырлардын дем-күч берип,
Канат байлап жашарып, карыбаңыз.

*Бактыгүл* **СЕЙИТБЕКОВА**

## АЙДАЙ ЖАРКЫН КӨҢҮЛҮҢ

Кең-Аралдай жеринде .
Ага-тууган элиңе,
Отчётунду бергенде,
Толкудуң да, эргидиң.
Тобо айтып кудайга,
Токтоо бербей элирдиң.
Айдай жаркып көңүлүң,
Жаз жамгырдай төгүлдүң.
Бутага конгон булбулдай,
Сайрадың ыр багында,
Терин алган күлүктөй,
Келиптирсиң табыңа.
Элди ыйманга үндөдүң,
Келин-кызын, жигитин,
Жашы менен карысын,
Калтырбастан баарысын.
Акыйкат менен ак иштеп,
Ыйманга балта чаптырбай,
Акылың менен жүр дедиң.
Теледен көрүп отуруп,
Таасири күчтүү сөзүңө,
Тобо деп кулак төшөдүм.

Ишенбей көргөн көзүмө,
Балдай ширин сөзүңө,
Ыр сандыгын ачтың го,
Ырыстуу эли-журтуңа.
Бар сырыңды айттың го,



Карысы да, жашы да,
Баары калбай келишти,
Алакан жайып өзүңө.
Ак батасын беришти,
Деги өзүң мыкты адамсың,
Акылман өтө аярсың.
Тең көрүп, калыс карап,
Көңүлдө ойду табасың.
Айдай жаркып көңүлүң,
Көпчүлүк элге жагасың.
Кабыл кылсын кудайым,
Ошол элиңдин берген батасын!

*Күмүш* ***СУРАНОВА***

# КУМАР ЭЛЕМ

*(Жаш акын Гүлсайрага жаш кезимде жазган элем)*

Суу болсоң – сен көк ирим өзөндөгү
Буудаймын – мен көгөргөн өстөндөгү.
Жайкалып кулпурайын жайкап өтсөң,
Жаш чөптөй жамгыр чайган көктөмдөгү.

Күн болсоң – көрө электе өзүңдү аалам,
Чыгыштан чоку сымал тосуп алам.
Кокус сен комуз болсоң, колума алып,
Жүрөктүн кайрыктарын күүгө салам.

Бак болсоң – бутагыңа конор элем,
Кыш болсоң – аязыңа тоңор элем.

Чок болсоң – чоюн болуп кармаар элем,
Гүл болсоң – аары болуп сорор элем.
Сен мени – аптап болуп кактап турсаң,
Мен сени – булут болуп сактап турсам.
Жол болсоң – жайы-кышы жыланайлак,
Үстүңдө үмүт айдап каттап турсам.

Мен сага кумар элем, кумар элем,
Ыр болсоң ырыс термеп угар элем.
От болсоң отун болуп күйүп-жанып,
Күл болуп коломтоңдон чыгар элем.

Бирок да бул айткандын баары болбой,
Жан болуп жаралыпмын сени ойлой.
Тагдырлар табышпады... бирикпедик...
Тиктешип маңдай-тескей эки тоодой!

***Салибай ШАТМАНОВ***



# ЭЖЕЙГЕ

*(Таланттуу акын Гүлсайра Момуновага)*

Ыр устаты, булагы Гүлсайра эжей,
Келатат басыгынан бир кемибей.
Арыбай алыс чуркар күлүккө окшоп,
Арышын барган сайын демей-демей.

Акындар дал ушундай жаралганбы?
Ыр жазмайын жай алып жата албайбы?
Байлыктан, мансаптан баш тартса дагы
Байланып ырынан баш тарталбайбы?

Кубаттуу кудурет бар ар сөзүндө,
Энелик касиет бар бир өзүндө.
Бороонго каршы турма кайраттуулук,
Билинип турат эрдик мүнөзүндө.

Эжебиз өмүрдүн чоң белесинде,
Акындык туу чокунун зересинде.
Эжебиз Эл акыны эл баалаган,
Ал эми Указ менен белгиленсе!

***Мырзабек ЧОКОТЕГИН,***
***23-июнь, 2004-жыл.***

# ГҮЛСАЙРА МОМУНОВАГА

Ойлору терең сырларга
Окугуң келет миң кайра.
От болуп жанган жанар тоо,
Очогу ырдын Гүлсайра.

Булбул куш сайрап бакчаңда,
Бал татып турат татканга.
Гүлдөткөн ыры дүйнөнү,
Гүлсайра окшош багбанга.

*Анатай ӨМҮРКАНОВ,*
*16.02.2009.*



# ПИР ДҮЙНӨ

Сулуулукту көрдүң беле десе эгер,
Көрсөтмөкмүн сиздин жаштык сүрөттү.
Көздөрүңүз толуп сүйүү, арзууга,
Бардык жанды тамшандырган мүнөттү.
Кенендикти көрдүң беле десе эгер,
Жүргөнүмдү айтам сизге жанашып.
Өссө экен деп турганыңыз байкалат,
Алга сүрөп таламымды талашып.

Мен эле эмес бардык жанга жакынсыз,
Акындарга ак тилеген акынсыз.
Атаандаштык деген нерсе сизде жок,
Ичи кенен кебелбеген баатырсыз.

Мээрим кайда көрсөт барбы дешсе эгер,
Мен тартынбай өзүңүздү көрсөтөм.
Кабагыңыз жылдызданып төгүлүп,
Турганынан бир жыргасын өксүгөн.

Эне барбы нарктуу дагы, барктуу да,
Деп эстеген өзүңүзгө токтолоор.
Сиз жасаган дасторконго кабылган,
Көзү тоюп көпкө чейин ток болоор.

Адам барбы ааламдарды жаркытып,
Нур периште коштоп дайым жандаган.
Адамдарга каалап турган жакшылык,
Ар бирине ырын арнап талбаган.

Дешсе сизди көрсөтүшөт бүтүн журт,
Бир добуштан айныбай да, адашпай.
Сиз кыргызга кайталангыс, табылгыс,
Сиз кыргызга кылым айтчу санаттай.

Мен да сизге чын дилимден төгүлдүм,
Апчем деп көргөн жерден семирдим.
Сиздей устат турган кезде дем берип,
Келип турат каухар болуп себилгим.

Кааласа адам жашайт экен жүз аша,
Бул каалоого жалпы журтуң кошулат.
Жарым жашты жашай элек эжекем,
Бүгүн минтип кадыр күтүп отурат.

Куттуу болсун, Теңир берген ыр дүйнө,
Курчап дайым жанып турсун нур дүйнө.
Дүйнөлөрдүн ачып берген эшигин,
Аялдардан чыккан акын пир дүйнө!

*Сонунбубу КАДЫРОВА*



## КҮЖҮРМӨН АКЫН ГҮЛСАЙРА

Кужурмөн акын Гүлсайра
Күрпүлдөп аккан бир дайра.
Күрдөөлдүү адам жашоосун,
Күүгө салган миң кайра.
Антип талбай ырдоого
Андай аруу дил кайда?
Андай таттуу тил кайда?
Жашырбай айтып жан сырын,
Жаза берсин жаңы ырын.
Биз ыраазы – ыр арнап,
Билгенге адам кадырын...

*Байтемир АСАНАЛИЕВ*

## АКЫН ЭЖЕМ

*(Гүлсайра Момунованын
70 жылдык юбилейине карата)*

Жүрүңүз эжекебай
Күндөй жана,
Ырдасын ырыңызды кары, бала.
Арчадай дайым жапжаш бойдон жүрөт,
Ырынан канист алган акын гана.

Жашаңыз эжекебай Айдай жана,
Суктансын ырыңызга тоо, көл, талаа.
Чүпүрөк кийинсе да чүрөк болот
Сүйүүдөн рахат алган акын гана.

Күлүңүз эжекебай нурдай жана,
Күлкүңү узак берсин Кудай Таала.
Өмүрдүн өлбөстүгүн даана билет,
Турмушту Сиздей билген акын гана.

*Анатай ӨМҮРКАНОВ,
Кыргыз Эл акыны, 10-апрель, 2008-жыл.*



## АКЫН ГҮЛСАЙРА МОМУНОВАГА

Ырың жаш, өзүң бир аз улгайыңкы,
Сөз таппай кетем кээде сага ылайык.
Көөдөнүн көп жигиттин жаралаган,
Көздөрүң турат дале бажырайып.

Кечээки жазган ырың кызык болсо,
Бүгүнкүң андан дагы сонунураак.
Жарашат бото көзүң турпатыңа
Болсоң да бүгүн бир аз толугураак.

Салибай акын бекер суктанбаптыр,
Улгайып калсаң дагы сымбатыңа.
Көңүлү түшпөй койбойт эр жигиттин,
Жакшы акын, сендей айкөл ургаачыга.

Жаза бер жакшы ырларды талыбастан,
Жоготпой акын деген ишенимди.
Өзүңдү кучактабай суктангандыр,
Кучактап жатсын жаңы китебиңди.

* * *

Акын кыз оттуу жалындуу,
Ырлары жанга жагымдуу.
Тартуулап келет калкына,
Лиранын тунук жагын бу.

*Төлөгөн МАМЕЕВ,
10.04.2008, Бишкек шаары.*

## АДАМДАР АЗ ӨЗҮҢДӨЙ

Кол жетпеген мунарадай көкөлөп,
Талант барда үйгө, элге – Мекенсиз.
Качан болсо, колдон калем түшүрбөй,
Ой берметин жаза берет экенсиз.

Океандай толкуп ташкан ой багып,
Ооп-кыйыш бул турмушта келесиз.
Ойлоп көрсөм, адамдар аз өзүңдөй,
Иш жасаган Ата Журтка ченегис.

Кымкарлатып сезимдерге ыр төккөн,
Кыргызымдын сулуу, улуу кызысыз.
Кут даарыган өмүрүңө жыл болсун,
Күтүп алган ушул жаңы жылыңыз.

*Молдобек ИРСАЛИЕВ*



## ГҮЛСАЙРА ЭЖЕГЕ

Азынап элдин баарысы,
Ашынса жашы, карысы.
Ала иш кылбас эжекем,
Аялзат ары, намысы.

Ар кандай сүйлөп баарысы,
Айтпаса сөзүн калысы.
Асыл сөз баккан эжекем,
Акындын ары, намысы.

Кычынып элдин баарысы,
Кыскарса нарктын арышы.
Кымбатым эжем Гүлсайра,
Кыргыздын ары, намысы.

*Бейшенбек БЕКЕШОВ,*
*10.04.2008.*

## ДЕҢИЗ СЫНДУУ БЕРМЕТ БҮРККӨН ШАРЫНАН

Балкып көктөн нур жаагандай куттуу үйгө,
Башкы темаң уламалуу кут дүйнө.
Анда толо турмуш күүсү миң кайрык,
Аңдаганга кулак кагар бүт дүйнө.

Түк өтпөстөй, ансыз жашоо жыргалы,
Түнкү от сындуу чакырыктап турганы.
Чоктой жанган жүрөгүңдөн учкундап,
Чоң акынсың махабаттуу ырлары.

Күлкү чачса күмүш тоого күн түнөп,
Күлкүсүндөй ачык кабак ыр тилеп.
Ага кыйгач айтсак салыштырмалуу,
Ак нөшөрсүң жаап берген диркиреп.

Анда барбы, айтчы Күкүн периштең,
Айныбастай сыр дүйнөсүн чегиштен.
Ачылбаган сары алтындай сандыкта,
Аркы доорду оодара айтып бериштен.

Жакшылыкка болуп берер аралжы,
Жармач жанга жан боорундай карамдуу.
Тек бакпастай дүйүм урук сөз гүлүн,
Терең ойчул акынсың ээ бараандуу.



Күлкү чачса, күмүш тоого күн түнөп,
Күлкүсүндөй ачык кабак ыр тилеп.
Айтор кыйгай, айтсак салыштырмалуу,
Ак нөшөрсүң жаап берген дүркүрөп.

Деңиз сындуу бермет бүрккөн шарынан,
Демөөрү күч жаратмандык жагынан.
Торгой таңшык бар бол элдик чоң акын,
Томуктайдан тоодой талант даарыган.

*Уркаш МАМБЕТАЛИЕВ,*
*Апрель, 2011-жыл.*

## КУТ ДҮЙНӨ

Жарык дүйнө – кут дүйнө,
Жакшы адамдын бактысы.
Жаз күнүндөй – бүт дүйнө,
Эжем элдин Ак кызы.
Алыстагы нуруңдай,
Асмандагы жылдыздын,
Жүрөгүнө гүл өскөн,
Акын кызы Кыргыздын.
Адамдыгы артыкча,
Албети бар келиндин.
Абройлуу аруу жан,
Асыл кызы элимдин.
Айды, Күндү каратып,
Ааламга нур таратып,
Асмандаган ырларды
Жашай бергин жаратып!
Жакшы адамдар бар үчүн
Жашайт ушул дүнүйө
Түндүктөн кут төгүлүп,
Толсун эже үйүңө!
Кут дүйнөңүз кут болсун!
Курагыңыз жуп болсун!
Үйүңүзгө топурап,
Кут ээрчиткен бут толсун!

*Иниңиз БАЙАС ТУРАЛ*



## ГҮЛСАЙРА МОМУНОВАГА

Алыска коюп максатын,
Булгабаган жакшы атын.
Акындардын тобунда,
Гүлсара эже жакшы акын.

Төркүлөп келген келиндей,
Төрдө отурат керилбей.
Таң атып, күн баткыча,
Таттуу ыр жазат эринбей.

*Анатай ӨМҮРКАНОВ,*
*8-март, 2010-жыл.*

## ЖҮРӨГҮНДӨ ЖАЛЫНДАГАН ОТУ БАР

Ала-Тоодон ай көрүнду сөгүнүп,
Алтын нуру жер бетине төгүлүп.
Ай сыяктуу акын бийкеч көрүндү,
Жаркыраган топ жылдыздан бөлүнүп.

Кең Таласта керилген бир тоту бар,
Жүрөгүндө жалындаган оту бар.
Эске салган Каныкейдей айымды,
Бийиктердин бийигинде чоку бар.

Ыр төгүлдү, ойдогу сыр төгүлдү,
Ашуулардан ашуу бийик көрүндү.
Күндүр-түндүр алпурушуп ыр менен,
Гүлсайра акын узартты го өмүрдү.

Устаттыгы улам өстү такшала,
Обододу обондуу ыр наздана.
Толгон-токой сонун ырлар жаралып,
Күн чыккандай чыга келди сахнага.

Поэзия асманында жаркырап,
Эл башкарган өкүмдарга дем берди.
Атпай журтка акын үнү угулду,
Жоктоп ыйлап шейит болгон эрлерди.



Ак дилимден Айга, Күнгө теңедим,
Ай нурундай аппак экен дегеним.
Өмүр тилеп, туулган күнүн жана да,
Жаңы жылын куттуктайлы эженин!

Кең Таласта керилген бир тоту бар,
Жүрөгүндө жалындаган оту бар.
Эске салган Каныкейдей айымды,
Бийиктердин бийигинде чоку бар.

*Дарика ЖАЛГАСЫНОВА,*
*25.12.2010.*

# ТОПУКТУУ ДАЙЫМ, КӨҢҮЛ ШАТ

Таланттуу акын Гүлсайра,
Тең келчү сага күн кайда.
Талыкпай жазат күн-түнү,
Рухий сендей күч кайда.

Ардактуу айым Гүлсайра,
Сөз табылбайт мындайда.
Ырларың дары жүрөккө,
Шерине гүлдөйт сен барда.

Жайдары назик аялзат,
Жай баскан сага жарашат.
Толкун каткан ыр дүйнө,
Не деген укмуш парасат!

Пейилиң кенен Таластай,
Топуктуу дайым, көңүл шат.
Жанашкан сага жигиттер,
Акылынан адашат.

Поэзия дүйнөсүн,
Сайратып турган күндөсүң.
Ааламга үнүң угулуп,
Алтын таңдай сүйлөсүн!

Сүйүшкөндөрдүн улуу күнү менен куттуктайм!
Анткени мен сени сүйөм.

*ДАРИКА,*
*14-февраль, 2011-жыл.*



# СЕЗИМДЕРГЕ КЕЛИП КОНДУ ЫР-БАКТЫ

Секелек кыз кезден тизип ыргакты,
Сезимдерге келип конду ыр-бакты.
Түркүн түскө, бийик ойго толтуруп,
Чыгардыңыз ондоп санап жыйнакты.

«Куттуу апта» – түрк тилдүүлөр сынагын,
Кыргыздан сиз көтөрдүңүз чырагын.
«Боз үй» аттуу поэмаңыз суурулуп,
Жеңип алды эл аралык медалын.

Ырыс төгүп, эл акылы аталып,
Ырдын күүсү таңшып чыкты таш жарып.
«Түгөлбөй ата», эр Манастын урпагы,
«Жан дүйнө», «Кут дүйнө», «Миң дүйнө»,
Жыйнактардан тынбай турат кут агып.

*Динар МАМБЕТАКУНОВА (Касымбекова),*

## СЕНИН БАКТЫҢ

Акын курбум, Гүлсайра,
Арамың жок кылдай да.
Каламың барда бир эмес,
Келтиресиң миң пайда.

Акын досум, Гүлсайра,
Деникиндей дил кайда?
Дилден башка не керек,
Адамдарга бул жайда?

Замандашым, Гүлсайра,
Каламдашым, Гүлсайра.
Сендей акын эң зарыл,
Кыйын кезең мындайда.

Асылкечим, Гүлсайра!
Кадыркечим, Гүлсайра!
Өзүң мейли улгайсаң,
Ырыңа айтам: «Улгайба!»

Алтымыштын кырында,
Өчпөй турсун нуруң да.
Сенин бактың, ырысың,
Балдарыңда, ырыңда.

Ойлобо сыйлык жөнүндө,
Албагын аны көңүлгө.
Сыйлык эмес, сыймыктын,
Олтурасың төрүндө.



Омар Хаям, Низами,
Кадырлайбыз биз аны.
Ал анткени алар да,
Кадырлашкан музаны.

Рудаки, Жами, Саадилер,
Адамдар экен кеменгер.
Ырларынын жалыны,
Ташты дагы эритээр.

Бирок дагы алардан,
Эч сыйлыгы болбоптур.
Кыттай уюп ырлары,
Жүрөктөргө орноптур.

Токтогул, Барпы, Жеңижок,
Тигилерден кеми жок.
Кара жаак акындар,
Калк ичинде эми жок.

Түшүрбөй ырдын беделин,
Төккөн балын, шекерин.
Өтүп кетти сыйлыксыз,
Рубцов менен Есенин!

Алыкул акын не деген?
Козголот окуп делебем.
Ыйлап түшпөй барылдап,
«Ырдап түшкөн энеден!»

Алп акын эле Мидикем,
Ала-Тоого билинген.

Эптеп жүрүп акыры,
«И другиеге» илинген.

Тынымсейитова эженин,
Өмүр суусу бир кашык.
Болгон менен жан эле,
Ырды сүйгөн, ырга ашык.

Тургунбай, Какен досторум,
Койсо эле ачып оздорун,
Чубуруп турган бермети,
Акындар эле эң сонун!

Бул акындар өлсө да,
Ыры тирүү түбөлүк.
Сыйланган кээ бир акындар,
Тирүү жүрөт, ыры өлүп.

*Ташмат АРЫК уулу, декабрь, 1987-жыл.*



## СЕРЕСИНЕ ЧЫГА ЖАША ӨМҮРДҮН

Гүлсайра Момун кызы Таластын,
Урпагы кабылан ата Манастын.
Зергерин сөздүн таап жазган,
Орошон ойлуу, сезими сергек аялсың.
Руханий байлыгыбы, башкабы,
Эрки күчтүү, эркек сымал басканы.
Ташка тамга баскандай таамай сөзү,
Окурманды тартып алат жазганы.

«Миң дүйнө», «Кут дүйнө» китебиңди окуган,
Толкуп-ташып, сыймыктанат ар Адам.
Руханий байлыгы зор асыл зат,
Кыргыз элдин керегине жараган.

Ырың сенин сезимдерди сергитип,
Көтөрүп көңүлдү көккө эргитип.
Жандүйнөнү аруулукка сугарып,
Ыйманга элди чакырып.

Үйлөтүп ыр көөрүгүн сезимдерге,
Көтөрүп жабыр тарткан эл көңүлүн.
Баатыр бол Сүйүнбай, Чыңгыз агалардай,
Сересине чыга жаша өмүрдүн.

Сөз булбулу, ыр булбулу Гүлсайра,
Ар бир сөзүң айтып бүткүс керемет.
Таш агызган күрпүлдөгөн чоң дайра,
Окурманга ыр берметин себелеп.

*Күмүш СУРАН кызы*

## ТАҢДАЙЫНАН БАЛ ТАМГАН

Мезгил – куш, берди кезегин,
Мен сизди мактаар кезегим.
Айкөлдүккө акындык,
Баш ийгенин сеземин.
Өзүңүздөн үйрөнгөм,
Өнөрлүү ырдын өзөгүн!
Эритип ташты табыңыз,
Эргисин каны-жаныңыз.
Ырыстуу элдин акыны,
Ыйманга толсун сабыңыз.
Ырларга билик жандүйнө,
Ырахат алар чагыңыз!
Ашыкпай элге жар салган,
Ар түркүн ырга жан салган.
Аялдан чыккан алп акын,
Ак таңдайдан бал тамган.
Обондуу ырын созгондо,
Оо, чиркин, уккан тамшанган!
Ырысын тепкен шордууну,
Какшыгы менен «кактаган».
Ыкташтырып ыр менен,
Ышкыбозду таптаган.
Калеми курчуп мокобой,
Калкым деп жазып талбаган.
Алешем ырды жазбаган,
Ар түрдүү тема баштаган.
Туулган жер, суусун, кум, ташын,
Таттуу сөз менен мактаган.
Эл кубанса кубанып,
Кайгырса тынчып жатпаган!
Тулпардай керип арышын,



Жеткирип дагы жеткирбей.
Картайбай кайра жашарып,
Кабакка бырыш чөктүрбөй.
Шыгына ыры жупташып,
Жаңыланып эскирбей!

Маанисин окуп туясың,
Мээримдүү пенде экенин.
Өмүрү менен тагдырга,
Жанаштырган Мекенин.
Тынчтыгын ойлоп элинин,
Тилегин тилеп энеңин!

Окуп жатып туясың,
Акактай тунук акылын.
Боорукер жан сыр билги,
Болкулдап кээде жашыгын.
Берекелүү пейили кең,
Көңүлүнүн ачыгын!

Окуп жатсаң сезесиң,
Махабат бүтпөс дастанын.
Түйүнүн сырдын чечесиң,
Сүйүүнүн түркүн жактарын.
Өмүргө өмүр уланып,
Мөмөлөп турган шактарын.

Том-томдоп жазган жыйнагы,
Турмуштун түркүн сырлары.
Өрмөктүн эриш-аркагы,
Сыяктуу өткөн жылдары.
Аялуу асыл акындын,
Чачырайт күндөй нурлары!

Аялды, эне, баланы,
Алган жар, ата, таганы.
Бой жеткен бозой, селкини,
Абысын, кайын аганы,
Калтырбай баарын шөкөттөп,
Ыр шумкар жиреп абаны.
Касиети таланттын,
Карылыкты качырсын.
Казалдардын жазылчу,
Каалгалары ачылсын.
Камкор акын кызына,
Калк сүйүүсү чачылсын!
Төгүлбөсүн таалайы,
Ыр дүйнөсү дүңгүрөп.
Төп келишкен маанайы,
Окурманды сүйдүрөт.
Такылдаган таңдайы,
Акын күчүн билдирет.
Эритип ташты табыңыз,
Эргисин каны-жаныңыз.
Ырыстуу элдин акыны,
Ыйманга толсун сабыңыз.
Ырларга билик жандүйнө,
Ырахат алар чагыңыз.
Ыр куржуну бөксөрбөй,
Толуп турсун эмесе.
Ыр периштең ээрчиген,
Ырыс менен береке,
Дөөлөттүү жаш жетимиш,
Куттуу болсун эжеке!

*Айшеке КУРМАНОВА*



## ЖЕТИМИШ ТОМ ЖАЗЫҢЫЗ!

*(Гүлсайра эжемдин жетимиш жылдыгына)*

Чыгарма деп учурдуңуз жылдарды.
Чың пейилден ырдадыңыз ыймандy.
Том-том кылып эл окуса жарашат,
Тыным албай сиз жараткан ырларды.

Адабият биздин ордо айылыбыз.
Ак эмгектен жылдыз болуп жандыңыз.
Кылымдардын кырын ашып келаткан,
Кыргыз элин ыр-күүсүнө салдыңыз.

Кең турмуштун шамалына кайыкпай,
Сапар жолдо салмагына кайышпай.
Уйкаштарды өстүргөндөй бапестеп,
Уул-кызды өстүрдүңүз талыкпай.

Иштеп, жашап кыйлабызга эжесиз.
Ак баракка териңизди төгөсүз.
Кең турмуштун кереметтүү жолдорун,
Кереметтүү ырга салып келесиз.

Китептердин ээси болгон көптөгөн,
Маңги башты, сойкулукту жектеген.
Иштермандык, эмгекчилдик жагынан,
Жаштар сизден үлгү алса деп келем.

Бардык кыздар сиздей асыл кыз болсун,
Бакыт, таалай ордоңузга жык толсун.
Жемиш берген жетилгендик жолунда,
Жетип келген жетимиш жыл кут болсун!

Элге жетти, акын болуп атыңыз.
Эртеңдерге эргүү менен басыңыз.
Жүзүңүздөн ыр байкалып нурданып,
Жүзгө чейин жетимиш том жазыңыз!

*Барчынбек БУГУБАЕВ,*
*«Алтын калем» жана Эл аралык «Хелвтас»,*
*Республикалык жаштар сыйлыктарынын лауреты,*
*акын, журналист*



## СЕН БЕРЕСИҢ МАГА КУБАТТЫ

Эске алба менде куракты,
Жалтанып жүрөр убакпы.
Дүйнөдөн жыргап өтөйүн,
Өзүңдөн алып кубатты.

Аябайм сенден убакты,
Ажарың мени кубантты.
Жүз жылга чыгар бекемин,
Жүзүңдөн алып кубатты.

Авазың аккан булакпы,
Кубандырат кулакты.
Мезгилди жеңип жашайын,
Сен берсең мага кубатты.

## АК ЖУУМАЛ КЕЛИНГЕ

Алтындан артык келин бар,
Айтайын деген кебим бар.
Ак жуумал келин Сен үчүн,
Ашууну ашар демим бар!

Айтайын деймин уялам,
Сезимиңди туя алам.
Ак жуумал келин сен үчүн,
Бир өмүрдү кыя алам!

*Ишен КАРАСАЕВ,*
*08.08.2010-жыл. Жети-Өгүз курорту*

* * *

Жылдызы жарык акын кыз,
Жүрөккө ынак жакын кыз.
Жүзүбүз ашык артындан,
Сыймыктанар акыңыз.

Жүзү сүйкүм акын кыз,
Жүрөгү назик, жаркын кыз.
Жылмайып койчу жаркылдап
Жазылып калсын жарпыбыз.

*Капар МОЛДАЛИЕВ,*
*1970-жыл.*

## ГҮЛСАЙРА ЭЖЕ

Ырлары өзүнчө эле сырдуу дүйнө,
Байкатпай сезимиңди арбап алган.
Көңүлдү делбиретет көкөлөтө,
Андагы каалоо, тилек, асыл арман.

Кебинде уламалуу ойду баккан,
Берметтей асыл ойлор, ар кыл дастан.
Ырындай кулк мүнөзү, мамилеси,
Көңүлгө көргөндө эле абдан жаккан.

Кайсы убак, кайда болсун жоодураган,
Назиктик турат нурдуу көздөрүндө.
Аздектеп анын ысмын айтаар болсом:
Аялдын асылзаты, Адамдын парасаты,
акындын азаматы Гүлсайра эже!

*Айгүл ЭЛЕБЕСОВА*



## ЖАН ДҮЙНӨ ЖАРЫГЫН ЧАЧТЫҢЫЗ

Томкоруп ыр кенин каздыңыз,
Том-томдоп ыр китеп жаздыңыз.
Токтобой толкундап агылып,
Доорго добулбас кактыңыз.
Жашоого кумарлуу жалындап,
Жандүйнө жарыгын чачтыңыз.

Ардагым, апчем, ыйыгым,
Алоолуу байрагым, сыймыгым.
Көтөрдүң моюнга нарга окшоп,
Кебелбей турмуштун кыйынын.
Кайраты Сайкалдай эжебиз,
Кайышпас эрдигиң сезебиз.
Сиңдилер артыңда жетилип,
Өзүңдөй болсок деп келебиз.

Таластын суусу да шаркырап,
Үн созуп өзүңдү чакырат.
Кызгалдак гүлү да кыяда,
Назданып сүйүүңө албырат.

Токойдун талы да салбырап,
Үйүңдүн ити да жол карап.
Келсе деп өзүңдү сагынат,
Ташы да кусадар жалдырап.

Татыктуу кызым деп өзүмдүн,
Тоолор да сыймыктуу заңкаят.

Күтүүдө түтүнүн булатып,
Туулган үй жарыгы жаркырап.
Түндүгүм көтөрүп койдуң – деп,
Ракмат айтууда жалбарып.

Аталар, апалар кубанып,
Батасын берүүдө жаңылап.
Ак жарык өзүңсүң, апче,
Ааламга жагылган балбылдап.
Кутмандуу куракты куттуктап,
Келиңиз тосолу баарылап!

*Сиңдиңиз Дамира САБДИЛДЕ кызы,*
*Момундун небереси,*
*1-январь, 2008-жыл.*



## АЛЫП БАРУУЧУ

Ата Журттун ажарын
Ачкандар келди, көргүлө.
Асылын сөздүн даанышман
Чачкандар келди, көргүлө.
Элдин жүгүн жонуна
Арткандар келди, көргүлө.
Эмгеги менен өз элин
Баккандар келди, көргүлө.
Баатырдык орден төшүнө
Таккандар келди, көргүлө.
Жазганы менен жалпыга
Жаккандар келди, көргүлө.

Жанга дары айткаңы
Жакшылар келди, көргүлө.
Алгы сөз айдап бакканы
Асылдар келди, көргүлө.
Көйгөйүн жазган калкынын
Акындар келди, көргүлө.
Жарыгы тийген элине
Жакшылар келди, көргүлө.
Апрель таңын атырган,
Баатырлар келди, көргүлө.
Дүйнөнүн рух чырагын
Жаккандар келди, көргүлө.
Арабасын бул күндүн
Тарткандар келди, көргүлө.

Мезгилдер тоноп чачтарын,
Кашкайткан менен баштарын.
Баштары толгон акылга
Алдыга сүрөп жаштарын.
Ак жол каалап ак бата
Бергендер келди, көргүлө.
Элим деген эчен бир
Берендер келди, көргүлө.
Аксакалдар жарашат
Ушул тойдун төрүнө.
Көрк кошулуп көркүнө
Ушул тойду куттуктап
Акындар ырдайт төгүлө.

Ак дасторкон жайнаткан
Булбулдай тилин сайраткан.
Уккандын ичин кайнаткан
Далайларды саматкан
Көркүнө көөнү жарашкан
Эл акыны ажайып,
Гүлсайрадай күрдөөлдүү
Эжебизди көргүлө!
Эжеси үчүн энтеңдеп,
Жүгүргөндөр келишти.
Эжеси алса сыйлыкты
Сүйүнгөндөр келишти.
Ийилип кызмат кылышкан
Инилери келишти.
Эжесин тарткан талanttуу
Сиңдилери келишти.



Ак жол каалап акынды,
Жалгагандар келишти.
Жакшы ниет сөз айтып
Жандагандар келишти.
Ак дилден чыккан ырларын,
Баалагандар келишти.
Куттук айтып барсак – деп,
Каалагандар келишти.
Акындын жакшы ырларын
Самагандар келишти.
Жүрөктөн сүйүп элжиреп
Карагандар келишти.

## Гүлсайра – элдик акын

*(Таарынышып жүргөндө жазылган ыр)*

### Ата сезими

Алдында балам ойноп мага окшогон,
Ак жүзү, ай чырайы сага окшогон.
Эркелейт, тойтолондойт, тили сайрайт,
Тирсийген, тамшандырган актыгынан,
Төшүңө башын жөлөйт, башын таяйт.
Сен эрип, сага кошо мен да эрип,
Бетинен жыттап сүйдүң, кумарландым,
Ошондо өпкөн өңдүү мени дагы,
Негедир уяң карап, кымыңдадың.
Арабыз кадам жакын турса дагы,
Жете албай, мен да ичимен жымыңдадым.

Алтын деп эркелеттиң жүрөгүңдөн,
Бул сөз да мага арналган көңүлүңдөн.
Анда мен так Эдилдей эркелегем,
Жуп-жумшак ысык, таза төшөгүңдөн.
Наристе, наристелик кандай сүйкүм,
Көшүлүп уктап кетти, дүйнө туйбай.
Эң назик, эң мээримдүү кош эриниң,
Бетинен чоп-чоп этти эчен курдай.
Бир кезде мени өпкөн ошол эрин,
Баланы мемиретет, жүрөк туйлайт.
Ак бетиң, аппак мээриң бүгүн кайда,
Нөшөрдөй чаба жааган жашым кулайт.



Кантсе да өз баламдын энеси деп,
Мени эмес, аны өпкөнгө кубаттанам.
Кезинде жылуулугу канга сиңген,
өзүңдү, кош эрдиңди урмат кылам.
Аныма ай-чолпонум аралжы го,
Аралжым - так өзүңдөй жамалым го.
Уул берген табиятка миң-миң алкыш,
өзүмдөй ак жүзүңөн сүйүп турган,
өзүмдөй жүрөк оту күйүп турган.
Көзүнөн чын балалык оту жанат,
А менин чын аталык моокум канат.
Сүйүүбүз баткан күндөй кыска беле,
Узартып алсак кана атаганат?!
Жашоонун жыргалына жетпейт белек,
Сүйүүдөн жасап алып учкул канат.

*Абдраимов Жанболот*
*24.07.1970*

## Улут кызы 80 жашка толуптур

Мээрим төгүп, жамалынан нур чачып,
Элжиретет акыл-насаат бергени.
Менден бийик ыр жазгыла дегени,
Мекенине ыйык сүйүү белеги.
Калк ичинде кадырыңыз калыңдап,
Сүйкүм ыры көкүрөктө жалындап.
Баатыр оттуу кызыл тууну кармаган,
Бай экенсиз сезим менен акылга.
Устатысыз, канат серпти калемгер,
Улуу Журтка күн сыяктуу чачып нур.
Жеңишинде миң түйшүктүү чечим бар,
Жергесинде кызмат өтөп жанып тур.
Улут кызы сексен жашка толуптур,
Уккулуктуу ырлар жазып коюптур.
Байыр алып чөйрөсүндө жаш калем,
Баян болуп, жакшы атка конуптур.

*Абдыканова Майрамбүбү*



## Кылымга өмүр сүрүңүз

Сексен белес, сексен кыр,
Ашкан экен эжекем.
Сөз берметин абайлап,
Тапкан экен эжекем.

Элдин кызы аталып,
Калайыктан бата алып.
Кыргыз элдин кымбаты,
Кут болсун ушул саамалык!

Акын кыздар башында,
Алпы болуп жүрөсүз.
Дениңиз дайым сак болсун,
Кылымга өмүр сүрүңүз!

Ырыңыз элге дем болсун,
Окуган сайын сурантып.
Маарекеңиз кут болсун,
Элиңизди кубантып!

*Абдыманбетова Жазгүл*

Барам сага ак шумкардай айланып,
Келбей койбос тууруна кайрадан.
Белек кылып баягыдай бапырап,
Тоонун гүлүн ала келчи жайнаган.
Анын жыпар жыты менен керемет,
Ал күндөргө кайрылалы кайрадан.

*Автор Гүлсайра Момунова.*

## Пародия...

Барам сага кучак толо гүлүм бар,
Жыттайлыбы моокумубуз канганча?
Кечиришип өткөндөрдүн баарысын,
Жашайлычы түбөлүккө жанаша.

Мен да күткөм сенин жылуу сөздөрүң,
Жүрөгүмдө күйүп жанган көздөрүң.
Чын сүйүүгө эч ким тоскоол боло албайт,
Күткүн чыдап, мен да сени күткөнмүн.

*Абылова Чынара*



## Эргүү берип сезимге

Ырларыңыз – жоогазын жайнап турган,
От чачат го жүрөккө кайнап турган.
Эргүү берет сезимди ээликтирип,
Эжекемдин ырлары туман-туман.

Мүнөзүндөй жөнөкөй ырлары да,
Куп жарашат ыргагы ыргагына.
Кыз Жибектей сулуулук сезип келем,
Таркабайт го окусам кумарым да.

Ойлуу тиктеп, кылчайып карасаңыз,
Жакын барып жаныңызга жанашабыз.
Сиздин ырлар эргүү берип сезимдерге,
Артыңызда ээрчип кошо баратабыз.

Ырдан төшөп ыр дубалын курдуңуз го,
Жамгыр болуп нөшөрлөп куйдуңуз го
Төгүлгөн ырларыңыз жүрөктөрдө
Жашарын кылымдарга туйдуңуз го.

## Кут болсун эже, Кудайым берген 80 жаш

Энеке! – дедим, эт жүрөгүм эзилип,
Эжеке! – дедим, жакынымдай сезилип.
Тай эне! – дедим, таалайлуу болуп алайын,
Чоң эне! – дедим, небере сымал берилип.

Кадырлуу кары дооронун сүргөн кезиңиз,
Кам көрүп кары – жашына жүргөн кезиңиз.
Серелүү жаштын сепилин көздөй жол салып,
Саймалуу ырдын каймагын сүзгөн кезиңиз.

Кут болсун эже, Кудайым берген 80 жаш,
Кулпунуп күндө, жүрсөңүз болду дайым жаш.
Эл-журтум менен амандык сизге тилейли,
Буйруса мен да болсом дейм эже, каламдаш.

## Оо, 80 жаш.

Оо, 80 жаш каалгаңды тыкылдатып
Босогоңдо күлүп турат ГҮЛ эжекем.
Кубанып кучак жайып тосуп алгын
Бешенеңе жаралган бир берекең.

Оо,80 жаш куш сайраган гүл бакчаңды
Гүлдөтсүн түгөнбөгөн ыры менен.
Дем бергин ыр толгоосун тарткан кезде
Сырдашкын катып алган сыры менен.

Оо, 80 жаш сый төрүңдөн орун бергин
Алоолонтуп отуңду жагып салгын.
Ак дилиңден жайнатып тасмалыңды
Эжекемди алпештеп багып алгын.

*Абылова Шайыр*



## КРнын Эл акыны Гүлсайра Момуновага

Акылдууну ардактап ата тутам,
Эстүү жанды эрээркеп эне тутам.
Акыл сөзүн арзуулап эжекемдин,
Абдан баалап, магдырап, муюп угам.

Энем өтсө, энем өңдүү эжем бар,
Гүлсайра акын – көңүл толоор айым ал.
Ыр дүйнөнүн чалкып жаткан көлүндөй,
Жан дүйнөсү көз күйгүзөөр, абдан бай.

Көрүшкөндө көөнүм толуп, токтоном,
Көрбөй калсам, жүрөк эңсеп ойлоном.
Кеңештерин тумар тутуп турмушта,
Тулпар болуп туйлап улам, шоктоном.

Мага арнаган ырын окуп эжемдин,
Эске түштү окшош сөзү энемдин.
Сырт келбети чептей турат кебелбей,
Ич берметин ээлеп алган кенендик.

Мына ушундай, жакшы акынга жанашып,
Жүргөн кезим жакшы сөзгө жарданып.
Ыр дүйнөнүн балын татып, тамшантып,
Узак жашаң, жүздүн кырын дагы ашып.

*Айдарова Салия*

## Куттуктоо

Кош келиңиз туулуп-өскөн айылга,
Ырларыңыз – бермет, шуру, чачыла.
Куттуу болсун ушул торко тоюңуз,
Биз жүрөлү сизди күтүп, ашыга.

Сыймыгыбыз, сыйлыгыбыз, гүлүбүз,
Сиз ар дайым саламатта жүрүңүз.
Сайра эжеке, сайрагандан талбаңыз,
Гүлгө конгон булбул сымал үнүңүз.

Торко тойго бешик тойлор уланып,
Чөбөрөлөр тегеректеп ойносун.
Маанайыңыз жарык болуп ар дайым,
Жашооңузга бакыт, дөөлөт орносун.

*Айтымбетова А. (окуучу)*



## КӨЙКӨЛҮП ЫСЫК-КӨЛҮМ

Жайылса дасторкону эжекемдин,
Чакырат дасторконго келгендерин.
Лирадан куюп берет чынысына,
Балынан лириканын тергендерин.

Ширесин таткан кезде ырларынын,
Байкалат өзгөчөсү даамдарынын.
Канчасы муюп турат, көрүнгөндө,
Учугу чечилбеген сырларынын.
Көйкөлүп Ысык-Көлүм чалкып турат,
Кыргызым быйыл сизге көңүл бурат.
Таткандар эже сиздин ырыңызды,
Бал кошкон сөзүңүздөн балкып турат.

## ЭЖЕМДИН ЫРЛАРЫНАН

Дүйнөмө өзүнчө азык алдым,
Гүлсайра эжемдин ырларынан.
Тоолордун ашуусун ашып бардым,
Дем берген өзгөчө сырларынан.

Көңүлдү чайкаса толкуп жаттым,
Көлүнүн жээгинде чайпаламын.
Толкуткан өзүмө толкун таптым,
Тартылып жатканда чайкаламын.

Көлүндө лиранын чөмүлтсөңүз,
Сүзөмүн түбүнө жеткенимче.
Керемет дүйнөсүн көрсөтсөңүз,
Караймын көзүмдүн жеткенинче.

Татамын тап таттуу шербетинен,
Моокумум канса да окуй берем.
Кубулжуп чагылган берметинен,
Эжемдин ырынан толкуй берем.

*Айыпов Аалы*



## Гүлсайра эже сизге ыр десте

Улгайып улуу жолду баскан эжем,
Ар дайым уул-кызга жаккан эжем.
Аздектеп эл-журтуна жазган ыры
Урматтуу улуу акын деп айткан эжем.

Улгайып, сексен таяп калсаңыз да,
Убай жеп эл ичинде жүрөсүз да.
Эркелеп акыл сурап, кеңешкенге,
Эрикпей акыл-насаат бересиз да.

Кудайым сүйүп берген сулуу кызы,
Кыргыз эл сыймыктанган улуу кызы.
Замандын карысы бол, ырысы бол,
Кыргыз эл сыймыктанган акын кызы.

Бүгүнкү майрамыңыз куттуу болсун,
Башыңызга бакыттын кушу консун.
Бааланып эмгегиңиз өчпөс болуп,
Ден соолукта жүзгө чыгып, бар болуңуз.

## Сексен жашка ыр белек

Поэзияга улгайганда илинип,
Жүрөк толкуп, жүрөм өзүм сүйүнүп.
Ушу тапта өзүңүзгө жолугуп,
Чер жазышып, ыр түйүнүн чечишип.

Өмүрүмдө ойго дагы келбеген,
Эже менен жолугаарым билбегем.
Кудайыма миң мертебе ыраазы
Болуп азыр тизе бүгүп ийилем.

Таазим этем, кадырыңыз жар болсун,
Алдыңызда кыргыз эли бар болсун.
Элим барда сиз сыймыксыз, бийиксиз,
Деп ошондо маарекеңиз кут болсун.

Сексен жашты экчеп турат берекем,
Элим сүйгөн улуу акын, эжекем.
Токсон жаштын токчулугун көрүңүз,
Өзүм сүйүп кадырлаган эжекем.

*Акматова Фатима*



## Ырыңызга береке

Ыр ырдаса Гүлсайра эже башкача,
Эч жаңылбай, ырын айткан бүт жатка.
Көзү жайнап, оозунан ыр төгүлүп,
Өзү дагы жапжаш болуп көрүнүп.
Жүрөгүңө сыйкыр бүчүр гүл өнүп,
Жетеленип ыр дүйнөгө кетесиң,
Бир ажайып дүйнө элестеп таптаза.

Төкмө акындай төгүлөсүз эжеке,
Комуз коштоп, күүгө келип өзү эле.
Сөз түрлөрүн тандап, терип ырдайсыз,
Көп жашаңыз ырыңызга береке.
Көп жашаңыз акындыкка береке.

*Алыбаева Рабиха*

## Эл акыны, датка десек тең келет

«Бабалардан уңгу башат» жаздыңыз,
Бүт тарыхты кайра баштан каздыңыз.
Баалуулугун, нарктуулугун кемитпей,
Бабалардын баарын ырга салдыңыз.

Махмуд Кашгар, Баласагын, Кара-Буура аталар,
Ташка тамга басылгандай, ондолду го каталар.
Тарых үнүн, Тарых чынын изилдесек жакындан,
Катмарларда унут калган көп «бабалар» жазылар.

Кылымдардын түрмөгүнө катылып,
Урпактарга даана жүзү ачылып.
Кыргыз уулу экендиги таанылып,
Чыга келди Кожо Акмат Жазылык.

Ыр көлүнө сугарылат поэзия гүлдөрү,
Ырдан токуйт, гүлдөн токуйт
Гүлсайра эже түймөнү.
Бөлөк элге менчиктелип кеткен небак,
Бүт бабалар кыргыз тилде сүйлөдү.

Дөөлөт менен сексен жашты бастыңыз,
Акындыктын сыр сандыгын ачтыңыз.
Чачыласын ооз тий деп аздектеп,
Калың журтка китеп кылып чачтыңыз.

Сизге ар кыл мактоо айтсак жарашат,
Акын кыздар ыр арнашып, талашат.
Бар болуңуз, көп жашаңыз ылайым,
Сураналы жүз жаш берсин Кудайым.
Сиздей акын бир кылымда бир келет,
Эл акыны, Эл баатыры, Датка десек тең келет.
Улуу акын, сулуу акын Момунова Гүлсайрага,
Гүлмир аттуу «жөн акындан» ыр белек.

*Алымбекова Гүлмирь*



## Бар болуңуз

Сыр аяк сыры кетсе, сыны кетпейт,
Эже, сизге айтууга сөзүм жетпейт.
Мээримдүү, айкөлдүк, адамдыктар,
Ар бир аял затта эле боло бербейт.

Улгайдым деп эжекем кейибеген,
Сенде бар, сенде жокту жээрибеген.
Тартылам уккан сайын сөзүңүзгө
Баа берем: «мыкты аял» деп өзүңүзгө.

Бизди ээрчиткен көч башчысыз,
Сиздей болсок, бактылуубуз.
Эң карылар тизмесине катталыңыз,
Сиз ошондой өмүргө татыктуусуз.

Ар бир коомдо баалуу адамдар жашайт,
Андайларды эл баатыры деп атайт.
Сиз жазган, салмактуу чыгарманы,
Ар дайым кыргыз эли бийик баалайт.

*Анарбаева Гүлниса*

## Элдик болуп жүрө бер

Аруу, таза арноо жазган тилегиңиз,
Айгүл тоонун гүлүндөй илебиңиз.
Сыр аяктан сыр кетсе да, сыны кетпей,
Суктандырат айкөл, майкөл жүрөгүңүз.

Көз тийбесин эжеке көлдүгүңө,
Көлдөй терең жана да кеңдигиңе.
Көрө албастар калтырап, үшүп калды,
Баш ийишип акындык эрдигиңе.

А сен болсо, жакшы сөз айткың келип,
«Кут дүйнө», «Жан дүйнөңдүн» баарын берип.
Ээрчитип акын кыздар армиясын,
Тарбиялап келесиң, мээрим төгүп.

Узак жашап, аман бол Гүлсайра эже,
Урмат-сыйга бөлөнгүн миң бир эсе.
Эл акыны, элдик болуп жаралыпсың,
Элдик болуп жүрө бер Кудай берсе.

*Арстанбекова Бубуайша*



## Асылзат акын Гүлсайра!

Акындар көп арабызда ыр курган,
Акындар бар ар саптарын уурдаган.
Амалданып, арсызданып, кууланып,
Арсыздарды «генийммин» деп жар салган.

Акындар бар арабөк сөздөр думуган,
Алсыз саптар чалачарбыт дымыган.
Акындыктын ыйык парзын сезбестен,
Антсе дагы акынмын деп мактанган!

Акындар бар арам анткор жамынган,
Акылсынып алптар атын жамынган.
Амалданып жазгандарын алпарып,
Атырылып акча берип чыгарган.

Акындар көп гезит бетин булгаган,
Арамданып, ичтен былгып, кууланган.
Аткаминер акчалууну макташып,
Арын сатып, көпөсдөрдү даңктаган.

Акындар бар көралбас тырышкан,
Ала ичи таруу батпай ичи тар.
Атак-даңкты ушунчалык сүйүшөт,
Алыш үчүн наам кагазды өлүшөт.

Акындар бар арабызда акылман,
Ар сабында уңгу ойлор уюган!
Арбап алып, суктандырып, тамшантат,
Арасында аалам шамы нур чайган!

Акындар бар анык сөздүн балбаны,
Алоолонот ар бир сабы таң шамы!
Арууланып жан дүйнөң балбылдайт,
Азыктанып, сезим гүлдөп, бал даамы!

Акындар бар ой түрмөгү ааламдай,
Агып турат тоодон түшкөн дайрадай.
Ар сабынан жайлоо жыты таралып,
Аруу саптын жагымы ай нур кыздай.

Ал акындар жаралышат тубаса,
Абийири ыйык, ары бийик туу баса!
Акылынан уңгу талаа нурданып,
Акындыгы жаркып турат ооз ачса!

Акындар бар адамзаты сыйынган,
Алар улук, алар өлбөс башынан!
Атак-даңкка эч убакта сук артпайт,
Аялзаттын арасынан нурданган!

Аруузаттан чыккан акын нак акын,
Абийир бийик мактанбаган так акын.
Аалам менен адамзаттын агымын,
Акыл калчап жазып турган ак акын!

Ал анткени, эч убакта алмашпайт,
Адам сапат багып дайым арзуулайт!
Ата-баба уңгусуна кайрылып,
Ар-намысты урпактарга тартуулайт!

Айкөлдүгү колу ачык, керемет,
Ар убакта асыл тилек термелет!
Акылсынбай жаш урпакка кол сунуп,
Акындарын жаш муунун өстүрөт!



Асыл акын Момунова Гүлсайра,
Ар сабында жанып жаркыйт Ырсайра!
Ар күн сайын колдон калем түшүрбөй,
Ата Журттун көйгөйүн жазат, Гүлсайра!

Ар намыскөй, аруу чайган, Гүлсайра,
Анын ырын окуйт боордош эл кайра!
Ажарланып бир калыпта туруму,
Акырын сүйлөп, акылы тунук дайра!
Адилеттүү, ак пейилдүү, таптаза,
Аруузаттан сейрек чыккан пакиза!
Акындыгы, асылдыгы Теңирден,
Акылман акын арабызда, Гүлсайра!

*Арып-бек Мелис*

*27.06.2017-жылы Воронцовка. Курортология.*

## Кудайга шүгүр сиз үчүн

Сабырлуу, момун, акылы терең,
Кыргыздын сүйгөн акыны, эжем.
Ташкындап ашып, төгүлүп турган,
Ырларың угуп, такшалып келем.

Ырларың окуп балалык кезден,
Кыялым учуп, ааламды кезген.
Сүйкүмдүү, сулуу эжекем менин,
Элиме сени Кудайым берген.

Сүрөткө түштүк жанашып сизге,
Жарданып көбү карашты бизге.
Кудайга шүгүр, Кудайга шүгүр,
Сиз менен чогуу жүрөбүз бирге.

*Аязова Тажигүл*



## Жаша эже гүл болуп

Гүлсайра эже, гүл экенсиз жайнаган,
Гүлсайра эже, булбулсузбу сайраган.
Ар бир жазган ыр дүйнөңүз керемет,
Ыр сүйгөндөр жүрөгүндө сакталган.

Сыр дүйнөңүз түгөнбөгөн байлыктай,
Канчалаган сыр керемет катылган.
Ыр дүйнөңүз ачыла элек сандыктай,
Жатса керек далай ырлар жашынган.

Акын кыздар арасында улуусуз,
Келбеттүүсүз, келишимдүү, сулуусуз.
Кышта жааган аппак кардай пейилиңиз,
Кыргызымда барктуу жана улуксуз.

Жүрөгүңүз кыргызым деп кагылган,
Ырларыңыз адамдыкка чакырган.
Тээ илгери тигип койгон дарактай,
Мөмөлөрү ырга айланып чачылган.

Жаша эже, жайнай бергин гүл болуп,
Жаша эже, жүрөктөрдө ыр болуп.
Байрагыңды бара жаткан бийикте,
Артыңыздан көтөрөлү сап болуп.

Талантыңыз ташкындасын дайрадай,
Тамчылары ыр булакка айланган.
Булагыңыз мүрөк болуп соолубай,
Жашай берсин түбөлүккө жаркырай.

*Байчукуева Анара*
*21.12 2013.*

## Эл-журтуна эмгеги зор

Бабалардан улуу мурас, уңгу башат,
Улуу инсан издерин издеп жазат.
Талбай жазсын Гүлсайра залкар акын,
Жаратканым, акынды көпкө жашат.

Оку ырын, акыл-эске жарык чачат,
Жан дүйнөңдөн түркөйлүк алыс качат.
«Бабалардан уңгу башат» окуп чыксаң,
Тереӊ ойлоп, адамзат туура басат.

Салыштырам жер менен кенендигин,
Айтайын көлдөй тунук, тереңдигин.
Эл-журтуна Ала-Тоодой эмгеги зор,
Баалайбыз ак кызматын бергендигин.

Кандай бакыт, башчы болуп жүргөнү,
Азил айтып күлдүргөнү, күлгөнү.
«Кыздар айга» чоң күч-кубат дем берет,
Акыл-кеби, сыйлап бизди, сүйгөнү.

*Бектемирова Тамара*



* * *

Ырлар жаздың ташкын суунун өзүндөй,
Булбулдардын мукам чыккан үнүндөй.
Делебени козгоп туруп, толкуткан,
Тоолорумдун сергек шамал сүрүндөй.

Дилиң таза мөлтүр аккан булактай,
Бешенең жанат жарык чырактай.
Атпай журттун сүйкүм кызы Гүлсайра,
Тоо, тоо томду жазды элге суратпай.

Сулуулугуң Айчүрөктөй келишкен,
Айкөлдүгүң чалкып жаткан деңиздей.
Күндө адам болуу кыйын жашоодо,
«Күндө адам» Гүлсайра» дейт периштең.

Топ аргымак жарышта,
Тобуңан оздуң алыска.
Курчутуп калем – найзаңы,
Жарадың арга, намыска.

Чыгаан деп айтат эжемди,
Жазганы толкутат эчен эренди.
Сүйүүнү даңктап ырдаган,
Даңктайлы эже, сендейди.

Көкүлүң көккө сапырып,
Көптөрдү артка калтырып.
Күлүктөн күлүк Гүлсайра,
Арышты керди жапырып.

Өрнөктүү өмүр жашадың,
Максаттан эч бир тайбадың.
Колуңдан түшпөй калемиң,
Ырыңда гүлдөп, жайнадың.

Көп жашагын, картайбагын эч убак,
Токсон ашып, жүздү чапчы кушубак.
Элиң сүйүп, көкөлөтүп турбайбы.
Өзүңүздөй жүз жылдарда бир туулат.

*Бектенова Бүбүйра*



* * *

Барктуу, нарктуу, улуу акын эжебиз,
Ыр сүйгөндөр сизди сүйүп келебиз.
Ыр дайрасын кыргыз элге жеткирген,
Эмгегиңиз айтып бүткүс, ченегис.

Гүлдөй сулуу, суудай таза эжебиз,
Ыр дүйнөңүз элге арналган, билебиз.
Ата-Мекен, нарк-насилге арналган,
Ыр нөшөрүн дил азыктай сезебиз.

Жарык маанай, кең пейилдүү эжебиз,
Сүйүү ырларын, ырдап коштоп келебиз.
Ашыктыкты, адамдыкты, адалдыкты жаздыңыз,
Поэзия кең жолунда, арууланган энебиз.

Эл акыны, калкы сүйгөн эжебиз,
Гүкү эжелеп сыйлап, барктап келебиз.
Акын кыздар ыр берметин тартуулайт,
Ыр жыттанган букет белек беребиз.

*Бердикулова Жаңыл*

## КӨЧ БАШЫНДА

Белин чечпей, беттегенин алам деп,
Ар бир сөзү чоң төңкөрүш жасаган.
Болоттой курч, кылыч сындуу калеми,
Гүлсайра эже, улуу көчтү баштаган...

Поэзиянын океанын жаратып,
Сүрөтчүдөй ар сабына түс берген.
Сабак болуп бүткүл кыргыз элине,
Акындардын демин сүрөп, күч берген.

Эки кылым көрүп жаткан улуу акын,
Сексен эмес, жүз жыйырманы ашыңыз.
Очогубуз кут чачырайт сиз менен,
Көп жашасын апа, алтын башыңыз...

Күүлүү айым, ушунуңуздан жазбаңыз,
Маарекеге мурун келет жүгүрүп.
Сиздей болуу: баарыбызда чоң кыял,
Алтын суудан коюңузчу түкүрүп!

*Бечелова Миргүл*



* * *

Сүйкүмдүү нур тартуулап коюу түнгө,
Сиз жүргөн жер өзүнчө жарык дүйнө.
Мага тирек ырларыңыз окулганда,
Муза коштоп, көрк берген ошол үнгө.

Муң басып келбес эч бир жерибизге,
Сиздей жан түгөл болсо элибизде.
Сыр кылбай баардыгына жарданайын,
Мен бактылуу ыр арнап жазган сизге.

Жүзүңүз сулуу экен аткан таңдан,
Жөн турбай ашыгат да тентек калам.
Сизге жол болгондуктан көп чакырым,
Салам айткам алдыңызбы көктөгү айдан.

Үйдө турса китебиңиз баракталып,
Көз жүгүртөм колума коомай алып.
Кыялдарым ойгонот кезиксем деп,
Үмүттүн чырагындай турган жанып.

Кезигээрбиз эжеке бир күндөрдө,
Бул дүйнө сыноолору түгөнгөнчө.
Кастарлайм ага чейин ырыңызды,
Бpraктатпай эч убак «өзүмчүлгө».

*Боркоева Рахат*

## Аялзатка үлгүсүз

Айтам сизди аял затка үлгү деп,
Айтам сизди ак-карага күзгү деп.
Алыстарды көрө билген көсөмсүз,
Айта билген жаш-карыга изги кеп.

«Көл» деп коёт пейили кең адамды,
Эже, сизди «деңиз» десем жарашат.
Сиздин жөндөм, сиздин талант ташкындап,
Океанды багындырып баратат.

Сиз жазбаган тема деле калган жок,
Атак-даңктар сизди бузуп салган жок.
Анан менде мындай аруу максат бар:
Эже, сиздей акын болсом арман жок.
Эже, сиздей адам болсом арман жок.

***

Эталону тазалыктын, таланттын,
Жеке, сиз тунугусуз аялдын.
Сизди туурап, сизди карап үйрөнгөн,
Сан миңдеген Гүлсайралар жаралсын.

*Газыбаева Жумагүл*



## Кыргызга баалуу белексиз

**Ар дайым өзүн-өзү алга сүрөп,**
**Адилет, кенен пейил, айкөл жүрөк.**
**Баарыбызды сүйө карап, күлүмсүрөп,**
**Байкайлы, арабызда акын жүрөт.**

**Момурап мүнөз туткан момундукту,**
**Менчиктеп ээлеп алган сонундукту.**
**Ар дайым ар кадамын аңдап баскан,**
**Адамдар суктангыдай жолу мыкты.**

**Каарманым-өз калкынын нак каймагы,**
**Эл акыны, Гүлсайра Момун кызы.**
**Айткым келди ал жөнүндө азыраак кеп,**
**Анткени саптар өзү оргуп чыкты.**
**Салып көрүп, калыстык таразаңа,**
**Салмактап окурманым окуп чыкчы:**

Арамдык иштен качтыңыз,
Ансайын ашты баркыңыз.
«Эл акын» деген наам алып,
Эмгектен баар таптыңыз.
Энеси болуп эчендин,
Эл-журтка түгөл жактыңыз.

Умтулуп дайым жакшыга,
«Жакшы сөз» тандап айттыңыз.
Угуп жакшы сөздөрдү,
Улуу-кичүүгө жактыңыз.
Уздай таза пейилден,

Урмат-сыйга баттыңыз.
Устаты болуп далайдын,
Умайдай мээрим чачтыңыз.

Бирөөгө сырдаш эжеке,
Бирөөгө кымбат энеке.
Журт менен кошо жуурулуп,
Жараган дайым керекке.
Куюлуп турат оозунан,
Кут, ырыс, дөөлөт, береке.

Кыянат ишти кылбаган,
Кыргызды даңктап ырдаган.
Калпыс ишти кылбаган,
Казакты барктап ырдаган.
Калкка зыян иш көрсө,
Калеми менен сындаган.
Калк каржалса кайышып,
Кыйналса калкы, ыйлаган.
Калк башына күн түшсө,
Кайдыгер карап турбаган.
Көз жашын төгүп, муңканып,
Кошок кошуп ыйлаган.

Кубанычтуу күндөрдү,
Күлкүгө кошуп ырдаган.
Куюлушуп саптары,
Кулпунуп, жүрөк туйлаган.
Кадырлап, сүйүп эл-журту,
Кастарлап, барктап, сыйлаган.
Адам тургай айбанды,
Жамандыкка кыйбаган.
Касиеттүү энебиз,
Кадыры бийик кыйладан.



Көбүрүп ырдап күз, кышты,
Көркөмдүк тапкан көктөмдөн.
Караны «кара», акты «ак» деп,
Калыстык менен көрктөнгөн.
Калкына келген көйгөйдү,
Жүрөгү менен өткөргөн.
Жакшылыктарда жаркырап,
Жамандык болсо бөксөргөн.

Наристедей таптаза,
Күлгөнү сонун эжемдин.
Сыны кетпей сүлкүлдөп,
Жүргөнү сонун эжемдин.
Сансыз ырды жаздырган,
Сүйгөнү сонун эжемдин.
Санжыра, тарых, маалымат,
Билгени сонун эжемдин.

Ар дайым жатка ырларын,
Айтканы сонун эжемдин.
Койкоюп, сулуу, жарашык,
Басканы сонун эжемдин.
Элдин эсине келбеген,
Жаңылыкты жаркытып,
Ачканы сонун эжемдин.
Ар бир сөзгө адептүү,
Акылмандай жоопту,
Айтканы сонун эжемдин.

Кыялы таза наристе.
Пейили жумшак periште.
Жабыкса калкы ойлонбой,
Жанын да даяр беришке.
Жылмайып коёт кебелбей,

Билбестер жанын кейитсе.
Жүз элүү жашка жеткенде,
Жүгүрүп кирер бейишке.
Баарына ачык, кененсиз,
Жакшылык ишке беленсиз.
Кечирип көптү, көтөргөн,
Кең пейил, бийик, тереңсиз.
Жараткан жалгап өмүрдү,
Жашаңыз узак, ченемсиз.

Наадандык иштен качасыз,
Намыстуу, бийик, тазасыз.
Ойлонуп ар бир кадамды,
Орчундуу жакка басасыз.
Ooматыңыз артылып,
Омоктуу элди жазасыз.
Оргуштап, улам ташкындап,
От болуп, күйүп - жанасыз.

Тактыкты дагы билесиз.
Тарыхка дагы киресиз,
Тамшантып уккан адамды,
Таңкалтып, таза сүйөсүз.
Сексенге карай баратып,
Селкидей назик күлөсүз.
Серпилтип кагып кашыңыз,
Сезимди ээлеп жүрөсүз.

Кармашта күчтүү билексиз,
Калкка караан, тирексиз.
Түздөлөт сизди көргөндө,
Тартипке келип иретсиз.



Кыргызга чынар терексиз,
Кылымга келген белексиз.
Ар сөзү таштa тамгадай,
Артыкчасы жок керексиз.
Жатса, турса дайыма
Жакшылыкты ойлогон.
Жууруса да бул турумуш,
Жылуулугу тоңбогон.
Жамыраган жаштар бар,
Жакшы жагын эжемдин,
Үйрөнсөм деп ойлогон.

Отурган кезде суйкайып,
Төрдүн көркү эжекем.
Кайда жүрсө жарашык,
Жердин көркү эжекем.
Жакшы жагы сан жеткис,
Элдин көркү эжекем.

Канчалык сыноо болсо да,
Калтаарып артка качпаган.
Каниеттүү, ток пейил,
Катуу сөз эч бир айтпаган.
Бир адамдын сырларын,
Башка адамга ачпаган.
Сексенге келген кезде да,
Сеп алып уктап жатпаган.
Арaң жүрөм деп онтоп,
Арыз-арман айтпаган.
Бабалардын сөздөрүн,
Баарына айтып даңктаган.

Улгайган сайын тирүү жан,
Кежир болот дечү эле.
Кээси наалып, кажынып,
Кесир болот дечү эле.
Ак байбиче десек да,
Картайганда аялдар,
Кемпир болот дечү эле.

Эжемде баары башкача:
Сөөгү ак, пейли таптаза.
Абдан эле жарашат,
Асылдыгын мактаса.
Кыябы келип турганда,
Кызыктуу бир учурду,
Кыйналып турам айтпасам:

Жаз алды эрте көктөмдө,
Акынмын деген кыз-келин,
Чогулушуп калыптыр.
Гүл терип, эргип келмекке,
Кызгалдакка барыптыр.
Эжебиз дешип ардактуу,
Элдер сурап эжемди,
Ээрчитишип алыптыр.

Ал жакта бир топ жаш жигит,
Эс алып ойноп жүрүптүр.
Алыстан сөздөр ыргытып,
Азил айтып, күлүптүр,
Анан айырмасын билбестен,
Жылдызы жанган сулуу деп,
Жигиттер тандап ичинен,
Гүлсайра эжени «сүйүптүр».
Жаш жигит экен кыраакы,



Жашын эмес адамдын,
Жүрөгүн баалай билиптир.

Токсон жашка барганда,
Токтолбостон көч баштап,
Тоого чыгып барыңыз.
Элдер жетпес жерлерден,
Эделвейс терип алыңыз.
Элиңизди толкуткан,
Ыр чачыла чачыңыз.
Тоодой эмгек жаратып,
Том-том китеп жазыңыз.

Жүз жыйырмага барганда,
Жүзүңүз турсун нурданып.
Сүйлөөдөн жигит сүрдөнүп,
Сүйүп турсун уурданып.
Эки кылым жашаңыз,
Келбесин ажал сурданып.

Жылдызыңыз төгүлүп,
Сулуулук деген сизде экен.
Энедей мээрим чачырап,
Жылуулук деген сизде экен.
Ушундай жанга замандаш,
Болгон бакыт бизде экен.
Тамшана тарых сүйлөгөн,
Татына талант сизде экен,
Татыктуу адам экенбиз,
Тагдырга бирге туш келген.

Эжекем мыкты журналист,
Эл талабын чагылткан.

Эл менен болуп дайыма,
Көйгөйдүн баарын багынткан.
Эчен кылым өтсө да,
Өчпөстүр изи тарыхтан.

Бүт жанрдан табабыз,
«Гүлсайра» деген «почеркти».
Кайрылып бардык темага,
Катыра жазган очеркти.
Аңгеме, баян, фельетон,
Повесть, ода, ырлары,
Ар бири – баалуу табылга,
Ыр менен айткан сырлары.

Чыгарманын санынан
Артып турат сапаты.
Ар бир сөздү салмактап,
Жазуу – анын адаты.
Канча элдин мээримдүү,
Кадырлуу чоң апасы.
Кайда болсо оргуштайт,
Аруу тилек, батасы.
Издесек да табылбайт,
Изги эжемдин катасы.

Ар бир ыры оболоп,
Кагып турат канатын.
Ар бир саптан толкуткан,
Ырахатты табасың.
Эргип эле тим болбой,
Эң мыкта таалим аласың.
Эсиңди жыйсаң бир кезде,
Ырда жашап каласың.



Өмүр берсе Жараткан,
Өнөрү менен акындын,
Өлкөбүз далай даңкталар.
«Өзгөчө кызы элдин» – деп,
Эжекем дагы мakталар.
Артыкча асыл кептери,
Алтын фондо сакталар.
Айырмалуу акын деп,
Ардактап жазаар, тактaлар.
Изилдеп кылган иштерин,
Илимий иштер жакталар.
«Изги жан» дешип, сыйлашып,
Изинен басаар башкалар.

Жараткан буйруп узагын,
Жагымдуу ырлар жазылсын.
Ынтызар болуп эл сөзгө,
Ыр менен турмуш жаңырсын.
Жамандык келбей элиме,
Жакшылыктарга кабылсын.
«Элинин мыкты кызы», – деп,
«Эл баатыры ушу», – деп,
Эжекем орден тагынсын.

Андайга эжем татыктуу,
Айтылсын аппак тилектер.
Туу тутуп, үлгү кылышып,
Туурашсын далай чүрөктөр.
Таң калып ар бир күнүнө
Тамшанып тартсын сүрөткер.

Таалайы болуп элинин,
Таң сыяктуу аткан кыз.
Татыктуу жолду баскансыз

Талантты таптап, баккансыз.
Аярлап ар бир жүрөккө,
Апалык сүйүү чачкансыз.
Ала-Тоо кыргыз калкыма,
Айтылып бүткүс дастансыз.
Баарына ачык, кенensиз,
Жакшылык ишке беленсиз,
Кечирип, көптү көтөргөн,
Кең пейил, бийик, тереңсиз.
Жараткан жалганп өмүрдү,
Жашаңыз узак, ченемсиз.

* * *

Ойлорунун баарысы,
Жазылса экен акындын.
Кат-катталган казынасы,
Казылса экен акындын.
Иликтээр ишин эженин
Илимпоздор табылсын.
Көзү барда баркташсын,
Көздүү мончок, асылды.

Кудайым буйруп кыргызга,
Бериптир бермет-талантты.
Канчалаган ыр менен,
Кыргыздын атын таратты.
Карасак жакшы кунт коюп,
Карт тарыхтын дал өзүн,
Көркөмдүк менен жаратты.
Өткөндөн кийин өкүнбөй,
Бар кезинде изилдеп,
Баалап алсак талантты.



Убакыт бизге аярлап,
Турбастыгын ойлойлу.
Кыргызга керек иштерди,
Башкалар келип ойлойбу.
Казынадай кептерин,
Айттырып алсак болбойбу,
Ардактап өз оозунан,
Жаздырып алсак болбойбу.

Таржымалын ар иштин,
Сактап алсак болбойбу.
Урпактарга угузуп,
Барктап алсак болбойбу.
Болжолдоп анан отурбай,
Болгонун өз оозунан,
Тактап алсак болбойбу.
Урматтуу кадыр-барктуулар,
Ушул жагын ойлойлу...

* * *

Мен жазбаган жактарын,
Жазышаар дагы башкалар.
Мен көрбөгөн жактарын,
Көрүшөөр дагы башкалар.
«Эл эмгегин жер жебейт»,
Эжекебиз жөнүндө,
Төгүшөөр дагы башкалар.

## Артында колдоп эл турат

Жакшылыктан талбады,
Жамандыкка барбады.
Бирөөнүкүн албады,
Бирөөгө кол салбады.
Эмгек менен кайнады,
Эргүү менен жайнады.
Эң мыкты өмүр ширесин,
Эл-жерине арнады.
Эл менен кошо жуурулуп,
Эч качан четте калбады.

Турмуш катуу, аябай,
Койсо дагы талапты.
Бел чечпестен эжекем,
Белгилүү эмгек жаратты.
Каршылыктар көп болду,
Кайрысам деген канатты.
Кайраттанып, сынбастан,
Кылымдык эмгек жаратты.

Кээде, күйүт менен күн батты,
Капалык тооруп, түн катты.
Калыс Кудай колдоду,
Кайра үмүт менен таң атты.
Кылымга калаар ыр жазды,
Көккө сермеп канатты.
Тартуу кылды элине,
Тарыхты турар тамшантып,
«Бабалар уңгу башат»ты.
Эл деген сүйүү жаздырды,
«Энелер уңгу башат»ты.



Кайдан алган мынчалык,
Күч-кайраттуу сапатты?
Кыйналган сайын чыйралган,
Гүлсайра эжеге адатпы?
Көрө билген алдынан,
Келечек, жаркын тарапты.
Таптап, канча учурду,
Темир канат талантты.
Көрө албастык асылып,
Канча тосту жолунан.
Кишен салып акынга,
Кайтарам деп жолунан.
Кантсе да ниет таза экен,
Көө жабам деген аракет,
Чыкпай калчу оңунан.
Кайта эле жүзү жаркырап,
Күрпүлдөтө ыр окуйт,
Күнөөсүнүн жогунан.

Көккө сермеп канатын,
Күнгө карай умтулат.
Күндөй жаркып, жапжарык,
Күлмүң мунөз кулпунат.
Күйүккөн ичи тарларды,
Күйүткө салат тумчулап.
Сыноолордо сынбастан,
Жазылат ырлар курчураак.
Жаңылат бутун тоскондор,
Жарышта толук уттурат.
Анткени, колдоп акынды,
Артында калың эл турат.

## Окшошкум келип турат

Баарына тең караган,
Пейилинин кенендиги.
Тамшантат таасирленте,
Оюнун терендиги.

Кектебейт, кечиримдүү,
Ак көңүл мүнөзүнө.
Ар дайым сыйым сунам,
Ак ниет жүрөгүнө.

Алганга караганда,
Бергенди сүйүп турган.
Берешен пейили бар,
Баары үчүн күйүп турган.

Сүйүү да, мээрим менен,
Сепкени өнүп турат.
Жалгоодо Жараткан да,
Жакшылык төгүп турат.

Батасын аябастан,
Баарына берип турат.
Бактылуу карылыкты,
Бардык эл көрүп турат.
Ошон үчүн көп жагынан,
Окшошкум келип турат.



## Ал башкача

Мактанаар дагы жайы бар –
Бирок, өтө жөнөкөй.
Алдым-жуттумдугу жок –
Ал ток пейил, төрөдөй.

Чарчадым десе жарашат –
Сексенге келди курагы.
Бирок, чарчоо билбестен –
Оргуштап турган убагы.
Буйрук берсе жарашат –
Баарынын чоң апасы.
Бирок, кичи пейилден,
Берилет дайым батасы.

Жумшап койсо жарашат –
Баары ага тил алат.
Бирок, элпек, ийкемдүү -
Өзү кызмат кыла алат.

Талап кылса жарашмак -
Сиңген да далай эмгеги.
Бирок, сурабайт, сунат ар дайым,
Баарынан кымбат эл-жери.

Карыганда ар бир жан,
Ушундай болуп карыса.
Үлгүлүү өмүр сүрсө экен,
Узак жашап дагы да.

## Бул акын

Изденүүдөн талбаган,
Илимге өзүн арнаган.
Жазган сайын түгөнбөй,
Жаңырып турган кайрадан.

Кен сыяктуу – бул акын.

Тарыхты талдап окуган,
Тажабаган окуудан.
Тарыхты тактап, толуктап,
Жалганы жок токуган.

Тирүү тарых – бул акын.

Ырларын жатка айта алган,
Ырында көп сыр сакталган.
Ынтымакты орнотуп,
Ыйманы менен баркталган.

Ырыстуу эне – бул акын.

Ар кимге кылган жакшылык,
Ар дайым шайыр, каткырып.
Бир кишини да каргабай,
Бүт баарын турган жактырып.

Мээримдүү эне – бул акын.

Өрлөгөн сайын өмүрү,
Өчпөстөн кайра, күүлөнсүн.



Өсөм деген адамдар,
Өзүнөн көптү үйрөнсүн.

Өзгөчө үлгү – бул акын.

## Сөз жетпейт айтып беришке

Акыл – насаат айтканы,
Артыкча сындуу басканы.
Акылдуу, нуска жашады,
Андыктан, сыйлайт жаш-кары.

Омоктуу, салмак жазганы,
Оргуган кенби казганы?..
Таасын максат алдыда,
Талыбай чуркайт таскагы.

Талантты жандап, мээрими,
Тамшанды уккан, ээриди.
Ташка тамга баскандай,
Кем жери жок деги бир.

Асылдык, талант, ак пейил,
Айкалышып келишкен.
Айбыгып турам сөз таппай,
Акынды айтып бериштен.

## Сүйүнчү

Ээн-эркин сырдашчу,
Эже таптым сүйүнчү.
Эч качан мээрим аябас,
Эне таптым сүйүнчү.

Ар тараптан үйрөнөр,
Акын таптым сүйүнчү.
Ар дайым арыз айта алаар,
Жакын таптым сүйүнчү.

Үйрөнөргө окшошуп,
Үлгү таптым сүйүнчү.
Көрсөтөр акты-караны,
Күзгү таптым сүйүнчү.

Кеп-кеңешин айта алаар,
Кеңешчи таптым сүйүнчү.
Секин түздөп коё алаар,
Серепчи таптым сүйүнчү.

## Тарых болуп калыңыз

80 жаш сизге кеп бекен,
Кошулсун 50 кепкенен.
130 жылы жашаңыз,
Жуурулуп дайым эл менен.

80 жаш сизге кеп бекен,
Акыл бар даана, теп-терең.
Мүнөзгө карай жаш берсе,
700 сизге бепбелен.



Көрүнбөйт бир да катаңыз,
Көргөндө шаңга батабыз.
Көңүлдөр куунайт кубанып,
Көп үлгү алып жатабыз.

Берилет дайым батаңыз,
Береке кени - апабыз.
Бекем болуп ден соолук,
Бел чечпей, узак жашаңыз.

Жашаган сайын жашарып,
Жакшы ыр да, тарых жазыңыз.
Тамшанып айтаар жаш-кары,
Тарых болуп калыңыз.

## Буюрсун

Чыгарма жазат көркөмдүү,
Чыккандай түр гүл көктөмдө.
Элжирейт уккан жүрөктөр,
Эжекем бата төккөндө.

Жумшарат жүрөк ар кандай,
Жылдызы жаркып жылмайса.
Жылуулук, жарык тартуулап,
Жүгүнө түшөт күн, ай да.

Конокко барса, төр көрктүү,
Койкоёт, сонун - жарашык.
Сөзүнө мамилесине,
Суктанып, элдин баары ашык.

Коноктон колу бошобойт,
Анткени, баары чакырат.
Ар бир жанга чын дилден,
Ак бата берет чачырап.

Ар бир күнү – жаңылык,
Ан сайын акын жаңырып.
Ар бир жанга ушундай,
Буюрсун куттуу карылык.

## Баа жеткис адам

Ырларын, чыгармасын,
Бир кезде уккан элем.
Көңүлүм алып учуп,
Көрүүгө куштар элем.
Татына өң-келбетин,
Тамшанып караар элем.
Таасирдүү жазганынан,
Тарбия алаар элем.

Жанынан көрсөм деген,
Кыялга батаар элем.
Анткени жан дүйнөмө,
Азыкты табаар элем.

Көп жылдар өттү... көрдүм,
Көп байкап, көңүл бөлдүм.
«Баа жеткис тура!» деген,
Бүтүмгө чындап келдим.



## Чебер жана кыраакы

Карабайт курагына,
Керсейип, каадаланбайт.
Баланын көңүлүн да,
Баалайт ал, жаралабайт.
Жаман сөз укса дагы,
Жайдары, жараланбайт.
Кечире билет баарын,
Кектебейт, капаланбайт.

Баарына ишеничтүү,
Түшүнгөн сырдаш болот.
Кээде бир созолонтуп,
Жагымдуу ырдап коёт.
Тежик бир жандарды да,
Тажабай тыңдап коёт.
Адамды сактасам деп,
Ар дайым кылдат болот.
Кээ бирлер жанталашса,
Ал аста күлүп коёт.
Кемчилик көрсө дагы,
Кебелбей сүйүп коёт.
Айта элек оюңду да,
Астыртан билип коёт.
Алкынып баратканды,
Аста эле тыйып коёт.

Албетте акынга анан,
Ардактап, сүйүү толот.

## Сизди көрдүм

Сизди көрдүм – көрдүм сулуу чырайды,
Сизди көрдүм – көрдүм ысык ырайды.
Сизди көрдүм – караңгыны жаркыткан,
Жарык көрдүм, көргөн өңдүү Күн, Айды.

Сизди көрдүм – көрдүм тунук булакты,
Ал булактан канча таттуу ыр акты.
Сизди көрдүм, сереп салып үйрөндүм,
Сезе билдим, көрө билдим ыраакты.

Сизди көрдүм – көрдүм сындуу келбетти,
Сизди көрдүм – көрдүм асыл берметти.
Сизди көрдүм, тамшандым да, таң калдым,
Таткан өңдүү чыгармадан шербетти.

Сизди көрдүм – көргөн болдум тоону мен,
Көк тиреген, кебелбеген, жоомарт да.
Кандай жагым баарлашуу сиз менен,
Бул өзүнчө ырахат да, оомат да.

Сизди көрүп, жан дүйнөмдөн толдум мен,
Сиз шыктантып, эмгекчил жан болдум мен.
Салыштырып сүрөттөөгө сөз таппай,
Сиз тууралуу Сизди жазып койдум мен.

## Мыкты кожейке

Эжем мыкты чарбакер,
Чөлдү дагы гүлдөткөн.
Тигип түркүн бактарды,
Ташты дагы сүйлөткөн.



Бакчасында жайнаган,
Кызыл-тазыл гүлдөрү.
Кубулжуп бакта сайраган,
Куштардын түркүн гүлдөрү.

Мүнөзү токтоо, сабырдуу,
Сезими сергек, акылдуу.
Кулмүндөп жанып жылдызы,
Күлгөнү сүйкүм, жагымдуу.

Калк үчүн тоскон жүрөгүн,
Кайраты артык жалындуу.
Калыс, чынчыл андыктан,
Калың журтка кадырлуу.

Калемин койсо эженин,
Казаны түшпөй колунан.
Кайырып өткөн жолунан.
Бир даам таткан тамшанып,
Кайрылып келет соңунан.

Жегенди кайра тамшантат,
Жасаса эжем бызыны.
Эп келишкен бар жактан,
Эң мыкты жасайт кымызды.

Айранды эжем уютса,
Айырма жок каймактан.
Ар дайым эске түшкөндө,
Таткандын баарын тамшанткан.

Ысык нан жыты буркурап,
Жей элек жатып тойгузган.

Жол таап бардык кырдаалда,
Болбогонду болгузган.

Дүйүм даам, толтура,
Дасторкону жайнаган.
Камдуу, акын, сарамжал,
Казаны дайым кайнаган.

Эң өзгөчө, көп түрдүү,
Эл көрө элек даамы бар.
Мыкты акын кожейке,
Миң өнөрү дагы бар.
Бул кишинин колунан,
Даам таткандын багы бар.

## Мыкты эне

Балдарын баккан таптаза,
Болбостур аны айтпаса.
Тарбия берип татыктуу,
Тескеп турган жакпаса.
Балдары дагы ыймандуу,
Бөлөктөрдөн башкача.
Бакыттын өзү эмеспи,
Балдарың үмүт актаса.

Ар-намысты туу туткан,
Адамдарды өстүргөн.
Акыл-эстүү сезимдүү,
Жарандарды өстүргөн.
Көрө албаган жандардын,
Көңүлдөрүн чөктүргөн.



Татыктуу жашап өмүрдө,
Татыткан балды көңүлгө.
Таптым да артык көп сапат,
Түйүп койдум көңүлгө.
Жараткан эгер буйруса,
Колдонуп жашайм өмүрдө.

## Ар түркүн талант

Дирилдетип сезимди,
Ырдаса, үнү сыбызгы.
Магдырап кетет бүткөн бой,
Жуткандай жаңы кымызды.

Шөкөттөп көркүн чыгарып,
Көркөмдөп сайган сайманы.
Кыз-келинге мүнөздүү,
Өнөрдөн куру калбады.

Алтымыш өнөр аялга,
Аздык кылат дегендей.
Ар дайым майын чыгара,
Аткарган баарын кебелбей.

Жакшы келин, жакшы кыз,
Тилин тапкан баарысын.
Алтындай курбу, кошуна,
Айтып бүтпөйм дагысын.
Азыноолак болсо да,
Айтканымдын баары чын.

*Газыбаева Жумагүл,*
*мугалим, журналист, теолог, котормочу.*
*КРнын Эл Агартуусунун мыктысы.*

## Төгүлүп мээрим жүзүнөн

Төгүлүп мээрим жүзүнөн,
Боорукер, кең пейил экенин
Көргөндө эжени жанынан,
Өзүмдү бактылуу сезгемин.

Эжеде, сулуулук бар экен.
Көздөрү жагымдуу жан экен.
Сыр аяк сырынан кетсе да
Сынынан кетпеген чагы экен.

Окусаң ырлары кубантат.
Сүйүүсү чалкыган көл экен.
Акылы мүнөзгө жарашып,
Айкөлдүк жагы да бар экен.

Мүнөзү жайдары жан экен,
Эжени жылдызга теңегем.
Бактылуу балдардын энеси,
Акын кыз, Гүлсайра эже экен.

*Дыныстанова Мыскал*



## Туулган күнүнө ырдесте

Акыл эжем ыр дүйнөнүн булагы,
Теңиримдин буйругудур бу дагы.
Талыкпастан тарых сырын аңтарыш,
Гүлсайранын гүлдөп турган убагы.

Аруу көңүл, ак дилимден кубанып,
Куттук айтып, бакыт гүлүн сунамын.
Көркөм сөздүн ширесинен Озанып,
Канча уксам таркабады кумарым.

Сезимдерди дүүлүктүргөн ырларың,
Жаңы дүйнө көшөгөсүн ачкандай.
Зоболоңуз аска-зоого теңешип,
Жыйырма томдук айтып бүткүс дастандай.

Туулган күн ар жыл сайын бир келет,
Жакын достор дасторконго иргелет.
Кучакташып, куттукташып, ырдашып,
Кубанычтын мукам күүсү чертилет.

*Жалгасынова Дарика*
*4-январь 2017-жыл*

## Айландың асыл дүйнө дастанына

Бул күндөрдө кызыгуулар күч алып,
Гүлсайранын жаңы доору ачылды.
Эркин жазат балык ууда сүзгөндөй,
Асыл айым, ак сүйүүнүн акыны.

Жакшы сөздү айтып келет дайыма,
Кыз-келинди ээрчитип жанына.
Дулдул акын, калемиңе береке,
Тургуза бер, акындарды сабыңа.

Ыр мүрөгүн агыза бер, Гүлсайра,
Ден соолугуң, «көк жалдыгың» барында.
«Биздин айкөл апабыз» деп ыр жазган,
Ай чырайлуу акындардын шарында.

Сөз зергери Гүлсайрадай эжемдин,
Ыргагына куштар конуп олтурат.
Гүлдүү бакта  булбул куштар сайраса,
Кубанычка кучагыңды толтурат.

Өрттөдүң канчалаган бозойлорду,
Жалындуу ырларыңдын аптабына.
Жүрөгүң нурга толгон акын айым,
Айландың асыл дүйнө дастанына.

Соккун жүрөк, түрсүлүңөн жазбагын,
Акылынан ай көрүнгөн Гүлсайра.
Мукам ырың бардык жерде жаңырат,
80 жашты куттукташып миң кайра.



Жашың 80, жан дүйнөң он сегизде,
Турпатыңа, мүнөзүңө жарашкан.
Ички, тышкы акыл дүйнөң күзгүдөй,
Аябастан бериптир го Жараткан!

*Жалгасынова Дарика*
*Июль, 2017-жыл*

## Элимдин залкар акыны

Турганы менен сексендин ачып эшигин,
Турпаты жапжаш, жалыны өчпөй көзүнүн.
Ыр менен жашап, сүйүүнү баккан жүрөгү,
Ыргалган кызыл гүл бойдон сактайт сезимин.

Кылчайса арты, ыр дайра албуут чамынган,
Кызыктуу кездин элеси калкыйт агымдан.
Кандайча анан карылык даап келе алат,
Кадамы сайын ыр болсо бүткөн жалындан.

Бактысы жанган элимдин залкар акыны,
Бакыт да анан, эмгеги кайтса акыры.
Эсепсиз сыйлык, сыймыкка болуп эгедер,
Эч качан өчпөс тарыхка аты жазылуу.

Мүнөзү назик, жылмая карап акырын,
Мүчүлүш жерде эбин таап айтып акылын.
Караны тоодой сыймыгы болгон элинин,
Каныкей өңдүү сырттаны аял затынын.
Сексен жаш кеппи, жүз жаштын даңктуу өрөөнү,
Середен тоссун сүйүктүү кыргыз акынын.

*Жантаева Замира*



## ГҮЛСАЙРА ЭЖЕГЕ

Гүлсайра эжем күркүрөп аккан дайрадай,
Күнү-түн токуп, ырларын жазат тажабай.
Ырларың окуп, акылың угуп, чыйралып,
Ыр дүйнө жакка акырын кирип барам жай.

Керилген сулуу, керемет эжем, аман жүр,
Ырларың менен жашарып, узак өмүр сүр.
Башында болуп көптөгөн акын кыздарга,
Баш мектеп болуп турасыз эже ушул күн.

Барктуусу элдин, болосуз сүйгөн акыны,
Билбеген жоктур Гүлсайра деген атыңды.
Баа жеткис эмгек жаратып эже келдиңиз,
Ыр менен айтып турмушта ачуу-таттууну.

Турасыз эже сексендин азыр кырында,
Туу болуп элге, жашай бер эже кылымга.
Талыкпай иштеп азыр да ырлар жазасыз,
Элиңиз үчүн китептер арнап жылыга.

Ыраазы болом өзүңөн таалим алганга,
Ыр дүйнө менен достошуп мен да калганга.
Ыр менен далай көйгөйлөр калып айтылып,
Жан дүйнөм бошоп, ырыма чыйыр салганга.

Эжеке, сизге каалarым дайым денсоолук,
Эл менен бирге тоюнда эже бололук.
Келатат мына, алдыда сонун майрамдар,
«ЭЛ БААТЫРЫ» болчу күндү эже бирге тосолук.

*Жетигенова Жыпар*

## Күмүш ыргак акын

Жашым теңтуш болбосо да,
Жаным теңтуш Гүлсайра.
Ичи тарлар ийри сөзүн,
Айтса дагы миң кайра.

Биз аларга көңүл бурбай,
Эже-синди, бир туугандай.
Күмүш ыргак, терең ойлуу,
Ырлар жаздың кумар канбай.

Ошол ырлар демөөр болуп,
Башыбызга бакыт конуп.
Абийир менен өтсөк экен,
Үйүбүзгө чүрпө толуп.

*Жундубаева Нинакан*
*КРнын Эл акыны, «Кышкы гүлдөр» деген китебинен.*



## Менин эжем

Менин эжем ыр жазганда куюлтуп,
Бүт мээримин ырга кошуп чубултуп.
«Менин эжем» деп мактанып турамын,
Ыр окуса уккандарды уютуп.

Менин эжем ыр жазганда кубанып,
Ээрчип кетет окуган эл кубанып.
Эң ширин сөз ырларында турганда,
Талас элим баатырлыкка курчалып.

Баатырлар көп, Таласымда кубаныч,
Ар биринде ыр жазылган кубаныч.
Талыкпасын, калемиңиз курчусун,
Баатырлардын даңкына элим кубансын.

Жазбасаңыз баатырларды ким жазат,
Жазбасаңыз андай аттар жок калат.
Эл ичинде аты өчпөсүн, даңкталсын,
Аны жазган калемиңден от жанат.

* * *

Талас жерим, силерге бир кубаныч,
Эжем келди, үйүм толо кубаныч.
Эжем келди, Талас элим сүйүнчү,
Эжем келди, Кең-Аралда кубаныч.

Кең-Аралым, кулач тосуп күтүп ал,
Кең-Аралым, эжем келди кучакка ал.
Кең-Аралың мээрим төгүп сүйүндү,
Китепкана атын берди, сүйүнчү!

*Закон кызы Гүлбарчын*
*2012-ж.*

## Гүлсайрадай залкар эжеге

Залкар деймин сиздей кызын кыргыздын,
Ырлар менен токудуңуз зор килемди.
Көңүлүмдө дайым издеп жүрчү элем,
Кезиктим, ишке ашырып тилегимди.

Ыр берметин кураган ар бир сөздөн,
Дечү элем улуу эжеге бир кезиксем.
Океандай чалкыган зор талантка,
Унутпаймын ошол күндү кезиктирген.

Залкарга кезикkенге кубанамын,
Ырыңызды окубай тура албаймын.
Талантка канча таазим кылсам дагы,
Ыр берметин сиздей тизип кура албаймын.

Талашып окуудабыз китебиңизди,
Сыймыктанам өзүңүзгө, сүйүүңүзгө.
Эли-жер, Ата мекен, Талас батат,
Согуп турган муштумдай жүрөгүңүзгө.

Эли үчүн кызмат кылган бараандуу,
Ажыратып жакшы менен жаманды.
Урмат-сыйга бөлөнүп эже турат,
Жакшы сөз айтып, уга билип адамды.

Канат күүлөп, ак куу учуп, толкуп-ташкан,
Пейилиңиз Ысык-Көлдөй чалкып турат.
Гүлдөр жайнап, арасынан булак аккан,
Көңүлгө Ала-Тоодой берип кубат.



Ырыңызга жан кирип ырдап турган,
Залкарсыз эл-жерди бийик туткан.
Жакшы сөз айтып дагы, уга билген,
Энесиз поэзияга – ыйык кутман.

Ала-Тоо көксөп турат сиздей кызын,
Ырларың окуганда канат суусун.
Мекени, эл, жер үчүн Гүлсайра эже,
Ааламга көкөлөтөт поэзия ыйык туусун.

Алдыга үмүт менен кадам шилтейт,
Адамдарга чоң сезим, сүйүү менен.
Ишеним, Ата-Журтту бийик коюп,
Келатат ыр дайрасын сүзүү менен.

Гүл болуп чачыласыз көңүлүмдө,
Ай болуп жаркырап түн ичинде.
Ырларыңыз нур төгөт маяк болуп,
Поэзия дүйнөсүнө киргенимде.

Таң кылайып шооласы көрүнгөндө,
Күндүн нуру жер бетине төгүлгөндө.
Жакшы сөз айтып, угат чын пейилден,
Мелт-калт толгон ыр куржуну сөгүлгөндө.

Жароокер, жанып өткөн көңүлүнөн,
Ала-Тоо, эл, жер, Талас көрүнгөн.
Жакшы сөзүн тартуулап айтып турса,
Керемет ырлар жан дүйнөмдөн төгүлгөн.

*Зарнаева Гүлүм*
*(Ат-Башы району, Казыбек айылы)*

## Кут болсун 80 жашыңыз

Кулпуруп талаа гүлдөткөн,
Кызгалдак болчу убагы.
Керилип басып суйкайган,
Он сегиз жаш курагы.
Колдорун сунуп боздошуп,
Боздогон далай уланы.

Ооо... андагы гүл курак,
Жыттанып жийде жытындай.
Турчу эле дайым дил бурак.
Кезеги келип жыйырма,
Кериле басып эжекем,
Келинге берди бой курап.

Жылдырып улам мезгилди,
Оокат деп жүрүп билинбей.
Отузга орун бошотуп,
Олтурбай турган кез келди.

Кыр ашып эчен белести,
Түгөнбөс түйшүк,тиргилик.
Кыйналды жаным дебестен,
Балдарга өмүр бердиңиз.
Кылчактап артка көз салып,
Кыркка да жашты бердиңиз.

Жарымын басып кылымдын,
Жаштыктын доорун өткөрүп.
Энелик бакыт кымбат да,
Элүүнү дагы жеңдиңиз.



Алтымыш, жетимиш сонун курак да,
Байбиче болуп кол жаңсап.
Келиндин көрүп убайын,
Келиңиз апа төргө – деп,
Сый-урмат сүргөн убак да.

Кайраттуу жүргөн эжекем,
Каадасын тосуп сексендин.
Келиптир куттуу жашыңыз,
Бак-дөөлөт ырыс даарысын.
Бакубат болуң эжекем,
Секирип аттап сексенди...
Токсонду дагы ашыңыз...

Эл менен сиздин бактыңыз,
Эмгекти кылып жаттыңыз.
Эсен бол эжем, Гүлсайра
Кут болсун сексен жашыңыз!!!!

*Исакова Максат*

## Китептерди дагы көп-көп жазыңыз

Кооз гүлдөр ээлегендей жер бетин,
Гүлсайра эжем терет сөздүн берметин.
Ыр саптарын окуганда эжемдин,
Жан дүйнөмө кантип эргүү келбесин.

Жашоо-турмуш ыр саптардан куюлуп,
Жандуу элес ырдан чыгат суурулуп.
Калем менен жан киргизип ырларга,
Ырдай таза, ырдай эже сулуусуз.

Ырларыңдан сезем жашоо жыргалын,
Ырларыңдан окуйм турмуш сырларын.
Китептерди дагы көп-көп жазыңыз,
Жүрөк толкуп, сезим жыргап ырдасын.

## Ырлар учат сабалап

Ушул күндү ырга айлантат эжем деп,
Ыр дүйнөдөн терип алып ыр десте.
Келдим эже, ыр букетти кучактап,
Ал букетти сизге арнап бермекке.

Даңазалап тилин, дилин кыргыздын,
Ырлар жаздың учун улап турмуштун.
Ырлар ыйык, ырлар жашайт түбөлүк,
Эже, өзүңдү өлбөс кылып тургуздуң.



Эжекемдин жүрөгүнөн суурулуп,
Ырлар чууруйт, ырлар учат сабалап.
Ыйык талант, Алла берген касиет,
Канат байлап сызып учуп баратат.

Ал ырларда кыргызымдын тарыхы,
Ал ырларда турмуш, жашоо – баарысы.
Ырдан эжем бир имарат тургузду,
Ал ырларда «Туулган үйдүн жарыгы».

Ырлар ыйлайт, ырлар күлөт сүйүнүп,
Тагдыр менен ырлар чуркайт түйүлүп.
«Жандүйнөнүн» ыр саптары далилдейт,
Талантынын күчтүүлүгү билинип.

Жан сергитип, булак суусу аккандай,
Ырларыңыз сайган кооз саймадай.
Ич дүйнөнү тазалыкка чакырат,
Эргүү берип, таңдар жаңы аткандай.
Ырларыңыз закымдасын жебедей,
Ден соолукта, көп жашаңыз эжекем.

*Кабылбекова Күлсүн*

## КР Эл акыны Гүлсайра Момуновага

Эжекебиз аялзаттын түстүүсү,
Улуу сөздүн улоочусу күзгүсү.
Оозун ачса ыр төгүлүп жамгырдай,
Суктандырган далай көзду нур жүзү.

Күлмүндөгөн көздөрүндө кубаныч,
Сизден мөлтүр тазалыкты туябыз.
Калканч болуп көп жаша эже сураныч,
Сиз ылаачын биз балапан уясыз.

Айдан күндөн бүткөн өңдүү жаныңыз,
Тоодой сиздин кемибесин багыңыз.
Ырларыңыз даары болуп жүрөккө,
Ак тилектүү үмүттү элге чачыңыз.

*Кайырбүбү Чолпонкулова*



## Ырларың кылымдарга жашасын

Сексен жаш курагыңыз куттуу болсун,
Элимде сиздей инсан арбын болсун.
Дүркүрөп ташкындадың эчен жылдар,
Ырларың кылымдарга жашап толсун.
Кыргыз эл унутпаарын биле жүргүн,
Сиз жазган казалдарга нурлар толсун.

Ак кагаз, сыя челек, ыр берметиң,
Ааламга айлануудa көрктүү болуп.
Элиңен алган сыйлык, төш белгилер,
Барктоонун, мактоолору ташып-толуп.
Эжекем, сексен эмес жүз жашынды,
Белгилеп береличи жайнап тосуп.

Тарыхты жаратканың өз элиңе,
Сыймык менен айтат го эл бериле.
Күлүктө бара жаткан баатыр сымал,
Ырларың бара жатат бир темине.
Мезгили десек дале аша чаппайм,
Буудайдай калган белем ал эгиле.

Ырысы болуп келген дүйнө элдин,
Ырларың калган белем ал эгиле.

*Калмурзаева Сырга*

## Ырларынан арууланып алалы

Өңү өчөт баркыт менен парчалардын,
Баасы тирүүлүктө канча алардын.
Өлбөстүктүн өңүнөн жаралгандай,
Өңү өчпөйт жашылынан арчалардын.

Чапчыса дайра нугун күрпүлдөгөн,
Жүрөктүн кагышындай түрсүлдөгөн.
Гүлсайра акын эже баарлашат,
Добушунан үн алган күн-түн менен.

Кыттай уюп жазылган ырга жаңы,
Тыңшайт аны ааламдын турналары.
Кебин угуп келишкен бул Умайдын,
Арууланып, тазарып нурданалы.

Желаргыдай желписе ыр саптары,
Болуп келет күлүктөй тың такшалуу.
Ак жоолугу булуттай чуудаланат,
Илебинен ыргактын учат шаңы.

Умтулбаган байлыктын мансабына,
Муң турбаган ырынын шаң сабына.
Момун кызы Гүлсайра кыргыз эне,
Батасынан көгөрүп, алкагыла.

*Калыкова Бүбүсара*
*(Аруу жан)*



## Эжеге кат

Арыбаңыз, салам айтам сүйгөн эжем,
Кыргыз элге таанылган бийик эжем.
Элибизде болуп жаткан өзгөрүштү,
Ыр менен сунуп келген улук эжем.

Сиз менен жакыныраак болгум келет,
Бирге басып сөзүңүздү уккум келет.
Баарлашып сиз менен бирге олтуруп,
Поэзия дүйнөсүнө киргим келет.

Поэзияны түшүнүү – бул керемет,
Оргуштап жүрөгүңдөн сөздөр келет.
Чын дилден талыкпастан эмгектенсең,
Жаратканым ийгиликти Өзү берет.

Атыңызга затыңыз жарашыптыр,
Гүлдөрүңүз бажырайып ачылыптыр.
Эл-жерине уккулуктуу сайрасын деп,
Жаратканым булбулду жаратыптыр.

Бакчаңызда гүлүңүз жайнай берсин,
Булбул болуп үнүңүз сайрай берсин.
Ырларыңыз жүрөктөрдөн түнөк таап,
Кыргызга аруулукту арнай берсин.

*Касиет эже*

## Акын эже Гүлсайра

Көктөм келип жер бетине гүл сайса,
Куу жаңыртып торгой, күкүк сайраса.
Сексен жылга кадам таштап баратат,
Кыргыз кызы, акын эже – Гүлсайра.

Ыр дүйнөнүн жашылдантып талаасын,
Күндүр-түндүр чиймелеген санаасын.
Жаратканым берген күчтүү талантты,
Жаз гүлүндөй сезимдерди тазартсын.

Ырлар менен бүт ааламга жол салган,
Ак мээнеттен алтын сөздөр жасалган.
Сыймыктанчуу кыргыз кызы эжекем,
Сексен жашка келген экен карасам.

Жаштык учур жаркылдаган кайрылбас,
Жашап өткөн жолдоруна кайгырбас.
Дөөлөт арткан чоң байбиче болдуңуз,
Куттуу болсун эжекебай сексен жаш.

*Кожоева Базаргүл*



## Ырахаттуу алкоолорго батыңыз

Акынга акын ырын арноо кыйын,
Десем да буйрук берди ички туюм:
Жазгының, кыргыз үчүн туулган жанды,
Асылдантып, бул АРНООҢ - тарткан сыйың.

Көзү барда айткың, айтаарыңды,
Көңүлүнө гүл эгип соолубаган.
Келсе колдон жазгының жазаарыңды,
Ташыркатпай талантың ашты дабан!

Күч алып күндөн-күнгө ойдун нуру,
Чачырап жан дүйнөнү аруулады.
Чалкыган океандай жазган ыры,
Көөдөндөрдү ойготуп, дарылады!

Күпүлдөп окуп жаткан дастандарың,
Кучүнөн токтотчудай жүргөн селди.
Табият сулуулугун, аткан таңды,
Сүрөттөсө, жыпар жыт тескейт демди!

Сүйүү ыры, балкытып делебеңди,
Гүлзарга айландырат теребелди.
Көз алдыңа тартылып жаштык дооруң,
Болосуң оо, бир саамга эңги-деңги!

Бой-денеңиз жан дүйнөңүз эжеке,
Бош жери жок, жалаң ырга бөлөнүп.
Мактоом бүтпөйт, токтотоюн эмесе,
Оорубаңыз, арчадай өс көгөрүп.

Ырахаттуу алкоолорго батыңыз,
Ала-Тооңо ГҮЛСАЙРАДАЙ гүл өнүп.
Доор алмашып өтсүн кылым атыңыз,
Калды өчпөй, калат өчпөй түбөлүк!

*Курманова Айшаке*

## Акындардын – Акыны

Талант, эмгек ширин даамын таттыңыз,
Ташыркабай, ашуулардан аштыңыз.
Элиңиздин элжиретип сезимин,
Эң бир сонун ыр саптарын таптыңыз.

Аялдардан чыккан жазгыч акынсыз,
Ай шооласы, Күн нуруна жакынсыз.
Өткөн ата-бабалардын өлчөөсүз,
Ыр түрмөгүн улап келе жатасыз.

Термелердин ачып кенен эшигин,
Терметтиңиз, баладай, ыр бешигин.
Теңир сүйгөн, терең ойлуу эжеке,
Төгүлбөсүн, ырыс толгон кешигиң.

Арноолордун «алиппесин» ачтыңыз,
Күйүп-бышып, күлүп, ыйлап жаздыңыз.
Ата-журттун алпештеген акыны,
Ала-Тоодой бийик бүгүн бактыңыз.

Чарчаганда, күч-кубатты жиберип,
Чөгүп турган көңүлдөргө гүл эгип.
Чын жүрөктөн сыр түйүнүн чечишкен,
Ырларыңыз эстен кетпейт түбөлүк.

Жан дүйнөнү жакшы ырга сугарып,
Жашыктыктын жолун тосуп, чыңалып.
Жалпы журттун жандай көргөн акыны,
Жаратkандын белеги деп туялык!

*Айшеке Курманова*



## Даңазалай берем

Манас ата, Чыңгыз ага баштаган,
Өлбөстүктү, Байдылда акын коштогон.
Аялзаттан канча талант чыкса да,
Эжекебиз Гүлсайрадан озбогон.

Ыр шин, дилин эргүү менен жаратат,
Ыргагынан нур шооласын таркатат.
Мээримичи, кең пейлине ширелген,
Кандай гана мактоо айтсам жарашат.

Чейрек кылым даңазалап акынды,
Жазып келем, арноо ырын жадабай.
Күндөн айга, айдан жылга күчтөнүп,
Гүлсайра эжем, ырдан бүткөн адамдай.

*Акын, Айшеке Курманова*

## Акыйкат сөздү сүйлөйсүз

Түмөндөп ойдун басымын,
Түйшүктүү жолду басып, Сиз.
Түгөйлүү тандап сөздөрдү,
Түбөлүк ырга катыпсыз.

Ыр менен дабан, кыр ашып,
Ыр менен элге жактыңыз.
Ырыстуу эже Гүлсайра,
Ыр болуп тапкан бактыңыз.

Ажайып экен дүйнөңүз,
Акыйкат сөздү сүйлөйсүз.
Ак пейил эже Гүлсайра,
Акындар сизден сүрдөйбүз.

Кең пейил экен дүйнөңүз,
Керемет сөздү сүйлөйсүз.
Келечек муун акындар,
Кезиксек сизден сүрдөйбүз.

Себелеп ойдун түрмөгүн,
Сездирип ырдын түрлөрүн.
Сексендин Сизге эжеке,
Сегизин берсин, күндөрүн.

*Мавлянова Гүлжакан*



## Ыр букет

Гүлдөй жайнап эжебиз,
Тили сайрайт булбулдай.
80 жашка келсе да,
Иштеп келет бир тынбай.

Ырдын кенин тапканбы,
Деп калышат кээ бирлер.
Эжебизде уюган,
Ырдын алтын кени бар.

Ыр майрамы эжемде,
Ка-ап алыста баралбайм.
Маарекеде буйруса,
80 куплет ыр арнайм.

*Мамасадыкова Айжан*

* * *

1. Акындын жан дүйнөсүн,
Аралап жүргүм келди.
Жаз мүнөз эжекемди,
Жакындан билгим келди.
Ырлардан букет жасап,
Өзүнө сунгум келди.

2. Ала-Toолук кыргызга,
Аты болгон таанымал.
Акын жайын айтайын,
Атпай журтум кабыл ал.

3. Айтылуу Талас жеринде,
Айкөл Манас элинде.
Сексен жылы илгери,
Ыңаалап келди наристе.

4. Жарык дүйнө жашоону,
Сезгени келди наристе.
Ырлары менен ааламды,
Кезгени келди наристе.

5. Ызгаардуу кыш түнүндө,
Ыр жүрөк кыз төрөлдү.
Ырымын жасап ата-эне,
Ак бешикке бөлөдү.

6. Арча бешик ичинде,
Алдей уккан наристе.
Ырыскысын бөлүштү,
Ыр жандаган периште.



7. Гүлдөй жайнап жүрсүн деп,
Булбулдай сайрап турсун деп.
Аты болду Гүлсайра,
Гүлдөй турмуш курсун деп.

8. Ата-эненин тилеги,
Аткарылат чынында.
Аты чыкты караңыз,
Атпай кыргыз журтуна.

9. Күн өтүп, анан түн өтүп,
Күн сырын ичте түнөтүп.
Күлмүң көз биздин каарман,
Ыр менен жатты күрөшүп.

10. Ай өтүп, анан жыл жылып,
Ай сымал көктөн кылгырып.
Ажайып нурдуу эжекем,
Ырлардан сарай курдуруп.

11. Кабат-кабат ыр менен,
Хан сарай бүттү байкаңыз.
Тамшандырган ыр саптын,
Кайсы бирин айтабыз.

12. Кыргыз деп соккон жүрөгү,
Эрки да күчтүү бек экен.
Кыйырга аты угулуп,
Кыраан кыз болду эжекем.

13. Боз үйдөн баштап береги,
Боз тоолор дагы калган жок.
Ыр кийизин жасады,
Оймосу көркөм абдан көп.

14. Ала-Тоону бир айтты,
Ак калпак элин миң айтты.
Ажайып кооз жерим деп,
Саймалап түр-түр айтты.

15. Ырдан сайды кештени,
Ыр жазды эрте-кечтеби.
Ыр алптарын ар убак,
Ыр жазганда эстеди.

16. Ыргак менен кооздоп,
Ырдан сайды сайманы.
Саресеп салган адамга,
Саптары бүт саймалуу.

17. Жүзүнөн нур төгүлүп,
Жан дүйнөдөн сыр казды.
Жүз жыл өтсө көөнөрбөс,
Жүз миңдеген ыр жазды.

18. Ай чырайлуу эжекем,
Айга жүзү тең экен.
Айыпка жыкпас эч бир жан,
Ажарын айга теңесем.

19. Күн чырайлуу эжекем,
Күнгө жүзү тең экен.
Күнөөлөбөс эч бир жан,
Көркөмүн күнгө теңесем.

20. Элүү төрт жыл илгери,
Аткарылып тилеги.
Атын коюп «Тилек» – деп,
Жарык көрдү китеби.



21. «Кыялы анан чабыттап»,
«Саябан» болду ырлары.
«Менин күнүм» ырда деп,
«Жылаажын» дай сыздады.

22. Терметип «Өмүр бешигин»,
«Тереңдеги бермет» деп.
«Ак маралдай» керилсем,
«Табаар белем» эрмек деп.

23. «Айдарым» желдей бел ашып,
«Аяй-аяй» келди акын.
«Жан дүйнөдөн» жайнатып,
«Кут дүйнөнү» берди акын.

24. Ушундай сонун китептер,
Учуп чыкты турнадай.
Улуу акын дүйнөсү,
Укмуш, сырдуу ырга бай.

25. Жарым кылым ашса да,
Жаздай болуп жайнаган.
Ырлар жазып келатат,
Жолун улап кайрадан.

26. Бул улуу жол чынында,
Көп акындар таптаган.
Арасында Гүкү эжем,
Бар болчу деп мактанам.

27. Гүлү болуп акындын,
Жайнап келе жатасыз.
Түрү болуп акындын,
Сайрап келе жатасыз.

28. Түгөнбөгөн ырларды,
Жазып келе жатасыз.
Улуу кыргыз тарыхын,
Казып келе жатасыз.

29. Акылы тунук өзгөчө,
Даанышмандык жагы бар.
Айта берсек түгөнбөс,
Адамдык сапат баары бар.

30. Мүнөзү жумшак пахтадай,
Пейили чалкып деңиздей.
Эмгегин элге арнады,
Эринчээк акын дегизбей.

31. Ар бир сөзү ордунда,
Сүйлөшсөң моокум кангандай.
Алыстан келди Айжан деп,
Сурашат дайым ал-жагдай.

32. Эл акыны кыргыздын,
Эл сыйлаган энесиз.
Элүү жыл ашып кетсе да,
Элим деп жазып келесиз.

33. Сексендин келип кырына,
Ээ болду элдин сыйына.
Эки дүйнө бакытын,
Каалайлы жалпы жыйыла.

34. Жылаажындай үн менен,
Жылуу сүйлөп ар дайым.
Бүркөлгөнүн көрбөдүм,
Эжекемдин кабагын.



35. Көктөн шумкар учкандай,
Көк тулпар жерде сызгандай.
Ырларды жазды эжекем,
Бүтүн аалам уккандай.

36. Белести каптап жапжашыл,
Бетеге жайнап баскандай.
Ойлорун ырга чөгөрдү,
Шакекке көз таккандай.

37. Көркөмдүү саптар көп экен,
Көз мончок тагып коёлу.
Ишенбесең барактап,
Ырларын оку оболу.

38. Кызды гүлгө теңеди,
Теңегендин себеби.
Гүл да назик, кыз назик,
Гүлдөй болсун дегени.

39. Гүлдү сүйгүн, а бирок,
Гүл өмүрүн кыскартпа.
Жайнап чыгып талаага,
Гүл кубантат ар жазда.

40. Кызды айга теңеди,
Теңегендин себеби.
Ай да жарык жамалы,
Айдай болсун дегени.

41. Ай толгондо ойночу,
Ак чөлмөктү эскерди.
Акырын жоолук таштаодашып,
Ашыгын издээр кез келчү.

42. Ашыктыктын отуна,
Айтчы кимдер күйбөгөн.
Ашыктыктын азабын,
Берди эжем ыр менен.

43. Көк жайыкта кызгалдак,
Көркүн таштап кеткенби.
Элирип окуп жатамын,
Элестетип көктөмдү.

44. Жайнаган талаа гүлүндөй,
Кызыл, сары, көк экен.
Кызыгып окуп жатамын,
Кызыктуу саптар көп экен.

45. Ыр байлыгын эжекем,
Жыйган экен эринбей.
Үй толтура ыры бар,
Жаңы септүү келиндей.

46. Арзуу ырын жазганда,
Ашыктыкка жанганбы эй.
Жүрөк сырын жүрөккө,
Төгүп салды жазганбай.

47. Ашыктыкка жол коюп,
Арзуудан күйүп чок болуп.
Ансайын жүзү албырды,
Алоолонгон от болуп.

48. «Сен бар үчүн ыр жазам,
Сен бар үчүн жашаймын.
Сенин үнүң укпасам,
Сумсайып өңдөн азамын.



49. Айтсак бекен жигитке,
Кандай болот аягы.
Жигит сырын билиште,
Ырлар керек аялуу».

50. Көктөмдө жааган жамгырдай
Мөлтүрөгөн саптары.
Ичинде жаткан сүйүүсүн,
Ыр менен төгүп таштады.

51. Сүйүүсүн жазды сүрдөнбөй,
Сүйүүдөн жүрөк күйгөндөй.
Сүйүшкөн жандар окуса,
Дагы бир ирет сүйгөндөй.

52. Улуу Манас жөнүндө,
Уламалап кеп салат.
Таластын жайын көп айтып,
Таалайлуу элим деп калат.

53. Туулган жерин жазганда,
Түрүлөт булут асманда.
Туу тутуп Кыргыз жергесин,
Ырларын коет калканга.

54. Улуу элдин учуна,
Угулган аты акындын.
Урматтап-сыйлап эжени,
Ырларына жакынмын.

55. Ыр дүйнөсү өзгөчө,
Ырахат берет өзгөгө.
Ыр жандуу эжем тоюнда,
Ыр суна турган кез келээр.

56. Тан куланөөк салганда,
Калбайын деп арманда.
Канча ырлар жазылды,
Күтүү менен арманга.

57. Жанболот ага жаным деп,
Жаным сүйгөн жарым деп.
Жатса да, турса ыр арнап,
Арманда күндө калдым деп.

58. Ай чыкса, айлуу түнүндө,
Жарын күттү жаш акын.
Күн тийсе анын нурунан,
Дагын күттү жаш акын.

59. Жоктоп ырдап келди акын,
Жанболотум кайда деп.
Жомоктоп айтсам жоругун,
Барбы андан пайда деп.

60. Жүрөгү турду тилинип,
Өкүнгөнү билинип.
Өмүр деген ошол да,
Өтө берди күйдүрүп.

61. Ак сүйүүнү даңктаган,
Ажайып ырлар чыгарып.
Ыр бакчасын бапестеп,
Кууратпастан сугарып.

62. Ыр бакчага келиңиз,
Жаныңыз калат тынч алып.
Жакшы ырлар угасыз,
Жакшы адамдар курчалып.



63. Жагымдуу эжем Гүлсайра,
Жакшына ырдан окуса.
Жарым мүнөт кете албай,
Жанашып анда олтурсам.

64. Деген жандар толтура,
Дайыма сизди сыйлаган.
Даанышман акын эжебиз,
Даңкыңыз ашты сый менен.

65. Кудайдын сүйгөн пендеси,
Калем сабы жанында.
Кандай тема болбосун,
Көрө билет камылга.

66. Калеминде касиет,
Калтар мүнөз эжемдин.
Кана эле алсам насаатын,
Ка-ап, алыста жүрөмүн.

67. Ыр талаасын гүлдөтүп,
Ырдан бакыт курдуңуз.
Ыр Пири коштоп дайыма,
Ырыстуу өмүр сүрдүңүз.

68. Ыр талаада эмне бар,
Ырдан канат байлайсың.
Ырга жасап саякат,
Ыргаласың, жайнайсың.

69. Жазгы гүлдөй жайнаган,
Жайдар мүнөз эжеке.
Жашарыңыз кайрадан,
Сексенди бөлүп экиге.

70. Сексенге жашы келсе да,
Сыпайы сылык мүнөзү.
Өзгөрбөдү негедир,
Бар бекен анын жүйөөсү?

71. Кайрат-күч кетпей каруудан,
Кызматты жасап элине.
Караңыз 80 жашында,
Катарда турбай эмине.

72. Дегендей Гүкү эжебиз,
Дептерин жатат саймалап.
А кээде түшүп эсине,
Жүргөн кез алга-алгалап.

73. Көңүлдөн чыккан саптар деп,
Көөдөндө ырды угушсун.
Көрөңгөсү улуу эл,
Куттуктап сизди турушсун.

74. Көптөр жазды арноо ыр,
Көп ичинде мен бармын.
Куттуктап сизге берсем деймн,
Көз жоосун алган жоогазын.

75. Гүл менен кошо ыр сунам,
Гүлдөй бир назик айымга.
Гүлгүн кез өттү дебеңиз,
Гүл өмүр али алдыда.

76. Жылдардын алып эсебин,
Ырлардын гүлүн тердиңиз.
Ыр жандуу Сайра эжекем,
Ыр дүкөн ачып бердиңиз.



77. Жабылбай дүкөн эшиги,
Окурман ага көп кирсин.
Терметип ырдын бешигин,
Жан дүйнөсү эргисин.

78. Деңиздей айкөл, анан да,
Дайыма келген саламга.
Даанышман эжем ылайым,
Даңкыңыз кетсин далайга.

79. Жаратканым жар болуп,
Жамандык эч болбосун.
Ыр дүйнөнүн энесин,
Эгем өзү колдосун.

80. Эл кызы – элдин сыймыгы,
Эрктүү жан экен чынында.
Элүү том болуп ырлары,
Сакталсын эми кылымга!

*Айжан Мамасадыкова*
*КР Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү,*
*«Аруу Дүйнө» адабий клубунун жетекчиси,*
*КР Билим берүү Отличниги,*
*«Алтын калем» сыйлыгынын жана*
*«Ала-Тоо айымы» медалынын ээси,*
*КР Маданияттын мыкты кызматкери.*

## БАР БОЛУҢУЗ

Ырлар менен, ыр дүйнөгө үй куруп,
Поэзия, ааламына ыр сунуп.
Ай жылдыздан терип сөздүн берметин,
Махабатты даңктап, ырдап гүл сунуп.

Гүлсайра эжем, ыр дүйнөдө каныша,
Ырлар жазат, ак таң менен жарыша.
Көөдөнү көл, чалкыйт лира деңизи,
Ырлар менен из калтырат тарыхка.

«Тилек» менен жазган алгач китебин,
«Кыял чабыт» ээрчип келди эстегин.
«Менин күнүм», «Жылаажындай» үн салып,
Терметкендей болду, «Өмүр бешигин».

Сөздү казса, «Терендеги берметтер»,
«Ак маралы», боюн созуп суйкаят,
«Табаар белем», «Айдарым» деп үн салса,
«Жан дүйнөдө» сүйүү нуру жыттанат.

«Кут дүйнөдө» кут төгүлүп тилекке,
«Миң дүйнөсү» чачып ырдан береке.
«Туулган үйдүн жарыгына» кубанып,
«Жакшы сөздү айткым келет» деги эле.

«Нурсултан» деп жазган чыгаан китеп бар
Орус тилде «Туулган күнү» – «Улыбка»,
Алды эжем, нечен наамды, орденди,
Жазып келет, чарчабастан лирика.



«Бабалардан калган сөзү» маңыздуу,
Акындарды үндөп элди сүйүүгө,
Ар бир күндү, таза жашап өтсүн деп,
Абийирдүүлүк жашаса дейт көңүлдө.

«Өз мүдөөңдөн улуу бол» деп сайраган,
«Мен Кыргыздын кызымын» деп жайнаган.
«Элдин наркын» тизип жазып ырында,
«Арууулукка чайкап» кайгы айдаган.

Жаркыйт жүзү, тийген айдын нурундай,
Көңүл сүйгөн, жандуу нечен ыры бар.
Кары, жашка тартуу кылган белекке,
Лирикалуу «Жүрөктө жүргөн сүйүү бар».

Даңктап сүйүү, «Жарык таңда» чиймелеп,
«Нур сезим келди», «Аяба жакшы сөзүңдү».
«Сүйүү улук», «Мээримиң өмүр жашартсын»,
«Ырларым сага», « Жашартчы кайра өмүрдү»,

«Жалын чачып, сүйүү толгон көзүңдөн»,
«Алгач жазган, катыңа жооп айтпадым».
«Элдер айтат, сени жакшы жигит деп»,
«Айтып бүтпөй, сен жөнүндө жомогум».

Не керемет ырды жазып чарчабай,
Лириканы даңктап келет таштабай.
Дүкүлдөгөн жүрөккө нур чачсаңыз,
Анан кантип сизди турам мактабай.

Маданиятка эмгек сиңген ишмер ал,
«Эмгектеги каармандыгы « орден бар.

«Даңк» медалын коштоп нечен сыйлыктар,
Лауреат болду, Гүлсайра эжем, сыймык ал.

Эл аралык жеңип нечен конкурсту,
«Кыргыз жылдыз» медаль алып кубантты.
Күчкө кирип, ыр майданда ыр токуп,
Урпактарга ырдан белек узатты.

«Эл акыны» элдин кызы аталып,
Жазганынан, бакыт учуп, нур тамып.
Поэзия ааламында баратат,
Эмгек менен, ыры менен даңкталып.

Көп жашаңыз, элдин болуп сыймыгы,
Аман болсун, аздектеген уул-кызы.
Гүлсайра эжем, калем кармап колуна,
Кыргызымдын баатыр, жоокер бир кызы.

***Маматова Кундузбү***



## ПОЭЗИЯ ДАТКАСЫ ...

Көөдөнүндө сан миң саптар уюган,
Сүйүп окуп карысы да, жаштары.
Ырлар менен элин, жерин сугарган,
Гүлсайра эжем ПОЭЗИЯ ДАТКАСЫ.

Кыргызымдын жөпжөнөкөй бир кызы,
Ырлар менен көктө жанган жылдызы.
Ачык күндөй жаркылдаган кабагы,
Толуп турган ыр чөйчөгү, ырысы.

Жүрөгүнө катып алып сүйүүсүн,
Аздектеген, ыйыктыгын күнү-түн.
Сүйүү ырын ай-ааламга жар салып,
Сүйүү ыйын сездирбеди, күйүтүн.

«Сүйө билгин», «Кош жылдыз», «Сагындым го»,
«Жашайсын жүрөгүмдө», «Жыргал таңым».
Окуган ар бир адам көңүл эргийт,
Кынаптап тизип чыккан ар бир сабын.

Тагдырга, баш ийбеген наалат айтпай,
Сүйүүгө жүрөктөгү шек жаратпай.
Ыраазы болуп дайым башын ийип,
Эжекем дайым жүргөн Айкөл жандай.

Эжеке күлүп жүргүн, арыбаңыз,
Окурман сизден күтөт ырлар арбын.
Күлүгүн минип алып ыр дүйнөнүн,
Жүз жашты серпип өтүп, арылаңыз!

***Мамаюсупова Чынара***

## Оттуу ырларга жакынсыз

Гүлсайра акын эжебиз,
Асылсыз жанга теңегис.
Том кылып жазган ырлары –
Толкуган көлдөй ченегис.

Гүлсайра эжем супсулуу,
Мээрими күндөй жыпжылуу.
Эжемдин койгон девизи:
Күн сайын алга умтулуу.

Туу туткан акын эжебиз,
Аркаңдан ээрчип келебиз.
Куттуктап бүгүн сизге биз,
Ырлардан букет беребиз.

Гүлсайра эже, жаза бер,
Дабанды дагы аша бер.
Урмат-сый көрүп элиңден,
Бакыттын даамын тата бер.

Дарманы күчтүү акынсыз,
Жалындуу ырга жакынсыз.
Жалтанбас Жаңыл мырзадай,
Гүлсайра эже, баатырсыз.

Гүлсайра эже байтеректей,
Бараандуу бир акынсыз.
Жалын чачаар жүрөктөргө,
Оттуу ырларга жакынсыз.



## Дагы далай дабандарды ашыңыз

Гүлдөй жайнап жүргөн эжем,
Нарктуу өмүр сүргөн эжем.
Сиздей акын боломбу деп,
Сизди кумир тутуп келем.

Жакут сымал жаркылдаган,
Сүйүү ырларын жазасыз.
Бул жашоодо парасаттуу,
Өмүр сүрүп жатасыз.

Гүлсайра эже ден соолукта,
Узак өмүр жашаңыз.
Биз да сиздин аркаңыздан,
Ээрчип бара жатабыз.

Калемиңиз мокобосун,
Учкул ырлар жазыңыз.
Кебелбестен дагы далай,
Дабандарды ашыңыз.

*Мамырова Райкүл*

## Кыз акындар «генералы»

Төрү салкын Таластын Кең-Аралы,
Төрөлүптүр ыр менен «дем» алаары.
Төө көтөргүс ырларга эне болуп,
Төш белгилүү, кыз – акындар «генералы».

Уюткулуу кыргыздын көл адамы,
Умай эне ким билет жөлөөр аны.
Утур жазган маанилүү ырларга бай,
Үкү топу, кыз – акындар «генералы».

Эгемендүү кыргыздын «чырак-шамы»,
Элет жердин суусунан, билет баары.
Экөө болсо, бирөөсү эже деймин,
Элечекчен, кыз – акындар «генералы».

Эне. Акын. Ак эмгек – жеген наны,
Элим үчүн деп согот каны-жаны.
Эмне дешет башкалар билбейт экем,
Эже мага азыркынын «Курманжаны».

*Мамытбеков Доктурбек*



## «Кара жорго» бийлеп жыргаңыз

Ачылган гүл, жүзү жаркылдай,
Күлсө «кыт-кыт» дене балкылдай.
Ачык айрым, бала мүнөздүү,
Гүлсайра эжем таза, алтындай.

80 жашка чыкса курагы,
Каleminен жанат чырагы.
Тоо суусундай агып тынбаган,
Булганбасын талант булагы.

Жандаганда биздин «Кыздар ай»,
Тамашалайт сөздү бурмалай.
Шаң күлкүгө бөлөп чөйрөнү,
Жүргөнүңүз мынча жыргал ай.

Бак ичинде булбул сайраган,
Тоо бетинде гүлдөй жайнаган.
Атына да заты жарашып,
Момун эжем мөмө байлаган.

Картаюга моюн сунбаңыз,
Ырлар жазып, эч бир тынбаңыз.
Көктөмдөгү гүлдөй көңүлдө,
Жаз тартуулап көктөп, тынбаңыз.

Алдей ырын созуп ырдаңыз,
Кибиренин жытын жыттаңыз.
Жүзгө чыгып, тойдо солкулдап,
«Кара жорго» бийлеп жыргаңыз.

*Мамытова Айнура*

## Куттуу болсун 80 жаш

Кутман курак, дөөлөт сизди ыроолоп,
Жүрсүн дайым жүзүңүздө нур жайнап.
Куттуу болуп 80 жылдык мааракe,
Кылым ашкан өмүр берсин, күч-кайрат.

Поэзия ыр тартуулап өмүрдө,
Курчоосунда, окурмандын төрүндө.
Куттуу болсун бакыт, дөөлөт төп келип,
Сиз улаган өмүр көчү дүйнөдө.

***Нускайым Маңкушова***



## Ырларыңыз оболосун

Жакшылык жылоолосун,
Жамандык жолобосун.
Кыдырып ай-ааламды,
Ырларыңыз оболосун.

Калемиңиз жорголосун,
Кагаз бети ырга толсун.
Калдайган карааныңа,
«Кыздар ай» корголосун.

Жүз жылдык ыроолонсун,
Казанда эт булоолонсун.
Ал тойдун кызматында,
«Кыздарың» «официант» болсун.

Кебездей мүнөзүңүз,
Көлкөйгөн келбетиңиз.
Кут болсун өзүңүзгө,
80 жаш мааракеңиз.

***Сыйнатбүбү Мамытова***

## Акын кыз Гүлсайра Момуновага

Жакшы сөз айткым келет деп,
Жаман сөз туура эмес деп,
Көңүлүн элдин түшүрбөй,
Көтөрүп туруш керек – деп.

Бул оюң дайым жарык шам,
Булбулдай күүсүн агызган.
Жакшы адам сендей эмгекчил,
Жаш өткөн сайын даанышман.

Адабий сынчы Жанболот,
Балдарың менен бар болот...
Алыста калып калса да,
Агарып тийген таң болот.

Жазуудан эч бир талбаган,
Улутун бийик кармаган.
Гүлдөтүш үчүн ырларды,
Гүлсайра өмүр арнаган.

Акын кыз бизде Гүлсайра,
Миң ырың – кооз миң сайма,
Халтурщик жаман жазганды,
Жутпасаң дагы бир чайна...

Ыр дастан, жаздык...жазылдык,
Ыйманга элди чакырдык.
Келечек күткөн сый менен,





Атасы кармап турган кичинекей Гүлсайра. 1942-ж.



Гүлсайранын балалык кези,
туруп тургандар
атасы менен энеси



Күйөөсү Жанболот, курдаштары
Кулайпа, Уулбүбү, студенттик кез



Күйөөсү жана балдары менен



Жолдошу Жанболот, уулу Адил



Өкүмбек Жоробеков, Сүйүнбай Эралиев,
Тургунбек Суванбердиев, Камбаралы Бобулов менен.



Мектеп окуучулары менен



Эмгек баатырлары менен



Бир тууган агасы Алыман Момунов, Ата-Мекендик согушта курман болгон



Жолдошу Усупхан, уулу Адил менен эс алууда




«Кыздар ай» акын кыздар коому Алыкул Осмоновго арнаган китеп чыгарышты



Нурания Камбарова, Сооронбай Жусупов жана Гүлсайра



Роза Отунбаеванын демилгеси менен өткөн поэзия кечесинде



Ыр кечеден кийин



Жазды тосуу, талаада



Акын Анара Байчукуева менен



Поэзия кечесинде



Жамила Муратова Гүлсайра Момунованын «Мен сага жазга айлана баргым келет» деген ырына жазган обонду аткарууда



Акын Сирен Сарбалаева менен



Кайыргүл, Дарика, Айдай, Гүлсайра – Жети-Өгүздө



Кызы Дилбар менен



Небереси Сайкал менен






Жеңиш күндөрүндө



Небересинин тоюнда




Кайыргүл, Дарика, Гүлсайра, Айдай эл менен жолугушуу



Кызы Дилбар, небереси Алыйман



Уйгур жазуучусу Хамбарова Нурания менен



Курдашы Ракила менен




Анатай Өмүрканов жана Калканбай Ашымбаев менен чогулушта



Жети-Өгүздө эс алуу.
Алдыңкысы Кайыргүл Сартбаева, ортодо Гүлсайра




«Нур» аттуу көркөм окуу академиясынын жамааты менен




Гүлсайра, Эрнис Турсунов аялы Жамила менен
Казат Акматовдун тоюнда




Небереси Алыймандын тоюнда




Казакстан, Чимкент. Карабуура бабабыздын тоюнда



Неберелери Айгерим менен Алыйман




Небереси Кайраттын тоюнда



Кыздар айдын кыздары ыр кечеден кийин

Керемет жумуш акындык.
Жашоого элди үндөгөн,
Жакшы сөз айтуу асылдык!

Жетелеп көп жыл, көп күнду,
Жетимиш бештен өттүңбү.
Токсонго, жүзгө жете кел,
Тоотпой ушул мезгилди.

*Мырзабек Тойбаев,*
*Барчынбек Бугубаев*

## Улуулукту тапкансыз да мээнеттен

Бир залкарга биз да болсок замандаш,
Жаңы гана жакындапсыз миң айга.
Жалт карасак, өткөндөй го бир айда,
Жаратканым унутпасын берээрин,
Жашты берчү, алчусу да Кудай да.
Жаз болбосо, келмек беле күз кайра,
Жарышабыз мезгил менен биз кайра.
Жан дүйнөсү ыр дүйнөгө айланган,
Жаркылдаган эжебиз бар, Гүлсайра.

Бар болуңуз, бактыбызга бир далай,
Баркыңызга жетет сыйлап «Кыздар ай».
Эгеси сиз Кудай берген таланттын,
Эжебиз сиз, кантип турам ырдабай?!

Кайдан чыккан эме эле деп, эжелеп,
Какыс-кукус кылып жүрбөң жемелеп.
Иниңиз бар сизди терең сыйлаган,
Байдылдага апкелишкен жетелеп.

Жаңылаармын жалгыз эле мен десем,
Жадыраша кучак жаят кең Мекен.
Жакшы адамын, даанышманын эл баалайт,
Жай алыңыз, сый ордуңуз төрдө экен.

Кыш мезгили сыртта муздак, суугураак,
Кар кычырап бак-дарактар шуудурап.
Адатынча алда нени күткөндөй,
Акын турат ойго чөмүп тунжурап.



Ойлогондур балачагын, жаш кезин,
Баскан жолун, өмүрүнүн көктөмүн.
Көз чаптырып тиктеп турду далайга,
Карлыгачтар караан үзүп кеткенин.

Көңүл сырын жандуу айтып туюнткан,
Көркөм сөздүн чебери көп кыргыздан.
Атактуусун окуп билсек китептен,
Алар сизди өңдөн таанып угушкан.

Тең жүргөнсүз залкарларга катарлаш,
Үзөңгүлөш ийиндешкен санаалаш.
Бактылуудай сыймыктанып турабыз,
Бир залкарга биз да болуп замандаш.

Бой көтөргөн мүнөз ага жат нерсе,
Көп жашаңыз, Кудай өмүр жаш берсе.
Сыр сандыктай сыпатына жарашкан,
Төп келишип, акындыктай ак нерсе.

Улгайсаңыз, тайыбаңыз дөөлөттөн,
Улуулукту тапкансыз да мээнеттен.
Унутулбай тура берет жаңырып,
Уламыштай саптарыңыз берметтен.

Агымынан адашпасын ыр дайра,
Айкын жолдун сапарлашы сиз кайра.
Ата журтум салам айтып куттуктайт,
Аман болуң, акын эжем Гүлсайра.

*Осмоналиев Рахманберди*

## Эрмегисиң элиңдин

Кандырып көптүн дабасын,
Катылган ойду табасың.
Ыр баатыры сен дагы,
Элиңдин сен да ардагы.
Артылып келди уламдан,
Ырыңдын алтын салмагы.
Дүкүйттү духуң ыр заман,
Ыроолоп, ыр ойлоп,
Толкуйсуң көлдөй сен дагы.
Акынсың тунук, акылдуу,
Каламдаш, саламдаш,
Замандаш деп өзүңү,
Кыялга көп-көп кыстарам.
Узун болсун ыр сапарың.
Эрмегисиң элиңдин,
Айкыра берсин атагың!

*Рыскулов Рамис*



## Ырыңызды окуганда

Чалкар тоодо уюган мөңгү дедим,
Чалкып жаткан ажайып көлбү дедим.
Ашып ташып деңиздин толкунундай,
Ааламына батпаган эргүү дедим –
Мен сиздин ырыңызды окуганда.

Мухиттерден төгүлгөн нурбу дедим,
Музыкага баа жеткис курбу дедим.
Жалынынан бөлүшүп жарым кылым,
Жарык чачып жаштарга турду дедим –
Мен сиздин ырыңызды окуганда.

Коздоп турган көктөмдү гүлбү дедим,
Космостордон куюлган үнбү дедим.
Ала-Тоону алпештеп сүйүп турган,
Асмандагы албырган күнбү дедим –
Мен сиздин ырыңызды окуганда.

*Сирень Сарбалаева*

## Туз жаласын

Качан болсо төгүп-төгүп иесиз,
Кайда, кантип ыр төккөндү билесиз.
Төккөнүңүз жармак, жамак ыр эмес,
Сиз төкпөйсүз асыл ойсуз, жүйөсүз.

«Эми кечке ыр окуйт» деп, шыпшынып,
«Эл акындын» кээси турса кырсыйып.
Жаным күйөт, «Эжече, – деп, – Гүлсайра»,
Жөн акындын кээси турса тың чыгып.

Ар адамды, бул жашоону сүйөсүз,
Аны дайым айтып, жазып жүрөсүз.
Ак-караны айрып жаза албаган,
Акындар да бардыгына күбөсүз.

Айла канча, беш кол чыны тең эмес,
Арамдардын былжырагы кеп эмес.
Андайларга теңелбестен, тоотпостон,
Агып, төгө бериңиз ыр ченебес!

Туу тутканың: чындык, актык, асылдар,
Туунду бийик көтөрө бер, акың бар!
Туурап жаза албай Момунованы,
Туз жаласын ичи күйгөн акындар!

***Саалаев Жедигер***



## Ал менин апчем

Теледен сиз жаркырап чыккан сайын,
Жакшы сөз элден улам уккан сайын.
«Ал менин апчем» деп сыймыктанам,
Ыр менен сиз көкөлөп учкан сайын.

Апчем, Кудайымдын белегисиң,
Сыймыктуу, куттуу үйдүн желегисиң.
Карааның Ала-Тоодой тирек бизге,
Ар убак акыл сураар керегисиң.

Апчем кенен пейил, адал жүрөк,
Жүрөккө мээримдүүлүк алган түнөп.
Элиме ыр перисин табамын деп,
Талыкпай иштеп жатат күндөп, түндөп.

Дайыма жакшылыкка үндөп турдуң,
Кыйналсам, насаат айтып, сүрөп турдуң.
Бирөөлөр көрө албастык, кастык кылса,
Ага да ыйман, ынсап тилеп турдуң.

Шаарга көчүп келсем тамың бердиң,
Там менен короо толо малың бердиң.
Анда жаш балдарымдын камын жедиң,
Адамга керектүүнүн баарын бердиң.

Бул сенин адамдыгың, кенендигиң,
Унутпайм жакшылыкка белендигиң.
Ата-эне, бир туугандан артык болду,
Бардыгын белен кылып бергендигиң.

Ошентип, кыйын кезден өтүп алдык,
Өзүңдүн аркаң менен өнүп алдык.
Жетилди балдарым да бойго жетип,
Эми биз бой тирешип, өсүп алдык.

Кайтарам жакшылыгың кайсы бирин,
Кайсалап, не кыларым билбей жүрдүм.
Ооруба, бактыбызга аман жүргүн,
Жугузуп алдым окшойт касиетиң,
Өзүңө ыр арнаган жаман сиңдиң.

***Сайдилде кызы Назира***



## Эже, кутман курак жашыңыз кут болсун!

Айланып учуп куш конот,
Бүгүн сезимдерге ыр толот.
Кыргызга аты белгилүү,
Эжекем Кең-Аралга кыз болот.

Эмгегин баалап, эл билген,
Лирика жазса элирген.
Чыгармасы керемет,
Чачыла берген Теңирден.

Эжемин мүнөзү жумшак созулган,
Кыялга батып олтурган.
Шооладай жанган жалжылдап,
Ырларын сүйөт окурман.

Обонго салып ырларын,
Обончулар ырдашкан.
Кыргыздын сүйкүм кызысың,
Эжеке, лирика менен сырдашкан.

Балбылдап жанып көздөрү,
Орундуу айткан сөздөрү.
Коомдук ишмер эжекем,
Эмгегин арнап элине,
Толтурат эңсөө, бөксөөнү.

Элинен чыккан аруу кыз,
Бактылуу, сүйкүм, жалын кыз.
Өмүрдөн көрүп жакшылык,
Бакыттын эшигин таптыңыз.

Узун болуп өмүрүңүз,
Гүлдөй болсун көңүлүңүз.
Дагы далай ыр жазыңыз,
Бата берип жараткан Теңириңиз.
Каалоо айткан калдайган элиңиз
жана да Лайлихан келиниңиз.

*Самудинова Лайлихан*



## Чексиз бакыт

Чаалыкпай ашкан бойдон, сексен белди
Артынып ыр куржунун, эжем келди.
Алдыда дагы толгон, ашууларды
Ашыңыз токтобостон, дагы демдүү.

Куржунда жүгү жатат сексен жылдын
Багын ачкан кубулжутуп, нечен ырдын.
Жазыңыз, жүрөктөрдү кубандырып
Узак жашап, багына кыргызымдын.

Эжемдин элине өткөн кадыр – баркы,
Ак баракка чийилген ырлары – алтын.
Мезгил менен оболоп мукам кайрык
Нечен кылым ырдай берет кыргыз калкың.

Тарыхка талант менен атын жазып.
Ыр түйшүгүн келе жатат жонго артып.
Гүлсайра эжебиздей акыны бар
Кыргызга чындыгында чексиз бакыт.

## Ал учур

Мээримдүү, жылдыз жанган көздөрүнөн,
Мен андан айды көргөм, күндү көргөм.
Төгүлүп дайра сындуу ыр окуса,
Ал учур кубат алгам сөздөрүнөн.

Бал тамган ырларына арбалгамын,
Жөнөкөй мүнөзүнө таң калганмын.
Ар дайым эжекемди өпкүм келчү,
Тартынып, мен өзүмдү кармангамын.

Алп тоого теңдеш болгон атагы бар,
Артында мурас болоор «казалы» бар.
Адамзаттын баарына үлгү болоор,
Дилиндеги баа жеткис тазалык – ал!

## Жамгырдай төгүлөт эх, ырларыңыз

Балапандай оозун карап бүт баарыбыз,
Жамгырдай төгүлөт эх, ырларыңыз.
Каранныңыз калдайган канат болуп,
Канат кагып келе жатат кыздарыңыз.

«Кыздар айда» орду бар Ала-Тоодой,
Угабыз ырыңызды эч бир тойбой.
Эжекебиз келбей калса же кечиксе,
Коңултуктап калабыз, көңүл толбой.

Билинбей акырындан күндөр сызат,
Эжекеме тилейбиз – өмүр узак.
Төрүбүздө жүрсөңүз күлүп-жайнап,
Бизге окшогон кыздарга ошол – кубат.

***Сарбагышова Чынара***



## Учур күүсү ырларынан угулган

*(Гүлсайра Момунованын*
*75 жылдык маарекесинде окулган ыр)*

Жар болдуңуз, жаркылдаган ай жаркын,
Эне болуп, бакыт даамын таттыңыз.
Колго калем кармаганда, коом жүгүн,
Эркектерден кем калышпай тарттыңыз.

Ыр дегенде толкудуңуз, таштыңыз,
Кубанып да, муңайып да жаздыңыз.
Элиң менен болгонуңду тагдырлаш,
Эл баалады, элден колдоо таптыңыз.

Адамсың да, аялсың да, акынсың,
Узак жаша, ырың узак жашасын.
Учур күүсү ырларынан угулган,
Акынына элим берсин батасын.

***Сариева Калбүбү***

## Назик жүрөк, акылман да, асыл жан

Ушул күнү өчпөс чырак жаныптыр.
Түбөлүккө өчпөстүгү аныктыр.
Кереметтүү кайталангыс ырлары,
Бийиктиктен муза болуп агыптыр.

«Поэзия» деген күндү кармаган,
Бул дүйнөгө акын келип калыптыр.
Жан дүйнөсүн ороп аруу сүйүүгө,
Ыр берметин токуйт акын үңүлө.

Ой чабытка айдан, күндөн жем берип,
Конок болуп тээ жылдыздын үйүнө.
Бийиктиктен алган бийик ойлорун,
Бийик бойдон сунат бизге сүйүнө.

Эжем – эне, сулуулуктан куралган,
Жан дүйнөсүн аруулукка сугарган.
Ар бир ырын жүрөгүнөн өндүрүп,
Баласындай төрөгөндө кубанган.

Кокустуктан коргоп ар бир саптарын,
Кол тийгизбей бекем сактап тура алган.
Эжем издейт сөздүн жыттуу атырын,
Ырга айлантып дос-душманын, жакынын.

Ар биринин ыйман салып дилине,
Ыры менен кошкон оюн, акылын.
Даанышмандык талантына ийип баш,
Эли эбак берген «Элдин Баатырын»



Эжем – сүйүү балбылдаган көздөрү,
Барды жокту карегине батырган.
Баасын билип бапестеген дүйнөнү,
Назик жүрөк, акылман да, асыл жан.
Бул дүйнөдө зор бакыттын өзүдүр,
Таалим алуу – таза жүрөк акындан.

* * *

Эргитип көңүл, эритип жанды жыргатып,
Ырларын угуп, көтөрөм көңүл чер жазып.
Эжемдей улуу керемет, айкөл акындын,
Ээрчишип бирге жанында жүрүү – зор бакыт!

*Сыдыкбекова Айсалкын*

## Аздык кылат

Кереметтүү кең ааламдай чалкыган,
Кеменгерсиз, эмгеги зор балкыган.
Поэзия айдыңында такшалып,
Баа жетпеген алкыш алган калкынан.

Асыл ойдун, нуска сөздүн ээси – Сиз,
Түн терметип, ыр дүйнөдө эргиген.
Кирпик какпай кыялдарга берилип
Айлуу түндө калем кармап телмирген.

Чагылдырып жаратылыш коздугун,
Жаздың эже, ырга айлантып бардыгын.
Тааныштырып маданият тарыхын,
Жаштар үчүн бердиң сабак, таалимиң.

Поэзия сизге жолдош-дос болуп,
Далай бийик ашууларды ашыңыз.
Сыймыгысыз ала-тоолук кыргыздын,
Куттуу болсун эже, сексен жашыңыз!

Дүбүртүңүз дүңгүрөтүп жер жүзүн,
Күлүктөрдүн алдындасыз сиз бүгүн.
Күмүш калем күн нуруна чагылып,
Көргүн эже, көп эмгектин үзүрүн.

Аалам эли атыңызды укканда,
Акын кызы деп билишет кыргыздын.
Алтын жылдыз такса дагы төшүңө,
Аздык кылат алп, эмгекчил кыз үчүн.

*Темирова Марипат*



## Акындын алпы эжекем

Орошон ойду толгогон,
Эл-жерин дайым ойлогон.
Даанышман эжем Гүлсайра,
Сексендин боюн бойлогон.

Ашууну ашып, бел ашып,
Акылы тунук бүт ташып.
Акындын алпы эжекем,
Аргымак минсе жарашып.

Бабалар кебин жеткирген,
Нусканын эбин келтирген.
Кыргызы үчүн жан үрөп,
Өткөндү бизге эстеткен.

Тарыхты казып жаткандай,
Табылбас сырды ачкандай.
Урпактарга эртеңки,
Осуят сөздү жазгандай.

Чыкса да жашы сексенге,
Оргуштатып ыр жазат.
Түгөнбөс кенчтин казынасы,
Болсунчу бизге ак башат.

*Токоева Халида*

## Затыңызга алтын, каухар кошулган

Атан төөдөй карааны бар, аты бар,
Аска-зоодой көк тиреген заты бар.
Акыл насаат керек болсо бир жүрүп,
Кешигин ич, иче албасаң сатып ал.

Аял заттын сөз чебери, көсөмү,
Акындыктын устаты да, чечени.
Даражасы элге жетип, таанылган,
Айтып жатам мен Гүлсайра эжени.

Атыңызга гүл затыңыз төп келген,
Жүрөгүңдө гүлзары бар жайнаган.
Жан дүйнөңүз ырга толуп, бөксөрбөй,
Булак болуп, оргуп-ташып кайнаган.

Мүнөзүңүз кыз жибектей созулган,
Затыңызга алтын, каухар кошулган.
Баатыр даңкын алыстан ук дешет го,
Жаныңызга баруудан мен чоочунгам.

Сиз эжеке, жан экенсиз мээримдүү,
Атыр жыттуу гүлгө оронуп, аңкыган.
Агып келип тамырыңан алтымыш,
Мээримиңиз сабаа болуп балкыган.

Топ башысыз «Кыздар айга» көч баштаар,
Жандооч болуп, көчтү баштай бериңиз.
Сизден алып өрнөктү да, дем-кучту,
Алоолонуп өчпөс болсун демибиз.

«Эл акыны» деген улуу наам менен,
Кылым ашып өмүр улай бериңиз.
Ыйгарабыз «Кыздар айдын» атынан,
«Эл баатыры» деген атты эми биз.

*Токтомбаева Каныshай*



## Гүлсайра эжеге

Сексен менен кармашып турган кези,
Эл акыны Гүлсайра Момунова.
Ырларынан окуйлу эргүү алып,
Келгиле эже менен жолугууга.
Кут болсун сексен жаш курагыңыз,
Эс алууга чыккан сиздин убагыңыз.
Түбөлүккө жашай берсин унутулбай,
Ырлар менен кураган дубалыңыз.
Дагы далай жылдарды багынтыңыз,
Кайталангыс ырларды жаңыртыңыз.
Неберенин, чеберенин жытын искеп,
Ачык болсун ардайым багытыңыз.

*Токонбаев Майрамбек*

## Гүлсайра акын – кылымдардын акыны

Алтын доордо сугарылып ырына,
Чыктык эле ыр дүйнөнүн кырына.
Куюлушкан кереметтүү саптары,
Каршы турчу чыгаанындын сынына.

Мөлтүрөгөн тунук суудай агылган,
Жан дүйнөсү чыкпайт эле агымдан.
Кереметтүү салыштыргыс саптары,
Алыныптыр сенин аппак таңыңдан.

Апакай таң – бул, акынымдын саптары,
Ала-Тоону тоодой саптар каптады.
Жамгыр сымал себелеген ыргактар,
Жан жыргатып, окурмандан качпады.

Акындардын акыны экен эжекем,
Жазгандары Ала-Тоомо тең экен.
Берекени тоо-таштарга жайнаткан,
Эжекеме, кана кимдер тең экен?!

Тоо гүлүндөй бир татына жайнаган,
Жан дүйнөсү ыры менен кайнаган.
Гүлсайра акын бир керемет жан экен,
Ыр жаратып ташкындаган дайрадан.

Акын ыры жан дүйнөмдүн тумары,
Ала-Тоомун соолубаган булагы.
Сексен жашка жетсе дагы эжекем,
Алтын сап ыр жаратуучу убагы.



Кыргызымдын мөлтүр тунук акылы,
Гүлсайра акын-кылымдардын акыны.
Калың журтун ыры менен тойгузган,
Акынымдын кереметтүү сап ыры.

Асылдыктын асылынан даңк алган,
Эл акыны – ыры менен даңкталган.
Мезгил менен тең жарышып арыбай,
Кыйындардын кыйындарын таптаган.

Дүйнөсүнө тоодой саптар батыптыр,
Эл жерине анын баарын чачыптыр.
Азык болчу кылымдардын ырларын,
Тоо-таштардан бирден терип алыптыр.

***Турдубаев Калмамат***

## Булактын шылдырынан сизди угамын

Бул дүйнөгө ыңаалап келген кезде,
Балким сиз ыр нурунан оозангансыз.
Жалындап жакшы сөздөн ыр уютуп,
Жигердүү поэзия жолундасыз.

Бак көрсөм мөмөлөгөн, барик жайган,
Сизге аны окшоштуруп салыштырам.
Боз торгой көрсөм сайрап, безеленген,
Сиз деймин ырдын күүсүн чалып турган.

Булактын шылдырынан сизди угамын,
Таптаза, мөлтүр ырлар агып турган.
Булактай жан дүйнөнүн көрөңгөсү,
Таланттуу көкүрөктөн оргуп турган.

Ак жарык көрсөм бийик алыстыктан,
Сиз деймин лира сунуп, жанып турган.
Кылкылдап «Кыздар айдын» көч башында,
Күн нурундай мээримин төгүп турган.

Сиз эже, Ала-Тоодой эмгек менен,
Кыргыздын туусун бийик көтөрдүңүз.
Сайылган чырпык оңой өсө бербейт,
Кебелбес эркиңизден көгөрдүңүз.

Болгондур, тоскоолдуктар нечендеген,
Болгондур көралбастык, ичи тардык.
Ак, адил мүнөз анан ак иш менен,
Акылман, асыл эжем жеңе алдыңыз.



Көтөрүп чачпагыңыз, жандап баскам,
Ырымдап, кешигиңиз даамын таткам.
Билгенге жөпжөнөкөй асыл затсыз,
Эл-журтка Каныкейсиз, даанышмансыз.

*Турдукожоева Гүлкайыр*

## Жан дүйнөсү ырлар менен курчалган

Акыл айтып, жол көрсөтүп жаштарга:
Андай айтпа, мындай баскын садага.
Мээрим менен айтса керек деп ойлойм,
Сексендеги эжекебиз Гүлсайра.

Эжекемди көрбөсөм да жанынан,
Жазгым келди элестетүүм башынан.
Жан го деймин жумшак мүнөз, кең пейил
Жан дүйнөсү ырлар менен курчалган.

Сексен жашка келсе дагы эжекем,
Дале болсо күүлү гана кези экен.
Таяк кармап бири басса араңдан,
Көп адамдар карылыкка алдырган
Эжекемдин калем сабы колдо экен.

Ырларыңыз окудум мен эргүү алып,
Жан дүйнөмө эргүү келип, шыктанып
«Кагылайын кутман калкым кыргызым
Күндөн бүткөн, нурдан бүткөн ырысым»
Деген саптар сезимге турат от жагып.

Сексен жылда кең дүйнөнү кезгендирсиз,
Далай сырдын түйүндөрүн чечкендирсиз.
Ырыңызда ушундай да саптар бар го,
А балким, ал максатка жеткендирсиз.

Эжекем, сексен жашыңыз куттуу болсун,
Үйүңүз шаан-шөкөткө дайым толсун.
Ырларыңыз ар дайым дем күч берип,
Жаш акындар жолуңузду жолдошсун.

*Төлөгөнова Махабат*



## Ыр шаасы жүрсүн багынып

Сексендин жолун бастыңыз,
Серелеп кырды аштыңыз.
Ырыс-кут жандап ар дайым,
Ыр болуп селдей актыңыз.

Жылдыздай жанды бактыңыз,
Жыл сайын өстү баркыңыз.
Кыргызга түгүл кыйырлап,
Кыйлага кетти даңкыңыз.

Ак дилден асыол саптарды,
Арнадың Мекен, жериңе.
Эми ошол ыйык турагың,
Дем кошсун чексиз демиңе.

Албырып, эргип жаздыңыз,
Ашыктык лаззат ырларын.
Магдырап сезем окусам,
Махабат, сүйүү ырларын.

Толкуган ырдын дайрасы,
Токтобой турсун агылып.
Ыр шаасы жүрсүн дагы эле,
Ылайым сизге багынып.

Өмүрдүн кызыл жалынын,
Өчүрбөй órттөй жаныңыз.
Токсондун тоосун томкоруп,
Кылымды тосуп алыңыз.

*Тынаева Тамара*

## Очогу ырдын Гүлсайра

Ойлоруң терең сырларга,
Окугуң келет миң кайра.
От болуп жанган жанар тоо,
Очогу ырдын Гүлсайра.

Булбул куш сайрап бакчаңда,
Бал татып турат татканга.
Гүлдөткөн ырчы дүйнөңү,
Гүлсайра окшош багбанга.

*Өмүрканов Анатай*
*Кыргыз туусу. 18.01 2013.*



## Сиз менен дүйнө сулуу Гүлсайра эже

Эже, сизге эмне дешти деги билбейм,
Эргийм да, сөз табалабай ичтен зилдейм.
Эске түшүп кезиңиз бата берген,
Эсим жыйып, асылын сөздүн иргейм.

Дүйнөңүз жүрөктөргө гүл тиккендей,
Пейлиңиз тынчтык кушу ак кептердей.
Умай эне болдуңуз учуктаган,
Дүрүлдөп кетти денем дирт эткендей.

Бозоруп жата алда далай кырлар,
Кырлардын арт жагында кандай кыр бар?
Билемин, мындан ары мүдүрүлбөйм,
Анткени сизден алган башта сыр бар.

Ар кимге берилет го өмүр өлчөм,
Келесиз бар болсун деп менин өлкөм.
Мен сизге соолубаган өмүр тилейм,
Сиз менен дүйнө сулуу, дүйнө көркөм.

Мен сизге өмүр тилейм улуу көктөн,
Сырткары болуңуз деп кырсык, өрттөн.
Аруусуз, жүрөгү ачык, пейли кенен,
Сиз менен дүйнө сулуу, дүйнө көркөм.

***Үсөнов Замирбек***

## Бактылуу бул күндөрдү эскерээрбиз

Таланты ташкындаган көлдөй терең,
Ырлары куюлушкан, дайым белен.
Эжеке, маңдайдагы ырыскыбыз,
Сиз менен баары толук, баары кенен.

Бактылуу күндөр өтүп жатканындай,
Жылуулук берип турган күн нурундай.
Кыздардын маңдайында олтурсаңыз,
Сезилет жан-дүйнөдө тынчтык бардай.

Сиз устат, сизге кыздар эркелейбиз,
Ыр багып, тилек менен өссө дейбиз.
Сиз менен бирге басып, бирге жүргөн,
Бактылуу бул күндөрдү эскерээрбиз.

Ташыңыз ылдыйдан өйдөлөсүн,
Сыйласын, сыйлачылар бөпөлөсүн.
Уюткулуу журтумдун алп акыны,
Түбөлүк ырларыңыз көкөлөсүн!

***Чолпонкулова Гулнара***



## Кут төгүлгөн ырлары

Токоюнда Таластын эркин өскөн,
Кучагына гүлдөрдү сүйүп терген.
Айчүрөктүн сиңдиси, ай чырайлуу,
Сулуулугу жаштыктын күүсүн черткен.

Хан Манастын эрдиги таасирленткен,
Каныкейдей апаны элестеткен.
Ынтымагын элимдин тилеп келген,
Кут төгүлгөн ырлары элге жеткен.

Кете албайбыз сизден биз бура тартып,
Чолпон жылдыз өзүңүз таңда жарык.
Эркин элдин туусу эжем, оттой жанып,
Ичинде жок кымындай ичи тардык.

Гүлсайра эжем, баатыры Кыргызстандын,
Гүлсайра эжем, асылы кыргыз калктын.
Эли сүйүп, сыйлыкты өзү такты,
Эрке кызы, акыны кең Таластын.

* * *

Бактылуу болобуз жаныңызда,
Эжеке! Ыраазыбыз барыңызга.
Бакытты издеп дагы кереги жок,
Бакыттын өзү турса арабызда.

***Чолпонкулова Кайырбүбү***

## Акылга түйгөнбүз

Океандай түбү терең дүйнөңүз,
Ырларыңыз окуп жүрүп сүйгөнбүз.
Чексиз сүйүү, атуулдук ар-намысты,
Сизден алып акылга бүт түйгөнбүз.

Опол-тоодой салмагы оор кебиңиз,
Аянбастан акыл-насаат бердиңиз.
Изиңизден адашпастан жол улап,
Ыр жазабыз, кубат берет demiңиз.

Кылым ашык өмүр берсин Кудайым,
Денсоолуктун бекемдигин сурайын.
Ырларыңыз муундан-муунга сакталсын,
Поэзиянын ачкансыз сиз булагын.

*Шейшекеева Сабира*



* * *

Жамалың турчу үлбүрөп,
Жашыл көчөт түр кайда?
Кечтеги кырдын башында,
Керилген марал түр кайда?

Шыңк этип күлсө жарашкан,
Шыңгыр күмүш үн кайда?
Көргөндө жигит жалтанган,
Көзүңдөн жанган сүр кайда?

Жаш кезинде жигиттер,
Жашынып барган түн кайда?
Жактырып бозой караган,
Жаштыгың келер күн кайда.
Жанаша бирге басалы,
Жаш кезиңе жүр кайра.

Жаштыгыбыз кайрылбайт,
Жалынган менен жүз кайра.
Мобу отурган акының,
Момундун кызы Гүлсайра.

Тактасак дарек, дайынын,
Таластын болот айымы.
Келини болот Кеминдин,
Жанболоттун зайыбы.
Сурма көз, сулуу акынга,
Суктансак жоктур айыбы.

*Сулайман Маймылов*

## Сырттаны аялзатынын

Турганы менен сексендин ачып эшигин,
Турпаты жапжаш, жалыны өчпөй көзүнүн.
Ыр менен жашап, сүйүүнү баккан жүрөгү,
Ыргалган кызыл гүл бойдон сактайт сезимин.

Кылчайса арты, ыр дайра албуут чамынган,
Кызыктуу кездин элеси калкыйт агымдан.
Кандайча анан карылык даап келе алат,
Кадамы сайын ыр болсо бүткөн жалындан.

Бактысы жанган Кыргыздын залкар акыны,
Бакыт да анан, эмгектин келип акыры.
Эсепсиз сыйлык, сыймыкка болуп эгедер,
Эч качан өчпөс тарыхка жаздың атыңы.

Мүнөзү назик, жылмая карап акырын,
Мүчүлүш жерде эбин таап айтып акылын.
Карааны тоодой, сыймыгы Кыргыз элинин,
Каныкей өңдүү сырттаны аял затынын

Сексен жаш кеппи, жүз жаштын даңктуу өрөөнү,
Середен тоссун Кыргыздын улуу акынын.

*Замира Жантаева*
*13-март, 2017-жыл*



## Ыр дайрасы чалкыган

Көөдөнүңүз оргуштаган ыр булак,
Күрпүлдөтүп агыздыңыз ыр курап.
Ыр дайралар деңиз болуп агылып,
Калк суусуну канды турган ыр сурап.

Сөз бермети азык болуп канына,
Руханий мөмө бышкан шагына.
Сөөлөтүңүз сыймык болоор кыргызга,
Сыябандуу дарагыңыз дайыма.

Сексендемин деген менен өзүңүз,
Ырды жатка айтып, таптак сөзүңүз.
Жан дүйнөңүз арууулугун чагылтып,
Жалтылдаган, карагаттай көзүңүз.

Ырдын кенин казып жыйнап том-томдоп,
Түркүн тема, идеяга ой толгоп.
Дөө-шаалардын сүрөдүңүз далайын,
Элим деген инсандарга ыр жолдоп.

Ыр дүйнөнүн ханышасы керилген,
Кудай сүйүп, зор касиет берилген.
Артыңызда из калтыраар дал ушул,
Алтын саптар берекеси төгүлгөн.

*Замира Жантаева.*

## Гүлсайра эжекеме!

Ушул күндү ырга айлантат эжем деп,
Ыр дүйнөдөн терип алып ыр десте.
Келдим эже ыр букетти кучактап,
Ал букетти сизге арнап бермекке.

Даңазалап тилин, дилин кыргыздын,
Ырлар жаздың учун улап турмуштун.
Ырлар ыйык, ырлар жашайт түбөлүк,
Эже өзүңдү өлбөс кылып тургуздуң.

Эжекемдин жүрөгүнөн суурулуп,
Ырлар чууруйт, ырлар учат сабалап.
Ыйык талант Алла берген касиет,
Канат байлап сызып учуп баратат.

Ал ырларда кыргызымдын тарыхы,
Ал ырларда турмуш, жашөө баарысы.
Ырдан эжем бир имарат тургузду,
Ал ырларда «Туулган үйдүн жарыгы".

Ырлар ыйлайт, ырлар күлөт сүйүнүп,
Тагдыр менен ырлар чуркайт түйүлүп.
«Жан дүйнөнүн» ыр саптары далилдейт,
Талантынын күчтүүлүгү билинип.

Жан сергитип булак суусу аккандай,
Ырларыңыз сайган кооз саймадай.
Ич дүйнөнү тазалыкка чакырат,
Эргүү берип таңдар жаңы аткандай.
Ырларыңыз закымдасын жебедей,
Ден соолукта көп жашаңыз эжекем!!!



## Гүлсайра эжеге!
## (Куттуктоо ыры)

Гүлсайра акын эжебиз,
Асылсыз жаңга теңегиз.
Том кылып жазган ырлары,
Толкуган көлдөй ченегиз.

Гүлсайра эжем супсулуу,
Мээрими күндөй жыпжылуу.
Эжемдин койгон девизи,
Күн сайын алга умтулуу.

Туу туткан акын эжебиз,
Аркандан эрчип келебиз.
Куттуктап бүгүн өзүңө,
Ырлардан букет беребиз.

Гүлсайра эже жаза бер,
Дабанды дагы аша бер.
Урмат сый көрүп элинден,
Бакыттын дааамын тата бер.

Дарманы күчтүү акынсыз,
Жалындуу ырга жакынсыз.
Жалтанбас Жаңыл мырзадай,
Гүлсайра эже баатырсыз.

## Окуучулук ой
## «Боз үй» поэмасы

Мен сынчы эмесмин. Адабияттык күйөрмандардын гана катарындамын. Адатта, адабий сында бүтүндөй эле сынчылар жана адабиятчылар жарыша жазып, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруп жүрүшөт. Алар көпчүлүк окуучулар анча аңдай албаган адабий сындын, терминдери менен татынакай көркөмдөп, укмуштай татым берип, дароо буруп алышат. Карандай окуучулук оюмду ортого коюучу мен антип жазганымды коомдоп шөкөттөөгө чыны кудуретим жетпейт. Анткен менен, акын кыз-келиндерибиздин бири Гүлсайра Момунованын «Боз үй» поэмасы мени өзүнө имерчиктетти. Ушундан улам көпчүлүктүн бириндей аздыр-көптүр окуучулук ой айтууга мүмкүнчүлүк туулду.

Автордун ойлогон оюу, тилеген максатында «Боз үйдүн» сырты ак, ичи как үй эмес. Бул дастан аркылуу байыртан берки элибиздин жашоо тиричилигин, үрп-адатын, салт-санаасын, кесибин, чыгармачылык кудуретин төрт тарабынан көрүнгөндөй берүүгө дилгир экенин, ал аракети текке коробогонун айттырбай эле баамдадым. Баштан аяк окуп отурган адам жекече туюмунда мунун этнографиялык дастан экенине кол койо алат. Бизде минтип ачык эле айтууга ылаажы бар:

Туурум боз үйүм, ыйыгым,
Туулуп киндик кан төгүлгөн.
Тарыхым, өнөрүм, сыймыгым,
Сен десем ыр болуп төгүлөм.



Мына ушул бет ачаар бир түрмөктүн өзүнөн эле керемет менен касиетке ширелишкен боз үйдүн кыргыз баласы үчүн эмне, кандай күчкө эгедер экени маңдайга кашкая түшөт. Ооба, боз үй – элибиздин зирек акылынан чыккан, чебер колунан тамган, эч нерсе менен өлчөөгө теңдешсиз улуттук мүлк. Бул укмуштай айлакердик искусстволук да (коомдук жасалгасы), математикалык да (так эсептөө жагы), физикалык да (тең салмакта тигилээри) айлакердикти ичине тыгыз камтып, бөтөн көз кырында уюткулуу журтчулукту даңазалоочу даражага жеткен.

Тоолорго кийгизген топудай,
Түтүнү үкүдөй булаган.
Аталар түндүгүн көтөрүп,

Энелер уугун улаган, – бүркүт менен конушташ кыргыз сымал көчмөн урууллардын эң байыркы турагы боз үй көк тулаң өрөөндөрдө, муз төрлөрдө тигилип, жашоо жана жайлоо келбети бул кыштын кырчылдаган аяздарында да турмуш тиричилик үчүн жагымдуу жагдай түзгөн. Элибиз отурукташканга чейинки өйдө-ылдый мезгилдерди өз башынан өткөрүп келет. Ошентип, элибиз такай шамал, бороондо тотугуп, көчүп-конуп, турмуштун туш келдисине тушугуп келгени белгилүү, жалаң мал чарбачылыгын аркалап, каалаган жайга, мейли тоодо, мейли түздө жашоого укмуштай шарт түзгөн мындай үйдү жаратып алууга элибиздин жашоо тиричилиги өзү эле мүмкүнчүлүк берген:

Күн үстүндө отурам тегерек,
Оронуп мээримге ченебей.
Бабалар деминен жылынып,
Келишкен бороонду кенебей.

Калк жашаган жайларда үйгө керектүү жыгачтар чыккан. Кыргыздар боз үйдүн мындай кейпин келтириш үчүн кылымдар бою турмуштук тажрыйбаларын, акыл-ойлорун жана кол эмгектерин топтойт жана жумшайт. Ташып, чечүүгө жеңил боз үй каалаган жайга кондурууга ылайыкташкан. Ал жаандын суусун тез агызат. Табияттын ар кандай таасир күчүнө туруктуу келет. Ичине от жагууга, жылуулукту сактоого оңтойлошкон. Кутмандуу калкыбыз антип жашоо шартына ылайык боз үйдүн жүктөмө түрүн өнүктүрүшкөн. Ал айрым учурда «кыргыз үйү» деп аталат. Демек, боз үйдүн жүктөмө түрүн «сайма алачык» менен «алачык» сыяктуу көчүрүп жүрүүчү жайлардан андан ары өнүктүрүлгөн формасы деп болжолдоого болот.

Той өтүп боз үйдүн ичинде,
Балдары боз үйдө туулган.
Ай карап киндиктер кесилип,
Жылдыздын нуруна жуунган.

Кезегинде эл ач да, ток да жашады. Көрбөгөндү көр, көр азабы тең боз үйдөн ыр да, ый да угулду. Бирок, өз туруктуулугун көргөздү. Анда эшик ачылбады, түндүк тартылбады. Алаңказар жоо чапты, боз үйгө караңгы түн түштү. Эл кырылды. Бешиктеги бала найза учунда кетти. Катуудан казан, жумшактан күл калбады. Ошондо да:

Душмандын колунан тыптыйпыл,
Кетсең да күл болуп, жагылып.
Бир кыргыз калса эле, бутундан,
Тургансың кайрадан жаңырып.

Айтса-айтпаса төгүнбү, «Беделдин ашуусунда көк жалтаң мөңгүнүн үстүнө керege менен чийди жайып



жиберип, көчтү, малды эптеп чубаттык» – деп, 1916 жылы Турпанга дейре качып барып келген адамдардан өз кулагыбыз аркылуу укканыбыз бар. Кайран гана боз үй! Каңырыкты түтөтүп, сөөктөн көк буу көтөрүп, жүрөк жүлүндү титиреткен «Кайран эл» менен «Кандуу жылдар» так ушул алааматтын айдан ачык күүлөрү, арман күбөлөрү болуп калган тура!

Антсе да, куттуу үй экенсиң:
Тукумун курутпай сактаган,
Турмуштун азабын аркалап.
Кылымдын кырларын аттаган.

Жайып тиксе тең салмакты сактап, кыз такыясындай келишимдүү, бүктөп койсо, бир төөлүк жүк, көчүп конууга ылайык, тоолуктардын сыймыктуу мүлкүнүн көлөмү ар кандай көрүнөт. Үйдүн жыгачы «алты канат», «төрт канат», «жүз баштуу», «сексен баштуу» деп аталат. Бул боз үйдүн чоң, кичинесин далилдейт. Тигип, чечүүгө жана көчүп-ташууга, ички эмеректеринин орун алышына орточо көлөмдөгү үйлөрдү жасоого максатка ылайыкташат. »Тигилиши мыкты», «бүркүттүн томогосундай», «топтой келип», «такыя түндүк» жана башка ушул сыяктуу жалпы элдин калыс сынынан как жара өтөт, чыныгы элдик архитекторлор.

«Ыпчыда» туруучу эркектин,
Ат жабдык, куралы, жарагы.
«Эпчеде» болуучу аялдын,
Чыгданы, сабаасы, табагы. Ак сөз.

Эгер боз үй тегерек болбосо, шамалга байымсыз сезилет. Элибиз мында шамалдын таасир эткен күчү аз болушу үчүн мунун цилиндр формасын тандап алышкан. Бул

үйдүн ичин иреттөөгө, жайланууга да ойдогудай турмуштук жагдай түзөт. Тактап айтканда, казан аяк, чыгдан, көшөгө (уул келин жата турган жай) төр, жүк, үй ээси жатчу жайы, ээр токум, анан эшик, ортодо коломто орун алат. Боз үйдүн ичинин ашкана тарабы «Эпче, эр бүлө жайлашкан тарабы «ыпча» деп бөлүнөт. Боз үйдүн ушундай формасында үй эмеректери сыйымдуу келет.

Мына ушул боз үйдө мен дагы,
Төрөлүп, түтүнүн жыттагам.
Шыкаалап түндүктөн жылдызы,
Ай нурун кучактап уктагам.

Кыскасы, ушул боз үйдүн керегесинин ийриликтерин аныктоодо жеңдей жыйылып жана эркин жайылып калышын дагы закон ченемдүүлүктү зергерлер даана көрүшөт. Ошондуктан, бөйрөктүү болгондуктан «Боз үй тигели, эл көп батат» дешип жакшылык жамандыкка боз үй тигүүбүз да бекеринен эмес. Боз үйдүн кылаасында «ат чабылат», «улак тартылат» кызыктуу элдик оюндар уланат. Айлуу түндө «Ак чөлмөк» кырк күндүк кыз оюну курулат.

Уктуң го кулагың кубанып,
Кыз-келин «Бекбекей» айтканын.
Бир жактан короону күзөтүп,
Бир жактан үндөшүп жатканын.

Айлуу түндө боз үй too түндөрүн сулуулап, кызкелиндердин күмүш күлкүлөрүн, назик жүрүм-турумдарын деле укмуштай көркөмдөтүп, таптакыр эле башкачалап жиберет эмеспи. Боз үйдө олтуруп жер чечегин безеп карыялар санжыра чечкен.

Сагынбай «Манасты» айтканда,
Отуруп боз үйдүн төрүндө.



Туурдуктар кетүүчү түрүлүп,
Жардашып келгендер көрүнүп.

Ушинтип алп манасчылар «Манас» айткан. Саякбай «Тай торуну» чапкан, Кара молдо, Атай, Ыбрайлар черткен комуздун мукам үнүнөн жаратылыш көшүлгөн. Төрүндө Токтогул ырдаса, курчаган калың эл жарданып... төрүнөн тилинен чаң чыккан таланттар жаралган жана төрөлгөн.

Боз үй таптык доордо ак үй жана кара үй болуп экиге бөлүнгөн:

Бул үйдө жашаган адамдар,
Ак үйгө кирүүчү корунуп.
Өндөрү азаптан карайып,

Өмүрлөр билинбей сорулуп... кара үй көбүнчө жатакчыларга таандык болуп, оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө кезмеги бир келип, эңсөө-тилектери колуна тийип, боз үй шаңына чыгып түндүгү менен эшигинен Совет өкмөтүнүн кызыл байрактары желбиреп, кызыл үй, китепкана, дүкөн жана башка маданий борборго айланган. Боз үйгө улуу жолбашчыбыз Лениндин сүрөтү илинген. Дастанда даана көрсөтүлгөндөй боз үй касиети мына мында; күнү-түнү боз үйдүн эшиги коноктор го дайыма ачык болгондугунда. Боз үйлүү желеге кирбей кетүү наркта жок болгон. Боз үйдү чечүү, жүктөө, сактоо өзүнчө эле бир искусство! Күйөө, кызга өргөө көтөрүү салты айкөлдүк эмей эмне! Азыр кара үй, ак үй жок. Ак боз үйлөр күнөстүү Кыргызстандын «төл майрамдарда», «эс алуу жайларда», урматтуу конокторго карата ардактап тигилет. Жеринен эле боз үйдүн эң мыктысын «Ак өргөө» дешчү. Арийне, ал обочо, бийигирээк жайга тигилген. Актыгы, чоңдугу менен айырмаланган. Өргөөнүн жасалгасына айтылуу уста-

лар, уздар катышып, өргөөнүн эң чаканы алты, чоңу он эки канатка жеткен. Өргөөгө чыгдан тартылбайт, от жагылбайт.

Азыр жыргал турмушту аркалап:

Төрүңө сыймыктуу илинип,
Ленин алкышка киринип.
Мактанып дале сен жайлоодо,
Турасың чатырап тигилип –

деп боз үйлөрдү көлөмүнө карабай, «Ак өргөө» деп, биз таамай эле айта алабыз. Ушундан улам мына бул эске түшөт. Мындан үч жыл мурун ГДР дин Лейпцих деген атактуу шаарында Бүткүл дүйнөлүк көркөм көргөзмө-ярмарка ачылды. Анда кыргыздын элдик колдонмо жасалга өнөрүнөн да бай экспонаттар көрсөтүлдү. Боз үй аалам алкагынан келген көрүүчүлөрдү таң калтырып таштады.

Мындай боз үйүбүз кошо катышкан форумдар Индия, Канада, Сирия, Турция, Алжир, Швеция өңдүү чет өлкөлөрдө болду. Башкача айтканда, дүйүм дүйнөсү кеңейип:

Көп келип уккандар кызыгып,
Мейман үй көбөйүп баратат.
Шаңкайган ак тамдар көркүнө,
Көргөндү суктанта қаратат.

Укум тукумга уланып, купуя сырларын кийинкилерге мурастап, коломто отун өчүрбөй келген турагыбызды жасалгоого Дөөтүнүн шакирттери чок кармаган усталар, жез оймокчон ууздар чыгып, бир эле үйдүн тигилиши үчүн айлакер зергер, жыгаччы, кайкач бармак оймочу, көз каргыткан саймачы, термечи, токуучу, эшмечи, түймөчү, чырмакчы, бычмачы, тикмечи болуп чыга келишкен. Ал бул дастан ыр саптарында:



Канатың керилип ак куудай,
Ак өргөө алп жайга айланган,
Кийинтип түрлөнтүп түр салып,
Чийин да бир бирден чырмаган.

Саймасын кештелеп сайып, оюмга кыялын түшүрүп, кергичи керилип, сызмасы терилип кийизден жабык башы оюлуп, түркүн түз айкалышып, жашыл тоодогу дүйүм гүлдү элестеткен боз үйдүн элдик жасалга – колдонмо өнөрү:

Энелер кыялын кыялап,
Сырдашып мына ошол сыр менен.
Колумда жорголоп калемим,
Тиксем деп отурам ыр менен...

деп акын менен уздун көркөмдүк дүйнөсү өзү эле нымдаша түшөт.

Бирок ...
Көнөчөк көтөрүп басышчу,
Сырдаша бурала желеге

Көнөчөк каймак жыйноочу, карагат терүүчү, көнөккө бээ саайт, кымыз куят.

Туурдуктан жылдыздар көрүнүп,
Жокчулук башынан ашынып...

дейт акын. Туурдуктун сыртынан канат чий каланат. Жыртык үзүктөн жылдыздар көрүнөрү шексиз. Ошентип, окуучулук жекече баамымда бул дастан тууралуу да акындын бир эпкин менен эргиши белгилүү өлчөмгө бийик көтөрүлүп, боз үй боюнча жүрөгүндөгү актык как жарылып, ыр ыргагы жатык, элпек чыкканы дароо байкалат.

Бул анын поэзиянын кан жолунда аста-секинден төшөлүп баратышын баамдатат. Элдин этнографиясы

менен жетишээрлик тааныштыгы автордун мындай ийгилигине чоң бедел болгон.

Боз үй бүтпөгөн дастан! Бул жагынан караганда акында күч да бар, сокмок да бар. Толук кандуу ата конушубузда төрт тарабы төп келишкен мындан да бөйрөктүү боз үйдү тиге ала тургандыгына өзү күбө. Албетте, бал жыйнаган аарыдай, жүк ташыган кумурскадай талбай ташыркабай, эмгектерине жана изденерине биз ишене алабыз.

*Амантур АКМАТАЛИЕВ,*
*Көл өнөрчүлүк боюнча Борбордук көркөм эксперимент лабораториясынын иликтөө жана пропагандалоо секторунун башчысы.*
*Журналист.*
*1989-жыл, декабрь.*



## Акын Гүлсайра Момунова – 50 жашта
## Калем учуңуз кажыбасын

Гүлсайра Момунованын «Тилек» аттуу алгачкы ыр жыйнагынан баштап, быйыл чыккан «Табаар белем» аттуу ыр жыйнагына чейин өзгөчө көңүлүн бөлүп, тынбай жазып келаткан ырлары – эмгек жөнүндөгү ырлар. Муну биз Социалисттик эмгектин баатыры Күлсайра Сулаймановага арналган «Эне мээрими», атактуу чабан Мырзабек Мамбетов жөнүндө жазган «Бийиктеги кездешүү» жана башка ушул өңдүү поэма, ырларынан байкайбыз. Быйылкы жылы жарык көргөн «Табаар белем» ыр жыйнагындагы көп ырлар да эмгекке, туулган жерге, жер жүзүндөгү тынчтыкка арналган. Тынчтык. Бул сөз ар бирибизге жакын, жылуу. Жер жүзүндө тынчтык болсун. Балаң маңдайыңда, жарың жаныңда, ишиң колуңда болсун. Ар бир адамдын, эненин тилеги ушул. Акын Гүлсайра ошол тилекти минтип билдирет:

Жапжашыл мобул жайыктан,
Апакем басып келатат.
Кубарып жүзү муңайым
Көңүлдө терең ой жатат.
Энеси үчүн эки уулу
Кош чырак болуп жагылган...

...Келбести күтүп зарыгып
Арылбай жүрүп үмүттөн,
Арманга жүрөк чыдабай
Акыры кетти күйүттөн...

Чогунан ошол күйүттүн
Жүрөккө сүртүп алганмын.

Көгүчкөн болуп ааламга
Тынчтык деп ырдап калганмын.

Толугу менен келтирилбеген бул ырда согушка кеткен эки уулунан ажыраган эненин күйүтү, кайрылбасын билсе да зарыгып жол караган үмүтү жана акындын ага болгон мамилеси даана тартылып, жүрөктүн тереңинен сызылып берилген. Ушундай эле ойду акындын «Эсимде калган эки сап» аттуу ырына да айтса болот. Гүлсайра Момунова да туулган жер жөнүндө бир топ ырларды жазган жана жазып келүүдө.

...Жүрбөйүн кайда тууган жер
Көңүлдө турат көрктөнүп.
Кечтеги күндүн батканы
Көзүмдө турат өрттөнүп –

деп бир четинен бир кезде балалык күндөрү өткөн жерге болгон кусасын, сагынычын, сүйүүсүн билдирсе, экинчи четинен:

Ээндеп басып төш менен
Кездешип бала кез менен.
Жеримди бүгүн караймын
Энелик мээрим көз менен....

деп турмуштун ачуу таттуусун билип, өмүрдүн бир далай жүгүн көтөрүп калган эненин токтоо көзү, мээримдүү жүрөгү менен карайт.Тууган жерге бала көз менен эмес, эне көз менен карап, аны бар жамандыктан баласын калкалагандай эле калгалагысы, сактагысы келет. Жыйырма жылдан ашык убакыттан бери чыгармачылыкта иштеп келаткан акындын ырларындагы бир өзгөчөлүк – ырлардын жаркын маанайлыгы, турмуш менен жашоого болгон түгөнбөс кумары. Мындай ырларды анын ар бир жыйнагынан кездештирүүгө болот.



Түгөнүп күткөн үмүт калбай мүлдө
Калса да кумарлантып келчү күнгө.
Ээрчитип бара жатып уу берсең да
Баары бир таттуусуң сен жарык дүйнө...

дейт акын бир ырында. Ооба, калетсиз сөз. «Ээрчитип бара жатып уу берсе да» жарык дүйнөнүн адам үчүн кызык экени кызык, таттуу экени таттуу эмеспи. Гүлсайра Момунова акын гана эмес, журналист катары да белгилүү деп айткым келет. Өзү иштеген редакциянын ишине жан дилин төшөп, кезеги келгенде жайы дебей, кышы дебей жер жерлерге командировкаларга чыгып, бир канча жакшынакай очерктердин, макала, публицистикалардын автору болду. Ошол эмгеги жогору бааланып ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасы, СССР Журналисттер союзунун Ардак грамотасы менен сыйланган. Бирге иштешкен кесиптеши катары анын ак көңүл, кең пейил, керек учурда адамга колдон келген жардамын, жылуу сөзүн аябаган жолдош экенин айта кетким келет. Редакцияга келген жаш авторлорго, акын келин – кыздарга улуулук, насаатчылык кеп – кеңешин айтып, макала, ырларын чыгарууга көп көмөк көрсөткөнүн көрүп жүрөм. Мындан он төрт жыл мурун мен редакцияга жаңыдан ишке келгенде Гүлсайра эже солкулдаган жаш келин эле. Жылдар тез эле өтөт тура. Эми минтип эже быйыл элүүгө чыгып отурат. Бирок, ал али деле жаш, али деле сулуу, али деле жаштык деминен тайбай, жалындуу ырларын жазып келатат. Эмесе, эжеге калеминин учу кажыбасын, өмүрү узун болсун деген каалоону каалап койолу.

*Сагын **АКМАТБЕКОВА***
***(Мугалимдер газетасы.4.12.1984-ж.)***

## Гений акын Гүлсайра

Жараткан ар бир пендесинин башынан өткөрөөр турмушун, тагдырын бешенесине жазып коёт тура. Кудайым Гүлсайрага мээримин аябай төгүп, ыймасын куйултуп, табиятынан упа эндиги жок эле керемет сулуулук, ажайып жүз берип, перидей кубултуп, кудурет жылоолотуп, өнөр коштотуп, сөз баксын деп жакшылык ширетип жаратып койгон. Адамдарга мээрим төгүп, секетим садагасы деп күн нурундай табы менен пендении жүрөгүн жылыткан, ар дайым жакшы сөз айткысы келип турганы, ошол ырыскысын көккө чыгарып, жылдыздардай жымыңдаган ыр түрмөгүнө айлантып жиберген өнөр менен бааланып дүйнөсүнө ыр түнөп акын болуп калганы да ошондон. Жараткан музага бүтүндөй дүйнө турмушту сыйгызып, он сегиз миң аалам сырларын терметип, авасы менен махабатын, азабы менен жыргалын, бийиктиги менен пастыгын, тереңдиги менен улуулугун, жаштыгы менен карылыгын, аптабы менен аязын, ак ниеттүүлүк менен карасанатайлыкты, ичи тардык менен жоомарттыкты, дегиси эле жан бүткөндүн сезиминен өтүп, көз алдында жайнап турган турмушту шурудай сөз берметтери менен дааналап сүрөттөп, поэзия кудуретине салып берген акындык талантты, даанышмандыкты көрүнгөн эле пендесине ыроолой бербесе керек.

Гүлсайра Момунова көктүн мээрими түшүп, купуя кут даарыган поэзиянын дүйнө кубулуп көрүнүп турган, бир ырына эле бүтүндөй ааламды сыйдырган ак таңдай төкмө акын Жеңижок абасынын күн десе күн, түн десе түн шатыраган нөшөрдөй тынымсыз көнөктөп



куйулуп, күчөп кеткенде айланага алай дүлөй түшүрүп жер сабаган мөндүрдөй теребелди удургутуп, өткүндөй өтө чыгып турган өзгөчө кайрыктары, турмуштун өзүндөй жарашкан керемет ажайып уйкаштыктары, өңгөгө оңой менен сезиле бербеген көккө чыгып турган өзгөчө таланты, жаратмандыгы менен чогулган элди аң – таң калтырган, азыр да аалам кезип шаңшып турган ченде жок таңгаларлык өнөрүн улаган ыр саптары жамгырдай төгүлүп турган, окурмандарынын урматына ээ болгон ойчул, көсөм акын. Анкеним, колуна комуз алып төкмө акын болбой, жазма акын болуп калганы. Күндө жөн олтура албай тынымсыз ыр жазып, уйкаштарынын өзүнөн өзү эле куйулушуп турганы, ыр түрмөктөрүн отурган жеринен бат эле жел аргыдай лепилдетип бат эле жаза койгону, анан ошол жазганын окурманына тез эле жеткиргиси келип кайдадыр ашып шашып турганы, эл алдына бат-бат чыгып ыр окугусу келип муза дүйнөсү шаңшып турганы да ушундан. Көпчүлүккө чыгып ыр окуганда бугу чыгып, жарпы жазылып калгандай. Бул чыныгы акындык касиеттин тынчтык бербей удургутуп турганы да. Поэзия пири колдогон эженин бул далалатын түшүнө бербегендер кезиге калып жүрөт. Ал акындын гана генийи эмес. Манас атанын, Бакай, Кара Буура, Жусуп Баласагын бабаларынын, укум тукумдарынын, Каныкей энебиз менен Жаңыл мырза баш болгон кыргыздын чыгаан, катылгандын катыгын берген көк жал кыздарынын дидары менен сүрү коштогон, алардын касиети колдоп турган акты ак, көктү көк деп айта алган айбаты, аялдык сырттандыгы бар баатыр да, мекенчил да акын. өткөнүн үйрөнүп, урматтабаган, даңазалабаган, ырга салбаган калемгер акын эмес. Ушул өңүттөн алганда да Гүлсайра эженин поэзиясынын тарбиялык маани-

си, агартуучулук шарапаты, мекенчилдикке үндөгөн кудурети өзгөчө. Турмушту ырга айлантып ажайып поэзияны жараткан, заман музасын гана жазбастан тарыхыбыздын тереңин эңшерип үйрөнүп, ата бабаларыбыздын нарк нускаларын даңктап, элге сунуштап турганы менен да Г.Момунова гениалдуу акын. Кылымга тете өмүр сүрүп, акындык үнү шаңшып чыгып, жылдыздар арасында жымыңдап жанып калган Гүлсайра эже азыр да ыр нөшөрүн ак жаандай жаадырып келет. Анын акындык даремети, бүтүндөй дүйнө сыйып турган поэзиясы, жашоого ак жарыгын чачып, пенде ашууга мээримин төгүп, акындык да аялзаттык да кудуреттин төрүнө чыгып турган дидары менен касиети окурманды таң калтырат, кубандырат. Поэзиянын туу чокусуна сайган акындык байрагы да ушул ойду ырастап, муза касиетин даңазалап жалбырттап турат. Акындын поэзиясы менен таанышкан сайын, кошул ташыл түшүп ой толкундарынын коштоосунда болуп көңүл өсүп турат. Жакында эле жарык көргөн «Бабалардан уңгу башат» аттуу көлөмдүү ыр жыйнагы өзүнүн поэтикалык жаңы табылгалары, өмүр көчүнүн кайталангыстыгын муза кайрыгында өзгөчө чеберчиликте таланттуу чагылдыргандыгы менен айырмаланат. Өзгөчө, «Бабалардан калган сөз» деген аталыштагы поэмасы окурмандын көңүлүн уйгу туйгу кылып, сыймыгын арттырып, намысын курчуткан залкар ойлордун тоодой толкунун түрмөктөтө сапырылтып турат. Байыркы ата-бабаларыбыздын дүбүртү, алар жашаган замандын оош-кыйыштары, гүлдөп өнүккөн мезгили менен ысык суугу, кийинчээрек кандай себептерден улам кыйрап калганы, азаптуу кезеңи көз алдыбыздан сызылып өтөт. Поэма өз доорунда бүтүндөй түрк дүйнөсүнүн султаны болгон, жакында 1000 жашка



толгон Кара Буура хан менен анын баш вазири Жусуп Баласагын бабаларыбыздын улуу рухуна, жалпысынан эле байыркы даңазалуу тарыхыбызга арналган.

X-XI кылымда Кара хандар каганаты болгон. Бул эбегейсиз мейкиндикти ээлеген каганатты Таластагы Кара Буурада туулган Кара Буура хандын башкарып турганы, анын баш вазири Жусуп Баласагын Кара Бууранын кеңеши жана сунушу менен «Кут алчу билим» аттуу эмгегин жазып жарыялаганын, экөөнүн тең кыргыз болгонун сыймыктуу баяндайт. Өңгөсүн айтпаганда да акындын ушул эле чыгармасы зор сыйга татыктуу. Анын бир нече шиңгилин окурмандарга сунуштайлы:

Кыргыз каным, кырк тамырым чымырап,
Кылымдарга түшүп кеттим зымырап.
Бабабызды баба дештен тартынып,
Келатканга үн чыгарбай дымырап.
Каамарыбай жүргөнүмө арданып,
Ар намысым жүрөгүмдө дыбырап,
Миң жашыңа арнадым деп миң сап ыр,
Бабаларга таазим кылдым шыбырап.
...Аталар кечиргиле, айыптуубуз,
Биз колдон көп нерсени алдырыппыз.
Өзгөнүн пашааларын жатка билип,
Өзүңөрдү унутта калтырыппыз.
Калкагар карааныңды көрбөптүрбүз,
Осуят сөзүңөрдү укпаптырбыз.
Капталып кара туман көөдөндөргө,
Көз ачпай кылымдарга уктаптырбыз.
Өз атасын «ата» деп айталбаган,
Айткылачы биз деги кандай жанбыз?...

Мына эми өзүңүз акыл калчап,ой чабытын шаң-

шыта бериңиз. Акындык кудуретке баракелде дейли! Гүлсайра Момунованын поэтикалык дүйнөсү турмуштун өзүндөй терең да, сырдуу да, ар түркүн күн нурундай төгүлгөн көркөм табылгалары менен өзгөчөлөнүп кулпуруп турат. Ансыз болмокпу. Айрымдар жаштыктын кадырын учурунда билген эмес экенбиз, өмүрүбүз өтүп баратат өкүтүн жазса, Гүлсайра эже минтип жатпайбы:

Сүйөм сенин жүзүндөгү бырышты,
Бырыш эмес ал күлкүнүн издери.
Чачтын агы сага турат жарашып,
Барган сайын ак нерсени издейби.

Агат күндөр ташкыны жок токтобой,
Аны менен биз да агып барабыз.
Аккан сайын алыстайбыз арылап,
Ал ансайын жарыгыраак жанабыз.
Ага берип түгөнбөөчү нерсе жок,
Биздин дагы өмүр агып түгөнөөр...

Махабат лирикасынан дагы бир
ыр окуп койолу...

Сүйө албайт дебе карылар,
Карынын дагы жаны бар.
Кайрат күч берип туруучу,
Сүйүүдөй улуу дары бар.
Сүйө албайт дебе карылар,
Карыбы, жашпы кабылар.
Жүрөк бар кезде алоолоп,
Ашыктык оту жагылар.
Сүйө албайт дебе карылар,
Бирөөнү ал да сагынар.



Сезим бар кезде анын да,
Чарт жарылар чагы бар.
Сүйө албайт дебе карылар,
Карынын дагы теңи бар,
Капыстан сүйүү дүрт этсе,
Кайрылып айтаар кеби бар.
Жигери батпай ичине,
Жигитке бергис деми бар...

Бул ыр саптарын өз кезегинде Токобуз (улуу демократ акын Токтогул Сатылганов) угуп калса ыр эмес бекен! Бали, аттаганат! – демек экен.

КРнын Эл акыны Гүлсайра Момунова жакында 80 жашка чыгат. Таланттуу акынга бүтүндөй кыргыз эли, адабият журту жан дили менен урмат сыйын көрсөтүп, куттугун айтып турат.

Анын чындыгы куттай жанып, эл журтун сүйүнтүп келер күн алыс эмес. Анын поэзиясы турмушту сүйүүгө, эрдикке ширелген. Кайсы жагынан айтсаң да дүйнө өмүргө шерик болуп, авторлошуп турганы. Ошондуктан Гүлсайра Момунованын Ата Журтуна арнаган эмгеги, поэзия дүйнөсүндөгү табылгалары, өрнөктүү өмүрү мамлекеттик урмат сыйга ар дайым татыктуу.

Жогорку мамлекеттик сыйлыктар ыйгарылат деп үмүт арталы. Гүлсайра Момунова 1937-жылы 31-декабрда Талас облусунун Бакай Ата районундагы Кең Арал айылында туулган. Жыйырмага жакын поэтикалык жыйнактардын автору. КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, КРнын Жогоку Кеңешинин Ардак грамотасы, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Даңк» медалдары менен сыйланган. «Алыкул Осмонов», «Түгөлбай Ата», «Аалы Токомбаев» атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты. Түркияда өткөрүлгөн

«Ата мекенди даңктоо» ырларынын Эл аралык конкурсунун жеңүүчүсү, Казакстандын «Жамбыл Жабаев» атындагы Эл аралык сыйлыктын лауреаты. «Түгөлбай Ата» Эл аралык коомунун «Кыргыз жылдызы» аттуу медалынын ээси.

Өткөн жумада Токтогул Сатылганов атындагы улуттук филармонияда «Роза Отунбаева демилгеси» Фондунун колдоосу менен КР Эл акыны Гүлсайра Момунованын поэзия кечеси өткөрүлдү.

Кечениn катышуучулары Гүлсайра эженин акындык дараметине таң беришип, чыгармачылыгынын жаңы кырларын байкап, поэзия айдыңында мындан ары музасы менен баарлана берүүсүн каалашты. Гений акын Гүлсайранын музасы аалам кезип, көктөн жанып турган кез!

*Арыбаңыз эже.*
*Меңдибек Асылбеков, (Фабула. 18.04. 2017-ж.)*



## Бабалар эпопеясы

Көңкүү журттун көөдөнгө көрөңгөлөткөн адеп-ахлак, ыйман аттуу көрөңгөсү шыпкалайын деп бараткан маалда президентибиз Алмазбек Атамбаев калкты кадимден бери келе жаткан улуттук кенчибизге бет алдырып аң-сезимин ойготкону орошон ишке тете болду. Каада-салттан каржала баштаган карыларыбыз бир силкинип алышып, бата беришке зам коюшту. Элүү, алтымыштагылар эми гана: «Ырас болду» – деп эки жагын элеңдей карашып, эч бир салт-сабырды эске албай жүргөндөрү: «Болуптурду» айтышка аргасыз болушту. Неберелер жети атасын иликтей башташты. Айтор, адам коомунда бабалар жөнүндө баяндардын, уламыштардын, санжыралардын аңгеме-дүкөнү ачылды белем. Нак ушундай учурда Кыргыз эл акыны тээ алтымышынчы жылдан бери калеми аркылуу калкыбызга калың, калың эмгек өтөгөн публист-акын Гүлсайра Момунованын «Бабалардан уңгу башат» аттуу романга тете поэзиясы жарык көрдү. Акындын бул китеби – кыргыз элинин байыркылыгын даанышман ата бабаларыбыздын эрдиктерин, калкты канатына калкалаган көсөмдүгүн жана айкөлдүгүн даңазалаган тарыхый даректүү эпопея.

Чыгарма ар намыстын бийик сересинде туруп, көөдөндөн эркин көөлгүп чыккан кулакка угумдуу, сезимге жугумдуу тил аркылуу толуп ташыган кыязда жазылган. Ооба, китептин жасалгасы жөнүндө пикир айталы. Мукабанын биринчи бетинде ак сакалы көөдөнүн жапкан, ак калпактуу, хандык чапанды жамынган аксакал мөңгүлүү тоонун чокусунда малдаш токунуп олтурат. Нак ушул сүрөттүн өзү эле окуучуну бийик ойго сүрөмөлөйт жана чыгарманын мазмуну та-

раптан кабар берет. Ошол эле аксакалдын алдына кудум ошол карыга түспөлдөш бирөө олтурат. Демек укумдан тукумга улана берген салт, нарктын үзүлбөстүгүн айгинелейт. Алар ак карлуу Ала-Тоонун чокусунда олтурушат. «Мөңгүбүз эрибесин, ырыс-ыйманыбыз кемибесин» – деген батага дал келген сүрөт. Ак сакал карыларыбыз да мөңгүдөй бийик түгөнбөгөн акыл ой – мөңгүсү. Ак карлуу мөңгү – түбөлүк жашоонун мүрөгү, өлбөстүктүн – азыгы. Ак карлуу Ала-Тоо кыргыз элинин бактысы, ошол себептен ар бирөөбүз, көзүбүздү жыртып, сыртка чыкканда Ала-Тоого жалынып, жалбарабыз, кубаттанабыз. Ушундай ойлордон улам китептин мукабасын ачканда немец илимпозу Шолберг жиберген «Кыргыз каганаты» аттуу карта көз алдыга тартылат. Бир чети Атлантикалык океан, бир чети Инди океанын ээлеп жаткан аймак турат. Заманында кыргыздар ушунчалык аймакты ээлеп, мамлекетин курап турган деп билебиз. Эми ошол аймакка Кара буура хандык этип турганы баяндалып, быйыл касиеттүү атабызга 1000 жыл толгону маалым этилген. Ушул жерден автордун издемчилдигин. Тарыхка издөө салып туруп, зор сыймыктануудан улам калемге сырын төккөнү маалымдалат. Ансыз деле акын: «Быйыл 1000 жашка толгон Кара буура жана Баласагын бабалардын улуу рухуна багыштайм» – деп баштаган. Биз, көпчүлүгүбүз кыргыздар жөнүндө тартылган картанын дайынын жана ошончолук мейкиндикке хандык этип турган Карабуура тууралуу акындын чыгармасынан гана туюндук. Автор эпиграф этип алган:

«Аталардан калган сөз,
Ааламды нукка салган сөз.
Бабалардан калган сөз,
Баасы бийик балбан сөз» –



деген кыргыз эл макалы чыгармага көрк берип, багытын ачып олтурат.

Макалдагы: «Аталардан калган сөз, ааламды нукка салган сөз», – дегени Карабуура хан менен Баласагын экөөнүн акылы ой санаасы улуу каганатты теске салып, биримдикке ширеткенин алдын ала окуучуга тап бердирип олтурат. Акын Баласагындын ырларын мындан бир нече жыл илгери окуган, ага таазим этип таасирленген. Ал эми Карабуура бабабыз тууралуу акын казак жергесине барганда дайын болду. Не деген-де, бизден мурда казак туугандар Карабууранын хандык эткен доорун иликтеп алышыптыр. Түп атанын арбагына арнап Курал Эржан аттуу айкөл адам күмбөз курган. Албетте, эл жыл сайын улуу адамдын арбагына сыйынышып турушат.

«Карабуура аты айтып тургандай,
Кара-буура деген жерде туулган,
Ата-энеси койгон аты Сатылган,
Түбү чегил «Кут ай» деген уруудан.
Агасы Кадырканды ээрчип барып,
Борбор шаар Кашкардан билим алган.
Илимге сугарылып жаш чагынан,
Асылдык дүйнөсүнө терең канган.
Аны аныктайт аалымдары дүйнөнүн,
Римде да дал ушундай жазылган.
Бир жолу эмес нечен курдай басылган,
Окугула, тактагыла жаңылсам» –

деп автор алдыңызга кашкайган чындыкты тартуулайт.

Ишенбеске арга жок. Деле биз атын билип, укпаган Кыргыз каганатынын ханы Сатылган (Карабуура) экенин кечигип болсо да билгенибиз шүгүрчүлүк. Ооба, бул окуя бакытка тете. Акыныбыз казак жергесинен эстелигин көрүп келип жан дүйнөсүндө ар намысы

удургуп, канын кайнаткан соң бир нече күн уйкудан безип, ааламды нукка салаар сөздөрдүн булагын таап, буулуккан ойлорун кагазга бүрккөн.

Калкагар караанынды көрбөптүрбүз,
Осуят сөзүңөрдү укпаптырбыз.
Капталып кара туман көөдөндөргө,
Көз ачпай кылымдарга уктаптырбыз.
Өз атасын «Ата» деп айта албаган,
Айткылачы, биз деги кандай жанбыз.

Мына, ар бирибизди намыска келтирип, уятка жыгаар саптар. Акын Карабуура жөнүндө кабар берип, карт тарыхтын барагында катылып, шакирти Баласагындын далдоосунда калганын маалымдаган. Анын жөн жайын: «Чогултткан байлык кетер суудай агып,
Жазуунун өмүрү узун күндөй жарык»,– деген Баласагындын эки сабы менен туюнткан. Деле байыртадан бери кылычынан кан тамган кол башчылар бүт ааламга бүлүк салган хандар унутулуп, калайык калктын жан дүйнөсүнө күлазык камдап, көчүнө чырак аскан акылмандар жана акындардын ысмын өлбөс-өчпөс эл укумдан – тукумга айтып калган. Акын жогорудагы оюнан соң Карабуура жөнүндө баян этет.

Карабуура акыл ою ааламды тегеретткен,
Арстандай айбаты душманын чөгөлөткөн.
Баш коштуруп, бүтүндөй түрк элдерин,
Желегин каганаттын көкөлөткөн –
деп хан атабыздын жан дүйнөсүн өзгөчө эргүү менен сүрөттөгөн. Ушуга удаа анын акылмандыгын, алдын ала сезе да билген касиетин, адамкерчиликтеги мүлдө сапаттар анын көөдөн толгон ар намысын ар тараптан тереңдете, ынанымдуу ойлор менен сүрөттөгөн. Ушул



жерден: «Карабууранын атын угуп анын жан дүйнөсүн ачып берүүгө эмне себеп болду?» – дечүлөр кездешпей койбойт. Ага биз өңдүү тээ алтымышынчы жылдан бери курбалдаш да, чыгармачылык шериктеш да болуп келгендер гана жообун айта алат.

Гүлсайра Момунова газета журналда кыйла жылдап, үзүрлүү эмгек этти. Ошол жылдары ал кыргыз жергесинин аз дегенде алты жолу айланып чыгып, эмгектин алдыңкыларын, агартуучуларын, мамлекеттин жана коомдун ишмерлерин даңазалаган публистика, очерктерди, поэмаларды арбын жазды. Ар бир адамдын кулк мүнөзүн, табиятын кылдат баамдап ода жазды. Кыргыз поэмасында ода жанрын Гүлсайра гана ачып улантып келе жатат. Анын адамдын жан дүйнөсүнүн чалкарлыгын, ар биринин бөтөнчөлүк касиетин баамдоо жагынан, аны бийик ойго каныктыруу чеберчилигинин артыкчылыгын айтпай кетүүгө акыбыз жок. Дагы бир утуш алган жагы элдик даанышмандыкты терең билип, чыгармасына колдоно алышы устаттык эмеспи. Ушундай чыгармачылык изденүүдөн улам Карабуура атабыздын, Баласагын өңдүү улуу акыныбыздын касиеттерин сыпаттоодо окурмандарды суктандырып жатканы ошол. Бул эпопеяда Карабуура жөнүндө кененирээк баян берилген.

Болуптур Карабуура атабыздын,
Өзүнүн эки уул, эки кызы.
Эки уулу атабызга эки канат,
Эки кызы периштеси, эки кушу, –
деп анын бала-чакасынан бери иликтеген.

Ошол уулдарынын бирөөнө Түндүк тарапты, бирине Түштүк жакты энчилей, эки кызын да атагы таш жарган жерлерге узатат. Бегим аттуу кызын кыпчактын даңктуу уулу Санжарга берет. Эл бар кызынын

никеси Кожо Акматтын шакирти Сулайман Бакырганга буйурат. Кыздары конуш алып бактылуу жашап жатканда Бегимай кызын кырсык чалат. Күйөөсү Санжар ат кошчусу менен аң уулаганга чыгат. Санжар курч кездигин унутуп калып, алып келүүгө малайын жөнөтөт. Малай барып үн салып, кездикти сураганда Бегимай жылчыктан кол учунан узатат. Малай колду көрүп эстен танып, малай кечигип барганда Санжар каарданат: – Чынынды айт, эмне болду? – дейт. Малай өлүмдөн коркуп: «Бегимай кармап, койо бербей койду» – деп жалган айтат. Санжар ошол замат учуп күйүп барып, териштирбестен Бегимайдын бетин тилип, оң колун шылый чабат.

«Бузукуну салгыла деп зынданга
Көргүм келбейт көзүмө чөп салганды,» – деп каарданат. Санжар жаткан өргөөгө Карабуура келип:

Ай балам ай шаша чара көрүпсүң,
Анык болсо, алсын кызым жазасын.
Калп болсо эгер, жылан жутсун силерди,
Калааңарда бир да адам калбасын, –
деп басып кетет.

Кызынын ал абалын көргөндөн соң эзели оозунан каргыш чыкпаган адам ачууга жеңдирип койгонун кийин сезет. Не болсун касиеттүү адамдардын каргышы каза болбоптур, асман бүркөлүп, чагылган ойноп, асмандан жылан жаап, калаа өлүк толгон жайга айланат. Ал кезде периштелер Бегимайды аргымакка мингизип, бийик мунарага чыгарышат. Ал мунара азыркы Бурана тура. Жылдан жыл өтүп, Элебар кызы Айша аттуу сулуу кыз төрөйт. Ал кызы Таразга ашыгына бараткан жолдон жылан чагып, мерт болот. Ошондо Карабуура бабабыз: «Жылан жутсун деп каргыш айттым эле



Чоң күнөөкөр болдум бекен Аллага,
Ачуум менен айтып ийип каргышты,
Убалына калдым далай адамдын
Сурагы бар ар нерсенин өзүнчө,
Жараткандан ал жазамды алдымбы?
Ойдо жокто жүрөгүмдү канатып,
Чүрөгүмдү жерге берип салдымбы?» –
деп кан жута кайгырыптыр. Таразда Айша айымдын күмбөзү бар экени, ага улуу атанын урпактары барып, дуба окуп турушаары баян этилген. Автор окуучунун алдына тарткан өзүнчө бир сырдуу окуяда: «Ачуу шайтан, акыл дос, акылыңа акыл кош « – деген элдик макалды эске салган. Дал ушул публицистикалык поэмадан ачууга алдырган, ызага уулуккан шашмалыктын акыры ажал коштогон кайгы болоорун жыйынтыктуу баян эткен. Ал эми такай такыба жүргөн акылман адам эзели оозунан каргыш агытылбаган айкөл адам кызынын канга баткан денесин көрүп, канкорлукка каргыш агытып, канчалаган адамдын убалына калып акыры өзүнө да залалы тийгенин автор кыябын келтире сүрөттөгөн. Бул притча маанисиндеги окуя мүлдө адамга сабак болоору шексиз. Ушундай окуядан соң автор Карабуура бабабыздын тээ түпкүрдөн угулган коңур үнү кулагымда жаңырат деп келип, осуятынан тап бердирген:

«Биз өмүрдү силер үчүн деп бердик,
Бул мекенди силер үчүн деп келдик,
Башыбызды канжыгага байландык,
Журтубузда болсо экен деп эркиндик,
Бул мекенди силер үчүн сактадык,
Бир кадамын, бир ташын да сатпадык,
Эл четинде, жоо бетинде өттү өмүр,

Бир күн тынчып, белди чечип жатпадык,
Турмуштун казанында кайнап келдик,
Биримдик, ынтымак деп сайрап келдик,
Улуу эпос, ырларымдын кайрыгында,
Курчутуп кызыл тилди кайрап калдык.

«Бул осуят кылымдарды аралап түмөн, түмөн калктын ой түпкүрүнөн очок тутантып, калкыбыздын биримдигин, ынтымак-ырашкерлигин чыңап, ар намыска бөлөп келген. Бул осуят күнү бүгүн биздин улуттук намысыбызды кайнатып: «Каада салтыңар кайда? Абийир, ыйманыңар, ант шертиңер кайда? Акылман карыңар, антка бек көсөм уул-кызыңар кайда?» – деп жоктогондой олуттуу ойго салат. Акындын «бабалардын осуяты» – деп окурмандарды ынанта баян эткен философиялык жагдайдагы ойлорун анын тапкычтыгы, издемчилдиги десек куп жарашат. Карабууранын көзү өткөн соң Карахан каганаты урап калат. Көбүнчө так талаштан, арсыздардын алкы бузулуп, атак даңкты самаган эсерликтери болот. 1212-жылы Хорезм ханы Алладин мураскор болгон Арстанды өлтүрөт. Нак ошондой абалга жеткен учурда Чыңгыз хандын жортуулу күчөп, баатыр уулдарын жоокерликке алып, чагатайлардын үстөмдүгү жүргөн. Ушундай тарыхый окуядан соң акын адамгерчилик, адилдик жөнүндө, журт башына келчүлөр тууралуу, калктын акыл ой парасаты кандай болуу керектигин баян эткен публицистикалык ойлор таамай, таасирдүү маңыздуу баяндалган. Акырында:

Максат эмес, жалаң күрөш, кан төгүш,
Жан дүйнөгө жасап улуу төңкөрүш.
Адам оюн асылдыкка сугарып,
Керек эле адам болуп өзгөрүш. деген терең ой менен жыйынтыктайт. Бирок, акын Карабуура бабалардын: «Канткенде адам уулу адам болот?» – деген сөзүнө карата адам болуу ыйык парз экени, ал күн санап өөрчүгөн күрөштөн улам жараларын публицистикалык көлөмдүү ой менен бийиктете сүрөмөлөйт. Дал бүгүн акыл ойго жардыланып, жан дүйнө жутап турган чакта Бакай, Манас бабалардын даанышмандык дарсын алалы деген ойлорду чубуртат. Жыйынтыгында узак бата менен чекит койот. Кыз келиндердин батакөйү – Гүлсайра Момунова. Кыска, нуска баталарды каалоо тилектер коштоп кеткен накыл ырлардын автору. Негизинен байыртадан эле батанын жөн жайы, кыска нуска жана табышмактуу кыя салдырмага такалат. Бата уккандын көөдөнүнө орногондой ойго тереңдиги жана нускалуу жагы менен айырмаланат. Акын бул батасын публицистикалуу кулачтуу каалоо, тилектерге, үмүттөргө бастырып койгон. Дале акынга тиешелүү мүнөз ой нокотунан оодарыла сапырылып алмасы бар. Мына ушундан соң акын автордук чегинүү иретинде бүгүнкү доор тарапка канат сермейт.



Элге тиет бир адамдын кесири,
Элин багат бир адамдын акылы.
Жарык чачып берди бүтүн өлкөгө,
Бир кызынын жүрөктөгү жарыгы. – деп келип, Роза Отунбаеванын акылман уюштургучтугу, көрөсөмдүгү чеги менен ченеми менен даңазаланган. Мындан соң: «Карап турсак Алмазбектей уулубузда,
Карабуура атасындай башчылык бар.
Ата сөзү жанга азык, курал болуп,
Өлкөдө боло берсин жакшылыктар» – деп келип, дүйнөнү дүңгүрөткөн көчмөндөр ойнун баш кылып, далай ийгиликтерди ирети менен санактан өткөрүп, президентке да ак батасын арнаган.

Адилеттик казак элге жөлөк болду,
Ата сөзү Нурсултанга жөлөк болду.
Карабуура атасынын заңы менен,
Бийлиги адамдарга өрнөк болду – деп Нурсултандын ким экенинин мактап тааныткан соң анын сансыз ийгиликтерин ийине жеткире даңазалаган. Акын бул теманын соңунан:

«Аталар сөзү акылдын көзү» – демек,
Кыйналганда калкыма кубат болсун,
Кармаштарда баатырга айбат болсун,
Калкымдын учаарына канат болсун,
Кылымдар ырдап бүтпөс санат болсун – деген бата менен тыянактайт. «Кожо Ахмет яссаби эмес, Кожо Акмат жазылык» – деген темада баян эпопеянын нугу да башаты да болгонсуйт. Оболу акындын ыкмасынын чордонун туйунткан портреттик дарекке өтөлү. Анда мындайча башталат:

Жашаптыр Карагандар заманында,
Кожо Акмат жазылык улуу адам.
Пайгамбардын жердеги элчисиндей,
Олуя, улуу ойчул жана акылман. Демек, мына ушул түрмөк Акматтын ким экенин төрт тарабынан даректеп берди. Ушундан сон акын Кожо Акмат жашаган доордон, ошол кездеги шаарлардан, өзбек, кыргыз, казак жана түрк эли бир уядан учкандай уюткулуу журт курганынан кабар берет. Карабуура хан атыгып турганда өнөр, билим, маданият өскөнүн даңаза этет. Нак ушул жерден касиеттүү окуя баян этилет. Пайгамбар Арстанбаба олуяга аманат калтырат; «Беш жүз жыл өткөн соң бир бала жаралат. Анын ысмы Кулкожо Акмат жазылык болсун. Ошол гана ааламдагы элди ыймандуулукка, аруулукка баштап, дүйнөнү жакшылык нугуна салат. Мына ушул курманы төрөлгөн балага бересиң», – дейт. Арстанбаба олуя беш жүз



жыл жылдап күтүп жүрө берип, мөөнөтү толуп, бала төрөлгөндүр деп издеп жөнөйт. Кыйла жер арыткканда Пайгамбар: «Жазыдай бейиш жерден табасың» – деп ишара этет. Нак ошол жергечукулдаганда чүкө ойноп жаткан топ баланын арасынан зиректүүсү олуянын алдын тосо: – Ассалоомуалейкум бабам, Мухамбет Пайгамбардын аманаты курманы мага берээр бекенсиз? – дегенде Арстанбаба таң кала жакасын мууна кармап, Аллага алкыш айтып, аманатын аткарганга кубанат. Баланы чакырып алып, оозун ачтырып туруп, беш жүз жыл сактаган курманы оозуна салат. Баланын көңүлү көккө серпилип, ажары ачылып, ай ааламды айландыра карагандай болот. Мен, Пайгамбарым тапшырган аманатты аткардым, навыт кетип калсам жаназа окуп, жашырып коёрсуң – деп өтүнөт.

Жок ата, каруу күчкө толо элекмин, андан көрө акыл насаатыңызды үйрөтүп кетиңиз, мен али шарияттын багына коно элекмин – дейт. Алиги салам айтып, Арстанбабанын алдынан өтүнүп турган Кожо Акмат болот. Алар аңгеме дүкөн курган жер Кең-Жылга кийин Салам-Алик деген атка конуптур. Арстанбаба кайтаарында Кожо Акматка «Нааданга сырыңды айтпа, менин аты жөнүмдү кайдан келгенимди, ким экенимди эч кимге айтпа, ушуну көңүлүңө бекем сакта» – деп айткан соң жүрүп кетет. Кожо Акмат Арстанбаба устатынын атын оозанбай «Көк тондуу» деп тергеген. Себеби, ал сөз Көк асман дегенге такалып жатпайбы. Муну ар бир окурман өзү жооруп алсын. Кожо Акмат он жетиге толгондо Түркстанга барып, илим билимге каныккан. Акындын мындай саптары бар:

Төрөлгөн Өзгөн жердин Жазысынан,
Уруусу кыргыз элдин базысынан.
Атасы Ибраим. Энеси Карачач апа,
Жаралган Пайгамбардын батасынан – деп келип,

Жараткан ага түрк элине жарыгыңды чачып, ынтымакка бириктирген даанышман бол деген касиетти ыйгарганын баян этет. Ушуга удаа акын анын философиялык «Ыйман» аттуу даанышман дарсын беш түрмөк ырга батырган. Айрым уютмалуу жеринен мисал келтирбесек сөзүбүз кургак болуп, маңызы ачылбай калат.

«Ыйман жуткан эл алга озот» – деди,
«Ыйманы тайкы эл чачылып тозот» – деди,
Ыйман гана адамды адам кылат,
«Ыймансызга эки дүйнө тозок» – деди.
«Ыйман бар жерде Мекен бар» – деди,
«Ыйман бар жерде элиң бар» – деди,
«Ыймансыз билбейт мекендин баркын» –
«Ыймансыз билбейт элинин баркын.»

Акын жаш кезинен бери элибиздин каада-салтын, наркын канына сиңирип дүйнөлүк философия менен кенен-кесири тааныш болгондуктан Карабууранын да, Кожо Акматтын да асыл ойлорун алардын аманаты катары окурмандардын калың катмарына чеберчилик менен тартуулап олтурушун көркөм ойдогу ири табылга деп баалаганыбыз оң болот. Акын ушул ойго татыктуу деп баалайм. «Бабалардын уңгу башатында» Манас ата батасынан баштап, Кыргыз элинен чыккан даңктуулар жөнүндө Ода ыкмасында баян этилип, алардын ар биринин адамдык касиеттерин баян этип өткөн. Бул бабалардын эпопеялык баяны биздин улуттук педагогикабызды да, адабий мурасыбызды да кыйла ирилентип койгон деген тыянакка келдик.

*Калканбай Ашымбаев.*
*Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу*
*2017-жыл.*
*Ала-Тоо журналы №7.*



## Акын жүрөгү

Калем кармап кагазга жан дүйнөсүндөгү бар кудуретин жая салгандардын чыгармаларына илүү салсаң, ар сабында, ар сөзүндө жүрөк түрсүлү сезилип турат. Кыл табып тамырдын согушунан улам тула бойго кандай дарт тараганын туйган сымал, көркөм сөздүн көөрүгүн баскандар «чуу» деген жеринен эле чыгарманын дурус же бурушун чубап беришет. Андайларды сөз зергери дешет. Ошондой орошон ойлуу оргума талант, жүрөгүндө жалын бар алгыр канат – акыныбыз Гүлсайра Момунованын чыгармаларына учкай гана уруттуу кеп козгоштуу эп көрдүм.

Жүзүндө ак жаркын таңдын нуру ойноп, алкымын ай нуру аймалаган бул акын менен алтымышынчы жылдардан бери курбулук да, калемдештик, сырдаштык да жайыбыз бар. «Көрө көрө көсөм болот, сүйлөй сүйлөй чечен болот» – деген акындардын бири – Гүлсайра. Биз газета-журналдан өстүк. Басма сөз ар бир идиректүү акынды ошол кездин кайнаган турмушу менен катыктырды, оюн бийиктетип, акылын кеңейтип, калемин такшалтты. Басма сөз Гүлсайраны Ала-тоо аймагына аз болсо алты жолу аттандырып, өлкөсүнө өмүрүн бере иштеген балбан билек, баатыр жүрөк, ой-акылы мүрөк адамдарга кабылтты, алар менен сыр тартышып эл мүдөөсү жана Ата Журт тагдыры туурасында моокум кана сырдашты. Аары алыска учуп барып, канатына түркүн гүлдүн нектарын жугузуп кайткандай, акын адамдардан айкөлдүктүн, ар-намыстын, абийир менен акыйкатчылыктын эли-жерин сүйгөндүктүн касиеттерин калемине куйазык кылып алып келип, очерк, публицистика жаратып, ыр бер-

меттерин чубуртту. Геолог асыл заттарды жер түбүнөн кандай азап-тозок менен издеп тапкан болсо, Гүлсайра калктын калың катмарына билинбей сиңип алган адамдардын жүрөк сырын тартты. Мээнеткеч, жабык жерге туруп алып жалпы журтка жарыгын чачкан адамдардын кулк мүнөзү акындын кыялын чалкытып, шыгын арттырып, талантына түгөнгүс күч демеди; алгыр куш асман мейкиндигинде кандай чабыттаса, акын калеми кагаз бетинде дал ошондой эркин канат какты. Ошентип ал каарман журттун жүрөгүнө калемин уялатып, аларды кубантаар, шыктантаар, улам алга сүрөмөлөп, аң-сезимин аруулаган поэзиясын жаратты. Ал поэзия элдин муңун муңдаган, ой-максатын бийиктетип, ишенимге бөлөгөн керемет күчкө айланды.

«Ата Журт» деген ырынан бир шиңгил:

Көздөрүмдү көп нерселер кубантып,
Көөдөнүмдө жылдызданат ыр жаркып.
Күндөй бийик касиетиң Ата Журт,
Күндө жүргөн жүрөгүмдү нурдантып.

Ыр элпектене ички жана тышкы уйкаштары куюлушуп тилди ала качма аллитерациясы аркылуу сезимге сүртүлөт, же болбосо, «Элиме таазим» деген ырынын баштаган жеринде эле:

Кутман калкым, кагылайын кыргызым,
Күндөн бүткөн, нурдан бүткөн ырысым.
Сен бар үчүн мен бармын да, ырым бар,
Сен бар үчүн жанып келет жылдызым.

Ана, энелик мээримин төгө жалынып, кыргыз элинин насили ыйыктан бүткөнүн, ырысы соолубастыгын, ал касиет ар бир жанга мүрөк суусун ичирип жаткандыгын поэтикалык көркөм табылгалар менен шаңшып олтурбайбы. Дал ушул ырдан анын оттуу жүрөгүнөн эргип чыккан бийик дабышы эшитилип, капчыгайды жаңырта күү чалган дайранын доошу сымалданып жатпайбы. Демек акын жүрөгү – күнү бүгүн дайра сымал ташкындана күүсүнөн жанбаган учуру. Анткени анын табигый таланты жөнүндө Кыргыз Эл акыны, Эл баатыры, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты – Сүйүнбай Эралиев мындай дейт:



«Ал көп учурда юбилей ээлерине арнап ыр окуйт. Жүрөгүндө ырдын кенчи бар сыяктуу. Ал ырларында каармандын эң жакшы сапаттарын ачып, жагымдуу эмоция, жалындуу илеп менен кубаныч тартуулайт. Ал эми адамга жакшы сөз айтып, кубаныч тартуулагандан артык эмне бар?! ...Адамдын жакшы жагын көрө билип, аны көкөлөтө мактоо менен башкаларды да ошондой болууга үндөөнүн өзү эле искусство эмеспи».

Ооба, акынга ата тегинен, энесинен оошкон аруулук, ар-намыстуулук дареметтери, акыл-ой берметтери бар экенин айылдаштары кеп урганын эшиткен элек. Неси болсо да, акын жүрөгү назик, сезгич, баамчыл жана алпейим, нары үлбүрөгөн алыскы уяң жылдыз сыяктанат. Уяндык, тартынчаак келип, мүлдө адамзатка күн нуру сымал тегиз чачырагандай айкөлдүк жүрөктө камтылып жатканын нөшөрлөнткөн ырларынан илгиртпей баамдайбыз. Акын жүрөгү-ойго бай, акылман дастандарды төрөгөн жүрөк. Анын «Жан дүйнө», «Кут дүйнө» «Миң дүйнө» аттуу философиялык маанидеги үчилтик поэзиясынан улам – Ала-Тоо аймагында алдас урган канча дайра болсо, акын жүрөгү ошол тунук дайраларды элестетет.

«Миң дүйнө каректерде жаткан чалкып,
Нурдана көкүрөктө жүргөн жаркып.
Ыр болуп, анын айрым учкундары,
Кагазга мөлт дей түштү көөдөн жарып».

Өтө жөнөкөй жана элпек, жайкы желдей окуучу-

нун жүрөгүнө жылуу урунуп, ошол жерден түнөк тапкан поэзия ушул эмеспи.

«Сөз» аттуу дастаны философиялык данеги арбын чыгарма. Бир мисал:

Сүйүүсү ысык эненин,
Сүт менен кошо таттырган.
Дүйнөнү чексиз ааламдай,
Бир сөзгө кенен баттырган, – окуп көргөн адамга – аксиома же афоризм өңдөнүп турбайбы. Сөз жөнүндөгү бул дастанында ойлуу, омоктуу сөз – Ата Журтубуздун очогуна алоолонто от коюп, калайык калкты ынтымакка жуурулуштуруп, абалтан бери адам коомун улам түрлөнтүп, утуру жаңы конушка кондуруп келе жатканын баян этип келип, «Манас» өңдүү дүйнөлүк поэзиянын кыл чокусу болгон көркөм дүйнөнү кыргыз тили, кыргыз сөзү жаратканын төгүлүп-чачыла шаңшып берген.

Акын жаңы изденүүлөргө поэзия өрөөнүнөн жаңы чыйыр издеп, жаңы гүлдөрүн үзүшкө кумар тутуп келет.

«Тепкедей» поэмасы – он алтынчы жылкы үркүндөн кабар берип, баш каармандын эр жүрөктүүлүгүн, тапкычтыгын жана сезимталдыгын, эл-жерге болгон сүйүүсүн ишенимдүү сүрөттөгөн. Окуялардын ордун таап, окуучуну баш көтөртпөй окушка көркөм табылгалар жана нөшөр сымал төгүлгөн ырлары аркылуу поэманы тыкан аяктаган.

«Журт атасы» аттуу поэмасы – улут сыймыгы Түгөлбай Сыдыкбековго арналган.

«Өмүр бою серп салып тарыхына,
Замандын аласалган агымына.
Акырын буруп кеттиң мүрөк суусун, өскүлөң муундардын тамырына» – деген өңдүү макал-лакапка айланып, жүрөккө жат болгон строфалары арбын. Бул поэма эртең эле тарыхый чыгарма катары колдон



колго өтөөрү шексиз. Бул поэма мектеп окуучуларына өтө зарыл. Анткени Түкөмдүн чыгармалары мектепте окутулууда. Ал эми ал жөнүндөгү поэма кошо сабак иретинде кирсе – эки эсе утуш алган болоор элек.

Поэзиядагы Ода жанры байыртан бери салт катары
жазылып келет. Мына ошол поэзиядагы даңктоо, даңаза-
лоо жана жүрөк кубантарлык ырлардын бүгүнкү заманда
өтө зарыл болуп турган жайы бар. Не дегенде көрүнгөн
эле «Мен!» деп төш койгулап ээлигип, ээ-жаа бербей,
жакшыларды жөөлөй салып, атак-даңкка умтулуп, ме-
читтерге атын койдуруп кирди. Анан калса, нак ушул
доорго ылайык «Көз жарган» – «Эргежээли – генийлер»
төрөлүп, өткөндү көөлөп, поэзия менен роман жазгандар-
ды тушарына теңебей, ичине ит өлтүрүп алгансып, кер
сары тартып, кекене кеп урушат. Ошолор жакшыны кара-
лап, жаманды көкөлөтүшөт. Гүлсайра Момунова өткөөл,
«өзүмчүл» заманда өлкөсүнө өмүрүн сайган көсөмдөрдүн
көркөм элесин кештелеп, өмүр жолуна таандык сапатта-
рын баамчылдык, калыстык жана айкөлдүк менен жаз
жарчысы торгой сымал бийиктен туруп шаңшып берүүдө.
Бул сапат Гүлсайра сыяктуу көкжал, ташыркабас дулдул
акындардын гана каleminен жаралат.

Ошонусу менен адам деген аттын улуулугун даңазалап, кийинки урпактардын жүрөгүнө үрөн сымал себүүдө, эзели улунуп-жулунбаган, даңк, атакка көңүл бөлбөй, поэзия нөшөрүн төккөн акыныбызга: «Эл, Ата Журт» – деп соккон жүрөгүң түрсүлүнөн талыбасын демекчибиз.

*Калканбай Ашымбаев, жазуучу,*
*Кыргыз Республикасынын маданиятына*
*эмгек сиңирген ишмер.*
*2008-жыл.*
*Кут дүйнө китебинен*

## Гүлсайра эженин жазган чыгармалары эженин мүнөзүндөй агылып-төгүлүп, айланып-тегеренип, үйрүлүп турат

Касиеттүү Таластан кыргыздын керегине жараган сыймыктуу уул-кыздар көп чыккан. Абасы, суусу, кооз табияты таасир этет белем, Манас жердеген өрөөндүн таланттары чынында бабасындай кашкөй келишет. Ошолордун бири, Талас суусунун боюндагы Кең-Арал айылынын жана кыргыздын сыймыктуу кызы, Кыргыз эл акыны Гүлсайра Момунова жөнүндө азыноолак кеп кыла кетүүнү туура көрдүм.

Акындын балалыгы Совет доорунун эң татаал алаамат согуш учуруна туш келген. Акындын атасы Момун комуз чертип бүтүндөй бир айылдын көңүлүн көтөргөн төкмө акыны, ырчысы, эки агасы Алыман менен Сабдилде да калем кармап ыр жазган, сүрөт тарткан таланттуу адамдар болушкан. Ошол ойрон болгон согушка үчөө бирдей чакырылып, Гүлсайра эже энеси Сурмакүл менен эптеп эл катары күн өткөрүп калышат. Арадан жыл өтпөй атасынан жана агасы Алымандан эл жери үчүн курман болгондугу тууралу кара кагаз келет. Энеси Сурмагүл бир жыл бою кошок айтып, атасы менен агасын жоктойт. Айылдын эли эртең менен кечинде келип Гүлсайра эженин апасынын кошогун угуп ичтеги арман, буктарын чыгарып кетишчү экен. Ошол учурда Гүлсайра эже алты жашта болсо да энесине дем-күч, кайрат берген бирден-бир жөлөгү



болгонун айтат. Анан да эже үйүнүн төрүндө илинип турган, бажырайып жапжаш кеткен агасы Алымандын айылга жазган катындагы эки сап ырын унутпай эстеп калганын эскерет:

Адашкан окко туш келбей,
Атышып өлсөм арман жок... ушул саптар эжеге эргүү берип, Ата мекендин ыйыктыгын, бийиктигин келген жамандыктан көздүн карегиндей сакташ керек деген ураан айтып, коштоп жүргөндөй сезим калтырат. Экинчи агасы Сабдилде согуштан аман келип, бир топ жыл элине ак эмгек өтөп 42 жашында кайтыш болот. Табиятынан таланттуу, зирек кызы чоңоюп бой жете баштагандан тартып ар айылдан жуучулар келе башта-ганы Сурмагүл эненин тынчын ала баштайт. Ошондой күндөрдүн биринде кызы ак боз ат минип асман-жердин ортосунда бараткан элеси түшүнө кирип, кызынын келечеги кең экенине көзү жетип, ак батасын берип шаарга окууга узатат. Шаарга келип эже окууга өтүп, калемин колуна алып жан дүйнөсүн кытыгылаган сезимдерин кагаз бетине түшүрө баштайт. Ал ырларын топтоп, алгачкы китебин 1963-жылы «Тилек» деген ат менен жарыкка чыгарып, тамчыдай эмгек болсо да жүрөгүнүн тереңинде «эл кызы болсо экен» деп тиленген энеси Сурмагүлгө арнайт. Ошентип булак көзү ачылып, эженин жыйырмадан ашык китеби жарыкка чыгып, сүйүктүү окурмандарын, күйөрмандарын таап, көптөгөн ырларына обондор жаралат. «Эр эмгегин жер жебейт» дегендей, Гүлсайра эженин эл, жерге берген эмгеги бааланып, 1987-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери», «Эмгектеги каармандыгы үчүн» ордени, «Даңк» медалы ыйгарылат. Ал эми 2011-жылы «Кыргыз эл акыны» ардактуу наамы берилет жана көптөгөн эл аралык ада-

бий сыйлыктардын ээси. Акындын чыгарган китептеги чыгармалары элге тез жетип, сиңип, элдин сүйгүнчүгү болуп калышы – бул акындын жан дүйнөсү элге жакын экенин, эл дайыма акындын жүрөгүндө жашаарын айгинелейт. Гүлсайра эженин жазган чыгармалары эженин мүнөзүндөй агылып, төгүлүп, айланып, тегеренип, үйүрүлүп, атанын баркын, эненин кадырын, каада салттын бийиктигин, Ата журттун ыйыктыгын айтып үйрөтүп турат. Гүлсайра эже жакшы сөз арнап адам жүрөгүн эргиткен ода жанрын жазган бирден бир кыргыз акыны. Гүлсайра эженин президентибиз А. Атамбаев тарабынан жарыяланган «Маданият, тарых тил» жылына карата жазган «Бабалардан калган сөз», быйылкы «Адеп, ыйман, маданият» жылына арнап чыгарган «Бабалардан уңгу башат» аттуу көлөмдүү тарыхый маанидеги китептери кыргыз эли үчүн, кийинки өсүп келаткан урпак, муундар үчүн баалуу табылга, көнөөрбөс мурас. Кыргыз эл акыны Гүлсайра Момунова элин, жерин сүйгөн, элим-жерим деп күйгөн чыныгы чыгаан элдик акын жана кыргыз элинин сыймыгы!

***Анара Байчукуева,***
***А.Осмонов атындагы Улуттук китепкананын кызматкери.***
***(Алиби гезити.№13.30.06.17)***



## Өрнөктүү өмүр, талыкпас талант баяны

*(Кыргыз Республикасынын эл акыны -*
*Гүлсайра Момунова менен маек)*

**– Эжеке, мына быйыл сексенге келип отурасыз, сиздин өмүрүңүз басып өткөн жолуңуз жөнүндө өз оозуңуздан уксак деген окурмандарыңыз көп экендигинде шегим жок. Балалыгыңыз жөнүндө айтып бербейсизби?**

– Ээ, айланайын, биздин балалык бир байкуш балалык да, аны айткым да, эстегим да келбейт. Бирок, баары бир эстен кеткис жүрөктөгү такты алып сала албайсың да. Менин балалыгым, атың өчкүр, Улуу Ата Мекендик согушка туш келип калбадыбы. Мен 3 төн 4 кө караган курагым. Бул курак ата-энеңе жана жакындарыңа эркелеп гана турган балалыктын балдай учуру эмеспи. Ошол балдай учур уудай ачуу күндөргө туш келбедиби. Үйдөгү удаа бойго жеткен эки бир тууганым удаасы менен согушка аттанды. Эмне деген гана жигиттер эле. Жүздөрү жайнаган, көздөрү балбылдаган, сүрөт тартып ыр жазган таланттуу, мээримдүү боорукер балдар эле. Улуусу Алыман 1922-жылы туулган, кичүүсү Сабдилде 1924-жылы туулган. Алардын кеткени аз келгенсип, артынан атамды да эмгек майданына деп алып кетти. Байкелеримди Фрунзеде окуп жаткан жерлеринен эле алып кеткендиктен барып узата алган жокпуз. Ал эми атамды үйдөн эле жөнөттүк. Узун шаты арабада толгон адамдар. Атам эң арткы орунга отурду. Баарыбызды кучактап өөп, силерди кудайга тапшырдым, аман болгула – деп келбей калчудай болуп коштошуп жатты. Мен мойнунан кучактап көпкө чейин койо бербей ыйлап турдум. Акыры араба

жүрүп, мени жерге коюп, коштошуп турган тууган уруктун баарына бизди табыштап жатты. Мен арабанын артынан ээрчип, Ата, аталап бакырып, өкүрүп бара бердим. Кармап калайын дегендерге моюн бербедим. Улам бирөөлөр жолдон атама кол берип коштошуп жатышты, баарына мени дайындап, ушул кызыма Гүлсайрага көз салгыла айланайындар деп какшап баратты. Бир кезде ташка чалынып жыгылып бутумдун ооруганынан басалбай калдым. Атам Гүлай деген апага кыйкырып кызымды сага тапшырдым, сооротуп үйгө жеткирип кой деп баратты. Ошентип ыйлап, боздоп кала бердим. Мени көргөн элдин баары шыпшынып ыйлап жүрүштү. Үй бүлө ичинде атам экөөбүз өтө жакын элек бир жактан келе жатса алыстан эле кыйкырып атымды чакырчы. «Күл, күл Гүлсайра күлүп койчу бир кайра» – деп жамактап айткан үнүн укканда эле мен-да каткырып күлүп мойнуна асылар элем. Мени күлкүчү Гүлсайра дешчи эле. Атам кетип ошол шаңдуу күлкүм кубулгөндөй томсордум да калдым. Ойго батып, атамды сагынып, апамдан атам качан келет – деген суроону бере берип чарчатчу элем. Атам мени атына өңөрүп алып талаага, токойго кошо ала кетүүчү. Барган жерден суу байлайт же чөп чабат. Мен жанында кошо жүрө берчүмүн, эс алып отурганда ырдап да берчү. Кээ күндөрү чогойнонун көңдөй сөңгөгүн кезип алып, үч жагынан тешенек жасап алып сызгырылта чоор тарткандай музыка ойночу. Көпкө чейин эргип, эргип ойночу. Көрсө өнөргө жакын адам тура. Керектүү билим алганда чоң акын же чоң музыкант чыкмак экен. Элдин айтканындай тулку боюнда өнөрү, касиети бар адам экен. Бир күнү талаада жүрсөк бир бала шаша чапкылап келди да: Момке эле Момке, Момке баланчанын келини төрөй албай, кара басып



жатат сизди батыраак чакырып кел деп айтышты – деди. Тезинен жөнөп калдык. Мени өңөрүп алган, ал үйгө жакындаганда эле бир нерселерди айтып кыйкыра баштады. Анан үйгө кирдик, үй толтура аялдар экен. – Айланайын, касиетиңден Момке, сенин үнүң чыкканда эле келинимдин көзү ачылып, өзүнө келип калбадыбы – дешип жалынып жалбарып, кучактап өөп жатышты. Үйгө да ооруган адамдар көп келишээр эле. Ошентип атамдын ар сөзү, жүрүм туруму, эстен кетпей кандай гана көксоп сагынуу, күтүү менен ый менен балалык күндөр өтүп жатты. Мен түн ичинде атамдын койнуна жатчу элем. Терезенин жанындагы керебетте эмгектен чор болгон колдору менен маңдайымдан сылап уктатчу эле. Атам кетип ошол керебетте жалгыз уктап жүрдүм. Апам өзүнө чакырса да барбадым. Атам келет, атамдын келээрин карайм деп далайга терезени телмире карап уктап кетчүмүн. Бир күнү уктап жатсам терезеге бир караан келип черткилеп жатат. Атаа – деп бакырып ийе жаздадым, карасам түспөлү башка тааныдым, колхоздун башкармасы экен. Унчукпай бугуп жатып калдым. Ал апамды чакырып жатты, апам түн ичинде эмне келесиң, эмне жумуш чыкпайм балдардан уялбайсыңбы деп жатты. Эмне сенин балдарың бар беле – деди. Апам кыздар бала эмес бекен, тиякта эр азаматтар кан кечип жүрсө, ээн жердин дөбөтүндөй болбой жогол – деди апам. Макул кетем, бирок сага көрсөтөм ким экенимди – деп ызырынган бойдон кетти тигил. Эртесинде апамды Чүйгө Чүй чоң каналына деп алып кетишти. Жалгыз үйүбүздүн торпогун контракка алып, атам тиккен теректерибизди сарай салабыз деп кыйып алышты. Үйдө чөжүрөгөн үч кыз, эң улуубуз жетиде, мен төрттө, кичүүбүз экиде, накта жетим боло түштүк. Апам барда билинчү эмес экен, үйүбүз аңгы-

рап, казан оттон түшүп бозордук да калдык. Жакын тууганыбыз Ашакемдин үйүн сагалайбыз, өздөрү бала чакалуу немелер бизди анчалык сүйбөйт. Сүйбөсө да баш калкалап босогосунда жалдырап отурабыз, курсак ачка, балдарына берген тамактан бир аз берген болот. Өз үйүбүзгө жаткандан коркуп алардын үйүнө жатабыз. Бир күнү түн ортосунда терезе кагылып апамдын үнү чыкты. Баарыбызды атыбыздан айтып чакырып жатат. Апалап баарыбыз чуркап апабызды басып жыгылдык. Эртеси баягы башкарма апамдын үйдө жүргөнүн көрүп: – Качып келдиңби, кайра жиберем – деп опузалап киргенде, апам качып келбегендигин ал жакта боорукер адамдар, болгондо да тили буруу орустар балдарына жибергендигин айтып тигини бир топ жекиргени алигиче эстен кетпейт. Апамдын бар экени бизди кубантып кичинекей жүрөгүбүз менен апабызды огобетер сүйүп турдук. Апабыз күнүгө колхоз талаасына жумушка чыгат, кайра келатканда жөн келбей жонуна куурай көтөрө келип, мешке жагып бизге жарма жасап берет. Мен эртерээк эле чоңоюп апамдын көп түйшүктөрүн жеңилдетким келип кетет. Бирок бала болсом да огород отоп, куурай терип, тезек терип апамды кубантып койчумун. Бир аз чоңоюп калганда талаа жумуштарына да кошо барып тамеки тизишип жардамдаштым. Түнкүсүн апамдын жанына жатчумун да апамдын түйшөлүп уктабай үшкүрүнүп ыйлаганын да сезчүмүн. Эки уулу согушта, атамдын кайтыш болгонун угузуп коюшкан. Улуу баласынан көптөн бери кат жок капаланганын түшүнчүмүн, көңүлүн көтөрөйүн деп жомок айтып берчүмүн, ал жомогум да өзүм жөнүндө болор эле. Кээде кыялданып чоңойгондо минтип багам сонун көйнөктөрдү алып берем, шаарга алып кетем дей берчүмүн, апам менин сөздөрүмө кубанбай



кайра: – Кудай кызга күн салдырбай эле балдарымдын жок дегенде бирөө келсе экен деп калчу, мен мултуңдап таарынып калчумун. Апам ошол тилегине жетти, Сабдилде акем согуштан аманэсен кайтып, ошонун төрүндө чайын ичип анан кетти, бирок менин чайымды ичпей калды. Фрунзеде окуп жүрүп 4-курска келип калганда айылга барсам, апам: – Карадалы болуп баратасың күйөөгө качан кетесиң, сени менен теңдер турмуш куруп жатышат, сени күйөө албай жатабы, андай болсо колуңду сурап келгендерге берейин – деп калды. – Жоок апа менде эки жигит бар, бирөөсүн жакшы көрөм, бирөөсүн аяйм, бирөө Таластык, бирөө Кеминдик, ошол Кеминдик бала тиземди кучактап ыйлайт эмне кыларымды билбейм десем, ошол ыйлаганына эле барчы, көз жаштын кесири тийбесин – деди. Анан ойлонуп туруп, сен жокто а дүйнө кетсем, апам менин жакшылыгымды көрбөй кетти деп арман кылба, сен менин сүт акымды актап койгонсуң, эсиңдеби 6-7 жашыңдан баштап бутума бут, колума кол болдуң, элдин кыздарындай болуп эркелеген жоксуң, тилимден чыкпай акылым менен болдуң, өткөн жылы Жалал-Абадга пахта терүүгө барып тапкан акчаңдан алгачкы тырмакым деп мага посылка салып жибербедиң беле. Ошондогу атлас шайы көйнөгүңдү, намеркен маасы галошуңду кийип алып, кошо салган таттуу паттууңа абысын ажындарды, курдаштарымды чакырып чай бергем. Ошол мага төө мингизгенден да артык кубаныч болгон десе, мен да бапыраңдап андан да жакшыларды белек кылам десем апам: – А балам, баары буйруктан андан көрө барган жериңден бак айтып бактылуу болсоң экен, сенин бактыңды көрүп өлсөм арманым жок деген эле, айткандай эле бир аз өтпөй турмушка узадым, жеңе эжелеримди жиберип менин кандай жерге, кимге чы-

канымды уккандан кийин узап кете бериптир. Ушул жашка келип далай энелерди көрдүм, өзүм да эне болдум, бирок балага ушунчалык мээримин төгүп жанын берген менин апамдай жоктур дүйнөдө. Баарын жазып отурууга кагаз да түтпөс. Өмүрүмдө эне жөнүндө жазган ырларымдын баарында энемдин элеси бар. Элеси демекчи, өтө сулуу кебетеси Таттыбүбүдөй, акылы Каныкейдей, сабырдуу, мээримдүү келбеттүү эле. Апамды көрүп билгендер апамды макташат, кошокчу, жамакчы, ууз, бычмачы, оймочу, тикмечи, акыл кошкон кеңешчи болучу дешет. Мени да айрымдар кошокчу, жамакчы деп калышат, макташ үчүн эмес кемсинтиш үчүн ошентишет. Мен ага кемсинип калбайм, кайра сыймыктанам. Атам замандан бери келе жаткан элибиздин, энелерибиздин өнөрүн улантып жатканыма тескерисинче кубанам. Ал эми кошокчулукту, жамакчылыкты улуу Теңирим сүйгөн гана пендесине, кыргыз элиме берген улуу касиет. Улуттук поэзиябыздын башаты ошол кошокто, жамакта жатат. Өздөрү жамактай албагандар, жамакчы, кошокчу деп кемсинткилери келишет. Алар бүтүндөй улутубуздун улуу касиетин кемсинтип жатканын билишпейт. Ошол жамактын ичинде поэтикалык көркөмдүктөр, улуу ойлор, окуялар айтылып жатса, ал окууга жеңил, кулакка угумдуу болуп жатса эмнеси жаман. Дүйнөнү дүңгүрөткөн «Манас» эпосу ошол жамактан, кошоктон турат эмеспи. Ошол жолду өркүндөт деп мага Чыңгыз агабыз айтып кеткен Олжас Сулаймановдун көзүнчө. Ал мындай болгон. Чыңгыз Айтматов Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы болуп иштеп жаткан учурда Кыргыз адабиятынын Казакстанда күндөрү өтүп калды. Ага мен да катыштым. Кеңешме болор алдында Чыңгыз менен Олжас сүйлөшүп турган экен. Олжаска ыр



менен китебиме автограф жазып алдым эле ошону сундум. Олжас ошол замат ырымды окуду үн чыгарып, мен Чыңгыз акемден уялып кеттим да, мен Манас эпосунун стилине салып эле жаза салдым эле дедим. Ошондо Чыңгыз аке: – Дал ушул стилди өркүндөтүш керек, ал биздин улуттук поэзиябыздын башаты, өзгөчөлөгү – деп мени аябай кубандырган. Мен буга чоң табылга таап алгандай жетиналбай туура жолдо бараткан экенмин деген ойго келдим. Бирок жамак кургак, супсак болбош керек. Мен дагы жаштарга акыл айтаар куракка келип калып алардын айрымдарына: «Жамагы жарашса эле, жакшы ыр боло бербейт. Жаңы бир ой болбосо, жадыңа толо бербейт»... «Уйкашы куюлса эле, укмуш ыр боло бербейт. Уңгулуу ой болбосо, уучуңа толо бербейт»...деп кеңеш айтып калам. Кой, токтотоюн мен кайда түшүп кеттим, сенин суроону кайра кайрылайын.

Эми согуштан келбей калган артында эскерээр өзүмдөн башка бир урпагы калбаган бир тууганым Алыман Момунов жөнүндө айтып берейин. Ал мени менин кызым деп эркелетчү эле. Ал 1922-жылы, мен 1937-жылы туулупмун. Анын кайсы айда төрөлгөнү апамдын эсинде жок, жазгы алашалбырт эле деп калчу. Атымды эмне үчүн «Алыйман» деп кыздын атынан койуп койгонсуңар деп өзүнүн атынан уялып Фрунзеге окууга келгенде атын өзгөртүп «Алыман» деп айтчу экен. Түшүмдө бир ак сакалдуу карыя келип: «Эки уулдуу болосуң, биринин атын Алыйман, бириникин Сабдилде кой – деп айтып кеткен, аян атты койбосо болбойт да» – деп калар эле апам. Ошентип ошол он гүлүнүн бир гүлү ачылбай, ээгине кыл чыкпай эне сүтү оозунан кете электе Ата Журт үчүн курман болду. Толгон токой максаттары ишке ашпай, ташкында-

ган ички талантынын көзү ачылбаган бойдон кетти. Аны эскерээр бир ата бир энеден мен эле калдым. Агам согушка кеткенде мен үч жашар кыз экемин, эмнени билмекмин. Элес булас эсимде бар, ал мени ийнине салып көтөрүп жүрчү. Бактын ичинде өз колу менен жасаган столу, отургучу бар эле. Дайыма ошондо отуруп, бир нерселерди жазып же окуп отурганын көрөр элем. Мени да ошол жерге алып барып отургузуп да, тургузуп да сүрөткө тарта берээр эле. Көз алдымда, көзү бакырайган, чачы төбөсүнө коюлган колунда алмасы же андалеги бар кичинекей кыз турчу. Анан мага көрсөтүп: – Бул ким? – деп сурачу. Бул Гүлсайра го, – десем өзүн тааныды, демек, окшош тарткан экем дегендей кубанып, мени өпкүлөп асмандата көтөрө ыргытып кайра тосуп алып, мен каткырсам кошо каткырып, шаттыка батчу. Мен да ага өтө жакын болуп этектеп ээрчип турчумун. Китепке өтө жакын эле, окуудан келген сайын чемоданына китеп алып келип жүрүп, үйдү китепке толтуруптур. Акыркы келишинде ошол китептеринин баарын бир кампа тамга жыйып, апама дайындап мен келгенче тийбегиле дептир. Ошондон көп өтпөй эле фашисттер кол салып окуп жаткан жеринен Фрунзеден согушка алып кетиптир. Кийин ошол от күйгөн согуш майданынан каттар келе баштады, каттар куйулушуп ыр менен жазылган сагыныч каттар эле. Бүтүн айыл чогулуп келип ыйлап отуруп угушчу. Бир жолу баарыңар чогулуп сүрөткө түшүп, салып жибергиле, – деп сураныптыр. Өмүрү сүрөткө түшпөгөн атам менен апам баарыбызды арабага салып алып, Таласка барып сүрөткө түшүп, салып жибердик. Ошентип ал суранбаса ата энемден да, балалык чактан да сүрөт калмак эмес экен. Кийин апам баягы китептер коюлган кампаны үч жыл ачпай сактады,анан кытыраган



эле үндөр угулат. Чычкандар толуп алып китептерди кемирип жей баштаптыр. Алып чыгып таңгак-таңгак байлап шыпка илип койду. Айрымдарын көрүнө койду эле, 5-6дан окуп калган эжем Анаш, ал китептерди кыраатты менен үн чыгара окуп берет. Кыштын узун түндөрүн ошол китептерди окуп өткөрөбүз. Айылдыктар да улам келип чогулуп отуруп угуп кетишээр эле. Ошол китептер «Манас» баш болуп, «Курманбек», «Жаныш Байыш» «Эр Төштүк», «Кедейкан» сыяктуу китептер эле алар латын тамгасы менен жазылган. Эртерээк эле мектепке барып окуганды үйрөнүп, анан аларды өзүм окусам деп кызыгаар элем. Мектепке да бардым. Орус тамгаларын үйрөттү. Ошону менен катар латын тамгасын да эжемдин жардамы менен үйрөнүп, анан өзүм окуй баштадым. Анда азыркыдай радио, телекөрсөтүүлөр жок. Жалаң эрмегибиз ошол китептер болду. Ошентип, Алыйман акем согуштан келген жок, дайынсыз болуп кетти. Эң акыркы катын 1942-жылдын август айында Варшава шаарынан жазган экен. Өзү келбесе да мага түбөлүк руханий азык берип кеткен экен. Китептери менен эс тартканы бир нерселерди уйкаштырып ыр жаза баштадым.

**– Эже, эми эң алгачкы сүйүүңүз, дегеле сүйүү жөнүндө айтып берсеңиз?**

– Оо, өтө чоң суроо бердиң... Сүйүү жөнүндө өмүр бою жазып келем. Ырларымдын көбү сүйүү. Жүрөккө сүйүү берген жаратканга да, сүйүү сезимимди козгогон адамга да терең ыраазымын. Жүрөктө сүйүү болбосо адам болуп, акын болуп жашап жүрбөйт элем. Рахмат дүйнөдө сүйүү бар экенине. Мен бирөөнү сүйсөм чындап сүйдүм, чындап берилдим, ал үчүн баарына даяр элем. Мен дүйнөдөгү эң туруктуу, эң таза, эң улуу ак сүйүүнү эңседим, аракеттендим, кыялдандым андан да

ошону күттүм. Бирок ал мен күткөндөй боло албады. Айла канча. Бирок өмүр бою эсимден чыгара албай койдум. Күчүмдү көз жашка, ырга чыгардым. Эң жакын сырдашым апам эле. Акылман апам айтчы эле; кетсе өзүнөн кетсин, сенден кетпесин сүйүүгө чыккынчылык кылган улуу күнөө болот – дечү эле. Ошол менден кетпегенине да тобо кылам. Сүйүүмдү айта берсем таң атпайт да кеч кирбейт. «Жүрөктө жүргөн сүйүү бар» деген бир китеп жазбадымбы, ошонун көбү өз жүрөгүмдөн өткөндөр. Ошону окусаңар түшүнөсүңөр. Жеке өз муңумду көп эле жаза берип окурманды да муңга салгым келбеди. Үстүртөн, абайлап жаздым.

**– Рахмат эже, анда башка суроомо өтөйүн, сизди акын жана журналист катары да билебиз. Республикада биринчилерден болуп «Эмгек сиңирген журналист» деген наам алган экенсиз. Ага кантип жетиштиңиз?**

– Менин жаштыгым, кайрат күчүм убактымдын көбү ушул журналисттик жумушума жумшалды. Журналист болсом деп мектеп жашымдан эле кыялданып ошондо эле дубал газетага редактор болуп, мектеп турмушундагы кабарларды жазып жүрдүм. Анда Улуттук Университетте журналисттик факультет ачыла элек болчу. Ташкентке барып окуюн десем, апам Фрунзеде өздөрү тамак, кийим берген кыз-келиндер институту бар экен, ошого эле барып оку, кызымдын курсагы ток жүрөт деп менин көңүлүм жайында болсун деп суранды. Мейли дедим апама, ошону менен Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун тил адабият факультетине кирем да бүткөндөн кийин баары бир журналист болуп иштейм дедим. Ошол институтка келип кирдим. Өзүм катары жазып жүргөн кыздар менен таанышып «Жаш калем» деген газета, «Шоола» деген журнал чыгардык. Материалдардын баары институт



турмушунан жана өзүбүз жазган ыр аңгемелерден. Институтту 1960-жылы бүтөөрүм менен төрөп калып, биринчи кызым Дилбарды багып, бир жыл үйдө отуруп калдым. Бир күнү жолдошум Жанболот «Советтик Кыргызстан» (азыркы Кыргыз туусу) газетасынын ишин Борбордук комитет текшерип, Усубалиев: Силерде эмне үчүн бир да аял журналист жок деп сындаптыр. Сен барып көрбөйсүңбү? – деп калды. Макул болуп эртесинде эле жетип бардым. Башкы редактор отпускада экен, орунбасары М.Баялиновго кирдим. Аябай сүрдөдүм алгач, башы жалтыраган толмоч киши экен, кирсем ылдый карап бир нерсе жазып жатыптыр, бир кезде баш көтөрүп: – Ии сүйлө, эмне жумуштап келдиң-деди. – Редакцияга иштейин деп келдим дедим. – Ии, эмне жазасың – деди. Ыр жазам – десем, биздин гезит ыр менен чыкпайт да, бизге такшалган журналист керек анын үстүнө жаңы эле бүткөн турбайсыңбы? – деди ишенбегендей. – Агай дедим жөн эле кетип калгым келбей, бир ай сынап көрбөйсүздөрбү, мен да өзүмдү сынап бекер иштеп берейин, тапшырма бериңиздер – дедим. Ойлоно түштү да Адабият бөлүмүнүн башчысы Бакен Ашуубаевди чакырды да – Мобул кызга тапшырма берип иштетип көрчү – деди. Ал кабинетине ээрчитип барып: – Эки күндөн кийин 1-июнь балдарды коргоо күнү ошого карата Пишпектеги Крупская атындагы жетим балдар үйүнө барып репортаж жазып кел – деди. Эртеси эле балдар үйүнө бардым. Репортаж кандай жазылаарын газеталардан окуп жүрчүмүн, газеталарды китепканадан дагы бир сыйра окуп чыгып, кечинде балдар үйүнө бардым. Балдар үйүндө ошол күнү чоң майрам болуп жатыптыр. Ошол күнү ондой баланын туулган күнү экен. Ошону белгилешип Фрунзедеги аскер комиссариатынан бир

нече офицерлер келип балдарды куттукташып жакшы сөздөрүн айтып, белектерин тапшырып, концерт коюшуп столдордо жайнаган таттуу торттор, толгон тамак аштар балдарды кубанычка бөлөп жаткан экен. Ошонун өзүн сүрөттөп жаздым. Балдар үйүнүн директорун, тарбиячыларын сүйлөтүп алдым. Балдар окуган, жаткан, эс алган жерлердин баарын көрүп чыгып сүрөттөдүм. Макала эртесинде эле газетанын 1961-жыл 1-июндагы санына жарыяланды. Эртең менен редакцияга барсам Ашуубаев айтты: – Азыр летучка болот бизде, кааласаң катыш деди. – Катышайын, редакциянын бардык турмушун үйрөнүшүм керек да – дедим. Летучкада газетанын ошол күнкү саны талкууланат экен. Ошол күнкү газетада чыккан эң жакшы жарыяланган макала менин репортажым болду. Улам сүйлөгөн улгайган, тажрыйбалуу журналисттер макаланын жазылышын тили жатык, сөздөрү маанилүү, көркөм сүрөттөлгөн, мына ушундай жазыш керек деп жатышты. Мен элдин эң артында отургам. Автору мында отурат деп калды Бакен. Баары жабыла мени караштЫ. Даяр журналист, жакшы жазган кыз келген турбайбы – дешти. Ичимден кубанып сүйүнүп жаттым. Эртеси Момокон агай өзүнө чакырып алып: – Дагы бир тапшырма сага эми узартылган күнү бар мектепти жазып кел, бирок жазганыңды эч кимге көрсөтпөй алгач өзүмө алып кел – деди. Ошондой кылдым, аным да жарыяланып кетти. Улам берилген тапшырмаларды аткара бердим. Анда газета күндө чыкчу. Он күн өткөндөн кийин газетанын башкы редактору Тургунбек Сувап-бердиев отпускадан келди. Келери менен летучка өткөрдү. – Мен курортто жатып да гезиттин ар бир санын окуп жаттым. Кийинки сандарда Момунова дегендин жакшы макалалары жарыялана баштады, жак-



шы жазат экен деп калды. Мына ошол автор деп мени көргөзүштү. – Сенби деп мени таңкалычтуу карады да жыйналыштан кийин кириңиз деди. Кирсем газетанын жооптуу катчысы Бектурсун Карабаев экөө отурган экен. – Бул кыз качан жумушка келди эле деп сурады. Ал мени суроолуу карады; Мен 28-майда келгем дедим. Дал ошол келген күндөн приказ жаз, мектеп бөлүмүнө иштеп турсун деди. Мына эми сен биздин кызматкерсиң, мактап койсо эле мактанып кетпей ушул калыбыңдан жазбай жакшы иште – деди. Үй бүлөмдү сурады, үйүң барбы – деди. Талас районунун Кең-Аралында туулгам десем, секирип кетти. – Оо кокуй, бул да таластык беле, өзүнүн Таластыгын кызматка алды деген атка калат турбаймынбы? Олда кокуй ай – деп кейип калды. Кыздын журту бөлөк дейт эмеспи, мен эми Кеминдин келини болуп кеткем, Кеминдик деп койсоңор болот да деп жооткоттум. Ага чейин анын да Таластык экенин билбептирмин. – Мейли эми карындашым, турмуштагы чындыкты гана жазып, жакшылап иштей бер, кийин үйлүү кылабыз деп бапыраңдады. Ошентип Советтик Кыргызстан газетасында алгачкы эмгек жолум ушинтип башталган. Аял кишини кызматка алсаң эле ушул дебесин деп, кызымды айылга кайын энеме берип коюп, кайда жиберсе тарtынбай барам. Кээде таң атканча дежур болуп гезит чыгарабыз. Азыр ойлоп отурсам мен ошондо жалаң гана чындыкты жазам деп элдин турмуштук көйгөйлөрүнө, көзүм көрүп турган чындыкты, элдин үмүтүн, кызыкчылыгын коргогон кээде чуулгандуу маселелерди көтөрүп жүрүпмүн. Кээде ошондой жерлерге атайын жиберишчи экен. Бир күнү Ак-Талаа району малдын көрсөткүчү боюнча биринчиликти жеңип алып, Бүткүл Союздук Кызыл туу менен сыйланып-

тыр. Кимиңер барып жазып келесиңер десе, эркектердин баарысы жымжырт унчугушпай отурушат. Анткени кычыраган кыштын күнү эле ал жактын суугунан коркуп жатышса керек. Мен барып келейин деп тура калдым. Редактордун орун басары Н.Жаналиев өткөрүп жаткан жыйналышты: – Сен мектеп бөлүмүндө иштейт эммесиңби мектептердин абалына, курулушуна көңүл бур – деди. Ал кезде Ак-Талаа районунун райком секретары К.Акназаров экен. Ал өз ордунда жок Фрунзеге кеткен дешти. Райондук аткаруу комитетинин башчысы Рысалиевге кирип, бардык көрсөткүчтөрдү алдым. Эми айыл кыдырып мектептерге барышым керек десем, эч кандай көөлүгүбүз жок – деди. Жакыныраак айылын сурасам, Тоголок Молдо айылы деди. – Мейли анда ошол жакка жөө барайын десем бара албайсыз Нарын дайрасынан өтө албайсыз го деди. Эл кантип өтүп жүрөт, мен деле өтөм десем. Бир чоң теректи жыгып койгонбуз, ошонун үстүнөн сойлоп өтүшөт. Күн жаап шыргалаң сыйгалак болгондо адамдар дарыяга кулап кетип набыт болуп жатышат. Жакында бир зоотехник жигит кулап агып өлдү, биз сизге руксат бералбайбыз азыр кыш деди. Айтканын айткандай макалага жазып койдум. Эч жакка баралбай райондун борборунда эки күн жүрүп калдым. Жашоо муктаждыгы менен тамак ичейин деп ашканасына барсам ал жер да суук, бурчта арак ичип үч төрт киши отурушат бакылдашып. Тамак ичейин десем лагманын сурасам камыры сөөмөйдөй жоон апачуу, бир стакан чай сурасам анысы жарымына чейин чаң жылымтык. Ушундай да ашкана болобу деп анан ашпозчуларына, жетекчилерине жолугуп аңгемелешип калдым. Бир нерсе сатып жейин деп дүкөнүнө барууга туура келди. Анда арак, винодон башка эч нерсе сатылбайт экен. Убакытты бекер



өткөрбөйүн деп китепканасына бардым. Бир кичинекей үй экен, от жагылбагандыктан китепканачы кийимчен колдорун ушалап үшүп отурат. Бул жерге кирген адам китеп, гезит окумак тургай чыга каччудай. Гезит китептер жатат чаң басып, томсоруп. Эми жок дегенде кино көрүп убакыт өткөрөйүн деп клубуна бардым. Клуб дегени бир малканадай экен. Эшик, полдун тактайлары ачык, суук экен ал жерден көчө жылуудай сезилди. Бир кино жүрүп жатыптыр, анын сөзүн уккан киши жок, баары үшүгөн буттарын тапыратып отурушат, жөн отур деп айталбайсың үшүп жатышса кантсин. Райондун борборунан эле ушуларды көрүп отурам, айылдарын кудай эле сактасын дедим. Көргөндөрүмдү, уккандарымды сүрөттөп жазып «Силерге мал эле керекпи» деген тема койдум. Анткени мал чарбадан көрсөткүчтөрү Союз боюнча алдыда. Ал эми адамдарды, элди тейлөө, өтө начар маданий курулуштар жок. Нарын суусунун көпүрөсүнүн кебетеси жогоркудай экени чоң макала болуп чыкты. Редактор бир топ жерин жумшартып темасын өзгөртүп «Жолдош Рысалиевге бир суроо» деп ондоп жарыкка чыгарыптыр. Ал кезде жарык көргөн сын макала Борбордук Комитеттин бюросунда каралып сөзсүз бир жыйынтык чыгып жообун беришчү. Ошентип Дөрбөлжүн менен Кара Молдо колхозунун ортосуна чоң көпүрө салынмай болуптур, райондун маданият бөлүмү, ашкана башчысы кызматынан алынып, жаңы клуб, жаңы ашкана салынмай болоору тууралу жооп келди. Корчубек аксакал азыр дагы мени көргөн сайын ошол макаланы кеп кылып, «жопжоош эле бир кыз келди эле, тили өтө ачуу экен деп райондогулар чуу түшүп калышты» эле деп эскерип менин юбилейимде карындашым ошондой журналист болгону менен сыймыктанам деген.

Фрунзе шаарыбызда бир канча заводдор иштөөчү ал кезде. Ошолордун бири Оорэлектрозаводу (Тяжэлектрозавод) Союз боюнча кызыл тууну жеңип алыптыр дегенди угуп, жазып келүүгө барып калдым. Директордун орун басары бир орус киши мени кыдыртып көрсөтүп чыкты. Баары жакшы экен, эми ушул сиз айткан интернациалдуу коллективди сүрөткө тартып алайын десем бир кыргыз жумушчуну табалбай коюшту; кантип кыргыздар иштебейби деп сурасам: – алар мындай жерде иштей алышпайт, жалаң таатал техникалар аларды окугандар гана иштетет – дейт. Аларды да окутса, үйрөтсө болот да деп андан ары сөзүмдү улай албай ыйлагым келип кабинеттен чыгып кеттим. Ал кишинин айтканын айткандай гезитке жаздым. Ошондон кийин борбордук комитеттен текшерүү жиберилип сөгүш жарыяланды деген жооп алдык. Башка жакта кандай болду экен деген ой менен көп кечикпей Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын чыгаруучу заводго бардым. Эң негизги суроом эле, силерде кыргыз жумушчулары иштейби? – деген суроо эле. Ооба иштейт, бизде бир цехте бүтүндөй кыргыз жаштары иштейт – деди профсоюздар комитетинин председатели. Ошол цехке алып барыңыз мен алар менен сүйлөшөм дедим. – Ишиңер кандай жигиттер, азаматтар, заводдо жумушчу болуп иштеген кандай экен? – деп суроо бердим. – Иштегени курусун заводдогу эң эле зыяндуу цехте иштейбиз, айлык акыбыз башкаларга караганда эң төмөн чыдай албай кайра кетип калып жатышат – деп жооп беришти. Жашоо шартынар кандай? – деп сурадым. Биз батирлерде жашайбыз, Россиядан келгендер келери менен квартира алышат бизге берилбейт деп чуулдашты. Директоруна кирип сурайын десем ага кирүү бир азап болуп эки, үч күн жүрдүм. Анан гезитке көргөн укканымды жазып чыгардым. Аны дагы текшерүүгө жибердик. Жооп келди, кыргыз жаштарынан жумушчуларды даярдап жатабыз деген, Ленин атындагы заводго да барып, ич жылытарлык эч нерсе көрө албадык. Ошол кездерде шаарыбыздын көчөлөрүнөн анда санда кыргыз болбосо көбүнчө орустар жана башка улуттар эле. Европанын, башка элдердин шаарында жүргөндөй сезилип кетчү. Көрсө студенттерден, маданий кызматкерлерден башка эл жокко эсе экен. Жанагинтип жумушчу жаштар жок болсо, аларга шарт түзүлбөсө, үйлөрү жок болсо шаарыбыз бөксөргөндөй, толбогондой, биздики эмес башка бирөөнүкүндөй көрүнүп турчу. Кийинчерээк жаштар бош жерлерге барып үй сала баштады. Аларды баскынчы катары кубалашып милициялар ур токмокко алышты. Шаарыбыздын тегерек четиндеги ээн жаткан жерлерге беш сотыхтан эле бөлүп алып үй салалы деп жатышса ага бийликтегилер каршы болушту. Чыр чатак ырбап баратканды. Ошондо Т.Сыдыкбеков агабызга кайрылдык, калыстыгын айтып: – Буларды кубаламак түгүл кубаныш керек, тоолорунан түшүп келип жер алабыз, үй салабыз деген жаштарды колдош керек, кубатташ керек – деген сөзү жогору жактагылардын көзүн ачып, колго чапкандай эле болду. Далай жаштар жер алып үй салып алышты. Шаарыбызды тегерете курчап турган айылдар, көчөлөр көбөйдү. Эми көчөгө чыксам көзүм кубанат. Кудайга шүгүр, – дейм ичимден. Кечинде сейил бактарында балдарын ээрчитип жүргөн элимди көрүп кубанам. Улутун кимдер сүйбөгөн, улутчул дешээр билбеген – деп акын Байдылда жазгандай, кандай адам өз улутун сүйбөсүн. Ооба, мен да өз улутумду сүйөм. Өз улутун сүйгөн адам башка улутту да сыйлай билет. Дүйнөдөгү баардык адамдар аман

болуп бейпил байкерчиликте жашап, анын катарында менин калкым да аман болуп, эркиндикте, кеңдикте жашаса дейм. Ошентип менин ар бир макалам элибиздин көйгөйлөрүн чечүүгө түрткү болгон маселелерге арналып, элге кызмат кылуу эле. Ош, Жалал-Абадга барып эмгек алдыңкыларын, пахтачыларды, кыздар бригадаларын көп жаздым. Аларда бир жакшы жагы талаастандары бар. Жайдын аптаптуу ысыгында баш калкалап, чогуу отуруп чай ичишет. Түшкүсүн эс алып алышат. Кечкисин жаштар ал жерди оюн күлкүнүн жайына айландырат. Эмгекти майрамга айландырып алышкан. Чүйдүн кызылчачыларына барсам сызылдаган ысыкта көлөкөлөй турган эч нерсе жок, талаада иштеп жүрүшөт, үйлөрү алыс, машина менен эртең менен алып келип таштап кетип, кечинде алып кетишет, аңгыраган ай талаада сызгырылып иштеп жүрүшөт, түштө эс алып ала келген жармаларынан ичип отура турган жери жок. Эмне үчүн бир бастырма сыяктуу көлөкөлөй турган бир нерсе салып беришпейт деп маселе көтөрүп, убадаларын берип бирок аткарышкан жок. Мен кайра кайра барып тажаттым. Ат-Башыга барып жер үңкүрдө жашаган чабанды анын чиедей жылаңайлак балдарын көрүп ыйлап жазып келдим. Арпа жайлоосунда барып топоз баккан кайраттуу, көп балалуу аялды мактап жаздым. Бирок ага жетиш үчүн кандай азап менен бардык. Областтык партия комитетинин катчысы Канышай Саякбаеванын ак «Волгасы» жете албай жолдо калды. Андан ары ат менен кетмей болдук. Түн караңгы, жол татаал, коркунучтуу, жаныбызды оозубузга тиштеп араң жеттик. Эң түпкүрдө Кытай менен чектешкен жерде экен. Ошончо жерден мени издеп келдиңерби? – деп ал аял өтө кубанычта болду. Топоз багуунун татаалдыгын да, асылдыгын да



айтып берди. Өмүрдө адамды кубантууга эмне жетсин, өзүбүз да кубанып кайттык. Эрдикке тете эмгегин даңазаладым. Журналисттик кесиптин аркасы менен көптөгөн асыл адамдар менен аңгемелештим. Токтогул районундагы Семетейчи Сейдана апаны атайын издеп барып жазып келдим. Сейдана апа атайын барганыма өтө кубанды. Ал учурда Манасчылыкка анча көңүл бурулчу эмес. Ал эмес өз жолдошу да анын күпүлдөтө Семетейди айтканын жактыра бербептир. «Үйгө камап кеткен жеринен терезенин көзүнөн качып чыгып малчылардын тою болуп жаткан жерге жете барып эл алдында айтып бугумдан чыккам. Эл өтө жакшы кабыл алып, дүркүрөтө көпкө чейин кол чаап турушту. Райкомдун секретары баалуу белектер менен сыйлады. Ошондон кийин сага дабаа жок экен го деп жолдошум унчукпай калган» – дейт. Сейдана апага да түшүнө аян болуп айттырып калган экен. Иштеген иштерим редакцияда ар квартал сайын акчалай сыйлык жана алкыш менен белгиленип турду. Мага сыйлык катары Лениндин 100 жылдыгына карата Ленин туулган, окуган, иштеген жерлерге путевка берилди. Республика боюнча бир нече журналисттер барып келдик. Лениндин туулганынын 100 жылдыгына карата Республикалык журналисттердин конкурсунда мен жазып келген публицистикалык макалалардын сериясы биринчи орунду жеңип алды. Ульяновск, Казан, Москва, Ленинград шаарларын ошондо биринчи жолу көрүшүм эле. Ленинге арнап ырларды жана поэма жаздым.

«Бул дүйнөдө партиялар көп болгон,
Бирөө сенче эл көңүлүн таппаган.
Бул дүйнөдө идеялар көп болгон,
Бирөө сенче эл бактысын ачпаган» – деп жазып

келгенмин, азыр деле ошол ойдомун, азыркыга чейин

Лениндик партиянын катарында келе жатам. Коммунисттик партиянын мүчөсүмүн. Чогула калган кезде Ленин жөнүндө ырларымды окуп берем, коммунисттер кадимкидей жандана түшүшөт. Лениндин асыл максаттарын бурмалабай так аткарып сатып жиберишпегенде адамзат бактылуу болот эле. Акыр түбү акылдуу адамзат ошого айланып келеерине ишенем. Менин журналисттик кесибим айта берсе бүтпөй турган кызыктуу дагы, жоопту уу дагы. Журналисттик кесибим менен канча бир соттук иштерди да териштирдим. Айрым бир наадандар киши өлтүрүп коюп деле, кыз зордуктап коюп деле же аялын өлтүрүп коюп деле соттон ар кандай жолдор менен акталып алышат экен. Тыкат жана акыйкат текшерүүлөрдөн кийин далай чечимдерди буздуруп кайра кароого мажбурладык, күнөөкөрлөр тийиштүү жазаларын алышты. Качан болсо чындыктын жолунан тайбай, чындык үчүн кызмат кылсаң ал өз жемишин бербей койбойт экен. Мен өз ишимди сүйүп андан канагат, рахат алуу менен иштедим. Азыр ырларымды да ошол негизде улантып жатам. Изденүүнүн чеги бүтпөйт экен. Мен али изденүү жолундамын.

**– Ооба эже, тынымсыз иштеп, жазып, жылыга жаңы китеп чыгарып келе жатасыз. Эже кантип жетишип жатат деп таң калабыз. Кийинки жылдарда жалаң тарыхый чыгармаларды жазып жатасыз ага кандай себеп болду?**

– Биз эң оболу өзүбүз ким экенибизди, кандай элдин тукуму экенибизди, кайдан чыкканыбызды, ата бабаларыбызды, энелерибиз кандай адамдар болгон, кандай жашап, кандай баатырдыктарды, кандай акылмандыкты, мырзалыкты көрсөткөнүн билишибиз керек. Өткөнү, тарыхы жок элдин келечеги да жок – деп туура айтышат. Кудайга шүгүр, биз тарыхы бай



байыркы элбиз – деп жүрөбүз. Ошол бай тарыхыбызды үйрөнүшүбүз керек да, бабалардын эрдиктеринен, энелерибиздин кеменгерлигинен үлгү алышыбыз керек да, сыймыктанышыбыз керек. Биз бала кезде апам өзү көргөн билген же айылдагы жакшы адамдар жөнүндө айтып отурчу эле. Буларды эмне үчүн айтып жатасыз – десем, силер да ошолордой болсо экен деп айтып жатам да – деп калчу. Анысыгандай мен да жакшы адамдар жөнүндө жазып, ал байыркыбы, бүгүнкүбү баары бир жакшы жактарын айтып башкаларды да ошолордой болсо деген тилегим. Ал ак тилегимди баары эле түшүнө бербейт. Бүгүнкү жакшы адам эртең ал да татрых болуп калат. Арноо ырларын жазып кошоматтаның жатат – деп ойлошот. Эмнеге кошоматтанмак элем байлыкка, наамга жутунгандардан эмесмин, эл катары жашап жүргөнүмө тобо кылам. Жазган адамдарымдын бирөөнөн да бир тыйын алган жокмун, сураган жокмун. Сураганды өлгөндөй жаман көрөм. Нурсултан Назарбаев эмне муктаждыгы бар экен, сурагылачы деп Казакстандын элчисинен суратыптыр. – Эч кандай муктаждыгым жок Кудайга шүгүр баары бар – деп жооп бердим. Мен Нурсултанды жазсам биздин да бийликтеги адамдар ошондой болсо деген тилек менен жазган элем. Анда бийликтеги адам кандай болуш керек – деген ой жоорууларым, кыялдарым. Ата бабалардын айткан сөздөрүнө да таянып, Жусуп Баласагын атабыздын «Бийликтин таянычы –адилеттик» деген сөзүн башкы тема кылдым.

Тарыхый чыгармаларды жазып жатыпсыз дедиң, дагы аз жазып жатабыз, улам тереңдеп, улам кенен жазсам дейм, чарк чама, өмүр жетсе. Кээде бир нерсени жазууда бирөөлөр себепчи болот. Карбуура атабызды жазып калышыма элибиздин ар намыстуу, элим

деген уулдары бар билинбей акырын басып, акырын иштеп жүргөн, эл үчүн кызмат кылып. Ошолордун шарапаты болду. Казакстандын Чимкент областынын Созак деген жерине сөөгү коюлуп калган Карабуура атабыздын күмбөзүн кайра куруп, казактар жылыга бабабыздын арбагы үчүн деп куран окутуп аш берип турушат экен. Ал ашка кыргыздын Кара-Буура районунун жетекчилерин да чакырышып турат экен. Ошол кийинки эки жолку чакыруусунда Карабууралык жигиттер академик Оморбай Нарбеков, Кыргыз республикасынын аксакалдар коомунун төрагасы Дөөлөтбек Шадыбеков баш болгон жоон топ адамдар, аялдардан Дарика Жалгасынова экөөбүздү кошуп алабарышты. Курал Эржан деген казак азаматы Карабуура атабызга келиштире күмбөз салып тегерегин эс алуучу гүлзарга, сыйынуучу жайга айландырыптыр. Рахмат мунун баарына. Мен ал жерге баргандан келгенче Карабуура казак эмес, кыргыз болуу керек деген ой башымда туруп алды. Ал ой тынчтык бербеди. Тарыхты издедим, казактардын жазгандарын да, кыргыздардын, орустардын жазгандарын да окудум. Маалымат өтө аз. Аз болсо да болгонун болгондой элге жеткирүүгө аракеттендим. Бабабыздын кыргыз экенин далилдедим. Кийинки жылы китебимди чыгарып Карабуура атабыз жөнүндө жазылган, Түркстан шаарында өткөн түрк элдеринин эл аралык илимий конференциясында окуп, доклад жасадым. Менин пикириме эч ким каршы чыга алган жок. Карабуура бабабызга арнаган китебимди белекке тараттым. Созак жеринде да казак элине сөз менен да, ыр менен да айтып жеткире алдым. Менин жеңишим ушул. Кошо баргандар кубанып чын пейилдеринен кыргыз элинин баатыр кызысыз деп мага ыраазычылыктарын билдирип жатышты.



Тарыхый чыгармаларды жазып калганымдын дагы бир негизги себеби, биздин эл башкарган бабаларыбыз эч качан баскынчы, варварлардан болгон эмес. Тескерисинче, укугу тебеленип, тепселип жаткан кул болуп, гладиатор болуп жүргөндөрдү эркиндикке чыгарган. Элди адилет башкаргандыктан эл андай башчыга өздөрү эле багынып ээрчип алышкан. Ошентип биздин бабабыз Атилла (Адил) Францияга чейинки бүтүндөй Европа өлкөлөрүн багындырган. Ал эми X кылымдагы Карабуура атабыз бардык адамдар бирдей барчылыкта, эркиндикте жашасын деген. Бир дагы бей бечара, жакыр адам болбосун, бир дагы жесир аял, бир дагы жетим бала болбосун деген, байлары жакырларына каралашсын, жесир аялды колунда бар жакшы адам нике кыйдырып аялдыкка алсын, бала жетим калбасын, ата тапсын деген. Ар бир адамдан адамдыкты, ыйманды, чынчылдыкты, калыстыкты, адилеттикти, эмгекчилдикти, Ата Журтту жандан артык сүйүүнү талап кылган. Ошентип бабажана ага ак кызмат өтөөнү талап кылган. Ошентип бабалардын жүргүзгөн иши жетекчиден баштап жөнөкөй адамдарга чейин, дегеле адамзат үчүн үлгү.

Абдан кызыктуу жана маанилүү маек бергениңизге чоң рахмат эже. Эми алдыда келе жаткан 80 жылдык маарекеңиз кут болсун жана сизге бекем ден соолук дагы да талыбаган чыгармачылык ийгиликтерди каалайм. Бар болуңуз эже!

*Маектешкен Анара Байчукуева. 28.09.2017-жыл.*
*Бишкек шаары.*

## «Көңүлүмдө гүлдөй элек жазым бар»

Белгилүү акын, КР. маданиятына эмгек сиңирген ишмер, «Түгөлбай-Ата» сыйлыгынын лауреаты Гүлсайра Момунова менен маек.

**– Эже жакында «Кут дүйнө» деген китебиңиз жарыкка чыгыптыр. Алгач китептин «Кут дүйнө» деген аталышынан баштасак?**

Жашы өйдөлөп бараткан мендей адам үчүн улам кызык, керемет көрүнө берет турбайбы. «Кут дүйнө» куттуу мекен, «куттуу адамдар», «куттуу махабат» деген үч бөлүмдөн турат. «Куттуу мекен» деген бөлүмү шаарларыма, эли жериме, ата мекениме арналат. Ата мекендин тоо ташы, жазы, күзү, ачык күнү, бүркөө күнү да мен үчүн куттуу. Анткени, биз байыркы элбиз! Ал эми «куттуу адамдар» деген бөлүмү тууралуу айтсам, мен бул арноо ырларым да уюткулуу кыргыз элинин жүздөй инсанынын образын ачып берүүгө аракет кылдым. Мунун баары курулай мактоо же кошоматчылык эмес асыл адамдын асылдыгын, эмгекчил адамдын эмгегин баалоо. Мисалы, үч бир тууган Шерниязовдор бири «Көк бөрү» федерациясынын президенти, бири «Айтыш» өнөрүнүн бактысын ачууда, бири «Манасчылар ордосун» түзүп өз элине ак кызматын өтөп жатат. Булар элдин атынан жакшы сөз угуш керекпи? Керек. Үчүнчү бөлүм «Куттуу махабат» Улуу адамдар, улуу сезим кутүшөт. Алар махабатын куттуу боюнча сакташат. Махабат жандын жүрөктүн сыры, адамзаттын ички обону, ички кайрыгы. Куттуу махабат бар үчүн өмүр уланып жатпайбы. Ошентип «Кут дүйнө» мекениме, мекенимдин куттуу адамдарына арналат. Китептин баш сөзүн жазган Эрнис Турсунов дагы бул китептин чыгышына чоң дем берди: – Гүлсайра, бул элге керек китеп, чыгарып ал. Бир кем-



пир пенсияда жатат дебей сенин иштеп жатканыңды эл билсин,– деп көп жолу айтып калчу.

**– Эже, кайрадан «куттуу махабат» бөлүмүнө кайрылгым келип турат. Сиздин эң сонун сүйүү ырларыңыз бар, ошонун баары бир эле адамга арналганбы?**

Негизинен акын туруктуу, таза, чыныгы сүйүүнү эңсейт. Бирди гана сүйүп ошону менен өтүп кеткиң келет. Анан сен андай болгон менен, ал андай болбой калат экен. Же турмуш шарт жеткирбей койот экен. Кечээ жакында эле мен бала чагымда жакшы көргөн адамым жолугуп алып «мен сени сүйчүмүн» деп чал болгондо сүйүүсүн айтып жатпайбы. Мурун айтпаган сүйүүңдү эми айтасыңбы, мен сени өмүр бою күттүм го – дедим. Мен азыр сага «Чоң сүйүүгө чакырам мен сени» – деген ырымды окуп берейин.

Сырыма чакырып мен сени,
Эч бирөө түйүнүн чече алгыс.
Ырыма чакырам мен сени,
Эч бирөө кумары каналгыс
Өмүргө чакырам мен сени
Эч качан экинчи жаралгыс

**– Айтыңызчы, Аял-Акын кандай болуу керек?**

– Акын – чыдамкай, жароокер, назик, турмушту сүйгөн, адамдарды сүйгөн, эл-жеринин чөбүн, гүлүн эле эмес түтүнүнөн бери сүйгөн суктангыч көздөр. Бир кайталангыс жан болуш керек. Баарын сүйө билсең, баарысы ыр. Жада калса туулган айылыңдын үргөн иттеринин үндөрү да керемет. Биздин сезим баардык нерседеги сулуулукту талап кылат, биздин көздөр сүйгүч болот. Ошондуктан канча китеп, канча ыр жазсам да тойбойм. Бул дүйнөнүн накта өзүндөй бир нурдуу ыр бар, эми ошол ырды жаза албай алектенип өмүр бою убарамын.

**– Ыр жаралуу илхамын сиз өзүңүз чакырасызбы же күтөсүзбү?**

Илхам өзү келет деп күтүп жүрө берсең убакыт өтүп кетет. Илхамды аракет кылып чакырыш керек. Чакыруунун ар түрдүү жолу бар. Боюңду да, көңүлүңдү да таза кармап бир ойлорду жүрөгүңө кайнатып жүрүшүң зарыл. Анан бир күнү агынан жарылып төгүлөсүң. Эгерде көкүрөк бош калып, илхам чакырууга кудурет жетпей калганда жакшы ырларды которуп, китеп окуп жүрсөң ойлор пайда боло баштайт. Жан дүйнөсү бай адам менен сүйлөшсөң ал да бир чыгарманы окуганга тете.

**– Жакында чыгыш классикасынан Мухаммед Икбалдын ырларын которуп ыр жыйнак кылып чыгарбадыңызбы, ошол боюнча айтып берсеңиз?**

– Жаш кезибизде орус, өзбек, казак, латвия, литва, монгол, венгер, болгар акындарынын ырларын которчубуз. Бир жолу Пакистандын элчисине китебимди белек кылсам сергек киши экен, Икбалдын ырларын котор деп мага сунуш кылды. Мен макул болуп котордум абдан татаал экен.

**– А сиздин жаш кезиңиз кандай өттү?**

Менин жаштыгым аракетчил жаштык болду. Жакшы нерсенин баарын жасагым келчү, баарына кызыкчумун. Ырдачумун, бийлечүмүн. Кургак ырдабай сезим менен ырдап жигиттердин жүрөгүн сууруп алчумун. Бала күнүмдө болсо жамгырды тиктеп эле тура берчүмүн. Саамайларымды салаа салаа суу кылып жамгырга чачымы тосчумун. Балким ошол аруулукту, тазалыкты, себелеген ак жамгырларда менин алгачкы акындык ышкым жаралган чыгаар.

*Бакирова А.*
*Маек курган: («Кыргыз Руху» газетасы. 07.05.2004.)*



## Адилет сөз

Кыргыз эл акыны Гүлсайра Момунованын «Бабалардан калган сөз» деген чыгармасын окуп чыккан соң бир эски икая эсиме түштү. Анда бир даанышман карыяга кабырга тууганы келип:

– Сиздин досуңуздун сөзү сөөгүмө жетти. Ошону айтканы атайын келдим,– дейт.

Анда даанышман:

– Сен айтаар сөзүңдү үч чыпкадан өткөрдүңбү? – деп сурайт.

– Анда тууганы:

– Кайдагы үч чыпка? Сөзгө да чыпка болмок беле?..

– Болот. Сен алгач айтаар сөзүңдү чындыктын чыпкасынан өткөр. Мага айтаар сөзүң чындыкпы?

– Билбейм. Мен ошондой деп уккам.

– Демек, айтаар сөзүңдүн чыны же жалган экенин билбейт турбайсыңбы. Анда аны жакшылыктын чыпкасынан өткөрөлү. Айтар сөзүң кандай сөз? Ошону тактайлычы, сөзүң жамандыкпы же жакшылыкпы?

– Жамандык сөз. Ошон үчүн чыдабай айтканы келдим да.

– Болуптур, анда сөзүңдү пайданын чыпкасынан өткөрөлү. Сен айта турган сөзүңдөн кимге пайда? Магабы, сагабы же айткан кишигеби?

– Эч кимге деле пайдасы жок – дейт кабырга тууганы. Ошондо карыя:

– Эч кимге кереги жок сөздү айтуунун кереги деле жок. Пайдасыз сөздү оозго албай эле койгон оң! – деген экен.

Мен Кыргыз Эл акыны Гүлсайра Момунова калем-

дешимдин аталган чыгармасын окугандан кийин «Бабалардан калган сөз» үч чыпкадан тең өткөн адилет сөз экенине ынанып, өз оюмду билдирип коюну ылайык көрдүм.

Биринчиден, аталган чыгармасы тарых чындыгын чагылдырган казак тууғандардын Кара буура минген олуя тууралсындагы болмушун биздин Орто Азия чөлкөмүндө 919-жылдан 1212-жылга чейин созулган Сатылган (илимий адабиятта Сатух хан) Кара буура хандын (Кара буура хан деген- бул хандыкты башкарган өкүмдарлардын кайсы жерде төрөлгөндүгүн, теги кайсы жерлик экендигин билдирген лакап аты, мындай мисалдар тарыхта ондоп саналат) бирин бири улаган мураскорлугу (Династиясы) тууралсындагы тарых чындыгы менен жуурулуп ширетилген. Мындан миң жыл мурун жашап өткөн Кара буура хандардын эң жакын акыл кошчусу Улуу Хас Хажиб Жусуп Баласагын бабабыздын «Куттуу билим» насааттама дастанындагы элдик акыл насааттар менен сугарылган турмуш чындыгын туу туткан чыгарма экенине биздин акылгөй окурмандар аний дебес. Чындыктын да алтын сыяктуу эч качан эскирбесине бөркүмдөй ишенем.

Экинчиден, аталган чыгарма азыркы окурмандарыбызды ЖАКШЫЛЫККА үндөгөн, күнүмдүк турмушта адамдык абийирди бийик тутуп, өмүр жолунда ак, таза жүрүүгө, адамдык өз ара ынтымакка чакырган бийик чыгарма экенинде, аны азыркы акылман окурмандар туура баамдашаарында талаш жок. Жакшылыктын жолу дайыма таза да.

Үчүнчүдөн, автордун «Бабалардан калган сөзү» ар бир окурмандын жүрөгүндө уюган адилет сөздөр. Акын сөзү бүгүнкү да, келечекки да окурмандар үчүн керектүү, пайдалуу сөздөр! Акын замандаштарыбызды айрыкча жаштарды абийирдүүлүккө, эл жерди жанын-



дай сүйүүгө чакырат. Ар бир окурман өмүр жолунда таза жашап, күн сайын адам болууга үндөйт. Биздин бүткүл дүйнөгө таанымал Чыңгыз агабыз да окурмандарын адам болууга чакырып келген эмеспи. Чыгарма ушунусу менен баалуу, ушунусу менен түбөлүктүү.

Алтындын салмагы көп, асылдын кардары көп. Азыр Жусуп бабабызды да, Кара Буура хандарын мураскорлугун талашкандар көп. Бул талашка биздин Гүлсайра акын акыркы чекитин койуптур. Буга мен да ынандым. Акыныбыз айтып жатпайбы:

Кара Буура – сенин бабаң, менин бабам,
Талашпа, ким болсо да жакшы адам.
Бир элдин, бир адамдын баласы эмес,
Балам десе жарашат бүткул Аалам!

Калетсиз сөздөр! Кара Буура хандардын доорубүткүл Орто Азия бардык жагынан гүлдөгөн, мададу нияты, өнөр жайы өнүккөн доору болгон. Ошол доорго биздин ата бабалар, анын ичинде Жусуп Баласагын бабыз да өздөрүнүн акыл күчүн, кол күчүн, ынтымак күчүн жумшаган. Биз ата-бабаларыбыздын – бүгүнкү мураскорлору ошол салымды баалай билип, аларды дүйнөлүк деңгээлге көтөрүп чыгышыбыз керек. Гүлсайранын чыгармасы ушул багыттагы барандуу кадам экенинен күмөн санабайм.

***Төлөгөн Козубеков.***
***Акын, котормочу, тарых изилдөөчү.***

## Акын үчүн куттуу белем бүт дүйнө

Бүгүнкү кыйын күндө жарык көргөн ар бир китеп өзүнчө эле кубанычтуу окуяга айланып калбадыбы. Жакында белгилүү акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Гүлсайра Момунованын "Кут дүйнө" аттуу жаңы китеби жарыкка чыкты. Бул китебин автор Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арнаптыр. Чынында эле, китепти барактап көргөндө куттуу Мекен жөнүндөгү ырларга кенен орун берилгендигине күбө болосуң. Көрө билсек, сүйө билсек, баалай билсек биздин мекенибиз чын эле ыйык, куттуу экенине ынанабыз, анын көркүнө келбетине кубанабыз.

Кыйырына кыдыр түнөгөн,
Кудайдын мээри төгүлгөн.
Касиеттүү Ала-тоо,
Ыйыктан ыйык көрүнгөн.

Аскасы нурга чөмүлгөн,
Алланын мээри төгүлгөн.
Агылып түшүп мүрөгү,
Алтындан чачпак өрүлгөн.

деп ушундай жерде төрөлүп, жашап жүргөнүбүзгө аябай сыймыктана агылып төгүлгөн экен акын. Ата мекендин бир адамын ырдоонун өзү да Ата мекенди ырдоо. Мекенге өздөрүнүн талыкпаган эмгектерин өтөп, өрнөктүү өмүрлөрүн арнаган асыл инсандар жөнүндө "Куттуу адамдар" деген чоң бөлүм бар китепте. Анда акын өзүбүз көрүп билип эле жүргөн замандаштардын бейнесин, өмүр жолун, мээнетин бир романга батуучу жакшы жактарын эки үч куплет ыр менен эле жарк эттире көрсөтө алган. Заманыбыздын татыктуу инсандарына татыктуу баасын берип, элдин атынан,



өзүнүн атынан айтылган алкыш кеби, ак батасы чын жүрөгүнөн чыккандыгы менен таасирдүү жана баалуу. "Жакшы сөз жан эргитет" дегендей, жакшы адамдарга жакшы сөздү арнай ,жүрөгүнө,дилине кубаныч шаттык сала жүрүү керек экен го деген ойго келесиң. Кайсыл гана ырында болбосун автор инсандагы адамкерчиликти, эл жерди сүйүү сезимин, нарк насилдүүлүктү, ыймандуулукту,боорукерликти биринчи орунга койгонун байкайбыз. Көпчүлүк чыгармаларында адамдарды ынтымак биримдикке, достукка,адалдыкка,аруулукка,адеп ахлакка үндөп турат. "Чоор үнү" деген балладасы, "Бишкегим", "Боз үй", "Аял кудурети", "Журт атасы", "Улуулук" деген поэмалары Ата мекенди сүйүүнүн, ага ак кызмат кылуунун нагыз үлгүсү десек болот. Гүлсайра Момунованын сүйүү ырлары чын жүрөктөн,аруу сезимден жаралып, ачык айрымдыгы, жароокерлиги,тазалыгы менен айырмаланат эмеспи. Эжебиз алтымыштан ашып калса аруу сезимден али арыла элек экен. Мындай ырлар "Куттуу махабат" аттуу атайын бөлүмдөн орун алган. Ошентип, акын үчүн жарык дүйнө, мекен, адамдар, махабат баары кут экен. Куттуу ааламдын алкагында түндүгүнөн кут төгүлгөн кыргыздын боз үйүнүн ичинде ак элечек кийген куттуу байбиче отурат китептин мукабасында. Ал эми жердей куттуу үйүбүздү куттуу кол көтөрүп, аярлап тургансыйт. Китепти көркөмдөгөн өзүнүн с үрөтчү уулу Адил Абдраимов апасынын айтайын деген идеясын сүрөттө ашырса ашырып төмөн түшүрбөптүр. Аалам, Ата мекен жана Адамдар жөнүндө агынан жарылып, агылып төгүлүп жазган ушул эмгегиңиз өзүңүзгө да кут береке, бактылуу узун өмүр алып келсин, кымбаттуу Гүлсайра эже!

*Шайдулла Мамажанова.*

***(Азия нуру гезити. №05 (130) 2004ж.)***

## “Баарыңарга айткым келет жакшы сөз...”

**– Эже, өзүңүз жаш көрүнгөнүңүз менен 75 жашка толуп отурасыз. Жакында өткөн маарекеңиз кандай өттү?**

– Мен маараке белгилейин деген деле оюм жок болчу. Улуттук китепкананын эл акындарынын кечесин өткөрүү планы бар экен. Алар мага кайрылганда ай, мен өткорбөйм деле деп койгом. Мени каражаттан кыйналып жатат дешкенби, Бакай ата районундагы Кең- арал айылындагы жердештериме кайрылып жибериштиптир. Анан алар дуулдап эжекебиздин маарекесин биз эле өткөрөбүз деп бары-жогунун баарын көтөрүп чыгышты. Мындай болот деген оюм жок эле эл көтөрүп жиберди. Биз өмүр бою ким үчүн, эмне үчүн иштедик? Жакшы сөзүбүз, жакшы ырыбыз элибизге жетээр бекен деген тилекте болдук. Анан ошонун кайтарымы кайткансып турса чыгармачыл адам үчүн чоң бакыт да. Кудайга тобо , ошол күнү бакытка бөлөндүм. Менин элим, жердештерим бакытка бөлөштү. Мен андай чоң той өткөрбөсөм да маарекеме китеп менен келейин деп 33 басма табактан турган жаңы китебимди жарыкка чыгардым. Негизи эле ар бир маарекеме китеп менен келем.

**– Жаңы жыйнагынызга “Жакшы сөз айткым келет” деп жакшы ат таапсыз. Азыр адамдар арасында бири биринен жакшы сөзүн аяган заман келгенсийт...**

– Кудай тилди эмнеге берген? Бири бири менен жакшы байланышсын, карым катнашта жакшы соз айтышсын деп берген. Бул улуу белекти улуудай алып жүрсөк, тилден таттуу, тилден ачуу нерсе жок. Адамды өстүрүп, адамга канат байлата турган да сөз, адамды чөктүрүп жок кыла турган да сөз. Сөз адамдарга берер белегибиз. Ошондуктан китебимдин атын “Жакшы сөз айткым келет” деп койдум.



Баарыңарга айткым келет жакшы сөз,
Буудай салып бербесем да колуңа.
Жан азыгым,бар байлыгым ушу экен,
Буудай сөздү чачкым келет жолуңа.

Жакшы сөздү издеп жүрсөм мен көктөн,
Жакшы сөздү издеп жүрсөм эң көркөм.
Таап алдым жалындаган ыпысык,
Адамдарды сүйүп турган жүрөктөн.

Адамдарды сүйүп, адамдарга жакшы сөз арнап жүргөндөн чоң канагат алам.

**– Сиздин ырларыңыз төкмө акындардыкындай куйулушуп турат эмеспи. Жаш кезиңизде ырлары- ңызга бут тосуулар болуп жүргөндө Чынгыз Айтматов жакшы баа бергенин укканым бар...**

Атам дагы, апам дагы кошокчу адамдар болгон. Атам каза болгондо апам боздоп сыздап бир жыл кошок кошкон. Ар бир кошогу ар башкача эле. Менин ырларым поэзияда женил кетет. Манастын стили менен женил кетем. Кошокчу, жамакчы деген сын угуп, ырларыма бут тосуулар болуп жүрчү ошол кезде. Бул стилди катып, он эки муундагы татаал саптарды жазып жүрчүмүн. Бир күнү Казакстанда кыргыз адабиятынын декадасы өтүп калды. Чыңгыз агабыз менен Олжас Сулайманов экөө турган экен. Олжас Сулаймановго китебимди берейин деп үч куплет ыр жаза койдум.

“Маңдайында шамы бар,
Жүрөгүндө жалы бар.
Сендей асыл уулу бар,
Казак элдин багы бар” деп төгүп жаза коюп ошол

жерден окуп бердим. Бирок жанында турган Чыкемди карап уялып кетип, “менин ушинтип батыраак жаза коймойум бар” десем, “ушул биздин поэзиябыздын башаты, ушул гана стилде улантып, ушул гана стилде жазып жүргүн,ушунундан тайба” деди. Чыкемдин ошол бир эле сөзү менин көзүмдү ачып салган.

**– Адамды, айрыкча акынды асыл сезимдер кош-топ жүрбөсө жакшы чыгармалар жаралбайт деп акындар айтып калышат. Сүйүү тууралу ырларды жазып жатасызбы?**

– Сүйүү сезими эч качан карыбайт. Адамдын жашы өйдөлөп, өзү карыганы менен жүрөгү карыбайт. Жаңы чыккан жыйнагымда да кийин жазылган сүйүү ырлары бар. Ошондон бирди окуп берейин.

**Келдиңби сүйүү**

Келдиңби сүйүү айламды алты кетирип,
Келдиңби акыр ашууну ашып кечигип.
Кечиксең дагы келгениң кандай зор бакыт.
Келбеске кеткен жаштыкка калдым кезигип.

Келдиңби сүйүү эсимди эки оодарып,
Эчаккы өчкөн сезимге кайра от жагып.
Эскиртпейм сени эскирсе мейли өмүрүм,
Эсиле жанып, алоолоп күйөм тутанып.

Келдиңби акыр эңсеген сүйүүм сенсиңби,
Тааныбай турам мурдагы ушул менминби.
Тааныбай дагы жаңылып калып жүрбөйүн,
Калпы жок анык нукура бойдон келдиңби.

Келдиңби сүйүү тиктейин кана көзүңдү,
Өгөйлөй көрбө өзгөрүп кеткен өзүмдү.
Карыса мейли,жаштыгым өтүп кубарып,
Жапжашыл бойдон карытпай сактайм өзүңдү.



Келдиңби сүйүү булбулум болуп сайраган,
Тайманбай өтүп ташкыны күчтүү дайрадан.
Өзүмдү бүтүн өзүңө арнап өтөйүн,
Багыма келчи шорума келбей кайрадан.

**– 7-апрелден соң сиз жазган кошокко Роза Аманова обон чыгарып ырдап чыкты. Аябай жүрөктү титиретип жазыпсыз.**

– Жаңы жыйнагымдын бир бөлүгү жалаң Ата журтка, Ош окуясына, 7- апрелде каза тапкан баатырларга арналган. 7-апрелде балдарымды,неберелеримди карап мен аянтта жүрүп калдым. Ыйлап жүрдүм. Жакарап мен аянтта жүрүп калдым. Ыйлап жүрдүм. Жашоого тойбой. Көзүнө мөлтүлдөп жаш толуп өтүп башоого тойбой. Көзүнө мөлтүлдөп жаш толуп өтүп бараткан көздөрдү көрдүм. Түнү менен уктай албай чыктым. Эртеси Роза чалып калды. Ал дагы мага окшоп жүрөгү канап туруптур. “Энелердин кошогу” ошондо жазылган. Түнү менен ыйлап олтуруп жаздым. Ар бир баатырга арнап ыр жаздым.

Кан жутуп турган энемин ботом,
Кайгымды кантип жеңемин ботом.
Каралдым сени караңгы жерге,
Канткенде чыдап беремин ботом.
Боздоп бир турган энемин ботом,
Боорумду тилип эземин ботом.
Бой жеткен кезде канткенде сени,
Бозоргон жерге беремин ботом.

Сай сөөгүм сыздап болкулдайт журтум,
Сөгүлүп ичим солкулдайт журтум.
Ай күндү алып берсе да эми,
Эч нерсе ордуң толтурбайт журтум.

**– Жазуучу Зуура Сооронбаева менен абдан жакшы мамиледе болгонуңузду укканым бар...**

– Ооба, Зуура эже экөөбүз абдан жакшы мамиледе болчубуз.

Китебиң ачсам жабалбайм эже,
Окубай тынчып жаталбайм эже.
Коюпсуң ички муңумду жазып,
Козголгон сырды каталбайм эже.–

деп эжеге арнап жазганым бар. Анын китебин ачкан киши уктай алчу эмес. Мен өз башымдан өтүп жаткан нерсени айтып жатам. Уйкум келип турганда эженин китебин ачкандан коркчумун. Уктабай калам деп коркчумун. Тили бир укмуш таттуу, турмуштагыдай, экөөбүз сүйлөшүп тургандай окуясын дагы кызыктуу кылып жазган. Экөөбүз сыр бөлүшчүбүз. “Ушунча жүргөн кыздардын баарынан сени жакшы көрөм” деп айтып калчу. үйүмө,дачама чейин барып менин баардык турмушумду билип, чын ниетинен бир боорундай жакшы көрчү.

**– Азыр түшүңүзгө эмнелер кирет? Балким балалыгыңыз...**

– Качан карабайлы чон жолдун боюндагы кичинекей үйүңөрдөн чырактын жарыгы өчпөйт деп эл айтып калчу.

Азыр да ошол кичинекей үйдөгү бүлбүлдөгөн чырак түшүмө кирет. Түшүмдө энемди, айылымды анан ошол бүлбүлдөгөн жалгыз чыракты издеп барам. 6-7 –классымда Таластагы мектеп-интернатка жатып окуп калдым. 1955 жылдар эле. Бир күнү түнкү саат он экилерде жер титиреди. Жер титирегенден кийин кайра жатып уктай албай койдум. Кулайын деген үйдө жалгыз калган энемди үй басып калдыбы деген коркунуч ой ээлеп, түн бир оокумда он километрдей алыс калган Кең-Арал айылын көздөй чуркадым. Үйдү көздөй, бүлбүлдөгөн чыракты көздөй, жалгыз калган энемди көздөй чуркап бараттым. Жетсем үй кулабаптыр. Терезеден шыкааласам энем уктап жатат. Акырын барып кучагына жыгылдым.

*Жамиля Нурманбетова*
*(Жаңы агым, 25.01.2013ж)*

## Карабуура баатыр түрк дүйнөсүнүн рухий пири

Созак жерине сапар

... Учу-кыйырына көз жетпеген казактын кең талаасы. Бишкектен автоунаа менен чыгып он сааттан ашык убакыттан соң алыскы Созак жергесинде, андан көп өтпөй Созак айылында болдук. Биз түшкөн унаа көркөмү келишкен күмбөз-эстеликтин бет маңдайына токтогондо, мында чогулган элдин көптүгү дароо көзгө урунду. Келгендерди, Кыргызстандын Аксакалдар кеңешинин төрагасы, «Карабуура баатыр» фондусунун президенти Дөөлөтбек Шадыбеков жана академик Оморбай Нарбеков жетектеген топту профессор Мусагали Дуамбеков, калк азаматы Жанабек Абишев, композитор жана жазуучу Илья Жаканов, башка да ар кырактагы адамдар кучак жая жылуу маанайда тосуп алышты. Меймандар түрк дүйнөсүнүн рухий пири, акылман эл башчысы катары таанылган Карабуура баатырга арналып салынган жарашыктуу эстелик-жайды кыдырып көрүп чыгышты.

Элдин алкоосуна ээ эл уулу Ержанов

Канчалаган мезгилдин өтүшү менен эл ыйык туткан Карабуура хандын, олуянын эстелиги урап калган. Эл болсо, аны өтө бийик кадырлап, мында келип-кетүүлөрүн, ага арнап куран окутууларын, калк ичинде аңыз болуп айтылган улуу эмгек-эрдиктерин эскерүүлөрүн токтотушкан эмес. Эгемендик келген мезгилде мындай жалпы элдик урматтоо огобетер жогорулаган.

Көрүстөндүн кейиштүү абалына жаны ачыган эл уулу Курал Ержанов өз каражатына ушул көпчүлүктүн



көңүлүнө толоорлук, эки бөлүктөн турган кең-кесири эстелик-жайды салдырган. Курулуш иштери 1997-жылы соңуна чыгып, көп эл чакырылып, 13-14-май күндөрү чоң аш берилген. Бул күмбөз-эстелик кийин өзүнчө эле пантеонго айланган. Тегерегиндеги жашыл аянтчаларга көрүнүктүү адамдардын ысым-наамдары жазылып, жашаган мезгили көрсөтүлгөн гранит-тен жасалган такталар орнотулган. Мындагы 460 тактанын катарында кыргыздын улуу Манас баатырына жана дүйнөлүк атак-даңкка ээ залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовго арналган эскерме-такталар да бар. Мындай бийик урматтоо менен дүйнөдөн өткөн, элге эмгеги сиңген көрүнүктүү инсандарга такталарды коюу жөрөлгө-салты улантыла берет экен.

Эл алкоосуна алынган Курал Ержанов 1949-жылы Кыргызстанда, Өзгөндө төрөлгөн. Беш жашында атасы каза болуп, Түркстан шаарындагы атасынын эжесинин колунда тарбияланган. Жогорку окуу жайын Чымкенттен бүтүрүп, мыкты иши, жакшы сапаттары менен көрүнгөн. Кийин облуста жетекчи кызматтарда иштеген. Казакстанда ал белгилүү коомдук ишмер, элге кайрымдуу бизнесмен-ишкер катары да таанылган.

Анын элге жасаган жакшылыктары өтө эле арбын экен. Кыргыз менен казактын, бир тууган эки элдин ынтымак-байланышын бекемдөөгө да көп күч жумшаптыр. Ушундай мыкты адамдын өткөн жылы дүйнөдөн мезгилсиз кайткандыгы көпчүлүктү кайгыга салган. Эми эмгеги элдин эсинде калган К.Ержановдун өрнөктүү иштерин уулдары Баглан, Сакен, Даурен жана Данияр улантып жатышыптыр.

Казакстанда нечен ирет болуп, ишмердиги ченемсиз Курал Ержанов жүргүзгөн ар тараптуу иштерден кабары бар Оморбай Нарбеков аксакалдын демилгеси

менен маркумга багышталып мал союлуп, дасторкон жайылып куран окулду, анан жасап кеткен иштери, мыкты сапаттары жөнүндө эскерүү сөздөрү айтылды.

Баатырдын даңкы Талас жергесинде да бийик

Элде, тарыхта аты калган Карабуура баатыр XI-XII кылымдарда жашап өткөн. Ошол мезгилдин, түрк дүйнөсүнүн көрүнүктүү инсаны болгон. Өзүнүн даанышмандыгы, акылкөйлүгү, олуялыгы, эр жүрөктүүлүгү менен журт башчылыгына көтөрүлгөн. Жалпы Орто Азия калктарына атак-даңкы тараган. Өзүм дебей, эң алды калк жөнүндө камкордук көрүп, марттыгы, берешендиги, адил-калыс болгондугу менен да айырмаланган. Кудуреттүү күчкө ээ ислам баалуулуктарын Орто Азияга жайылтууда эки улуу замандаш Карабуура олуя менен Кожо Ахмет Яссауи эбегейсиз зор эмгек сиңиришкен.

Карабуура баатырдын туулуп өскөн жери Чу, Талас, Сырдарыя, Едил, Жайык өзөндөрү. Топурак буйруган жери Кара-Тоонун этеги, Созак жери.

Мындан 1000 жыл мурдагы мезгилдеги кыргыз элинин улуу карахандар өлкөсүнүн каганаты Карабуура бабабыз керемет акын Жусуп Баласагын менен замандаш болгон. Атактуу Жусуп Баласагын Карабуура хандын журт башчылык доорундагы эл үчүн жасаган өчпөс эмгектерине жогору баа берген.

Кыргызстанда Карабуурага арналган 22 атоо бар. Алар: район аты, жер, ашуу, өзөн, суу, көл аттары жана башкалар. Карабуура баатыр атагы жөнүндө кыргыз санжырасында кызыктуу көп окуя-аңыздар айтылып келет.

Карабуура хандын ысымы берилген аталыштар, ага байланыштуу белгилер Кыргызстан менен Казакстандан тышкары Кытай, Түркия, Иран, Тажикстан жергелеринде кездешет.

Мунун баары Карабуура хандын салмагын,



көптөгөн элдерге сиңирген эмгегин, өчпөс атак-даңкын ачык көрсөтө алат.

Тарыхый инсан такай эсте болот

Тарыхый инсан Карабуура бабабыздын күлүк аргымак үстүндөгү элес-турпаты түшүрүлгөн эстелиги ушул күнү Созактагы ыйык көрүстөн-эстеликтин ичине орнотулду. Мыкты жасалган эстеликтин автору – скульптор Жолдошалы Бузурманкулов. Анын демилгечиси Карабуура баатыр тарыхын элге кеңири жеткирүүдө өзгөчө аракет-жигерин көрсөтүп келе жаткан коомдук ишмер Дөөлөтбек Шадыбеков. Мындан тышкары Карабууранын кийизге түшүрүлгөн портрет-сүрөтү да бул жерге тартуу иретинде берилди.

Ушуга, дагы «Карабуура» медалына, атактуу бабабыздын эскерүү ашына багышталган жылкыга кеткен чыгым-каражаттын баарын Таластын Кара-Буура районунун мыкты азаматы Сыргак Асанбеков өз эсебинен чыгарып, бул күнү ага карата нечен алкоо сөздөр айтылды.

Карабуура баатырдын өмүрүнө жана тарыхта калтырган издерине байланыштуу конференцияда Кыргызстандан академиктер Оморбай Нарбеков, Дөөлөтбек Шадыбеков, Эл акыны Гүлсайра Момунова, Эл артисти жана жазуучу Дарыйка Жалгасынова эсте каларлыктай мыкты баяндамаларды жасашты. Кыргызстандык өнөр адамдары: Кыргыз улуттук филармониясынын солисти Кундуз Таштаналиева, Кара-Буура районунун «Датка айым» ансамблинин жетекчиси Бүбүзейне Алыбаева, Ысыккөлдүк 12 жаштагы манасчы Үмөт Дөөлөтов, Кара-Буура райондук маданият үйүнөн Ноорузбек Аманбеков аткарган чыгармаларды чогулган эл абдан жактыруу менен кабыл алышты.

Эстен кеткис жолугушуулардын биринде кыргыз-

дын кадырлуу эки инсаны О.Нарбековго жана Д.Шадыбековго Казакстан Республикасынын Эл аралык Экология Академиясынын академиги наамдарын ыйгаруу салтанаты өтүп, дагы бир кубанычка күбө болдук.

Ушул жолу Карабуура күмбөз-эстелигиндеги меймандар үчүн зарыл шарттар түзүлгөн жайда күү өнөрүнүн залкары Сүгир Али уулунун туулгандыгынын 135 жылдыгына арналган эскерүү иш-чаралары өткөрүлдү. Асыл өнөр адамына арналып аш да берилди.

Созак жергесинде өткөн эскерүү жөрөлгөлөрүнө Кыргызстандан мугалимдер конгрессинин президенти Сьездбек Турдубаев, «Манас жаңырыгы» телекомпаниясынын жетекчиси, Манас изилдөөчү Темирбек Токтогазиев, Үмөт манасчынын апасы Бактыгүл Кыдырмышева, Кара-Буура райондук Ардагерлер Кеңешинин төрагасы Бектурсун Жандаралиев, Аксакалдар Кеңешинен Төрөгелди Темирбеков, Чолпонбай айылынын молдосу, ар тараптуу терең билимге ээ Салимбек Раманкулов, ошондой эле Кыргызстандан келген жердештерибиз да күбө болушту. «Ата жолу ордосу» коомунун башчысы Айгүл Батырбекова, 33 адамдан турган топ бул жолу Алма-Атада, Отырарда, Түркстан шаарында болушканы, мындан соң Таразга барышаары, Карабуура олуя жасап кеткен иштер адамдарга чоң таасир берээри, эл ичинде ыймандуулук, адептүүлүк, жан-дүйнөнүн тазалыгы, жакшыга умтулуу боюнча көп иштерди жасап жатышкандыгы жөнүндө кыскача баяндап өттү.

Байыркылардын баатырдык баяны айтылып бүтпөгөн касиеттүү Созак жеринде, Оң түштүк Казакстан облусунда Кыргызстандын демилгелүү инсандары өткөргөн көп кырдуу иш-чараларга казак туугандар



болушу, анын демилгечиси жана уюштуруучусу болгон көрүнүктүү ишмер, Аксакалдар Кеңешинин төрагасы, Апрель революциясынын баатыры академик Д.Шадыбековдун өзгөчө аракет-салымына байланыштуу экенин айтпай кетүүгө болбойт.

Карабуураны эскербеске болобу?..

...Кыргыз эли узак тарыхый жолду басып өткөн. Анын баары такталып, жазылып бүтө элек. Бул иштерди ирээтке келтирүү, өткөн мезгилдин руханий, жашоо-турмуш баалуулуктарын терең өздөштүрүү, аны бүгүнкү күндө колдоно билүү зор натыйжаларды берээр эле... Аттиң, жетишпеген жагыбыз түрк дүйнөсүнүн рухий пири болгон Карабуура бабабызга татыктуу баа берүүдө, ал жөнүндө китептерди чыгарууда, эстелигин орнотуп, музей түзүүдө ачык байкалып калды. Бул жагынан кадырман агаларыбыз Надырбек Алымбеков, Оморбай Нарбеков, Дөөлөтбек Шадыбеков көп жылдардан бери аракет көрүп, бир катар иш-чаралардын өткөрүлүшүнө көмөктөш болушкан.Дегинкиси, аткара турган иштер али көп...

Сүйүнүчтүүсү, Кыргыз Эл акыны Гүлсайра Момунова эжебиз акылман эл башчы Карабурааны даңктаган «Бабалардан уңгу башат» аттуу көлөмдүү ыр китебин өз каражатына чыгарган.

Элине талбай кызмат өтөөнү жашоонун бийик максаты катары сезген акын эжебиз ушул «Бабалардан уңгу башат» ыр жыйнагында акылман эл башчысы, мындан 1000 жыл мурда өмүр сүргөн даңазалуу Карабуура бабабыз жөнүндө баян курган. Калың элдин кадырлоосуна алынган Карабуура хандын Карахандар каганатын башкарган мезгили, жасаган иштери, тарыхта калтырган изи терең иликтөөгө алынган. Жүрөктөн түнөк тапкан ыр саптары, тарых түрмөгү

көңүлгө бекем орноп, өткөн мезгил чындыгы көз алдыдан өтөт:

Карабуура атабыз чексиз баатыр,
Калыс жана даанышман кан болуптур.
Алдын ала билип турган болор ишти,
Касиеттүү, олуя жан болуптур.
Карабуура акыл-ою ааламды тегеретken,
Арыстандай айбаты душманын чөгөлөткөн.
Баш коштуруп бүтүндөй түрк элдерин,
Желегин каганаттын көкөлөткөн.

Акын эжебиз өткөн мезгил ыргагын таасын сүрөттөп, баарыдан мурда калкы жөнүндө ойлогон мыкты эл башчы Карабууранын таасири Жусуп Баласагынга тийгени, улуу чыгарма «Кут билимдин» жазылышы, көрүнүктүү илимпоз Мамыт Кашгардын эмгексалымы туурасында мындайча сүрөттөп жазган:

Баласагын атабыз «Кут билимин»,
Жазып бүтүп алдына барган экен.
Бааланып, Карабуура атабыздын
Колунан улуу сыйлык алган экен.

Хас-Хаджип деп Баласагын атага,
Наам берип ыраазычылык билдирген.
«Хан сарайдын акылчысы, акыны,
Баш вазири» деген атак берилген.

Баласагын анда 54 жашта экен,
Акыл-ою толуп турган чакта экен.
Каны менен төп келишип ойлору ,
Бал мөмөсү бышып турган шакта экен.



Кашкар шаары ал заманда Карахандар,
өлкөсүнүн түштүктөгү ордосу экен.
Мамыт Кашгар илимин өркүндөткөн,
өнүккөн илим-билим борбору экен.

Мамыт менен Жусуп болгон замандаш,
Ойлору да, дүйнөсү да таламдаш.
Чыккан экен Карабуура доорунда,
Бири сөздүк, бири ыр жазып катарлаш.

Мына ушундан Карабуура атанын,
Билсек болот кандай адам болгонун.
Өркүндөтүп маданият, билимди,
Кандай гана бийиктикке койгонун.

Гүлсайра Момунова эжебиздин калкына тартуулаган баалуу салымы: кыргыз элинин тарыхында өзгөчө орду бар, бирок толук изилденбеген, татыктуу баа берилбеген улуу инсандар жөнүндө жалаң өзүнүн аракети менен кийинки жылдары эле 3 ыр китебин чыгарууга жетишкен. Бул үчүн эл-жерим деп түйшөлгөн акын көптөгөн илимий-тарыхый чыгармаларды кылдат иликтеп окуп чыкты, ар кайсы өлкөлөрдө өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларга катышты, нечен жаңы маалыматтарды топтоду. Ошентип көп түйшүктөн, чыгармачылык эргүүдөн тарыхый ыр жыйнактары жаралды...

Эл акыны Гүлсайра Момунова акылман эл башчысы Карабуура бабабыздын атын, асыл эмгегин кыргыз элине кайтарып бергендиги, тарыхты тактоого кошкон зор салымы үчүн терең алкоого жана ардактуу мамлекеттик сыйлык – «Манас» орденин төшүнө тагып урматтап сыйлоого абдан татыктуу.

Бабалардын баскан жолун, тарыхын жазган эжебиз:

Баалайбыз даңктуу ишин бабалардын,
Баа жеткиз баатырдыгын аталардын.
Урбасын уюткулуу ыйык сүтү,
Урматын айтпай койсок апалардын.

Эстейбиз ар убакта эр эмгегин,
Эл үчүн жанын берген эрдиктерин.
Эмгениң жалган болоор ууз сүтүн,
Эмгегин айтпай койсок энелердин –

деп эми «Энелерден ууз башат» – деген китебин жазып бүттү. Бул китебинде дагы байыркы умай энелерден баштап Тумар баатыр, Кыз Сайкал, Жаңыл мырза, Жаркынай, Зыйнат, Сындат өңдүү кыргыз энелеринин баатырдыгын, ыйыктыгын, акылмандыгын, кеменгерлигин, ишмердигин, ишкердигин, уузчулугун аныктап сүрөттөгөн ырлардан, поэмалардан турган китеби элге тартууланганы турат. Бул китеп аркылуу уңгу башат үлгүлүү кыргыз энелерибиз менен сыймыктана алабыз жана ушундай талыбаган эмгеги менен кыргыз элине жана урпактарга тарбия-таалим бере турган баа жеткиз мурас калтырып жаткан акын эжекебиз Гүлсайра Момуновага чоң ыраазычылык менен: Рахмат эжеке демекчибиз. Ооба, эл акынын мындай баалуу эмгегин эл баалайт.

...Казактын кең талаалуу Созак жеринен кайтып келатканда ушулар ойго түштү. Кантсе да бул сапар эми алдыдагы мезгилде аткаруу жагы болжонгон иштердин бүткөрүлүшүнө түрткү берээрин көрсөттү...

*Курманбек **РАМАТОВ**,*
*журналист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер*



## «Ачык көңүл, пейли кенен жайдары, «Нурборбордо» өсөт шакирт балдары...»

Окуучулук кезде көптөгөн акын жазуучулардын чыгармаларын окуп, чоңойдук «Булар кандай кишилер болду экен?» деген ой башыма көп келер эле. Китеп жандуу болгондуктанбы чыгарма жазгандардын баары тең эле мага ыйыктай, бийиктей көрүнчү. О, кийин жазуучулар союзунда иштеп жүргөн 1999-2001-жылдары акын-жазуучулар чын эле Кудай берген талант, жөндөм менен жашап дем ала тургандыгын, соода, финансы ж.б. тармактагыларга караганда руханий дүйнөнү жогору баалап, идея үчүн кандан, бектен кайра тартпай турган, бардыгын кечип кете бер турган, жаш баладай ак көңүл, ишенчээк, апенди чалышыраак эл экендигин көрүп, сездим...

Алардын арасында да, «молдонун айтканы кыл, кылганын кылба» дегендей жаштайынан эле интрига жасап, итиреңдеп жүрүп, ар кимден «башка жей» берип, көк мээ боло жаздай, барып ооруга тушугуп, ошо кыжыңдаган бойдон кашын түксүйтүп, үңүрөйүп калган же сөөмөйүн серелеп, шилекейин чачыратып ызырынып, чаңырып сүйлөгөнгө адаттанып, элден чыгып калган аз, өтө аз сандагы акын-жазуучуларды да көрдүм.

Мына ушундай карама каршылыктуу дүйнөдө андайларга антипод болгон Гүлсайра Момунова эже жөнүндө айтсаң да, жазсаң да барак түтчүдөй эмес...

Ачык көңүл, пейли кенен жайдары Гүлсайра эже 2000-жылдары жаштардын республикалык «Нурборбор» чыгармачылык бирикмеси жаштардын күчү ме-

нен түзүлгөндөн тартып, биз менен аралышып, Зуура Сооронбаева эже экөө дайыма келип, алар менен кошо С.Тургунбаев, Ж.Медетов, Э.Турсунов ж.б. акын-жазуучулар дагы колдоп, жаштарга дем берип турушту.

Жазуучулар Союзунан Гүлсайра эжени, М.Абакировду, Т.Мамеевди жыл сайын наамга көрсөтүп, такыр ала албай койдук. Улам жаңыртып бере берип, сыйлыктар бөлүмүн да жадаттык. Акыры Гүлсайра эженин документин «Нурборбор» аркылуу жөнөтүп жиберип, союз тарабынан жиберилген документтерди жолдон «чалып» жыккан күчтөрдү адаштырып кеттик.

Жогорудагы үчөөнө караганда К.Акматовдун («Нурборбордон») жана С.Тургунбаевдин, К.Сактановдун ж.б. (союздан) мен даярдаган документтери кыйналбай өтүп, наам алышты...

Эл жөнүндө жазып, элдин кызына айланган Кыргыз Республикасынын эл акыны Гүлсайра Момунова эже жөнүндө акын Жедигер Саалаев бир майрамда; «... ичи күйгөн акын аялдар туз жаласын, баары бир сизге жетпейт...» дегендей маанидеги эженин жаркын образын ачкан бир канча куплет ырын окуп, ошол жерде отургандардын айрымдарын сүйүнтүп, айрымдарын күйүнтүп, дуулдата кол чаптырганы эсимде...

Элдик акын Гүлсайра эже Эл аралык «Нурборбор» чыгармачылык академиясынын Ардактуу мүчөсү болуп, жаштарга дем берип, ар бир кече, той, майрам салтанаттарга катышып, ырларын окуп, жаштарга энелик, эжелик таалим тарбиясын көрсөтүп келет.

Бар болунуз эже!

*Абдымамбет **САРИЕВ**,*
*жазуучу, коомдук ишмер.*
*Эл аралык «Нурборбор» чыгармачылык академиясынын уюштуруучу-координатору.*



## Бийиктикке умтулуу

Гүлсайра Момунованын чыгармаларынан байкалган жакшы нерсе – чындык жөнүндөгү идеяны жогору койгондугу. Ушул идея граждандык лирикаларынын, сатиралык ырларынын өзөгүн ээлеп турат. Маселенин коюлушу бекеринен эмес. Чындык – философиялык категория. Акын турмушка философиялык көз караш та ой жүгүртүп, тиги же бул кубулушка жана адамдардын жүрүм турумдарына, мамилесине акылгөйлүк менен баа берет. Акындын түшүнүгү боюнча чындыкадамдардын мамилесиндеги эң башкы нерсе, эң жакшы сапат. Аң сезимдүү адам чындыкты ыйык тутуп, ушундай сонун сапаты менен башкаларга үлгү көрсөтүү керек. Чындыктын антиподу – жалган. Жалганды жан шерик амалкөйлүк менен бүлүк салган ушул өңдүү мүнөздөгү адамды акын жек көрүү сезими менен сынга алат:

Чындык сенин мээриминден айланам,
Дүйнө жалаң, жамандыктан турбаган.
Көз алайып, жек көрүп да, таңданып,
Жалгандыкка жалтанбай тик карагам. (88-89-б.)

Кайсы акынды албайлы, ар биринин өзү сүйгөн темасы болот. Г.Момунованын чыгармачылыгынын дагы бир өзгөчөлөгү – өмүр булагы, сууга карата болгон көз карашы «Сууга ода», «Чүй суусу», «Ак буура», «Нарын дайра», «Талас суусу» деген ырларында байкалат. Элдик ырлардын стилинде жазылган «Ак буура» аттуу ыры бир топ элестүү чыккан десем болот:

Ташкындап акса Ак буура,
Тамчысы сайын ак була.
Тамшанып далай пахтачы,
Таңданганы ак тура.

Ырда акындын айтайын деген ою, идеясы айкын сезилип турат. Ал эми «Талас суусу» деген ырда лиризм күчтүү. Ошон үчүн окурмандын жүрөгүн кытыгылап, сезимин козгогон күчкө ээ. «Жер» үстүндө туйлап аккан суулар көп, Кыял козгоп сезим бөлөк агышың» дейт акын. «Суугa ода», «Чүй суусу», «Нарын дайра» деген чыгармаларында айрым образдуу, берилген ыр жолдору менен катар окурманды өзүнө тарта албаган, жүүнү бош куплеттер да кездешет. Менин оюмча Г.Момуновадагы дагы бир сапат – адамга кыраакы, сын көз менен карагандыгы, ырларында анын мүнөзүн ачып бергендиги. Мындай сапат өзгөчө сүйүү ырларында байкалат. Көлөмү жагынан чакан ырларда сюжет менен ойду берүү кыйын. Бул маселе көп акындардын көңүлүн буруп келет. Г.Момунова да ушул проблема жөнүндө ойлонуп, ага аракет кылганы «Кыз» деген ырынан көрүнөт. Ырда темир жолдо ойноп жүргөн наристе кызды паровоз тепсеп кетерде белгисиз кыз аны аман алып калганы жөнүндө сөз болот. Акын кичинекей наристенин кагылбаган момундугун, куткарган кыздын эрдигин, эненин мээримге толгон кубанычын элестүү жазат. Г.Момунованын «Баламдын бетинен өөп кой» деген ырында сюжет бар. Ырда эненин балага болгон ачык, жылуу сүрөттөлгөн. Ыр анча деле көлөмдүү эмес, бирок акын анда бала жөнүндөгү ой санаасын, көңүлдү өйүгөн дитин түрдүү шартка байланыштыра жылуу сезим менен баяндагандыктан, ыр



окурманды кайдыгер калтырбай, анын жүрөгүн кытыгылап ойго батырат. Көлдө эс алып жаткан баласына кошуна аял жөнөгөндө, лирикалык каарман ага кайрылып, мындай дейт:

Өзүңдүн балаңды өпкөндө,
Ага да мээримиң төгүп кой.
Томсоро түшпөсүн умсунуп,
Баламдын бетинен өөп кой. *(46 б)*

Эненин балага карата ой дити, мээрими ушул ырда даана көрүнүп турат. Г.Момунова жогорудагы чыгармасынан башка дагы «Бардык балдар аман бол», «Мен үйүмө эрте жетейин», «Балага» деген ырларында наристелер жөнүндөгү өзүнүн энелик мээримин, жылуу сезимин билдирген. Жыйнакта «Мансапкор», «Аракечке», «Бул эмнең», «Ой тобо» деген жана башка бир топ темаларда сатиралык мүнөздөгү ырлар бар. Аталган ырларда айрым кемчиликти тизмелеп айтып, аны жоюга үндөгөн үн угулгансыйт. Ырас, ырларда анча деле куйкум, куйдүргү сөздөр жок, бирок жумшак айтылган сөз менен жылуу мамиле сезимге төтөлөйт.

«Эмне жетпейт» деген ырда акын ичи тар, башка бирөөнүн ийгилигин көрө албаган адамдын айыбын ашкерелейт. Айтор, Г.Момунова сатиралык мазмундагы ырларында коомубузга жат көрүнүштөрдүн калдыгы болуп эсептелген айрым кемчиликтерди сынга алган. «Өмүр бешиги» деген китебинде «Бийиктеги кездешүү» аттуу поэма бар. Автордун эскермесине караганда, поэма Социалисттик Эмгектин Баатыры Мырзабек Мамбетовго арналат.

Поэма анча деле көлөмдүү эмес, бирок акын баатырдын оюу дитин, кой багуудагы түйшүктүү күндөрүн,

эчен оорчулукту тартканын, жаратылыштын жагымдуу жана катаал учурларын эскерүү менен баяндап өтөт. Ал үчүн поэманы бет ачаар менен баштап, анан кой баккан жери Беш-Таштын жаратылыш көркүн сүрөттө менен баштайт. Ушундан кийин гана акын чабандын кужурмөндүк менен жүзөгө ашырып жаткан ишине токтолгон. Автордун чабан менен сүйлөшүү маектешүүсү, анын эпкиндүү эмгегине кумарлануу, элдик зор иштерди абийирдүүлүк менен аткарып жатканына сыймыктануу поэманын мазмунун ээлейт. Поэманын окуясы эпикалык мазмунда сүрөттөлсө да, анда лирикалык баяндоо басымдуулук кылат. Акын окуяга катышкан чабандын түйшүктүү эмгегин дамамат көрүп жүргөн адам катары кайсы бир жерде эске сала кетет.

Поэмада чабандын турмушу кыска ары так сүрөттөлгөн. Сүйүү темасына кайрылбаган жана сүйүү жөнүндө жазбаган жок болуу керек. Г.Момунованын жыйнагында жыйырмага жакын сүйүү темасындагы ырлар бар. Албетте, алар акындын сүйүүгө карата көз карашы, ага болгон баасы чагылдырган. Кантсе да, акын ырларында адамгерчиликти даңазалап, туруктуулукка чакырат. Г.Момунованын «Өмүр бешигим» жыйнагында Мекен, Компартия, Ленин жөнүндөгү жана «Адамдарга», «Тагдырга», «Укта дейсиң», «Аталар», «Мээримиң күтөм» деген сыяктуу идеясы терең, көркөмдүгү жогору турган ырлар менен катар «Күндөрүм» деген ортозаар, «Бийиктик жакшы ырдаарга» деген сыяктуу көңүлгө толбой турган ырлар да бар.

«Бийиктик жакшы ырдаарга «дегенинде айрым ыр саптары уйкашы, мааниси жагынан олуттуу сезилсе да, ой жагынан тайкы, жеңил жазылган. Поэзияда кайталоо кандай роль ойнору, кандай милдет аткарары, айтпасак да түшүнүктүү. Билгичтик менен гана туура колдонулган кайталоо ырдын ыргагына канат бүтүрүп, ойду күчөттүүдө жардам берерин акындар жакшы билишет. Бирок орунсуз пайдалануунун натыйжасында мүчүлүштүк жиберип койгон учурлар да кездешет. Г.Момунова да кайталоого көп көңүл буруп, кээ бир учурда ийгиликке жетишкен. «Улуу закон» деген ырында кайталоону чебер колдонгонун көрөбүз. Ал эми, айрым ырларында андай аракети ойдогудай жүзөгө ашпай калганын байкоого болот. Акын «Жолдор, жолдор» деген ырын төмөнкүдөй баштаган:

Жого чыксам чексиз кубанам,
Жолго чыкпай кантип туралам.
Ал чакырат бийик максатка,
Жолдор менен өсөм, уланам.

Бул «жол «деген сөз үч жолу кайталанып, ырдын ыргагын күчөтүп, ойду тактап, акындын максаты дын ыргагын күчөтүп, ойду тактап, акындын максаты түшүнүк менен берилгени көрүнүп турат. Муэлестүү түшүнүк менен берилгени көрүнүп турат. Мунусу жакшы. Бирок үчүнчү куплетке келгенде, мындай ырды окуйбуз:

Сага чыксам чексиз кубанам,
Сага барбай кантип туралам.
Ырлар ырдалып, сөздөр түгөнбөй,
Өзүң менен гүлдөйм, уланам.

Бул ыр жогорудагы ыр менен үндөш гана эмес, «Жол» деген сөз кайталанганы ачык болуп турат. «Жол» десөзмө сөз ордуна «сага» деген сөз алынган, мында ген сөздүн ордуна «сага» деген сөз алынган, мында поэзиялык күч бошоңдой түшкөнүн көрөбүз. Автор ушундай калпыс колдонулган кайталоолордон, ыксыз

алынган сөздөрдөн качууга тийиш. Авторго пайда болсун үчүн айрым кемчилигине кыскача токтолуп өттүк. Акындын ырлары менен мурунтан таанышпыз. Гүлсайра Момунова кыргыздын кыз-келиндеринин көптөн бери жалаң поэзия менен иришип келе жаткан, бир топ таланттуу чыгармаларды жараткан белгилүү акындардын бири. «Өмүр бешигим» деген ырлар жыйнагы аркылуу чеберчилик жагынан бийикке карай умтулуп бара жаткандыгы көрүнүп турат.

*Жаки Таштемиров.*
*Кыргызстан маданияты. 7-май 1981-жыл.*



## Арзышуунун акыны

Ырың жаш, өзүң бир аз улгайыңкы,
Сөз таппай кетем кээде сага ылайык.
Көп жигиттин көөдөнүн жаралаган,
Көздөрүң турат дале бажырайып.

*Т.Мамеев*

Өткөн эле аптанын ичинде акын Гүлсайра Момунованын 70-жылдыгына байланыштуу чыгармачылык кечеси УТРКнын концерттик залында болуп өттү. Ага республикабызга таанымал акын Кыргыз Эл баатыры С. Эралиев, Жазуучулар союзунун төрагасы О.Султанов, эл акыны А. Өмүрканов жана да поэзия ышкыбоздору, өнөр адамдары, анын замандаштары, каармандары келишти. Алар бул кечеде акынга арналган каалоолорун, куттуктоолорун жана да арноо ырларын окуп беришти.

Акын кийинки чыккан "Туулган үйдүн жарыгы" аттуу китебиндеги ар кандай темада жазылган ырларынан жана ыр саптарына каарман болуп кирген адамдарына арноо ырларын окуп берип, ыр кече суроо жооп иретинде өтүп кечеге катышканпоэзия ышкыбоздорунун жүрок сезимдерин козгоп, ышкы отторуна алдыртадан жалын туттантып жатты...

Кеченин жүрүшүндө автор эскерткич катары жаңы китебине кол тамгасын түшүрүп, поэзия сүйүүчүлөрүнө тартуулады.

Арийне акын бул китебин "Туулган үйдүн жарыгы" деп атаганындай жетимишке келгенде туулган үйүнө, боордошторуна, мекенине кайрылып, туулган үйүнүн жарыгы акыл, адеп, ыйман, өнөр түбөлүктүү

махабат жан дүйнөнүн жарыгы экенин ыр саптарына түшүрүп, окуучуларына кайрылат. Улуу Ата журттун өзү ыйык дүйнөнүн жарыгын чачып турган туулган үйдөн башталарынан кабар берип турат. Ал, жарык адамдардын бири бирине болгон ыйман сезими экендиги, акындын жүрөгүнөн сызылып чыкканын баамдоого болот.

Ооба, Гүлсайра Момунованын автордук ыр кечесине катышкан акындарыбыздын акынга арнап жазган каалоолорунан да окурмандарыбызга күбө катары тартуулап коюну оң көрүп, газетабызга жарыялап турган чагыбыз.

*Жумабек Токтогазиев*
*(Кыргыз адабияты газетасы)*



## Ыйык аптадан кайтканда

Түркиянын диний кору Мукамбет пайгамбардын туулган күнүнүн урматына жыл сайын ыйык апталык өткөрүп, мыкты ырларга жарыш жарыялайт. Быйыл-кысы ата журтту даңазалоого арналган. Адабий чоң жарышта акын Гүлсайра Момунова, Ысык-Ата райо-нундагы Кеңеш кыштагында туруучу Яхия Аскаров жеңүүчүлөрдөн болуп ыйык апталыкка Орто Азиядан экөө катышып келди. Мен Гүлсайра эже менен азын – экин аңгемелештим.

– Биздин аэропорттон деги убагында жөнөдүңөрбү?

Кечигип, «Манастан» кечки саат 5те учтук. Ыс-тамбулга түн ортосунда жеттик. Өз башыбыздан деле өткөн эмеспи, ошол убакка чейин ким чыдап олтура алмак, эми бизди эч ким деле тоспойт го, таңды аэро-вокзалда атырабыз деген ойдо баргам. Аңгыча Яхия, ал кеңештик түрк эмеспи, аэропорттун радиосунан бери-лип жаткан кулактандырууну дароо түшүнө коюптур, «Гүлсайра ханум, Яхия Аскар уулу эшиктин алдына келгиле» – деп жатканын айтты. Барсак эки жигит тосуп алды. Шаардын эң мыкты конок жайынан орун алып коюшуптур, аябай сый көрсөтүштү.

– Түркиянын борбору Анкарага барган жоксуз-дарбы?

Ыйык апталыкты ошол шаарда Диний фонду өткөрөт экен. Эртеси бардык. Орхан бей үй бүлөсү ме-нен «Кыргыздарым» деп бир боорундай тосту. Ал Түр-киянын биздеги элчилигинде дин маселеси боюнча иш-

теп, элине 2 ай мурда эле кетиптир. Квартирасынын бир бөлмөсүн кыргызча жасалгалатыптыр.

– Ага бир нерсе кошумчалай алдыңызбы?

Художник уулум жасаган кооз, чоң чийди белекке ала баргам.

– Орхан бейге арнаппы?

Анын бул жакта иштегенин, тосоорун билген эмесмин.

– Өзүбүздүн элчиликке кайрылдыңарбы?

– Учураштык. Төлөмүш Океев бизге машина берейин десе, Орхан бей «Кыргыздарымы өзүм алып жүрөм» деп болбой койду. 10 күн бою өз машинасы менен эл, жерин кыдыртты. Анкара Кыргызстандыкындай эли бар шаар экен. Тоолуу, толкундай болгон жерге орносо да курулуштарга ыңгайына жараша жакшы пайдаланыптыр.

– Эмне көптөй?

– Мечит. Баары кооз. 80 миң киши сыйган, 3 кабаттуу Кожо төпө мечитинин төбөсүнөн Анкара алаканга салгандай көрүнөт.

– Түркиядагы улан кыздарыбызга жолуугуга чолоңуз тийдиби?

– Диний окууда 150 бала бар экен. Дин, шарияттан башка жалпы билим берилерин айтышты. Жатаканалары эң мыкты мейманканадай. Тамак ашы бекер. Андан сырткары ар кимиси айына 20 доллардан алат экен. Анкара университетиндеги жолугушуубуз 3 саатка созулду. Ага ошол шаарда окуган биздин 500 дөй студент чогулду. Көптөгөн суроолорду беришти, сүйүү ырларын окууну сураныштьі. Өздөрү «Булак» деген гезит чыгарышат экен. Дүкөндөрдөн да кыргыз студенттер жолугушуп, сөзүбүздөн байкап эже, агасын көргөндөй учурашып жатышты.



– Ал жактагы студенттерибиз жөнүндө ар кандай айыңдар бар, жүдөгөндөрүн байкадыңызбы?

Андайларды көрбөдүм.

– Сизге берген лауреаттык белги төшкө тагынганга эмес, «Манас «медалындай үйгө койгонго ылайыкталыптыр. Мунусунун жөнү эмнеде болду экен?

– Айтоор, ыйык апта күндөрүнүн жайнаган эл катышкан салтанаттарында төшү биздегидей орден, медалга толгон кишилерди көрбөдүм.

– Адабий жарышта эмнеликтен ырыңызга боз үйдү өзөк кылдыңыз?

– Ал кыз-келин, энелердин, эркектердин өнөрүнөн бүткөн, Манастын тоюна тигилген ыйык дүйнөбүз. Ал жөнүндө жазууну дагы улантам.

– Баса, Анкарадагы улан, кыздарыбыз гезитине эмнеликтен «Булак» деп өтө жөнөкөй ат коюшкан экен?

– Биз булактай тазабыз, эли жерибизге таза дарыя болуп барып, аны жуусак – деп тилешет.

– Алардын ойлоруна, сиздин талантыңызга береке!

*Маектешкен Төлөн Насирдин.*

*(«Кыргыз туусу». июнь 1996-жыл)*

## Жарыгың өчпөсүн!

Чынында да ар бир инсан бу дүйнөдөн өткөндө, болгондо да акындын өмүрү, ушул жарык Күн менен Айдын астындагы аалам кошо кетет, маркумдун көзүндө кошо өчөт. Жарыкка келген наристенин көзүндө кайра ачылат.

Ар бир өмүр-өзүнчө дастан. Адам ата менен Обо эненин аралышканынан тараган тукумдардын тагдыры ушундай экен. Аларга жараткан Теңир жер үстүндөгү миң кырдуу, сырдуу дүйнөнү кыргыз тукумуна айрыкча керемет жергени ыроолоп, астыларына жайып койгон.

Акын Гүлсайра Момунова "Туулган үйдүн жарыгы" аттуу тандалмалар китебинде кыргыз элинин жана жеринин түпкүлүктүүлүгү, байыркылыгы багытында окурманга ишенич чакырган, чыныгы патриот акын ак жүрөктөн сыймыктануу менен көптөгөн ырлардын түрмөктөрүн түзгөн. Мисалы "Теңир сөзү" деген ырында: "Алла таала эң алгачкы адамды жаратканда, аны неге Адам деп, Пенде же Хомосапиенс дебей кыргызча атады? Адам ата ошондо эле кыргыз болуп жүрбөсүн" деген ойду ишараттайт. Анан Адамды жалгызсырабасын деп, ошо, өзүнүн эле кабыргасынан Обо энени жаратып, жанына кошуп, өзүңөр менен өзүңөр көбөйгүлө деп жерге жибергенин, анан чокусу асман менен байланыш, үн алышып турган Теңир тоодой (Аравиядагы Синай тоосун эмес) жерин бергенин, асмандагы бейиш - Едем багы мүмкүн ушул кыргыз жергеси, тунук суулар менен гүл аңкыган Ала-Тоонун арасыдыр деп, башкача айтканда, кыргыз жери жана эли Жер каймактаганда эле кошо бүткөн, кошо түптөлгөн, биз,



азыркылар ушунун кадырына жетишибиз керек деген ойду табыштайт. Буга Ысыккөл, Соңкөл, Сарычелек, Арстанбап, Алай, Ош, Баткен, Атбашы, Арпа, Талас, Чүй жергелериндеги бейиштей кооз аймактардын ырай ажарын көкүрөгү жарыла суктануу жана сыймыктануу менен эргип жазган ырлары күбө.

Г. Момунованын "Миң дүйнө" деген китебине жазган баш сөзүндө кыргыз эл баатыры, акын агабыз Сүйүнбай Эралиев: "Гүлсайранын акын болуп өсүп чыккан тамыры канынан келген тубаса дээр элем"-деп анын кандай эне-атадан чыкканын, бир тууган агаларынын кандай инсандар болгонун эскерип, ошону менен бирге ал туулуп-өскөн Таластагы Эчкилүү тоосунун этегиндеги Кең-Арал айылынын кооздугу менен далилдейт. Демек, дүйнөгө көзү ачылгандан эле Гүлсайраны акындык талант даарыган. Сүкөбүз айткандай: "Кудай берген дарамети бар акын жазбай тура алабы. Табияттын дал өзүндөй кээде мелүүн, кээде толкун, кээде үлпүлдөгөн тоо гүлүндөй, кээде Таластын күрпүлдөгөн дайрасындай, кээде чыртылдаган чагылгандай ырлар ошон үчүн жазылат".

Өзү кыргыз кыртышынан өскөн поэтесса экендигин ар бир көрүнүшкө, азыркы күндөгү замандаштарыбызга, көзү өтүп кеткен жана көзү тирүү улуу инсандардын, арабыздагы чыныгы жана чыныгы эмес жетекчилердин, котур ташы койнунда жүргөндөрдүн, өз гана эмес чет өлкө өкүлдөрүнүн, кошоматчы ким, өзөгү көрүнгөн өзүмчүл кесирейген мактанчаак ким, элибизге тийгизип жаткан шарапаттуусу ким, алардын жана кесепеттүүсү ким - портрет-кешпирлерин ажайта ачып, көркөм ыр тилинин күчү менен бедездейт. Акын кимге, кандай инсанга ыр арнабасын -ал президентпи, министрби, бизнесменби, врачбы, акынбы ар биринин

ишине, эл алдындагы эмгегине, адамдык нарк-насилине жараша акындык жүрөгү менен баа берип, ким кимдигин ичкеритеден турпат-заадисин ачат. Мисалы, "Мансапкор" деген ырында:

Чындыкты сүйпөгөндүн оозун тыйып,
Оп-оңой коючудай тамыр кыйып,
Неге анча мансабыңды кайтарасың
Калтырап мынча неге сактанасың? – деп чиновниктин тасмандайына чыгып, чыныгы жүзүн ашкерелейт... Мындайлар кыйдылык менен жалпактап, өзүнөн өйдекүлөргө кошомат кылып жүрүп, бийлик мансапка жеткен соң бой көтөрүп, ушак күпүр сөздөрдү курап кылып, башка адамдарды бири-бирине кагыштырып, эскиче "чылык" менен жүргөндүгү үчүн, кызмат орунду эл үчүн эмес өзү үчүн пайдаланганынан шорго кабылып, орго түшкөнү ашкереленет. Акындын ар бир ишке талант, тазалык, адилдик керек деген мааниде жакшы адамдар, калыс жетекчилер жөнүндө жазылган чыгармалары да мол кездешет. Мисалы "Ынтымак" деген ыр чакан сюжет куруу жана жандуу көркөм образдар аркылуу чебер жазылган. Ыр жаратуу конуп турган куштун зуу этип канат кагып, чабыттап учуп кеткениндей деп мен илгери бир жаздым эле. Так ошо куш сыңары биз сөз кылып жаткан акын ырды турган жерден эле шыдыр жазганга көнгөн. Көкүрөгүндө ыр түрмөктөрү шакардай кайнап, арашан булактай оргуп чыгып турган сыяктуу.

"Манастагы" Кыз Сайкалдай балбан баатыр поэтесса десек да болот. Түркиянын сыйлыгын алган "Боз үй" жана "Ала-Тоо айымы" поэмаларында кыргыз салты менен маданиятында аялдардын алган орду даңазаланат. Текестеги Тейиш хандын тоюндагы Манас менен Кыз Сайкалдын сайышында экөөнүн ортосундагы сүйүү күчү, айрыкча Кыз Сайкалдын махабаты жеңгени, Манас баатыр кайтыш болгондо Сайкал аялындай кара кийинип келип кырк күн аза күткөнү баяндалат:



Сайышып жаткан кезде кагылышып,
Кокустан көздөр кеткен чагылышып
Тутанып көз ирмемден сүйүү оту
өтүптүр өмүр бою сагынышып.

Манас баатыр өлгөндө келген дешет
Кырк күнү аза күтүп берген дешет.
Кыз Сайкал тулга олтуруп зайыбындай
Андан соң кайып болуп кеткен дешет.

Ал эми "Аял кудурети" поэмасында Кыргыз хандын аялы (түбү томаяктын кызы) Айымкан дүйнөнү бүт каратам деп калайман кыргын салып келаткан ырайымсыз жоону - Искендер Зулкарнайндан (Македонскийдин) колун кантип токтоткону, өз төркүнү болгон Арстанбаптын жаңгагынан кырк төөгө жүктөтүп, кербенчи катары Искендер армиясынын алдынан чыгып, "Мүйүздүү" Искендер менен жекеме жеке сүйлөшүп, төөлөргө жүктөлгөн жаңгактын саны канча болсо биздин кыргыз жоокерлеринин саны ошончо деп Искендер Македонскийдин жүрөгүн сестентип, кайра артына кайтарганы (буга чейин бизге белгилүү уламыштын негизинде жазылса да ) көркөм жана ишенимдүү чагылдырылган.

Өткөн кылымдагы репрессиянын каарынан бейкүнөө курман болгон улуу инсандарыбыздын жана жакында эле каза болгон, элибизге көркөм чыгармалары жана даанышмандык сөздөрү менен журт атасын-

дай кызмат өтөгөн Түгөлбай Сыдыкбековдун, таанымал акындардын, коомдук ишмерлердин өзүнүн жолдошу белгилүү сынчы Жанболот Абдыраимовдун, атасы Момундун, агалары Алыман менен Сабдилденин арбайларына арнап, алардын бийик турпаттарын сөз кудурети менен ачып көрсөткөндүгү - поэзиянын тили менен портрет тартканга акындын усталыгын айгинелейт. Ушундай эле деңгээлде жазылган Эл баатыры жана Эл акыны Сүйүнбай Эралиевдин акындык жана адамдык турпатын ачып сүрөттөгөн "Улуулук" аттуу поэмасы да кубаттоого татырлык.

Гүлсайра Момунованын өз маңдайына буйруган ыр периштеси бар:

Ыр периштем турса болду маңдайымда күлүңдөп
Бул дүйнөнүн керемети көз алдымда дүңгүрөп
Ырга бөлөп, сырга бөлөп, нурга бөлөп сезимди
Жүрөгүмдөн гүл ачылып, маңдайымдан күн күлөт.

Акынга биз да ушул ыр периштеси аны кайда болбосун ар дайым пешенесин жарык кылып, жер-асмандын ортосунда колдоп жүрүшүн туулган үйдөн тутанган жүрөк жарыгы өчпөй дайыма күйүп турушун каалайбыз.

*Сүйөркул Тургунбаев*
*Кыргыз Республикасынын Эл акыны,*
*Маданиятына эмгек сиңирген ишмер.*
*"Туулган үйдүн жарыгы" аттуу китепке жазылган баш сөз.*
*2008-жыл.*



## Карапайым, дили таза инсан

Мен 70-жылдардын ичинде Гүлсайра эжекени эң биринчи ырларынан тааныдым. Уйкаштыгы менен куюлушуп, тилге жатык, мазмуну чыныгы Кыргыз пейлин чагылдырган, Кыргызча сүйдүргөн, Кыргыз баласынын таптаза ааламына жетелеген, жүрөктү кытыгылап, илхамыңды козгогон ырлар болгондуктан, обон чыгарууга түрткү берип, ырларына обон чыгарып калдым. Жан дүйнөсү таза адамдар гана аруулукка бөлөнгөн ырларды жаза алат деп ойлоп жүрчү элем, бул турмуш чындыгы экенине кийин Гүлсайра эже менен таанышканда ынандым. Гүлсайра эже менен замандыбыздын залкары, кайталангыс таланттуу жазуучусу Эрнис Турсуновдун дачасына меймангa барганда кездештим. Чыгармалары менен илгертен камыр-жумур болуп калгандыктан, эже менен эски тааныш адамдардай болуп алик алышып, маектешип олтуруп калдык. Ал жерде кадимки залкарлар Камбараалы Бобулов байбичеси Акация эжеке менен, Казат Акматовдор ж.б. да бар эле.

Түн бир оокумга чейин мейман болдук. Биринен сала бири кызыктуу маектин учугун улап, ырлар окулуп жатты. Мен аккордеон, домбра, комуз менен кошоп берип, баарыбыз жабыла ырдап, Эрнис абам эркелеп баягы жакшы көргөн менин «Геологдун ыры» аттуу ырымды кайрадан кайра ырдайбыз. Бир убакта Гүлсайра эжем ыр окуган сайын алиги обон менен ырда деп, «Геологдун ырынын» обону менен ырдатып, тамаша менен таң атырган элек. Ошол шерине мейманды эски достордун бири-бирине кылган азил тамашалары, сый-урматы чынында эле адам суктанып, тамшанып эскере тургандай элес калтырды. Гүлсайра эже жаңы чыккан көлөмдүү ыр китебин ала келген экен, баарыбызга белекке берди.

Көп узабай эже жалпы меймандарды Нооруз суусунун жээгиндеги дачасына мейманга чакырып, эстен кеткис жакшы күндөрдү өткөрдүк. Ошентип, мурун акын катары таанысам, кийин чыныгы адам катары билип, чейрек кылып убакыттан бери чыгармачылыкта үзөңгүлөш, ал киши ыр жазса, мен обон чыгарып катарлаш, үй-бүлөөбүз менен карым-катнашта өмүрдүн таттуу, кайталангыс күндөрүнө күбө болуп келебиз. Гүлсайра эже менен таанышкандан кийин да бир жыйырма чакты ырына обон чыгардым, мисалы: «Жеңелер», «Жакшы сөз айтчы мага», «Кош жылдыз». «Асыл жарга» ж.б.у.с. Обончу катары эң көп обонду эженин ырларына чыгарган экенмин. Гүлсайра эжеке өтө жөнөкөй, карапайым, дили таза, жакшы сөздүн океаны, өтө эмгекчил, көтөрүмдүү, сабырдуу, калпы жок таза дүйнөлүү инсан. Берекеси ырларындай төгүлгөн, меймандос, сыйы мол, чыгармачылыгы ченебеген, оргуштап турган булактай. Чыгармачылыктагы таскагы азыр дагы таш жарган заманыбыздын залкар акыны. Окурман менен куйөрмандарын сүйүнтүп канчалаган том-том ырлар жыйнагын эң эле жок дегенде бир жылда бирден Эл журтуна арнап келет. Гүлсайра эже ар дайым заман шарданында, тарыхый чыгарма - дастандарды ыр менен поэмага айлантып жазып, канчалаган Улуттук жазма адабиятыбыздын Алтын казынасын байыткан алтынга бергис эмгектерди жаратты.

Мыкты чыгармачыл адамдардын адамкерчилиги ыры менен шайкеш боло бербесин турмушта далай эле кезиктирип келебиз. Ал эми Гүлсайра эжеде чоң чыгармачылыктан тышкары бийик адамкерчилик да бар. Коомдо мындай таза адамдардын эмгеги өз учурунда бааланбай келиши көнүмүшкө айланып калган эле жорук болбодубу. Анын сыңарындай, Гүлсайра эженин да эмгеги өз баасын албай келет. «Кыргыз Республикасынын Эл акыны» наамын алганына деле 10 жыл



боло элек. Бул кишиге «Кыргыз Республикасынын Эл Баатырлыгын» берсе да көптүк кылбайт. Наамдардын кадыры түшүп турган заманда Гүлсайра эжеге ушул наам берилсе Эл ичинде сыйлык чыныгы ээсин тапты деп кубатталаарына эженин чыгармачылыгын жакшы билген замандашы катары толук ишенем. Эженин 20 жаштын наркы-беркисинде эле чыгарган «Табаар белем», «Балама» аттуу ырларына белгилүү обончу Эсенбек Мааданбеков бери жагы 40 жыл илгери эле обон чыгарып, өз заманынын мукам үндүү ырчысы Гүлмайрам Момушева эң жогорку чеберчиликте аткарып, ал ыр калың элдин катмарына сиңип шедевр чыгармага айланды. Андан бери 60 жыл өттү, бүгүнкү күндө Гүлсайра эжебиз 80 жашка чыгып, торколуу тоюн белгилөөнүн алдында. Жакшыны жакшы деп, залкарды залкар деп көзү барда сый-урмат кылганга качан үйрөнөөр экенбиз...

Эми Гүлсайра эже 80 жаш торколуу тоюңуз кут болсун, өмүрүңүз узун болсун. Элибиздин сыймыктуу кызысыз арабызда бар болуңуз. Сиз менен замандаш, пикирлеш, чыгармачылыкта үзөңгүлөш болуп калганыбызга өтө сыймыктанабыз. Ден-соолугуңуз бекем болуп, үй-бүлөө, бала-бакыраңыздын жалаң гана жакшылыгына күбө болуп, ар бир күнүңүз бактылуулукка курчалган бакыбат жашоону каалайбыз. Сиз ушундай сый-урматка жана жашоого гана татыктуусуз!

Жан дүйнөңө адамдарга чексиз сүйүү төшөдүң, Эжекебай! «Ыр жамгыры» - селдей аккан нөшөрсүң! Улуу дастан, Улуу акындын ордосу, Бир өзүңдө, суу чайпалбас, таза ырлар «жоргосу»!

*Чыгармачылыктагы иниңиз,*
*Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти*
*Нуркан Турсунбаев*
*"Кыргыз Туусу". 2017-ж. 17-октябрь.*

мүнөзүндөгү асылкечтик, жароокерлик, боорукерлик кербездик касиеттер аларды атам замандан бери кошокчу, жомокчу, ырчы, комузчу, өнөрпоз уз кылып калыптаган. Байыртан бери секетпай, күйгөн ашыктык ырлар кадыресе сулуу жыныска (аялдарга) таандык. Эпос, жомоктордогу, дастандардагы кумарлуу, кыялкеч аялдардын баардыгы ырчы. Аларды окугандар жакшы билишет.

Кечээ эле өткөн Бурулча, Балкы кыз, Айкүмүш, Карачач, Күңөтай, Каптагай кызы кадимки аялдардан болгон. Жазма адабияттын жоктугунан алардын күйгөн ырлары оозеки тарап, элдики болуп кала берген. А китептерге жазылбай, аты аталбай кыргыздын канча акын кыздары өттү экен?!

Кыз-келиндердин күйгөн ырлары айрыкча Ата-Мекендик согушта күч алды. Тылдан фронтко жазылган сансыз каттарда алыста калган жарлардын, түгөйлөрдүн, жубайлардын көксөөсү, өксөөсү, мүдөөсү ыр менен айтылган. Эпистолярдык ырлар өзүнчө жанр. Ошол мезгилдин өкүлдөрү Нуркамал Жетикашкаева, Сатин Абдыкеримова, Тенти Жунушбаева, Нинакан Жүндүбаева Советтик Кыргызстандын алгачкы акын кыз-келиндери болуп чыга келишти. Ошол согуштун азап тозогун балалык сезим менен сезип көрүп калган Гүлсайра аны өзүнчө жазды. Аны нукура турмуштук кылып сүрөттөдү. Алсак, Гүлсайранын жыйнагында «Кызы менен энеси» деген баллада бар. Автор аны баллада деп атабаса да баллада дедик.

– Көйнөгүңдү үй жегир,
Үшкүрөсүң жаш туруп,
Кыз өңдөнүп күлбөсүң,
Көңүлүңдү паска уруп,



Сабыр эт балам, тынч укта.
Жаш да сендей болобу,
Жатканын көр бүрүшүп.
Эрте соолгон гүлгө окшоп,
Баратасың чүрүшүп,
Байкуш кызым тынч укта!

Энеси менен кызынын муңдуу диалогу менен кандуу майдандан кайтпай калган, сүйгөн кызына ашыктык сырларын айтпай калган, махабатын жүрөгүнө катып, «кылчак, кылчак жоодурап, ичиндеги көп сырын көзү менен жобурап» кеткен жаш жоокердин тагдыры сүрөттөлөт. Махабаттын айылында ачык жүрбөй, чердизасып шанданып күлбөй калган кызынын абалын ичинен туйган энеси мурдагыдай урушпай да, унчукпай да калган, ал жоокерден кара кагаз келгенин билет, ошондон ичи өрттөнүп, мелтиреп үн сөзсүз жүрөт. Мындагы ишенимдүү сүрөттөлгөн Кыз менен Эненин ички дүйнөсү жөнөкөй окурмандарга да, кескин артыкчылык менен айырмаланган татаал таланттарга тез жетет. Анткени, акын турмуш чындыгын кыйналбай эле бир дем менен жазып салган. Деги, ар кандай талантту чыгарма ушундай жөп жөнөкөй болоору белгилүү. Гүлсайранын «чай ичип кет» деген ырын окуп көрөлү:

Буркуратып чайымды,
Демдеп коюп отурам.
Оо, жолочум, кайрылып,
Чай ичип кет колумдан.
Чай ичишип бир азга,
Баарлашып алалы.
Жакындатып ниетти,
Даамдашып алалы...

Бул маанайы жарык, меймандос, жайдары, элпек ырдан мындан да кененирээк мисал келтирсек болмок ыр турушу менен эмоция жана сүрөттөмө катар өтүшүп, ыр рельсинде жарыш жатат. Адамды сүйүү, мейманды кадырлоо, жолочуну күтүү акындык эргүү менен бир жагымдуу илеп согуп турат. Подтекстен дасторкон жайып отурган пейли кең аялды көрөбүз. Менимче, Алыкулдун «Бизге түнөй кет» деген ырына үндөш, бирок өзүнчө табылга. Бул Гүлсайранын чайы. Жаратылышынан жароокер, ачык айрым, чечен аялдар сөз кыябын келтире таамай айтат. Акылынан ай көрүнгөн, жүрөгүнөн нур төгүлгөн, тилинен бал тамган аялдар барган сайын азайып баратат. Аялдардын көбү көр оокат айынан ашыктык, асыл сезимдерин өчүрдү же болбосо дүнүйө мүлктүн артынан сая түшүп, жансыз буюм тайымдарды артык көрүп, ачкөздүк мурунтугун салынды. А улуу Карл Маркстын аныктамасы боюнча, дүйнөдөгү эң баалуу байлык – адам. Бир кездеги аялдардын оозунан чыккан сөзү эле алтын болуп куюлуп тураар эле. Ошол азайып бараткан сейрек касиет Гүлсайранын талантына таандык десек жаңылышпас элек.

«Наалыйсың да наалыйсың,
Койсоңчу эрте карыйсың
Ашык экен көйнөгү,
Эмнесине тарыйсың?»...

Г. Момунованын ырлары ал аял жүрөгү, аялдын жан дүйнөсү, аял сүйүүсү. Гүлсайранын сүйүү лирикаларындай эркектерге арналган аялдын ашыктык сезим ырлары кыргыз поэзиясында гана эмес, дүйнөлүк поэзияда да чанда. «Караанындан кагылайын эркектер» деген ырдын темасы эле айтып тургандай бүткүл аялзатынын атынан эркектерге ода.



Караанындан кагылайын эркектер,
Биз таянган тоосуңар го кебелбес.
Силер барда турмушубуз толтура,
Силер барда ырыскыбыз кемибес...

Бул ыр кээ бирөөлөр тайкы ойлогондой сексуалдык мамиледен өйдө турган эркектин турмуштагы ээлеген ордун, эрдик кайратын, кубаттуу билегин, мээримин көркүн сүрөттөө менен алар турмушубуздун тиреги, түкүлдөп согуп турган жүрөгү экендигин даңазалайт.

Эркектер айланайын асыл жолдош,
Турмушту алга сүйрөп келе жаткан.
Алпечтеп сенин мыкты алаканың,
Аялдар сени менен таалай тапкан.

Турмуш чындыгын кашкайта ташка тамга баскандай айтып берүү менен дегеле адамды кадырлап сүйүү жатпайбы тереңинде. Эрбилүүгө чакырган ой-тилек жатпайбы тереңинде. Эрбилүүгө чакырган ой-тилек жатпайбы терең: жарды сүйүү – бул жашоону сүйүү эмеспи. Дагы бир « Мага кымбат» деген ырында:

Мага кымбат сенин үйгө шашканың,
Жарк деп күлүп сенин эшик ачканың.
Өзүң менен келген сымал күн кирип,
Мага кымбат жанга шоола чачканың...

Мына күйөөсүн сүйгөн жароокер, асылкеч аялзатынын жаркын маанайы. Аял катары Гүлсайра турмушта адамга мамилеси кандай ачык, таза, мээримдүү болсо түздөн түз ырларында чагылышкан.

Телефондон мээрим үнүң угулду,
Жүрөгүмдө кетти ысык кан ойноп.
Жарк деп сүйкүм күлүп ийди бул дүйнө,
Алды жактан ажарланган таң ойноп...

Акын жаны ар дайым тазалыкты, аруулукту, бийиктикти, улуулукту сүйөөрү анык. Гүлсайранын ырлары да ошондой.

Сүйсөң мени арзып сүйгүн сагынып,
Элжиреген эриксизден жалынып.
Карабагын бир минут да кайдыгер,
Калбас ким бар чын сезимге багынып.
Же үн катчы, айтчы сөздүн бүтөөр жерин,
Үмүтүм уксам дейт го күткөн кебин.
Жымжырттык буулуктуруп, тумчуктуруп,
Үнсүздүк үшүмдү алып барат менин.

Канчалык сүйсө да өзү баштап үн ката албаган аялзаты сүйгөнүнүн үн катуусун канчалык күткөндүгүн көрүп турабыз. Кантсе да жүрөгүндө таза аруу сүйүүнү катып жүргөн адам жашоодогу эң бактылуу адам. Гүлсайра өз турмушунда сүйгөнүнө жеттиби, же жетпедиби ким билет, бирок ырларынын сүйүү бар, жалын бар. Ал ошонусу менен бактылуу. Өзү да ырында айткандай:

Жыргалдуу тирүүлүккө ыраазымын,
Кезинде чагылгандай жанарым бар.
Өмүрдү коштоп келет нурдуу обон,
Жашоодо эмнеден арманым бар,–
деп жүрөк отун өчүрбөй сактап келет, нурлуу ырларын бүгүн да ырдап келет. Ооба өмүр деген бир жерде токтоп калбайт экен.



Кылчактап сенин жаркын элесиңе,
Кылкылдап кырларды ашып барат өмүр –
деп акын өзү айткандай өмүр кырларды ашып баратса да ырлары, акын кыялы кырда туруп кызыл жоолук булгалап жатпайбы.

Келдиңби сүйүү эсимди эки оодарып,
Эчаккы өчкөн сезимге кайра от жагып.
Эскиртпейм сени эскирсе мейли өмүрүм,
Эзилип жанып, алоолоп күйөм тутанып...

Акын жүрөгү карыбайт дегендин далилин көрүп турабыз.

Дагы бир ырында:

Мейли тагдыр бакытыңды бербегин,
Байлыгыңды маңдайыма илбегин,
Андан өткөн мага байлык, бакыт жок,
Жалгыз гана балдарыма тийбегин... –
деген ырын бекеринен көптөгөн кыргыз энелер ырдап жүрбөсө керек. Ырдап демекчи, Гүлсайранын «Тагдырга», «Табаар белем», «Таптым сени», «Сен бар үчүн», «Сыр», «Кызгалдак» жана башка ырлары белгилүү обончулар тарабынан музыка жазылып ырдалып келет. Акындын жүрөк сүйүүсү кенен. Ал баланы сүйүү, элди, жерди Мекенди сүйүү, жаратылышты, адамдыкты, адалдыкты, адептүүлүктүү, нарктуулукту, аруулукту, акындын темасы көп тармактуу. Алардын ичинен баланы сүйүү ырына бир аз кайрылып көрөлү:

Балдарга жөнөдүң кошуна,
Менин да баламды көрүп кой.
Өзүмдү издейт го жанындан,
Имерип бетинен өөп кой...

Кадамдарым чимирик болуп,
Мен үйүмө шашып барамын.
Жатты бекен кайдалап ыйлап,
Көздөн учуп менин карааным.
Ал деп мага өзүн ыргытаар,
Адатынча кош колун сунуп.
Бул дүйнө кетер көңүлдөн учуп,
Сезимдер жалаң шаттыкка тунуп.
Бала үчүн эне эмнеден кечпейт, эмнеге барбайт.
Сен үчүн кур калгамын далай ырдан,
Сен үчүн жалгыз аштым далай кырдан.
Бир сенин күлкүң үчүн көөнүң үчүн,

Өмүрдө кызыгымды курман кылгам... мына ушул куплетте эле акындын бүткүл тагдыры,энелик жүрөктүн улуулугу айтылып тургансыйт.

Гүлсайранын ушул «Кут дүйнө» деп аталаган китебинин кол жазмасын колго алганда, өтө эле көтөрүңкү ат койгон экен деген ойго кеткен элем. Окуп чыккандан кийин анын ошондой аталышына толугу менен макул болдум. Анын ырларында Ата мекен, жаратылыш, адамдар чын эле куттуу экенине ынандым. Өзү да куттуу жердин топурагынан жаралган эмеспи, дүйнөнүн баары, адамдардын баары акындын назик жүрөгүнө, таза сезимине кут болуп уюп, аны ырга айландырган экен. Куттуу Ата-Мекен жана анын куттуу адамдары, түбөлүктүү бүтпөс тема махабат жөнүндө ак жарыла ырдаган экен. Ата мекенди сүйүү, замандаштарды баалай билүү, алардын эмгегине, бактысына кубануу да чоң касиет. Куттуу адамдар бөлүмүндөгү баарыбыз эле көрүп билип жүргөн белгилүү инсандардын жарк эткен жакшы жактарын көрсөтүү менен башкаларды да ошондой болууга үндөсө, экинчи жагы



адам көңүлүн көтөрө айткан жакшы сөзүнө таасири канча. «Мактоо жеткирет, чагым өлтүрөт» – дегендей жакшы сөзүбүздүн эмнесин аяйбыз, ал эми аягандар да толуп жатпайбы. Адамды көтөргөн да сөз, өлтүргөн сөз. Гүлсайранын адамдын көңүлүн көтөрүүдөн кубат алган чыныгы акындык табияты көрүнүп турат. Жакшы сөздүн күчү адамга канча күч кубат, дем, ишине демөөрчү, сүрөөнчү болот. Бул заманда китепти чыгарыш, чыгарган соң сатыш да бир азап болбодубу. Муну ойлосоң жазбай эле койгуң келет. Бирок жүрөгүндө чыныгы талант шыгы бар адам жазбай койо албайт тура. Ошондуктан жазыш да, чыгарыш да эрдикке тете болуп калды бул заманда. Далайлардын үнү өчүп, калеми колдон түшүп калбадыбы. Арноо ырлары көп экен деп ойлоор окурман, окуп көрсөңүз ошол ар бир арноо ыры өзүнчө бир чыгарма, өзүнчө ой, өзүнчө ыргак, өзүнчө образ. Арноо ырлары кыргызга гана тиешелүү өзүнчө жанр, Гүлсайра бул жанрдын устаты. Ар бир адам бир-бирине окшобогон сыяктуу, ырлар да бир бирине окшобойт. Элге, жерге кызмат өтөөнүн, жүрүм турумдун, нарктуулуктун, адептүүлүктүн, ыймандуулуктун үлгүсү. Мындай элибизге белгилүү инсандар жөнүндө жазыш өтө жооптуу жана татаал. Ошого карабай бир катар залкар замандаштарга дит багып кайрылган экен, таттуу сөздөр менен татыктуу бааларын берген экен. «Жакшы тилек жарым ырыс», ылайым ошол акын тилегендей болсун. Катарлаштарын баалоо сапатына ээ болбогон, интеллектик деңгээли көтөрүлө элек бирөөлөр такыр эле кемчилиги жокпу дешер. Кедерги издесе бардык эле акындардан, ал тургай классиктерден да табылат. Гүлсайранын негизинен өзүнө окурман тандабаган, баардык катмардагы окурмандарга бирдей жеткиликтүү ак жаркын асыл ойлуу, аруу сезимдүү

ырлар. Мындай акынды кыя чаппай сүрөп гана турсак мындан да жакшы ырларды толкуп ташып жаза берерине ишенебиз.

Кызыктуу кыял менен өмүр сүрүү,
Бактылуу Ата журтум сени сүйүү.
Рахат сени ырдоо жарык дүйнө,
Теңдешсиз кучагыңда тирүү жүрүү,–

деген өзүңдүн ырыңдай жарык дүйнөнүн кучагында кызыктуу кыялдарга батып Ата журт, адамдарды сүйүүдөн бакыт таап, аны ырдоодон рахат алып жаркылдап жүрө бер, сүйүктүү замандаш!

***Турсунов Эрнис***



## Китебин чыгаруу үчүн акын,үйүн сатты

**– Эже жайдары жүзүңүздө күлкү ойносо да кебиңиздин кыязында жабыгуу байкалат?**

– Туура күлкү менен уйкуда ар жок эмеспи. Дегинкиси шайыр шат жүрүү мага буйрулган мүнөз. Ал эми жабыгуу дегендин да толгон токой сыры бар. Анан калса бүгүнкү күндө адамдардын баарынын эле түйшүгү арбын болуп кетпедиби. Ары тартсаң ары,- бери тартсаң бери жагынды жаппаган жетишпестик жеке мен гана эмес журтубуздун кендирин кесип турат. Ошондон улам кыргыз менталитетине жат, коошпогон көрүнүштөр күндөн күнгө турмушубузга кеңири орун алып жашоо образыбызды суйдандатып баратат. Хулиганчылык кенен орун алды,адам өлтүрүү же болбосо бир имаратты жардырып кетүү деген сөз жаңылыктай жашообузга агылып кирди. Сойкучулук, баңгичилик күч алууда. Кыздарыбыз кыйырды кыдырып кетип,- чет жерглерде сатылып жүргөнүн эшитип жүрөбүз. Акындарга коюлган бир баа бар. "Эгерде жер бетинен жараңка кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу кетет" делинет. Сөз гүлүн тандап жалаң көркөмдүк, кооздук менен жашаган адамдар,айрыкча акындар мендей эле жабыгууну баштарынан кечирүүшүдө деп ойлойм. Жашообуздун мына ушундай облигин көрүп туруп кантип жабыркабайсың,кантип оорубайсың.

**– Жекече чыгармачылыгыңыз кандай? Бул көрүнүштөр чыгармачылыгыңызда да орун алып жаткандыр?**

– Албетте,акын дүйнөнү көрүп билип анын көркөм таасирлеринен ыр жаратат. Турмушубуздун оң жагы тескери жагына күйүгүп аны жүрөк аркылуу кое бе-

рип чыгармачылык кылуудабыз. Кел-кел заман деген бир ырымды эскере кетким келди. Кыргыз жер гүлдөө үчүн жаралган жер.

Кыргыз эл бакыт үчүн туулган эл,
Келаткан дээрден дээрге каны менен.
Ээ Кудай,эл журтумдун пейилиң бар,
Күн сайын периштедей тилек тилейм,
Теңирим эл журтума ырыскы бер.
Адамдын,бакыт,тынчтык,теңдик менен,
Кел заман келчү болсоң элиме кел.

Менин каалоо тилегим элибиздин пейли бөксөрбөсө дейм. Ошол жагдайда көбүрөөк жазып келүүдөмүн. Эми биз жазуу үчүн жаралган соң жазабыз да. Жазбай кое албайбыз. Бирок, анын экинчи бир кыйнаган жагдайы көбүүрөөк. Ошол жазган чыгармаларың элге жетүүсү оор болуп турат. Бара-бара китеп чыгаруу деген түшкө гана кирчү таттуу кыялдай болуп барат. Азыркы тапта бир нече ыр китептерим даяр болсо да,аны жарыкка алып чыгууда чаалгып турам.

**– Эже ,сиз кыргыз атыңыз кашкайып таанылып калган,кадыр ордуңуз бар,сүймөнчүк акын экениңиз калп эмес. Ушуларды эске алуу менен китебиңизди чыгарышып берүүгө кыргыз элинен жоон көкүрөк ишмерлер чыгалбадыбы?**

– Андай адамдар кол сунса кана. Эми жасап алган иши, жараткан китебиң өз баландай эле болуп калат экен. Эмне кылса да ага экинчи өмүрүн беришиң керек. Жашатышың керек. Жакында бир китебимди чыгарууга бел байлап турам. Мына ушул китебимди чыгаруу үчүн ишенсеңер жашап турган үйүмдү сатууга батындым.

**– Эжеке, чочутасыз да. үйүңүздү сатып коюп,**



**өзүңүз кайда жашамаксыз? Же “запаста” дегендей...**
– Ээ кокуй. Калемден башка иши жок ,андан баш-
ка бити жок бизде кайдагы “запас ,мапас”.Ушундайже-
тишпестиктин жагдайында кызым Дилбар Ирландия-
га иштөө үчүн кетти. Ал мурда бизде Университетте
болчу,аспирантураны бүткөн. Төрт беш тилде сүйлөйт.
Абдан билимдүү кызым бар. Азырынча ошол кызым-
дын үйүндө ,неберелеримди багып жашап турайын деп
жатам. Китебимди чыгарып алсам, андан кийинкисин
башка салганды дагы көрөөрбүз.
**– Жазуучулар Союзу деген жашайт. Китеп чыга-**
**руу жагынан жардам болбойт бекен?**
– Эми бүгүнкү жазуучулар Союзунун төркүнү
бүткүл жумурятка маалым болсо керек. Алардын ил-
геркидей күчү жок,дарманы кеткен. Бизге китеп чы-
гаруу үчүн акча бермек турсун Союзду сактап кеңсе-
син тейлеп отурган кызматкерлерине айлык таба албай
олтурушат. өкмөт тарабынан каржылоо жок. Анын
аты гана сакталганы менен заты калбады. Бир өктөө.
Бардык постсоветтик республикаларда эскинин бир
катар жакшы жактары сакталып калды. Маселен ме-
дицинада акысыз дарылоо, окуу жайларды бюджеттин
эсебинен асыроо, акысыз окутуу ж.б. ошондой эле жа-
зуучулар Союзун да бюджеттин эсебинен кармап келе
жатышат. Кандай гана өлкөдө болбосун,”жазуучу”
деген ысым баш тамга менен баса белгиленип жазы-
лып, ,ошол элдин маданий көрөңгөсү, жүзү катарында
баркталат. Ал эми бизде жазсаң да,өзүңө, жазбасаң да
өзүңө,жашасаң да өзүңө, жашабасаң да өзүңө деп, эч
көңүлсүз таштап салган өкмөткө айтаарга сөз табал-
байсың. Эми ахыбал ушундай болсо да бирин екин кеп.
Кыргыз элинде “ашың болбосо да кашың жокпу” деген
ылакап жашайт. Жазуучулар Союзу жок дегенде ушул

принципти тутунуп турса болмок. Каржы бөлө албаса да кабак каш көтөрүүгө неге болбосун. Айтайын дегеним, 10 жылдан бери бир да жазуучуга наам берүү колго алынган жок. Мени, Эрнис Турсуновду, Бакы Омуралиевди "Эл акыны" наамына көрсөткөнүнө 10 жыл болду. Эстегенде улам,улам документтерин которуштуруп беребиз. Андан бери жылыш жок. Бул наамды күтүп жүрүп Бакы өмүралиевдин көзү өтүп кетти. Ушундай көңүл көтөрүүчү иштерибиз да бирге өлүп жатканына өкүнөм. Медаль тапшыра салмайлар бар эле, жадагалса бир барак грамота жазып берген жан билинбейт.

**– Гүлсайра эже, жазуучулардын бүгүнкү абалын калайык бүт билет. Союзуңар эки, үчкө бөлүнгөн. Балким, өз ара ынтымагыңардын жоктугу да таасир берип жаткандыр?**

Мунун да тайсалдап кете албай турган жактары бар. Негизи жазуучу деген бийик интелектеги, маданияттын уюткусу болуп жаткан соң терс жактарын калкка дайын кылуу туура эмес эле. Эми болоору болгон соң, аны жашырып жаба албайсың. Дегинкиси, адам бар жерде жаңылык түгөнбөйт экен. Жазуучу деген бийик ысымды алып жүрсөк да, пендечиликтен безип кетүү жок тура. Биздин арабыздан да жалпы кызыкчылыктан жеке кызыкчылыктарын бийик койгон адамдар чыкпай койгон жок. Ошол сыяктуу бир катар пенделерибиздин айынан жазуучулар бөлүндү. Ынтымак кетти. Бир муштумдай болуп түйүлө албасаң, албетте алсызсың. Анын кесепети ишибизде да көрүнүп жаткандыр.

**– Өзүңүз кайсы блоктосуз?**

– Мен башынан бери түптөлүп келген,бийик – бийик инсандар төрөлүп чыккан, көрөңгөлүү баштапкы Союздун эле катарындамын. Аны чанып кетүүгө акым жок. Мына быйыл анын 70 жылдыгын белгилөөнүн үстүндө турабыз. Союздун колунда жок болсо да өкмөтүбүз өмөк карабай койсо да, анын намысы, өмүрү үчүн колумдан келген аракетимди көрсөтүүдөн тайбайм.

**– Эмесе, эже чыгармачылыгыңыз өркүндөй берсин. Жаңы китебиңиз өтүмдүү болуп, кайрадан үй тууп беришин каалайбыз. Башкысы саламатта болуңуз.**

– Рахмат. Сиздердин да жаңы түптөп жаткан "Бешене" газетаңардын бешенесинен жылдызы жанып, эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон, нускалуу басылмага айлангыла.

*Маектешкен Т.Тынымсейит.*
*(Бешене. №4 19.03.2004.)*

## Бешик, же дил акыны

Азыркыларды билбейм, биз баарыбыз эле бешикте чоңойдук. Андыктан биздин үнүбүз чыкканда, апабыз чуркап келип, колун бешикке тийгизээр замат, ушуну эле күтүп жаткансып тып басылган чыгарбыз, анан акырын жай терметип киргенде, магдырап уйкуга кеткендирбиз. Азыр мен ушинтип элестетем. Бирок рух бешигимди жакшы эле билем. Ал кичинекей кезимде бирде көзүмдү бакырайтып, бирде корконумдан бүрүшүп уккан жомокторум, кийин өзүнчө эле бир ажайып дүйнөгө ээрчитип кеткен окуган китептерим эле. Ошол рух бешигимдин бири Гүлсайра эженин чыгармалары болчу, мен анын рух бешигине канча жашымдан термеле баштаганымды билбеймин, бир билгеним – мен бүгүнкү күндө деле ошол бешикте термелип келем, мен сындуу канчалар термелип келет дейсиң...

Ушул рух бешигиме биринчи жолуккан күнүм күнү бүгүнкүдөй эсимде. Кызык, азыр ойлоп көрсөм, ошондо бирдеме чиймелеп жүргөн студенттердин ичинен бир кездеги «Кыргызстан аялдары» аттуу татынакай журналга макалаларды жарыялаган мен эле окшоймун. Бул журналды мен кайдан таптым, эмне үчүн үстөкө-босток жаза баштадым – мен муну билбеймин. Анан да журналга жиберген макалаларымдын бирөө да жарыяланбай калган жок, баары тегиз жарык көрдү. Ошолордун бири «Ар дайым апам болсун» деген чакан публицистикам эле. Өзгөчө бир арипттер менен терилип, бир бетине толо чыккан. Азыр анын аталышын окуганда эле, апам көз алдыма бажырайып тартыла калат. Менин макалаларымдын баары Гүлсайра эже-



нин колунан өтчү экен, мен аны эже менен биринчи жолуккан күнү билдим.

Бир күнү, негедир, жиберген макаламдын дайынын билгим келди (мурда минтким келчү эмес). Редакцияга барып бир бөлмөгө акырын баш баксам, эки эже сүйлөшүп отуруптур. Мен эмне кыларымды билбей, же кирип барбай, же чыгып кете албай туруп калдым.

– Кир, кире гой... – деп калды бири назик үнү менен. Бул Гүлсайра эже экен.

Мен аты-жөнүмдү толук айткыча болбой эле:

– Аа, айланайын, сени жакшы билебиз,– деди ал жадырай. – жазгандарыңдын баарын окуп жүрөм, жакында эле бир макалаңа кол коюп бердим, буюрса, кийинки санга жарык көрүп калат...

Мен сүйүнүп кеттим.

Жанындагы эже,– кийин билсем, журналдын башкы редактору экен,– балп эттирип эле бетке айткан жан экен:

– Мен да окудум,-деди жоон үнү менен. –Конкреттүү фактылар жокко эсе, жалпы сөз болуп калыптыр...

Сүйүнүп турган жаным бозоруп эле туруп калдым.

– Жалпы болгону менен ойлору жаңы, таза, тунук болуп жатпайбы,– деди Гүлсайра эже.

Тиги эже үндөгөн жок.

– Бара гой,– деди мага,– жакында окуп каласың макалаңды. Бизге дагы үзбөй жазып тур...

Мен коштошуп чыгып кеттим. Тиги эженин айтканы көңүлүмдү кичине чөгөрсө, Гүлсайра эженики көкөлөттү. «Ойлору жаңы, таза, тунук болуп жатпайбы...» Мен бул сөзгө анча деле түшүнгөн жокмун, бирок негедир сүйүндүм. Азыр да сүйүнүп отурам. Анткени мен поэтикалык жаңычылдыкты, дилдин та-

залыгын дал ушул Гүлсайра эженин чыгармаларынан да таптым. Гүлсайра эже кыргыз адабиятында гүлсайралык поэзияны жарата алды, бул биз үчүн баа жеткис байлык эле. Токомбаевдик, алыкулдук, султановдук, өмүркановдук поэзия деген бар (айрымдарын гана айтып жатам), алардан айырмаланып, гүлсайралык поэзия да өзүнчө жаркып турат. Ал эми гүлсайралык поэзиянын чын эле гүлсайралык поэзия экендигин, анын көркөм-эстетикалык дөөлөтүн ачып берүү үчүн атайын изилдөөлөр зарыл, бул келечекте ишке ашат деген ойдомун, ага чейин мен байкагандарымдын айрымдарын өтө кыскача болсо да айтып берүүгө милдеткермин.

Гүлсайра эженин тематикасы өтө кеңири, бирок, ошентсе да, ал-жетесинде лирик акын. Мына, анын ташкындап аккан тоо суусундай таштан ташка тийип, ошол таштардын айласын алты кылып жаткансыган, буга кошуп сени да жиниктире артыңдан кууп келаткансыган «Табар белем...» деген ыры бар. (Бул ырдын обону да жаркын, аткаруучусу да жаркын). Акын нени жоготкон да, нени табууну эңсейт? Белгилүү дабир кезде жалбыртатып көккө учуруп, анан көздөн кайым болгон махабатты да. Албетте, табат; албетте, абалкыдай жанат, атайлаппы, же байкамаксан болуппу, айтор, карайт. Бул ырдын сырты, же үстүңкү катмары. Биз көбүнчө ушул сыртын, үстүн кабыл алып алабыз. Чындыгында, чыныгы көркөм чыгармада көзгө көрүнбөгөн, коңулда жаткан, бирок кандайдыр бир сыйкырдуу, сырдуу жол менен жүрөккө сайылган катмар да болот (муну айрымдар сезе бербейт). Акын ырында табарына ишенгенсип жатпайбы, биз да буга ынангансып отурбайбызбы. Бирок акын (лирикалык каарман дегенибиз), чын-чынына келгенде, эч нерсе таппайт, анткени көрүп турса да баягыны таба албайт,



баягы баягындай эмес, баягыдай болоюн десе да боло албайт; буга кошул-ташыл лирикалык каармандын өзү да баягындай болбой жатпайбы, издегени баягындай жанып-күйсө да, ал баягындай кабыл ала албайт, ал эми бул – шор, трагедия, жүрөккө сайылган жебе.

Сөздөрдүн, жадагалса күн сайын колдонуп жатып барк-баасынана жырап калган сөздөрдүн да (буга тыбыштарды да кошсок болот) мүмкүнчүлүгү чексиз жана табышмактуу болот, кыскасы, ар бир сөз казып бүткүс казына; эч бир сөздүк сөздөрдүн маанилерин толук камтый албайт, а түгүл сөздүктөгү (демек, кадыресе кептеги) бир маанилүү сөз миң, балким, андан көп мааниге ээ болуп кетиши мүмкүн. Муну чыныгы сүрөткер гана туя алат, ал гана сөздөгү ушундай касиетти ача алат, ошондо гана чыныгы көркөм туунду жаралат. Мына, биз күн сайын колдонуп жүрүп, ашмалтайы чыгып бүткөн «келдиңби?» деген сөз же сүйлөм бар, кадыресе кепте кийинчерээк көбүнчө кекетүү, зекүү сезимин билдирип, терс боёкчо алып бараткандай туюлат. Эми ушуга назар буруп көрөлү. Мен кичинекей кезимде атам экөөбүз айылыбыздагы сыркоолоп жаткан Сооронбай атанын (баатыр деп урматтачу айылдын баары) үйүнө дайыма эртең менен эрте ахыбалын сураган барар элек, ал атамдын атасы (чоң атам) менен тең киши экен, ошентсе да атам: «Соке» дечү, бизди көрөөрү менен: «Аа, келдиңерби,– дечү да, келинине буйрук берчү. – Балама момпосуйуңан бергин...» Ушул атабыз керебетке окшош жыгач текчеде жатчу, анан үзүлөр алдында: «Келдиңби... кой анда, мен түшүп берейин» – деп жердеги төшөккө жатып, узап кеткен дейт. Бул деле өзүнчө көркөм чыгарма, анткени мында да «келдиңби...» поэтикалык мааниге ээ, мунун да сыры терең, бирок азыр биз буга токто-

ло албайбыз. Бизге бул жерде поэтикалык семантикасы боюнча Соронбай атанын «келдиңбисине» жакын турган Момунованын «келдиңбиси» тынчтык бербей жатат. Ырас, экөөндө тең кайрылуу жатат: биринчиси, баарыбыздын денебизди үркүткөн өлүмгө, ажалга; экинчиси – баарыбызды элиртип элжиреткен сүйүүгө, махабатка.

Ошентип, Гүлсайра Момунова «Келдиңби сүйүүм» – деди, бирок, бир караганда, сүйүү кимдерге гана келбейт дейсиң, андыктан мындай собол коюуга мажбур болосуң: «Келдиңби сүйүү» – деп ким кара терге түшүп жатат? Ал боз уланга, же солкулдаган селкиге келген жок, буларга келсе, алар мынчалык айласы алты кетип, жан алакетке түшмөк да эмес, аларга болгону ысык аптапта беттен сылап өткөн желдей сезилмек. Сүйүү качандыр бир мезгилде алоолонгон махабатка кабылып, кандайдыр бир себептерден улам андан көңүлү кайт болуп калган, бирок, ошентсе да, аны тымызын, купуя күтүп жүргөн адамга (аялга) келип отурат. Сүйүүнүн кандай ары жок да жана ал кандай гана коркунучтуу: ал бир келип, көңүлүңдү кайт кылып кетсе да, өчү бардай кайра келип отурбайбы! Жүрөгү үшүп калган адам үчүн бул кандай коркунучтуу. Бирок сүйүү дегениң не деген бакыт, ал адамды эч качан таштап кетпейт, адамды эч качан жетим калтырбайт, акыретке узап кетмейинче, ал сени жашылга бөлөп келе берет. Бирок, аттиң, сен канчалык жашылга чөмүлүп отурсаң да, өзүңдүн баягы табигый жашыл курак-чагың калганбы? Акын ушуга бир сыздап-сыздап отурбайбы. Анан да акын айтып жатпайбы «бактыма келчи, шорума келбей кайрадан» деп, бирок мурункусу деле, ал чын эле сүйүү болгон болсо, ушундай эле таттуу эмес беле, баарынан да аны шорго айландырбай, сүйүү бойдон, бейиш бойдон кармап калуу акындын (лирикалык каармандын) өз колунда эмес беле. Чындыгында, сүйүү көрүнгөнгө эле келе бербейт, ал сүйүүнү туя-сезе билгендерге гана келет. Сүйүү – бул бейиш гана эмес, ал ушул эле маалда тозок да. Анткени сүйүүнү кармап калуу да, аруу бойдон сактап жүрүү да өтө кыйын, өзүнчө бир тозок. Ааламды аласалдырчу кудурет-күчүң болуп туруп, ушу тирүү бейишти – сүйүүнү бапестеп сактап жүрүү колуңдан эмне үчүн келбейт болду экен, адам баласы!.. Акын коңулда отуруп алып, көз жашын көлдөтүп, ушинтип какшап жатпайбы. Демек, «келдиңби» сөзү «сүйүү» менен айкаша түштү эле (бул айкаштыруу акындын чеберчилиги, поэтикалык табылгасы) не деген кыймачийме, карама-каршы бир ажайып дүйнөгө туш болуп калдык: мында шектенүү, калтаруу, тымызын кубаныч, чочулоо, а түгүл коркунуч, айласын таппай кайпастоо, тишин бекем тиштеп алып, өзүнө өзү берген убада... акырында, айтпаганга чарабыз жок, адамдык трагедия бар. Ушулардын баарын чокмороктоштуруп, жуурулуштуруп, байкуш «келдиңби» – өзүнүн жалгыз керт башында кармап турбайбы, бул аркылуу ушул «келдиңби» деген кадыресе эле сөздө не деген поэтикалык кудурет-күч жаткандыгын, анын түгөнгүс кенч экендигин Гүлсайра эжебиз кашкайта далилдеп отурбайбы. Эми «Табар белем...» өзүнүн дагы бир башка жүзүн көрсөтүп отурат: табасың, бирок өзүң баягысыңбы, ошол кайрадан тапканың баягыбы, ошол баягыңды төгөрөктүн төрт бурчун мыкчып турган жап-адамболуп туруп, баягы бойдон кантип сактап калбадың экен! Адам болуу кандай кыйын, анын башына кандай жоопкерчилик үйүлгөн, же адамдын колунан келбеген, анын эркине, тилек-коксоосуна баш ийбеген башка ба-

лакеттер да барбы? Эгер бар болсо, ал эмне? Гүлсайра эженин поэтикалык табылгасы эңги-деңги болуп араң турган жаныбызды ушул суроого да түртпөй койбойт. Баса, «Келдиңби сүйүүмө» да керемет обон жаралган, аны керемет үнү менен ырчы кызыбыз аткарып жүрөт, ал ырдап жатканда «келдиңбидеги» жогоркудай жуурулушкан, чокмороктошкон поэтикалык семантиканы сезип-туюп турар бекен? «Келдиңбинин» жарыгы дагы көптөргө тиерине шек жок: жакында эле өзүнчө оригиналдуу обончу, аткаруучу Бек Борбиев «Келдиңби элүү жаш, Келсең – бери бас» деп биресе муңканып, биресе манчыркап чыкпадыбы. Эми бул бөлүмүбүздү жыйынтыктайлы: сүйүү деле куду адам сындуу жандуу керемет, бирок бир карасаң, экөө тең жансыз, аларга ким жан киргизет. Гүлсайра эже сүйүүгө жан киргизди, биз ушуга ыраазы болушубуз керек.

...Гүлсайра эженин жүрөгүндүн толтосун суурун алчудай болгон дагы бир обондуу ыры бар, мен «Тагдырганы» айтып жатам. Мында да сүйүүнү бир чырпып өтөт, бирок биз бул жерде ага тийиштпейли, жогоркуларыбыз эле жетишет. Тагдырга ичи чыкпагандар көп эле болсо керек, а түгүл «тагдыр мынчалык таш боор белең» – деп жер сабап жүргөндөр деле бар эмеспи. Бирок ушулардын баарын чогултуп келгенде да, Гүлсайра эженин төмөнкү эле бир сабагы жүлүнүндү сууруп алып жатпайбы: Жалгыз гана балдарыма тийбегин. Бул аруу да, армандуу да тилек бизди узак сапарга алып жөнөйт, анан барып эле... барып эле кыргыз жүрөгүнүн, пейилинин тике маңдайына туруп калабыз. Кыргыз жүрөгү менен пейилине туш келгенибиз ушул, биздин маңдайыбызда «Алдыңа кетейин!» – деген сөз-сүйлөм турган болот. Тилектердин тилеги, зоока-чокусу болгон ушул тилек-арман кыргыздардан



бөлөк кайсы элде бар болду экен, бул тилекти биринчи жолу ким деген кыргыз айтты болду экен, муну кийинки компьютер баш кыргыз муундары айтышар бекен! Гүлсайра эженин кыргыз күзгүсүндөй болгон жогорку бир эле сабы бизди ушинтип жан алакетке салып коёт.

Кыргыз жүрөгү демекчи, кыргыз акындарынын ичинде эне тууралуу жазбаган эч ким жок десек болот. Албетте, анын баарында тең эле энеге деген сүйүү бар экенин тануга болбос, бирок ошолордун баарынан эле эненин бажырайган элес-образын көрө алабызбы? Мен бул соболду Гүлсайра эженин өтө жөнөкөй жазылган «Эринди сыйла» деген аттуу ырынан улам коюп отурам. Мында эне кызына эрди сыйлоо жөнүндө акыл айткан болот. Үстүртөн караганда, баягы көнүмүш, кадыресе айтылган акылдай көрүнгөнү менен, баамдаган адамга эненин бүт ички дүйнө-ааламын аңтарып берет; ушунчалык бир көтөрүңкү, жайдары маанайдагы сөздөр колдонулуп жатса да, алардын артынан кызынын тагдырына кооптонгон, ушул кооптонуумдун ылайым тилеги таш капса экен деп үрпөйө караган эненин, болгондо да кыргыз энесинин, байбичесинин башы кылтыйып чыгып турат; кыргыз энесинин алдейди эске салган доошун кадимкидей уккандай болосуң; мындай акылды кыргыз энеси гана айта алат деп сыймыктангандай, анан да көркөм чыгармалардагы кыргыз энелеринин элес-образдары кыргыз адабиятчылары тарабынан ачылбай келатканына өкүнгөндөй болосуң. Чындыгында, Ч.Айтматовдун Толгонайы – бул кыргыз энесинин бир ажайып көркөм элес-образы (а түгүл кыргыз энесинин дал эле өзү го, ал эми Гүлсайра Момунованын энеси ошол кыргыз энесинин дагы бир дүйнөсүн ачып, Толгонайды толуктап отурбайбы. Муну биз, адабиятчылар, эл-журтка жеткирүүгө милдеткер эмеспизби...

Кайсы элдин кыз-келиндер поэзиясын албайлы, аны шарттуу түрдө төгүлүү поэзиясы деп атасак болот. Ушул сыяктуу эле бир төгүлүп-чачылып, бир бууркандап ыйлап, кайра бажырая күлүп чыга келбеген кыргыз акын кыздарын жолуктуруу кыйын, бирок ушулардын ичинен Гүлсайра эже акын аял катары өзгөчө бир поэтикалык духта төгүлгөнү менен көзгө түшөт. Ал кыздарга таандык болгон купуя төгүлүү дегенди элес албайт, ал ачыктан-ачык эле (бирок жылаңач эмес) төгүлгөнсүйт. Аялдарга мүнөздүү келген жана жарыша жашап аткандай көрүнгөн түртүлүү жана тартылуу сезимдери, тартылуу сезими күчтүү болуп турса да, эч бир сыр бербей, түртүлүү сезими менен гана жооп кайтарып туруп алганы, дал ушул үчүн орду толгус жоготууга учурап, өмүрдөн өксүп калуу тагдыры – бул аялдардын айыкпас дарты, мындай дартка чалдыгарын билип турушса да, алар буга барышат экен, кыскасы «бороонду эңсейт бул тентек, бороондо тынчтык барчылап». Дал ушунусу менен алар – аялдар, дал ушунусу менен аларды аяп, көкүрөккө кысып өтүүгө милдеткербиз. Гүлсайра эженин «Сыр» аттуу ыры башында турган бир нече чыгармасын окуп отуруп, жогорудагыдай өзүнчө бир поэтикалык дүйнөгө кабыласың, бирок мен бул жерде кургак маалымат берүү менен гана чектелип, ошол ырлардагы поэтикалык касиет-кудуретти жеткире албадым, бул үчүн ырлардын өзүн окуш керек экен.

Өзгөчө төгүлүү, же сыр ачуу жагына келгенде, Гүлсайра Момунованын «Караанындан кагылайын, эркектер» аттуу ырын кыйгап өтүүгө мүмкүн эмес, буга окшогон жүрөктү бир селт эттирген сапты кезинде Мидин да жазган эле («Караанындан кагылайын, Ала-Тоо») да, мунун курулай сөз эмес экенин жүрөгүң



барча-барча тилип туруп («Качан жүрөк кагышынан
танганда, бир тартылып өтүп кетер элесиң») далилдеп,
бизди азыркыга чейин дендароо кылып келет. Ушун-
дан улам көркөм-эстетикалык дөөлөтү боюнча Ала-Тоо
шедеври болгон бул ырды Г.Момунова турпат жагынан
гана кайталап койгон эмеспи, Момуновада момунова-
лык бирдеме барбы деген суроо туулбай койбойт. Ырды
окуп чыккан соң, Момунованын жалбаруусу өз алдын-
ча поэтикалык маанай, сапатта өзүн актаганына ына-
насың. Чындыгында, аялды аял кылып турган, аялдык
даражага көтөрүп турган («Алпечтеп сенин жумшак
алаканың, Аялдар сени менен таалай тапкан») бул эр-
кектер, андыктан эркектин жөн эле тирүү жүргөнүнүн
өзү эле аялдар үчүн чоң олжо; аялдар үчүн эң чоң жо-
готуу, алаамат-бул эркектерден ажырап калуу, алар-
ды жоготуп алуу, эл башына алаамат түшкөндө башын
канжыгага байлап биринчи эркектер аттанат, эркек –
аялдар үчүн бул жарык дүйнөнүн таянычы, ошол үчүн
аларзор ишенич менен жер шарын эркектердин колу-
на карматкан. Эркек болуу кандай жоопкерчиликтүү,
бирок аял болуу андан да кыйын. Ырдын текстинин
коңулунда жаткан ушул поэтикалык ой жана бул ойду
жараткан көркөм каражаттар өзүнчө бир талдоого мук-
таж, буга кийинчерээк атайы кайрылууга туура келет.
Дегинкиси, мейли аялдар жөнүндө жазабы, мейли эр-
кектер тууралуу жазабы, аялдардын аялдык табият-
маңызын поэтикалуу ачып берүүдө Гүлсайра Момуно-
ванын өзүнүн татыктуу орду бар десек болот.

Анча элес албай окуган адамга Г.Момунованын ырлары бир ойду улам-улам кайталап жаткандай, ошол ойду жамактатып эле төгүп өткөндөй туюлушу толук ыктымал. Бул жерде бир акыйкатты атайы айта кеткибиз келет: чын-чынына келгенде, жамак –бул

көркөм өнөрдүн башаты болуп саналат. Ырбы, же кара сөзбү, а дегенде (ой түрүндө чыгарма мурда эле бүткөн болот, же чыгарма башталбай жатып эле бүткөн болот, биз бүткөн чыгарманы кайрадан гана жараткан болобуз) ой ыргагын издөөдөн башталат, ой ыргагын табуу өтө кыйын, ансыз чыныгы көркөм чыгарма жаралбайт, мына ошол ой ыргагы жамак түрүндө келет, ошондуктан сен төгө баштайсың, жамактан төгүүдөн тайып кетүү, же токтотуп коюп, кийин бүтүрө коём деш – бул сүрөткердин өзүнө өзү кылган чыккынчылыгы, анткени сен жамагыңды табуу үчүн кайрадан төрөлүшүң керек. Бирок жамактатып төгүү деген, бул уйкаштырып урдура берүү дегендик эмес (эгер мындай болсо, көркөм чыгарма жаралбайт), төгүп баратып кайсы бир жерден сокку урушуң керек, кайсы жерден (ортосунанбы, аягынданбы же башынанбы) өзүң деле жакшы билбейсиң, анткени сен өзүңө толук ээлик боло албайсың, сен үчүнчү дүйнөнүн ошол учурдагы чыгармачылык процесстин жетегинде каласың. Сокку ура билүү бул чыгарманын да, сүрөткердин да бактысы, сокку көрүнөө да, көмүскө түрүндө болушу мүмкүн, кандай түрүндө болбосун, соккуну туя билүү окурмандын табитине, деңгээлине жараша болот. Соккуга кабылган соң, окурман үчүн баягы жамактатып жөн эле төгүп келаткандай көрүнгөн саптар (сөздөр) башка бир нурга, ажарга, же илимий тил менен айтканда, эмоциялык-экспрессивдик түскө, боёкчого ээ болуп калат (поэтикалык ой, табылга мына ушу жерде жаралат) да, сен чыгарманы кайрадан окууга мажбур болосуң.

Мына, Гүлсайра Момунованын «Эненин ыйы» деген 161 саптан турган өтө көлөмдүү ыр кошогуна назар салып көрөлүчү. Акын бизге тааныш нерселерди төгүп жаткан болот: 7-апрель, ак үйдөн атылган ок,



окко учкан жапжаш жигит, кан жутуп сыздаган эне, ушул эненин баласына арнаган кошогу. Албетте, эненин жүлүндү какшаткан сыздоосуна биз кайдыгер карай албайбыз, бирок, ошентсе да, баарыбызга тааныш болуп калгандыктанбы, баягы эле да дегендей мамиле жасаган болобуз, ушинтип ойлоп жүрүп отурганда эле ыр кошоктун аяк жагында акын (муну ал өзү туйганбы, жокпу-билбейбиз) сокку урат:

Элим деп соккон жүрөгү,
Жигиттер кетип шейитке,
Ата-Бейит армандуу,
Айланды бала бейитке.

Болгону эки гана сөз айкашы: ата-бейит жана бала бейит. Генетикалык кан тамырыңды кыркып, сууруп алгандай болосуң, теңселесиң, озондоп ыйлагың келет, калчылдап коркосуң, денең тоңот: бала бейит – бул эмне деген шумдук, бул эмне деген шор, акырында бул эмне деген поэтикалык табылга! Ата бейит – бул жаратылыштын айныгыс мыйзамы, ал атүгүл сыймыктуу да угулат, ал эми бала бейит дегенде, өзгөчө аны ата бейит бирге же анын ордуна колдонгондо, кайсы кыргыз баласынын денесин үркпөй коё алат дейсиң. Бул поэтикалык табылга тууралуу дагы тереңдетип айта берсек болмок, бирок биз төмөнкүдөй бүтүм менен чектелели: Чоролорунан ажырап жер муштап боздоп отурган (Мен Чубагымдан ажырадым, аяш ж.б) Манас атабыздын арман-кошогун дагы бир жолу эске салган. «Эненин ыйы» ыр кошогунда селт эттирчү саптар көп эле, бирок эгер жогорудагы төрт сапты ырдын тулкусунан алып сала турган болсок, аталган ыр көркөм имарат катары урап түшөрү бышык. Деги эле чыныгы көркөм чыгарманын

бардык жери эле жалаң эле жалтыраган, жүрөктү туйлаткан же сыздаткан саптардан (сөздөрдөн) тура бербейт, алар карапайым, а түгүл өөдүк-сөөдүк да келет; анан эле бир эле сөздүн же саптын (бул поэтикалык жаңылык, табылга) эсебинен башкача түс алып, Чолпон жылдыздай жаркырап чыга келет.

Гүлсайра Момунованын чыгармачылыгынын бир бөлүгүн арноо ырлары ээлейт экен, мындай көрүнүш айрым таланттуу акындарыбызда (А.Өмүрканов, Ф.Абдалова) да учурайт. Ушундан улам, мунун жеке инсандык, психологиялык жана коомдук-психологиялык себеп-өбөлгөсү барбы деп ойлоп кетем. Айталы, кээ бир сүрөткерлер өздөрү таанытбаган адам деле элдин атын чыгарууга татыган иш жасай турган болсо, ага ак дилинен бирдеме айткысы келе берет, бул анын жеке инсандык, психологиялык касиети, «дарты.» Мындай сүрөткерлер ошол адамдар кандайдыр бир жылуу сөзгө муктаж болуп турганын сезимтал жүрөктөрү менен туюп турабы дейм. Эгер жылуу сөз уга албай калса, ага татыктуу адам кандай гана психологиялык алааматка туш болбойт дейсиң: алыс барбай эле Пушкин (Өзүмө өзүм эстелик курдум кебелбес...) менен Алыкулду («Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү, Буудан болуп таскак салып өтөрмүн») алалычы, ыр саптарынан не деген армандуу кекенүүнү жолуктурбайсың. Биз чыгармачылык жаатындагы адамдарды гана алып жатабыз, чындыгында, бөлөк тармактагы көрүнүктүү инсандардын баары эле өз учурунда өзүнө татыктуу жылуу сөз угуп кетишкендигине ким кепил боло алат?

Ал эми бүгүнкү күнгө келсек, учурдагы коомдук-саясий, буга ылайык эмоциялык-психологиялык жагдайлар татыктууларга ашы менен болбосо да, кашы менен назар буруп коюуга чамасын келтирбей жатат, тескерисинче, бош челектер катуу калдырап жаткансыйт. Мына ушу жагдайды сезимтал акындардан бөлөк ким сезип туя алмак! Бирок арноо ыры маалымат берүүчүлүктөн, курулай мактай же жамандай берүү абалынан көтөрүлүп, эстетикалык касиет-дөөлөткө ээ болушу зарыл, ошондо гана ал көркөм туунду катары кабыл алынат. Бул үчүн ошол макталып жаткан адамдын элеси көз алдыңа тартылып, сенин мактооң ак дилиңден чыгып жатканы, табигый экендиги айкын сезилип, окурман да акын кейпин кийип, өзү мактап жаткандай сезимге кабылышы зарыл. Гүлсайра Момунованын көпчүлүк арноо ырлары анын кан тамырынан сызылып чыккандай, тексттин ары жагынан ыр арналган адамдын албеттүү элеси, анан да акындын ак дилинен тыбырчылап жаткан жүрөгү көрүнүп тургандай болот.

Жогоруда мен Гүлсайра эженин чыгармачылыгы тууралуу үзүл-кесил гана кеп кылдым; бирок, ошентсе да, анын поэтикалык ойлору, табылгалары бу баш-аягы жок дүйнөнүн купуя сырлары; адам тагдырынын табышмактуу кырлары; бул жалганда баарынан сырдуу, табышмактуу келген көркөм дүйнөнүн касиети жөнүндө ой калчоого мажбур кылып отурат. Бул болсо, Г.Момунованын чыгармачылыгы өтө кылдат, аяр жана атайын изилдөөгө муктаж экендигин дагы бир жолу тастыктап турат. Чындыгында, кайсы бир илимпоз сенин көркөм дүйнөңдүн, поэтикалык дараметиңдин дурус жана буруш жактарын колунан келишинче толук ачып бере алса, сен анын изилдөөсүн окуп, ой жүзүндө болсо да аны менен талашып-тартышып отурсаң, бул ушуга чейин алган сыйлык, наамдарыңдын баарынан жогуру эмеспи. Менимче, чыныгы сүрөткердин, анын

ичинде Гүлсайра эженин да, бул жашоодон күткөн эң сыйлуу белеги ушул болсо керек.

Көңүлүң чөгүп, көөдөнүң кирдеп турганда, Гүлсайра эженин кайсы тематикадагы ырын окубагын, негедир сергек тартып, көңүлүң ачыла түшкөндөй болот экенсиң. Мунун сыры акындын адамдык да, акындык да дилинин тунуктугунда, сенин жүрөк мээнди тызылдатып, баш мээнди кыймылга келтире алгандыгында, дал ушусу менен өзүңө билдирбей бешикке бөлөп, акырын, жай термете баштагандыгында жатат. Дагы канча муун Гүлсайра эженин көркөм, дил жана да акырында рух бешигине термелип өсөр экен. Ушинтип ойлонот экенсиң да, өз оюңа өзүң кубанат экенсиң...

*Усубалиев Бейшебай*
*Филология илимдеринин доктору, профессор*
*09.09.17*



## Эженин эмгеги бааланса дейбиз

Кыргыз элине кеңири белгилүү Кыргыз Республикасынын эл акыны, Кыргыз Улуттук Жазуучулар Союзунун башкармалыгынын мүчөсү, Кыргызстан маданият ишмерлеринин Ассамблеясынын мүчөсү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» ордени жана «Даңк» медалынын ээси, А.Осмонов, Түгөлбай Ата, А.Токомбаев, Казакстандын Жамбыл Жабаев атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты Гүлсайра Момунова 1937- жылы 30-декабрда Талас облусунун Бакай-Ата районунда Кең-Арал айылында туулган. Билими жогору, филолог.

Эмгек жолун 1961-жылы «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») гезитинин редакциясында адабий кызматкер болуп иштөөдөн баштаган. 1961-1971-жж. «Кыргызстан» басмасында көркөм адабият бөлүмүндө редактор болуп иштеген. 1971-жылдан 1993- жылга чейин «Кыргызстан аялдары» журналында алгач бөлүм башчы, жооптуу секретарь, анан башкы редактордун орун басары болуп иштеп жүрүп, 1993-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Андан бери чыгармачылыкта активдүү иштеп келет. Г.Момунова жыйырмадан ашык китептердин автору. Алгачкы китеби 1963- жылы «Тилек» деген ат менен жарык көргөн. Андан кийин «Кыял чабыты» (1967-ж.), «Саябан» (1969-ж.), «Менин күнүм» (1972-ж.), «Жылаажын» (1967-ж.), «Өмүр бешигим» (1979-ж.), «Терeңдеги берметтер» (1981-ж.), «Ак марал» (1984-ж.), «Табаар белем» (1987-ж.), «Айдарым» (1991-ж.), «Жан дүйнө» (1994-

ж.), «Кут дүйнө» (2004-ж.), «Миң дүйнө»(2005-ж.), « Нурсултан» (2006-ж.), «Туулган үйдүн жарыгы» (2008-ж.) « Жакшы сөз айткым келет» (2012-ж.), « Жүрөктө жүргөн сүйүү бар» (2015-ж.), «Бабалардан калган сөз» (2016-ж.), «Бабалардан уңгу башат» (2016-ж.), « Энелерден ууз башат» (2017-ж.).

Ал эми орус тилинде Москвадан «Молодая Гвардия» басмасынан «Родники» деген жаш акындардын альманахтарына ырларынын топтому белгилүү акын В.Цыбиндин котормосунда эки жолу басылып чыккан. « Кыргызстан» басмасынан « Сүйүү толкуну» (1972-ж.), «Туулган күн» (1978-ж.), «Жылмайуу» (1982-ж.) ырлар жана поэмалар жыйнактары орус тилинде жарык көргөн. Андан тышкары акындын ырлары украин, казак, өзбек, түркмөн, азербайжан, болгар тилдерине которулган.

Г.Момунованын өзгөчө элибиз эгемендүүлүк алган жылдарда чыгармачылыгы өөрчүп, өзүнчө эргүүлөргө ээ болду. Далайлардын ындыны өчүп калганда ал эркиндикке каны-жаны менен бериле сыймыктанды, көптөгөн чыгармаларды жазды. Ага көптөгөн ырлары жана поэмалары анын күбөсү. Ошондой эле коомдогу ар бир элдик окуялар анын калеминен орун алган. 7-апрелдеги элдик революция, Ош окуясы жөнүндө көптөгөн ырларды жазды. Элинин муңун муңдады, эрдигине кубанды, кубанычын куттуктады.

Ага анын «Кайратыңдан кагылайын калайык», «Элим үчүн жан курман», «Кайрат кыл калкым», «Бейкүнөө төгүлгөн кан уктатпасын», «Кыргыз элдин кыраaны», «Калыстыкты издегенбиз каяктан», «Уландарым улуу ишке курмандарым», «Эр жүрөк улуу кыргыздын», «Туу көтөргөн Камчыбек», аттуу көлөмдүү ырлары далил. Ал эми 7-апрель күнкү окуяда курман



болгон балдарга арнап «Эненин ыйы» аттуу кошогу элдик кошокко айланып, ошол күндөрү теледен саат сайын эл ырчысы Роза Аманованын аткаруусунда берилип турду. Кан жанында ата журтун терең сүйгөн мекенчил акындын эң жакшы көргөн темасы баатырдык, эл жерге кызмат кылуу. Буга деректүү жазылган Чолпонбай Түлөбердиев, Курманжан Датка, Жайыл баатыр, Андаш баатыр, Абдыкадыр Орозбеков, Искак Раззаков, Турдакун Усубалиев, Жусуп Абдрахманов, Арстанбек Дүйшеев, Корчубек Акназаров, Сүйүнбай Эралиев, Түгөлбай ата, Чыңгыз Айтматов, Жоомарт Бөкөмбаев, Сооронбай Жусуев, Асанкан Жумакматов, Ашым Жакыпбеков, Эрнис Турсунов, Эсенкул Ибраев, Байдылда Сарногоев, Жалил Садыков, Камбараалы Бобулов, Уркаш Мамбеталиев, Жунай Мавлянов, Атай Огомбаев, Барпы Алыкулов жана башкалар жөнүндө жазылган ырларын жана поэмаларын айтсак болот.

Адамдарга жакшы сөз айтуу Гүлсайра Момунованын адамдык девизи. Адамдын көңүлүн асмандата көтөрүүчү да, жерге чөгөрүп түшүрүүчү да сөз эмеспи. Г.Момунова 2012-жылы чыккан китебинин атын да «Жакшы сөз айткым келет» деп атап, анда жалаң эле эл журтка ак кызмат өтөп жаткан атактуу замандаштарын сыймыктануу менен ырга кошкон. Алардын адамдык асылдыктарын, мүнөздөрүн, эмгектерин ачык айкын сүрөттөп айтып берүү менен башкаларды да ошолордой болууга алдырттан үндөп турат. Экинчиден, замандашына көзүнүн тирүүсүндө бир жакшы сөз айтып, көңүлүн кубантып алуу, эмгекке дем берүү. Адамдын жакшы жагын көрө билип, аны ар кырынан таанып билип, мүнөзүн ачып сүрөттөп жазыш үчүн адамга ошончолук терең акыл, көрөгөчтүк, айкөлдүк керек эмеспи. Андан тышкары аны поэзиянын көркөм,

таттуу, эмоциялуу тилине салып, ишеничтүү сүрөттөп жазуу да чоң чеберчилик деп айтууга болот. Бул жагынан Гүлсайра эже калемдештеринин арасында ода жанрынын жандандыруучусу, арноо ырларынын чебери катары айтылып келет.

Гүлсайра Момунова негизинен лирик, ак сүйүүнүн акыны, анын жасалмасыз, чын жүрөктөн чыккан жалындуу ырлары «Жүрөктө жүргөн сүйүү бар» деген жалаң сүйүү лирикалары өзүнчө китеп болуп жарык көрдү. Ал ырларынан сыр жашырбай жан дүйнөсүн, жүрөк күүсүн, сезим учкундарын элпек ыргак менен жаза билгендиги окурмандардын сүймөнчүгүнө ээ. Ал мээрман эне, сүйүктүү жар. Ата журттун патриот гражданини катары жүрөктөгү ыймандай сырларын, сүйүүсүн эргүү менен бере алат. Анын каleminен жаралган «Боз үй» дастаны элибиздин тарыхын, үрп адатын, өнөрүн публицистикалык маанайда толкундануу менен сүрөттөп окурмандардын жүрөгүнөн жылуу түнөк тапты. Ал поэма Түркияда өткөн Ата Мекенди даңктоо ырларынын эл аралык конкурсунун жеңүүчүсү болгон. Ошондой эле «Сөз» деген дастаны сөздүн күчү, сөздн куну, элдин эл болуп сакталышында сөздүн мааниси жөнүндө ой толгогон поэма. «Ала- Тоо айымы» поэмасы кыргыз аялдарынын акылын, баатырдыгын, чеберчилигин даңктайт. «Тепкедей» поэмасында 1916-жылкы үркүн окуясы баяндалат. Окурмандардын суроосу боюнча көптөгөн ырларына композиторлор, обончулар обон, романстарды жазышкан. Алар А.Малдыбаев, Н.Давлесов, С.Алкожоев, Э.Мааданбеков, М.Бостонкулов, Б.Мамаев, Ж.Муратова, А.Бөдөшов, К.Эралиева ж.б.

Алардын ичинен элге кеңири тарап ырдалып жүргөндөрү: «Табаар белем», «Таптым сени», «Издейм



сени», «Сен бар үчүн», «Кечикпечи», «Барсыңбы кыргыздын жигиттери», «Энеге», «Балдарыма тийбегин», «Мен сага жазга айланып баргым келет», «Сен болуп жүрбө», «Кыргыздын кымбат кыздары», «Кызгалдак» ж.б.

Ошондой эле кыргыз элине мүнөздүү болгон чоң касиет бата берүүчүлүк жана кошокчулук да, акындын чыгармаларынан кеңири орун алган.

Гүлсайра Момунова ошону менен бирге белсемдүү журналист. Ал журналисттик кесиптин ысык-суугуна күйүп, отуз жылдан ашык эмгектенди. Республикабыздын аймактарын түрө кыдырып, кабардан баштап очерк, фельетон, публицистикалык макалаларга чейин журналистиканын бардык жанрларында өзүнүн такшалгандыгын, принципиалдуулугун, чынчылдыгын, ак ниеттүүлүгүн көрсөттү. Кай жакка барбасын, кандай маселе жөнүндө жазбасын дайыма чындык эл тарабында болуп, элдин көйгөйү, улут келечеги жөнүндө кам көргөн макалаларды жазды. Бир нече жолу республикалык журналисттердин конкурсунун жеңүүчүсү болду. Көп жылдык активдүү эмгеги бааланып, республикада биринчи болуп, 1988-жылы «Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген журналист» деген ардактуу наамга ээ болду. Кийин ал наам «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наамга которулуп, жоюлуп кетти.

Г.Момунова «Эмгектеги каармандыгы» ордени, «Даңк» медалы, «Лениндин 140 жылдыгы», «СССРдин 90 жылдыгы», «Улуу жеңиштин 70 жылдыгы», «Эмгек ветераны» медалы, Кыргыз Республикасынын асыл инсандар коому тарабынан «Кыргыз Республикасынын ардактуу айымы» төш белгиси, Ала-Тоо айымдарынын «Каныкей» ордени менен сыйланган.

Көп жылдык жемиштүү эмгеги үчүн СССР Журналисттер Союзунун Ардак грамотасы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасы менен сыйланган. Көптөгөн коом, уюмдардын Ардак грамоталары менен сыйланган. Г.Момунова республикалык Алыкул Осмонов, Түгөлбай Ата, Аалы Токомбаев атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты. Туркиядагы өткөн Ата Мекенди даңктоо ырларынын эл аралык конкурсунун, Казакстанда өткөн ыр конкурстарынын жеңүүчүсү 1996-жылы «Түгөлбай-Ата» атындагы эл аралык коомунун «Кыргыз жылдызы» аттуу күмүш медалынын ээси. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын эл акыны деген ардактуу наам берилген.

Г.Момунова 1973-жылдан бери КПССтин мүчөсү. 1969-жылдан бери СССР Журналисттер союзунун мүчөсү. 1990-жылдан Кыргызстан Жазуучулар союзунун жана анын башкармалыгынын мүчөсү, Аялдар Федерациясы, Ала-Тоо айымдары, Ак элечек айымдар, Умай эне, «Кут ордо», «Манас-Ата руху» ж.б. коомдордун активдүү мүчөсү. «Кыргыз акын-жазуучулары коомдук фондунун байкоочу кеңешинин төрөайымы. Дүйнөлүк «Кыздар ай» жана «Балдар ай» адабий чыгармачылык бирикмесинин башчысы. Бул бирикмелер дүйнөнүн бардык жеринде жашаган көптөгөн чыгармачыл кыргыздардын башын кошуп, акындардын ыр жыйнактарын жарыкка чыгарды жана чыгарып жатат.

Эки уул, бир кыздын энеси, жети небере, сегиз чөбөрөнүн чоң энеси.

2016-жылы президентибиз Алмазбек Атамбаев «Маданият жана тарых жылы» деп жарыялагандыгына байланыштуу акын эжебиз өтө белсемдүү иштеди. Акын Жусуп Баласагын жана анын заманындагы мамлекет башчысы караханидер өлкөсүнүн каны Кара-



буура жөнүндө даректүү «Бабалардан калган сөз» деген китеп жазды. Ал китепте бул бабалар анын кыргыз улутунан экенин илимий түрдө далилдеп, Түркстанда өткөн түрк элдеринин илимий конференциясында чыгып сүйлөп, китепти келгендерге таратып берип келди. Көрсө, биз сыймыктана турган баатыр бабаларыбыз көп экен. Ошол максатта Г.Момунова эжебиз жакында «Бабалардан уңгу башат» деген көлөмдүү китеп чыгарды. Анткени, анда көптөгөн ата-бабаларыбыздын баатырдык эмгектери даңкталат. Ошону менен бирге ушул жылы өткөн көчмөндөр оюну жөнүндө да чоң поэма бар. Көчмөндөр оюну дүйнөгө кыргыз улутунун жүзүн, рухун, өнөрүн көргөзгөнү кеңири сүрөттөлөт. Бул китепти окуган ар бир кыргыз сыймыкка бөлөнөрүнө ишенебиз.

Бабалар, аталар жөнүндө китеп жазган Гүлсайра эжебиз энелерди да унутуп калбаптыр. Тээ байыркы Акыл Карачачтан баштап акылдуу, баатыр, өнөрлүү жез оймок аялдар менен ар бир адам сыймыктанат. Ал китеп терилип бирок каражаттын айынан чыга албай турат. Бул китеп көлөмдүү. «Жакшы сөз айткым келет» китебинин да экинчи китеби кезек күтүп чыга албай турат.

Кыргыз элине жылуу жүз менен карап көптөгөн жардамдарын берип келе жатышкан Россия президенти Владимир Путин жөнүндө, Казакстан президенти Нурсултан Назарбаев жөнүндө да китептерди жазып эл достугун даңазалады. Мына ушундай китептерди жазыш үчүн канчалаган эмгек илимий китептерди окуу, архив казуу, тынымсыз иштөө талап кылынаары белгилүү. Буга чейин эч жакка кирбей, эч кимден эч нерсе сурабай, керек болсо үйүн сатып жиберип китеп чыгарып келди. Эженин жаңы китептерин, томдорун

чыгарыш үчүн материалдык да жардам керек. Ошону эске алат деп ишенебиз. Азыр кызы менен жашайт, унчукпаган адам эле унутта кала бербей, эженин эмгеги мамлекетибиз, президентибиз тарабынан өз баасын алса дейбиз. Эжебиз быйыл 2017-жылы 80 жашка чыгат. Басып өткөн өмүрү, эмгеги өзү эле баатырдык.

*Дөөлөтбек Шадыбеков.*
*Аксакалдар коомунун төрагасы, академик,*
*«Карабуура» коомунун президенти.*



## Эл эмгегин жар салган

Өткөн жылдын июнь айында акындардын бир тобу Ала-Бука районуна бардык. Мына ошондо Гүлсайраны калктын кол чабуу менен кубанып кабыл алганын өз көзүм менен көрдүм. Ал ыры менен да, ырына ылайык адамгерчилиги менен да эл көзүнө көрүнө түштү. Анын үстүнө ал ырларын окуганда эргип ташып окуйт экен. Акынга бул да керек. Биз кээде жөнөкөйлүк жана карапайымдыктын ортосундагы ажырымды анчейин ажырата билбейбиз. Менин оюмча сөзсүз ажырым бар. Мен карапайымдыкты сабатсыздык, жөнөкөйлүктү сырдуулук деп түшүнөмүн. Кыргызда «Жылкы кишенегенче, киши сүйлөшкөнчө» – деген бир жакшы макал бар. Арийне, ким экенин сүйлөшкөндө гана билесиң. Ал эми ишиң түшкөндө, мамилелешкенде андан да терең түшүнөсүң. Ыр дагы адам сыяктуу асылзат. Сен муну окуй келгенде гана билесиң. Гүлсайранын ырларын окуганда да кээ бирөөлөр ушул жагынан жаңылышып калат көрүнөт. Жөнөкөй саптардын тулку боюнда жүрөктү булк эттирген сырдуу сезимдин уюп жатканын аста баамдап билберишпейт да, карапайым нерсе катарында кабыл алышат. Бул бирбеткейлик. Менимче кайсы гана акындын ыры болбосун, адегенде анын жакшы жагын ойлоп окуу керек. Кээде бизде мунун кемчилдиги каеринде экен деп атайын издеп окушат. Андай болгондо жакшы ыр да жаман болуп чыга келет. Ыр да адам сыяктуу дебедимби, тирүү адамда кемчилик болбой койчу беле?. Чукулап издей берсе майда чүйдө нерселер табыла берет да. Ушул жагынан карап көргөндө Гүлсайранын ырлары эч качан карапайым ырлардын катарына жатпайт.

Эргиди көккө көңүлүм,
Турмушун көрүп жайнаган.
Ыр сузуп кайттым бир ууч
Эл деген улуу дайрадан.
Кутманым калкым тосуп ал
Ыр болуп кайтам кайрадан.

Мындай бир караган кишиге карапайым ырга окшоп кетет. Көңүлгө деле конуму аздай. Жалт-жулт этип көзгө чагылышкан кызыл тазыл салыштыруулары деле жок. Бирок андай эмес. Дагы бир жолу көз чаптырып көрүңүзчү. Поэзия деген дүйнөнүн кандай жөнөкөй, кандай көркөм экенин ошондо бир баамдайсыз.

Ыр сузуп кайттым бир ууч
Эл деген улуу дайрадан

Биерде акын арыктан чакасына суу куйуп кайткан жок да! Эл деген улуу дайрадан жүрөгүнө ыр сузуп кайтпадыбы. Акындын акыны гана ушинтип жаза алат. Эмесе поэзиянын жөнөкөйлүгү менен көркөмдүгүнүн ширелишкен жери дал ушундай «байкалбас» тушта болоорун баамдай билишибиз абзел. Гүлсайрада мындай куплеттер толуп жатат. Мен анын чыгармачылык диапазонун жөнөкөй туруп, бирок көркөм касиетке эгедер ушундай ырларынын негизинде элестетемин. Ар бир акындын өзүнө жаккан темасы болот. Анын темасы – Эмгек. Эмгек азаматтарын даңазалоо акындын чыгармачылыгында орчундуу орун ээлейт. Буга мисал катарында «Эне мээрими», «Асанбай», «Гүлкайыр», «Миңдеген аял колдору» поэма дастандарын айта кетсек ашыкча болбос. Бул поэмалардын каармандары бүгүнкү күндө биз чогуу суу ичип, нан жеп жаткан



адамдар. Бирок алардын эмгеги айтып бүткүс. Мына ушундай кыйынчылыктарды мойнуна алган акын гана чыгармачыл иштен майнап чыгара алат. Гүлсайранын ушул ишке батынып кириши эле кубаттого ээ көрүнүш. Г.Момунова акын эле эмес, журналист экендигин да көз жаздымда калтырууга тийиш эмеспиз. Ал өзүнүн эмгек жолун «Советтик Кыргызстан» газетасында адабий кызматкер болуп иштөөдөн баштаган. Андан кийин «Кыргыз» басмасында редактор болуп иштеди. Ал эми 1971-жылдан бери «Кыргызстан аялдары» журналында эмгектенип келатат. Адагенде бөлүм башчы, андан кийин жооптуу секретарь болду. Азыр ошол журналда редактордун орун басары болуп иштеп келатканына он жылдын жүзү болот. Арада айтылып жүргөндөй Г.Момунованын жакшы ырлары али алдыда. Элүү жашка келип баралына толуп турган маалда бизге дагы жакшы чыгармаларды берет деп толук ишенебиз.

*Шатманов Салибай*

*(Кыргызстан маданияты. 24.12.1987.)*

## Табигый дарамет

Гүлсайранын акын катары таанылып, элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан көңүлдөгүдөй ырларды жазып келе жатканына мен ичимден ага катары, акын катары кубанам. Чейрек кылымдан бери ал менин көз алдымда өстү, торолду, жетилди. Ошондон бери турмуштун жүгүн, үйдүн түйшүгүн көтөрүү менен калемин да колдон түшүрбөй өз заманына татыктуу үн кошуп, китеп артынан китеп чыгарып келе жаткан көкжалдыгы бекеринен эмес. Ал анын канынан келген табигый дарамети.

Гүлсайранын мен куратуу эки агасы бар эле. Экөө тең ыр жазган, сүрөт тарткан талантуу жигиттер болчу. Улуусу Момунов Алыман Кырк-Казык орто мектебин бүтүп, Бишкектеги педтехникумга жаңыдан киргенде согуш башталып, алгачкы ыктыярдуулардан болуп, согушка кетип баатырларча курман болгон. Гүлсайра анда үч төрт жаштагы кыз экен. Агасынын фронттон ыр менен жазган каттарынын эки гана сабы эсинде калыптыр. Ошол: «Адашкан окко туш келбей, атышып өлсөм арман жок» – деген эки сапта эмне деген патриоттук сезим жатат. Кийинки агасы Сабдилде герман согушуна, ал аяктап бараткaнда япон согушуна катышып, согуш бүткөндөн кийин кайра калыбына келтирүү иштеринде иштеп жүрүп, аскерден 1947-жылы келди. Элүүнчү жылдарда ал Талас обкомунда, мен редакцияда чогуу иштеп калдык. Оозунан ыры төгүлгөн төкмөлүк өнөрү бар, ичинде кири жок, борсулдап күлгөн ак көңүл жигит эле. Мүмкүн Эстебестей эле төкмө акын болот беле, бирок ал аны кесип кылбай, өзү үчүн, үй-бүлө, жоро жолдоштор үчүн гана төгүп ыр-



дап жүрдү. Айрым ырлары райондук газетага жарыя-
ланып калчу. Ал эми сүрөтчүлүк жагынан ошол кезде
көрүнүктүү художник катары эле таанылган болучу.
Ал тарткан сүрөттөр, портреттер ошол кезде клубдар-
да, ресторандарда илинип турганын көрөөр элек. Ал
эми Талас шаарындагы «Манас» кинотеатрынын кире
беришинде тагылып турган чоң полотнодогу Манастын
Ак куласын аркыратып, көзүнөн оту чачыраган жандуу
элеси көз алдымда. Тек өмүрү кыска экен 42 жашын-
да кайтыш болду. Гүлсайраны көргөн сайын мен ошол
агаларын эстейм. Согуш болбосо эмне деген тубаса та-
ланттар, эмне деген жалындуу жигиттер эле! Гүлсайра
алардын өнөрүнүн, өмүрүнүн уландысы сыяктуу сези-
лет мага. Буларды мен эмне үчүн жазып жатам. Гүл-
сайранын акын болуп чыккан тамыры канынан келген
тубаса дээр элем. Гүлсайранын ата энесинде да бар экен
бул өнөр. Атасы Момун бир айылдын ырчысы, төкмө
акыны экенин, ошол атасы да 1942-жылы армияга ке-
тип, бир жылдан кийин кара кагаз келип апасы бир
жыл бою кошок кошконун Гүлсайра өзү айтып калат.
Эртең менен кечинде кошок кошуп жаткан апасынын
кошогун угуу үчүн айылдагы тууган, туушкандар чо-
гулуп, үнчүкпай угуп ыйлап отурушчу, көрсө күндө
жаңыртып, күндө башкачалап кошчу экен. Ошентип,
Гүлсайранын акындыгы тээ канынан, табиятынан кел-
ген. Өзү да табияты кооз Таластын атактуу Эчкилүү
тоосунун түбүндөгү Кең Арал айлында туулган. Боло-
чок акын айылды жандап аккан Талас суусунун таш-
кындуу ырын угуп чоңойду. Түркүн куштар үн безе-
ген, түркүн дарактуу токоюн аралап жемишин терип,
жаратылышка суктанып көркөм дүйнөсү көз жарды.

Ошол дүйнө ыр дүйнөгө айланды. Акын бизге
«Жан дүйнө», «Кут дүйнө», «Миң дүйнө» аттуу ыр ки-

тептерин тартуулады. Буга чейин союз убагында «Кыял чабыты», «Саябан», «Жылаажын», «Менин күнүм», «Табаар белем», «Өмүр бешигим», «Ак марал», «Айдарым», «Тереңдеги берметтер», «Тилек» деген ырлар жана поэмалар жыйнактарын берген эле. Орус тилинде да бир нече китептери жарык көргөн.

Миң дүйнө карегимде жаткан чалкып,
Нурданып көкүрөктө жүргөн жаркып.
Ыр болуп анын айрым учкундары,
Кагазга мөлт дей түштү көөдөн жарып,–

деп өзү жазгандай, акын дүйнөсү ошондой көркөм жана ошончолук бай. Мына ошондой көркөм бай дүйнөсү бар, табыят ыроолоп, кудай берген даремети бар акын жазбай кое алабы? Табыяттын дал өзүндөй кээде мээлүүн, кээде толкун, кээде үлпүлдөгөн тоо гүлүндөй, кээде Таластын күрпүлдөгөн дайрасындай, кээде чартылдаган чагылгандай ырлар ошон үчүн жазылып жатат да. Поэзия дегенибиз акын сөздүн ортосундагы сүйүү. Гүлсайранын ырларынан таза сүйүүнү, таза сезимди көрөбүз. Ал эми чыныгы нерсе элге бат жетип, элдики болуп кетет. Кыздардын тереңдиги көрүнбөгөн сезимин, айтылбаган сырларын «Сыр» деген ырында жүрөгүндөгү жалын менен минтип элестүү айтып берет:

Жалбардың мен тартынып каада күттүм,
Жүрөгүм сүйсө деле чыдап түттүм.
Да бир аз зарылсын деп, жалынсын деп,
Назданып чын сезимди нары түрттүм.

Сен болсо эрип атып агып бүттүң,
Көп күтүп аз калганда үмүт үздүң.
Мен бийик көтөрүлүп карап турдум,



Жуп эми жетер кезде кулап түштүң.
Же болбосо «Табаар белем» деген ыры:

Кайдасың шаңкылдаган шаттуу кездер,
Кайдасың жан терметкен таттуу сөздөр.
Карашы сырга толуп жанып турган,
Кайдасың жаркын үмүт оттуу көздөр.
А көрсө көз жок экен сенден сулуу,
Дүйнөдө сөз жок экен сенден сырлуу.
Денени ток ургандай чымыраткан,
Жүрөккө от жок экен сенден жылуу.

Анын ушул сыяктуу ондогон ырлары эл ичинде сүйүмөчүлүк менен ырдалып жүрөт. Демек акын лирикалык каарманынын таза сезимине окурманды ынандырат. Лирикалык каармандын бийиктигине, тазалыгына кубанасың, сыймыктанасың. Улуу ыйык сезимге ким суктанбайт. Анын агынан жарылып, жүрөгүн төшөп жазган ырлары эч бир адамды кайдыгер калтырбайт го деп ойлойм. Андан тышкары Гулсайра менен көп адамдардын юбилейлеринде бирге болуп жүрөбүз. Ал көп учурда ошол юбилей бий кечелерде көрүнүктүү адамдардын юбилейлерин- ээлерине арнап ыр окуйт. Жүрөгүндө ырдын кенчи бар сыяктуу. Ал ырларда каармандын эң жакшы сапаттарын ачып, жагымдуу эмоция, жалындуу илеп менен кубаныч тартуулайт. Ал эми адамга жакшы сөз менен кубаныч тартуулагандан артык эмне бар?! Адамдын жылдызын жандыраар да, жылдызын жерге түшүрөөр да сөз. Сөз кадырын билген акын адамга жакшы гана сөз арнагысы келет. Адамдын жакшы жактарын көрө билип, аны көкөлөтө даңктоо менен башкаларды да ошондой болууга үндөөнүн өзү да искусство эмеспи. Чынын айтсам, мен Гүлсайранын адамдык сапаттарын

жогору баалайм. Качан кайдан көрбөйүн жарык кабак жайдары мүнөзү менен жүргөн жерин шаңга бөлөп турат. Адамга жан дили менен мамиле кылган кичи пейилдүүлүгүн, ак ниеттүүлүгүн, мээримдүүлүгүн, сабырдуулугун, меймандостугун, бөлүнүп жарылууларга кошулбаган калыстыгын көп жылдардан бери байкап жүрөм. Ооба, жакшы ырлар ошондой таза дилдүү, таза жүрөк, таза колдуу адамдын таза сезиминен жаралары анык. Андыктан Гүлсайранын ырлары да ак ниет жана өзүнүн мүнөзүндөй агыл төгүл. Анын дагы бир артыкчылыгы ырларын ал жагымдуу үн менен жалындап бериле, угуучуга жеткире окуйт. Көпчүлүк ырларын жатка айтат. Ал ошондой жакшы сапаттары менен кадыр барктуу. Мен Гүлсайранын чыгармаларына атайын токтолуп, талдап отурган жокмун. Өзүм билген, сезген гана жактарын айттым. Анткени ырына талдоонун, рекламанын кереги жок.

Колуңуздардагы бул китеп анын өмүр бою жазган чыгармаларынан тандалып алынган топтому экен, өзүңүз окуп баа берерсиз кымбаттуу окурман. Ал эми Гүлсайра карындашыма ага катары, акын катары: калемиң ташыркабасын, мээнетиңдин үзүрүн көр мен билген бир туугандарың жетпеген максаттарга сен жет, алар жаза албай кеткен ырларды сен жаз, табыят берген акындык дареметиңди өчүрбө, өмүрүң узун болсун деп ак бата бергим келет.

***Сүйүнбай Эралиев,***
***Кыргыз Республикасынын эл акыны.***





## Кымбаттуу Гүлсайра Момунова!

Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын секретариаты Сизди туулган күнүңүз менен чын жүрөктөн куттуктайт. Сиз орто муундагы белгилүү кыргыз акын кыздарынын бири болуп улутттук поэзиябыздын кеңири кулач жайышында өз үнүңүз менен салымыңыз ыр китептериңиздин арбын саналышы менен эле эмес, эл журтка татымдуу болушу менен да өлчөнөт. Өзгөчө «Менин күнүм», «Жылаажын» «Өмүр бешиги», «Тереңдеги берметтер», «Ак марал», «Табаар белем» ыр жыйнактарыңыз. Сиздин ысымыңызды жакшы акын катарында жайылтып турат. Сиздин поэзияңызда баса белгилей кетүүчү жагдайдын бири бүгүнкү күндөгү эмгек каармандарын даңазалоо. Буга мисал, Күлсайра Сулайманова жөнүндөгү «Эне мээрими», баш чабан Мырзабек Мамбетов тууралуу «Бийиктиктеги кездешүү», Сузактагы таштуу жерде жаңыдан жаралган «Жийде» совхозу жөнүндө баяндаган «Керемет», Фрунзедеги «Октябрдын 40 жылдыгы» атындагы фабриканын ууздары, Асанбай микрорайону тууралуу жазылган поэмаларыңызды көрсөтүүгө болот. Ошондой эле «Сүйүү толкуну», «Туулган жер», «Жылмайуу» аттуу жыйнактарыңыз орус тилинде жарык көрдү. Ошондой эле учурдун талабына ылайык актуалдуу маселелерге арналган очерк жана публицистикалык тондогу макалаларды жазып, калайыкка өзүңүздүн мыкты журналист экениңизди тааныта алдыңыз. Ушул тапта

«Сиз» чыгармачылыктын жетилген баралына келип, талантыңыздын ташып турган учуру. Дилиңизден ыр төгүлүп, тилиңизден сөз куйулуп турган учурда, албетте, биз, Сизден жаркын маанайлуу жакшы чыгармаларды күтөбүз жана андай сонун нерселерди жарата аларыңызга ишенебиз. Ошон үчүн, Сизге, бекем ден соолук, узун өмүр, чыгармачылык зор ийгилик каалайбыз.

*Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын секретариаты.*
*(Кыргызстан маданияты декабрь. 1987-жыл.)*



## Акын Гүлсайра Момуновага

*Урматтуу Гүлсайра Момуновага!*

Менин атыма басмадан чыккан жаңы ыр жыйнагыңызды жиберген экенсиз. Колума тиер менен окуп чыктым. Изин суутпай өзүңүзгө кыскача ушул катты жазууну туура көрдүм. Жан-дүйнөмдү өзгөчө толкуткан сиздин казак калкын өзгөчө кадырлаганыңыз, казак калкына, казак перзенттерине арнаган ырларыңыз болду. Мындай ишти жан жүрөгү жоомарт, казак калкын чын ниети менен сүйгөн, чыныгы талант ээси гана аткара алат деп ойлоймун. Ырларыңыздан казак калкын урматтап сого турган кыргыз жүрөгүнүн илебин сезгендей болдум. Ушул үчүн Сизге чыныгы алкышымды билдиремин. Адабиятчы болбогондуктан жыйнагыңыздагы ырлардын көркөмдүк деңгээли жөнүндө пикир айталбайм. Бирок Сизге чыныгы алкышымды билдирем. Карапайым окурман жана саясатчы катары айтаарым: ар бир элдин таланты сиздей болуп эл менен элди жакындаштырып, достоштуруп жакшылык менен гана кызмат кылыш керек. Ошондо бүткүл адамзат утат. Казак менен кыргыз эзелтен бери эле жакын, ага-тууган калктар. Бабаларыбыз бизге достуктун үлгү багын мурас кылып калтырган. Биз кандай кыйын кездерде да ушуну эстен чыгарбашыбыз керек. бабаларыбыз ошол бакты сугарып, сүйүп баптап отурууга өз үлүштөрүн кошкону чын. Арийне, мен бул ойду өз элимин уул кыздарына да айтамын. Сиздин ыр китебиңизди ушул маанайда жасалган оң кадам дээр элем.

Китепте бир дастаныңызды мага арнаган экенсиз. Бул дастаныңыз эки калктын ынтымак, биримдигин андан ары артырууга аз да болсо салым кошсо, ал үчүн Сизге алкыштан башка айтаарым жок. Эмгегиңиз жана берсин! Зор ден соолук, бакыт, чыгармачылык табылгаларды, тууганыбыз кыргыз калкына өсүп өркүндөөнү тилеймин.

*Нурсултан Назарбаев, Казакстан*
*Республикасынын Президенти.*
*(Кыргыз Туусу газетасы. 18.01.2006.)*



## Сексен жаш

Сексен жаш сен белемсиң илкип баскан,
Мезгилиң кайда кеткен гүлүн ачкан.
Бир нерсе жоготкондой ойго батып,
Муңайым жерге башын ийип баскан.

Бул акын сөз берметин балдай жыйган,
Муштумдай жүрөгүнө аалам сыйган.
Көптөргө сөз гүлүнөн белек арнап,
Көрө албастын көзүнө болгон чыйкан.

Жалындап жүрөгүнөн сүйүү чачкан,
Жакшыны жаны менен сүйүп жазган.
Жамандын чучугуна тийип жазган,
Жалпы элдин тагдырына күйүп жазган.

Адам асыл экенин баалап жазган,
Жүрөктөн жакшы сөзүн арнап жазган.
Көтөрүп көңүл кушун көкөлөтө,
Жашоодо жакшылыкты каалап жазган.

Ырларын эргип жазган, ырдап жазган,
Куюлтуп элпек ыргак жыргап жазган.
Уютуп ак сүйүүнүн сырларына,
Сергитип сезим гүлүн ыргап жазган.

Ойготуп ой ааламын сергек жазган,
Ойлонтуп сөздүн гүлүн элеп жазган.
Ыргалтып ыр бешикке бөлөп алып,
Көңүлдү баласындай термеп жазган.

Доордун добулбасын тыңдап жазган,
Элинин муңун муңдап ыйлап жазган.
Мекенден өз мүдөөсүн бийик койгон,
өзүмчүл бийликкорду сындап жазган.

Көпкө жүрдү акынмын деп айталбай,
Ыйыктыкка башты салып баталбай.
Бул жашоонун кубанычын кайгысын,
Жазмайынча же бир тынчып жаталбай.

Кыялынын көксөөсүндөй бололбай,
Көп чарпылды көк кыяга коно албай.
Көрө албастык чыйрыктырып, чыйралтып,
Коштоп келди жөн жайына койо албай.

Ооба алар көрбөйт экен көрсө да,
Калыс сөзүн айтпайт экен өлсө да.
Көрүүчү эл көрөт экен акыры,
Көп тизмеден өчүрсө да, көмсө да.

Кубаттанып жашап келет эл менен,
Ээндетпейт, жалгыздатпайт эл деген.
Жакшы сөздөн жашаргансып баратат,
Эң жогорку сыйлыгым деп эл берген.

*Гүлсайрага – Гүлсайрадан.*



## Мазмуну

Гүлсайра Момуновага.......... 4
Гүлсайра ыр окуп жатканда .......... 5
Гүлсайра эжеге.......... 6
Элге арналган ырлар.......... 7
Акын келин Гүлсайра .......... 8
Куйуп чыктың Талас деген дубандан .......... 10
Гүлсайра эжеме.......... 12
Гүлсайра эжеме .......... 13
Жаза бергин жандүйнөнүн ырларын!.......... 14
Тарыхта калгының сарадай .......... 15
Жөнөкөй, эң жөнөкөй баратасың .......... 16
Жаз сыяктуу.......... 17
Акындык жана асылдык .......... 18
Аман болгун, Ала-тоолук акын кыз.......... 19
Саябан бактай акын.......... 20
Жаз, Гүлсайра!.......... 21
Гүлсайра эжеге.......... 22
Эжекем элдик акын .......... 23
Айдай жаркын көңүлүң .......... 24
Кумар элем .......... 26
Эжейге .......... 27
Гүлсайра Момуновага.......... 28
Пир дүйнө .......... 29
Кужурмөн акын Гүлсайра .......... 31
Акын эжем .......... 32
Акын Гүлсайра Момуновага.......... 33
Адамдар аз өзүңдөй .......... 34
Гүлсайра эжеге.......... 35
Деңиз сындуу бермет бүрккөн шарынан.......... 36
Кут дүйнө.......... 38
Гүлсайра момуновага .......... 39
Жүрөгүндө жалындаган оту бар .......... 40

Топуктуу дайым, көңүл шат ........ 42
Сезимдерге келип конду ыр-бакты ........ 43
Сенин бактың ........ 44
Сересине чыга жаша өмүрдүн ........ 47
Таңдайынан бал тамган ........ 48
Жетимиш том жазыңыз! ........ 51
Сен бересиң мага кубатты ак жуумал келинге ........ 53
Гүлсайра эже ........ 54
Жан дүйнө жарыгын чачтыңыз ........ 55
Алып баруучу ........ 57
Гүлсайра – элдик акын ата сезими ........ 60
Улут кызы 80 жашка толуптур ........ 62
Кылымга өмүр сүрүңүз ........ 63
Пародия... ........ 64
Эргүү берип сезимге ........ 65
Кут болсун эже, Кудайым берген 80 жаш ........ 66
КРнын Эл акыны Гүлсайра Момуновага ........ 67
Куттуктоо ........ 68
Көйкөлүп Ысык-Көлүм эжемдин ырларынан ........ 69
Гүлсайра эже сизге ыр десте ........ 71
Сексен жашка ыр белек ........ 72
Ырыңызга береке ........ 73
Эл акыны, датка десек тең келет ........ 74
Бар болуңуз ........ 75
Элдик болуп жүрө бер ........ 76
Асылзат акын Гүлсайра! ........ 77
Кудайга шүгүр сиз үчүн ........ 80
Жаша эже гүл болуп ........ 81
Эл-журтуна эмгеги зор ........ 82
Көч башында ........ 86
Кыргызга баалуу белексиз ........ 89
Артында колдоп эл турат ........ 100
Окшошкум келип турат ........ 102
Ал башкача ........ 103



Бул акын ........ 104
Сөз жетпейт айтып беришке ........ 105
Сүйүнчү. Тарых болуп калыңыз ........ 106
Буюрсун ........ 107
Баа жеткис адам ........ 108
Чебер жана кыраакы ........ 109
Сизди көрдүм мыкты кожейке ........ 110
Мыкты эне ........ 112
Ар түркүн талант ........ 113
Төгүлүп мээрим жүзүнөн ........ 114
Туулган күнүнө ырдесте ........ 115
Айландың асыл дүйнө дастанына ........ 116
Элимдин залкар акыны ........ 118
Гүлсайра эжеге ........ 119
Күмүш ыргак акын ........ 120
Менин эжем ........ 121
Гүлсайрадай залкар эжеге ........ 122
Кут болсун 80 жашыңыз ........ 124
Китептерди дагы көп-көп жазыңыз ........ 126
ырлар учат сабалап ........ 128
КР Эл акыны Гүлсайра Момуновага ........ 129
Ырларың кылымдарга жашап толсун ........ 130
Ырларынан арууланып алалы ........ 131
Эжеге кат ........ 132
Акын эже Гүлсайра ........ 133
Ырахаттуу алкоолорго батыңыз ........ 134
Акындардын – Акыны ........ 135
Даңазалай берем ........ 136
Акыйкат сөздү сүйлөйсүз ........ 137
Ыр букет ........ 150
Бар болуңуз ........ 153
Поэзия даткасы ........ 154
Оттуу ырларга жакынсыз ........ 155
Дагы далай дабандарды ашыңыз

Кыз акындар «генералы» ........................156
«Кара жорго» бийлеп жыргаңыз ........................157
Куттуу болсун 80 жаш ........................158
Ырларыңыз оболосун ........................159
Акын кыз Гүлсайра Момуновага ........................160
Улуулукту тапкансыз да мээнеттен ........................162
Эрмегисиң элиндин ........................164
Ырыңызды окуганда ........................165
Туз жаласын ........................166
Ал менин апчем ........................167
Эже, кутман курак жашыңыз кут болсун! ........................169
Чексиз бакыт ал учур ........................171
Жамгырдай төгүлөт эх, ырларыңыз ........................172
Учур күүсү ырларынан угулган ........................173
Назик жүрөк, акылман да, асыл жан ........................174
Аздык кылат........................176
Затыңызга алтын, каухар кошулган ........................178
Гүлсайра эжеге........................179
Гүлсайра акын – кылымдардын акыны........................180
Булактын шылдырынан сизди угамын........................182
Ыр шаасы жүрсүн багынып........................185
Очогу ырдын Гүлсайра ........................186
Сиз менен дүйнө сулуу Гүлсайра эже........................187
Бактылуу бул күндөрдү эскерээрбиз ........................188
Кут төгүлгөн ырлары ........................189
Акылга түйгөнбүз........................190
Сырттаны аял затынын ........................192
Ыр дайрасы чалкыган ........................193
Гүлсайра эжекеме!........................194
Гүлсайра эжеге!........................195
(Куттуктоо ыры)........................195
Окуучулук ой «Боз үй» поэмасы ........................196
Акын Гүлсайра Момунова – 50 жашта
Калем учуңуз кажыбасын........................205



Гений акын Гүлсайра........................208
Бабалар эпопеясы ........................215
Акын жүрөгү ........................227
Гүлсайра эженин жазган чыгармалары
эженин мүнөзүндөй агылып-төгүлүп,
айланып-тегеренип, үйрүлүп турат ........................232
Өрнөктүү өмүр, талыкпас талант баяны........................235
«Көңүлүмдө гүлдөй элек жазым бар» ........................258
Адилет сөз ........................261
Акын үчүн куттуу белем бүт дүйнө ........................264
"Баарыңарга айткым келет жакшы сөз..." ........................266
Карабуура баатыр түрк
дүйнөсүнүн рухий пири........................272
«Ачык көңүл, пейли кенен жайдары,
«Нурборбордо» өсөт шакирт балдары...» ........................281
Бийиктикке умтулуу ........................283
Арзышуунун акыны ........................289
Ыйык аптадан кайтканда........................291
Жарыгың өчпөсүн!........................294
Карапайым, дили таза инсан ........................299
Гүлсайра – куттуу жердин кызы ........................302
Китебин чыгаруу үчүн акын,үйүн сатты ........................313
Бешик, же дил акыны ........................318
Эженин эмгеги бааланса дейбиз ........................333
Эл эмгегин жар салган ........................341
Табигый дарамет ........................344
Кымбаттуу Гүлсайра Момунова!........................349
Акын Гүлсайра Момуновага........................351
Сексен жаш ........................353

*Көркөм-адабий басылма*

**ГҮЛСАЙРА**

***Түзүүчү: Жумагүл Газыбаева***

*Бишкек, «Улуу Тоолор» басмасы*

Редактору: *Бурулкан Карагулова*
Корректору: *Фарида Исанова*
Компьютерде калыпка салган: *Нурадил Терибаев*

Басууга 12.10.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{16}$.
Көлөмү 22,5 б.т. Нускасы 500.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек ш., Ж.Абдрахманов көчөсү, 170 А.

300c

